С кырг
С 89



Абдисатар СУЛТАНОВ

# КӨПКӨ КҮТТҮРГӨН ЖОЛУГУШУУ

С кырг
С-89

Абдисатар СУЛТАНОВ

# КӨПКӨ КҮТТҮРГӨН ЖОЛУГУШУУ

2018

Формуляр книги
С кырг 478066
С 89 Султанов А.
Токтогул Сатылганов атындагы облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ
Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 478 066

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 89

Абдисатар СУЛТАНОВ

С 89 "Көпкө күттүргөн жолугушуу". Ош, Кагаз ресурстары, 2018. -212 б.

ISBN 978-9967-471-53-5

Автордун бул китебинин негизги өзөгүн, ыйман, адамгерчиликтүүлүк, мекенчилдик, жаштык, сүйүү темасындагы чыгармалар камтыган

Андан сырткары адабият, искусство тармагындагы белгилүү инсандардын ой толгоолору, эскерүүлөрү орун алган. Көркөм чыгармалар боюнча жазуучу,акындардын ой-пикирлери да басылган.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

Автор ушул жыйнактын жарык көрүшүнө колдоо көрсөткөн Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагына ыраазычылык билдирет.

С 4702300100-18

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № ____

ISBN 978-9967-471-53-5

© А. Султанов, Ош 2018

# АВТОРДОН:

Көркөм адабиятта прозабы, поэзиябы, драмабы, айтор, кайсы гана жанр болбосун калемгерден эң ириде чалыкпаган түйшүктүү эмгекти, изденүүнү, терең эрудицияны, анан албетте, жаратканым өзү ыроолоп тартуулаган шык, талантты талап кылаары белгилүү эмеспи. Кантсе да жазуучунун жумушу оор, машакаттуу. Маселен, белгилүү жазуучу Кубатбек Жусубалиев өзүнүн бир сөзүндө проза жанры жөнүндө «Прозанын иши өтө оор, жан этинди жеген өтө оор жумуш. Тынбай отуруп иштеш керек. Жеңил, жөнөкөй, жакшы жазуу бул өтө чоң чеберчиликти, талантты талап кылат. Таланттуу киши гана татаалды жөнөкөй жазып берет. Ошонун өзү да чоң маданиятты талап кылат»,-деп айтканы бар.

Анын сыңарындай көркөм чыгармаларды бир эле шилтей салып, колдон өткөрүп, жарыялоо кээде ойдогудай, максаттагыдай болбой калат. Бөксө, кемтик жерлери кийин басма сөзгө, же китепке жарыялаганда көзгө даана көрүнүп, айрым эпизоддор, кейипкерлердин образдары купулуңа толбой калган учурлары да болот экен. Ошондо жамы журтка белгилүү улуу акын, жазуучулар деле окулуп жүргөн чыгармаларынын кээ бирлерин оңдоп жазып, анан китеп окурмандарына сунуш эткендерин билебиз.

Мындан улам айтарым менин бул китебимде да мурда жарыкка чыккан айрым аңгемелерим, лирикалык этюддар кайра көздөн өткөрүлүп, көңүлгө толбой калган кээ жерлери кошумча, алымчалары менен жазылды. Мында окурмандарымдын, калемдештеримдин айткан сунуш, пикирлерин да дилиме түйүп, туура келгенин кайра жазууда эске алдым. Окурмандарыма ушул айткандарымдын зарылчылыгы барбы, жокпу тек кабарлап коюуну ылайык көрдүм.

Ал эми республикалык "Кыргыз руху", Ош облустук "Ош жаңырыгы", Ош шаардык "Ош шамы", ж.б. гезиттерге, " Жаш Ленинчи", "Ош" журналдарына, аль

монахтарга жарыяланган. Китептеги көрүнүктүү инсандар менен кечээги, бүгүнкү жашоо турмуш, адабият, искусство жөнүндөгү дил маектер, эскерүүлөр, ой толгоолор, публицистикалык маанайдагы макалалар, чыгармаларга жазылган пикирлер өзүнүн түп нускасы боюнча эч кол тийбестен, оңдоосуз кайсы айда, кайсы жылда жарык көргөнү такталып, сунушталып отурат. Менимче, алардын көбү мурдараак жазылса да бул кезде деле дээрлик өзүнүн актуалдуулугун, маани-маңызын жогото элек деп айтар элем. Алар менен таанышкан окурмандарыбыз эч зыян тартпайт, окуса убактысы текке кетпейт деп ойлойм.

Албетте, китеп жөнүндө окурмандарыбыз өздөрү калыс баасын берер. Мага окурмандарым-сиздердин ак дилден айткан пикир, сунуштарыңыз манилүү деп эсептейм.

Телефон байланышы: (0551)150245
Абдисатар СУЛТАНОВ



## Окурман журтун өксүтпөңүз...

Жазуучу, журналист Абдисатар Султанов ага тууралуу кеп кылганда анын жөнөкөйлүгүн, эч качан өзгөрүлбөгөн бир мүнөздүүлүгүн, тапшырылган ишке жоопкерчиликти сезе билип, убадага бектигин жогору баалап, аны таанып билгендер урмат кыларына күбө болуп жүрөм. Калемгердин чар тараптуу билимге ээ экенин, Кыргыз Эл жазуучусу, белгилүү сынчы, адабиятчы Кадыркул Даутов агабыз да «үкө дос» деп бекеринен сыйлабай турганын айтсак жетиштүү болоор.

Агабызды «Ош» радиосунда иштеп жүргөндө тааныганымдан бери отуз жылдан ашык убакыт өтсө дагы, алгачкы мен билген мүнөзүнөн, адамгерчилик сапаттарынан өзгөрбөгөнүнө суктанамын. Анткени жашыбыз жетимишке жакындап калганга чейин көп эле теңтуш, дос, ага, ини менен мамиле түздүк. Жылдар өтүп алардын көпчүлүгүнүн мүнөзү өзгөрүлүп кеткенине күбө болуп жүрөбүз го.

Эсимде, Ош облустук «Ленин жолу» (азыркы «Ош жаңырыгы») гезитинин башкы редактору болуп иштеген маркум Асылкан Бөрүбаевди Түштүк Кыргызстандагы көп журналисттер устаты катары баалашкандыктарын өткөн кылымдын жетимишинчи жылдары гезитке келип иштегендер жакшы билишет. Ал: «Гезитте иштегендердин баары эле чыныгы журналист эмес...»-деп айтканда, кимибизди айтып жатат?-деп ойго батканмын. Арадан жылдар өтүп, өзүм көп тираждуу газетада иштей баштаганымда журналисттик иш өтө оор экенин, ага билим эле жетиштүү эмес, жөндөм, шык жана нан таап берип жаткан ишиңди сыйлап, урмат кылганыңда гана чыныгы журналист боло алаарымды түшүнгөнмүн. Абдисатар ага да журналисттик кесибин өтө сыйлаганы, ага жоопкерчилик менен мамиле кылганы колумдагы кол жазмасынан көрүнүп турат. Ушул жерде сөзүбүз куру болбосун үчүн бир мисал келтире кетейин.

Өткөн кылымдын этегинде, тагыраак айтканда 1997-жылы «Кыргызстанды өзгөртүүгө болбойт деп ким айтат?» деген аталыштагы конкурска катышып, «Өстүрөөр да, өзгөртөөр да өзүбүз» деген темада публицистикалык макала жазып, Республикада байгелүү орунга ээ болгон. Ошол мыкты макаласында мындан да оор сыноолорду башынан өткөрүп, кылымдарды карытып келаткан элибизге ишеним артып: «Демек, Кыргызстанды, коомубузду өстүрөр, өзгөртөр да оболу өзүбүзгө байланыштуу. Алдыбызда басып өтчү кыйма-чиймелүү жолдор турат. Тигине, адамзаттын жаңы келечеги, жаңы үмүт-тилеги болгон XXI кылымдын карааны көрүндү. Биз ага баратабыз»-деп

оптимисттик көз караштa окурманды чоң жаратмандыкка үндөө менен макаласын аяктайт.

Анын «Өмүрдүн бир ирмеми» деген прозалык китеби менен тааныштыгым болбогондуктан, мыкты журналист катары таанычу элем. Агабыздын экинчи китебинин кол жазмасы колума тийгенден кийин, адабий жанрдагы публицистиканы, маектерди, ой толгоолорду, эскерүүлөрдү жазууну чебер өздөштүргөн калемгер эле эмес, аңгеме жанрында да такшалган сүрөткер экенине ынандым.

Маселен, «Лирикалык» этюддар деп аталган бир шилтем жан дүйнө жаңырыктарынын айрымдарын мисалга алып көрөлү. Айтсак, «Сен акынсың» деген чыгармасынан үзүндү окуйлу. «Эгерде өзүң айткандай мени чындап жактырып жүргөн болсоң, мен күтпөгөндөй эле бул аймактан тиги алыскы аптаптуу, ысык чөлгө, же болбосо муз бороону жанды какшаткан чет жактарга кетип жатсам, сен ошондо мындагы бейиш турмушту, жайбаракат күндөрдү кечип, артымдан издеп бараар белең? Азыркыдай «Алтыным, асылым» - деп жалбарып, сүйүп турар белең?» - деп жигитке акын кыз кайрылат. Ал эми ушул этюддун аяк-ченин автор төмөндөгүчө жыйынтыктайт: «Ыр окулду. Ыр жамгыры жаай берди себеленип. Бет-мандайымда баягыдай көлдүн шарпасы, керемет көлдүн ак толкундары жээкке чамынып келет да, кайра күү-шаа этип артына кайтат.

Менин көңүлүмдө да ушул көл толкундарындай ээликкен, ойноок, шок сезимдер жаңырат. Сен акынсың, айым кыз. Ыр жамгырын жаадыра бер».

Ушул кыска саптар менен Абдисатар аганын чыныгы сүрөткерлигин, сөздүн кудурет-күчү аркылуу лирикалык каармандын жан дүйнөсүн, ким бирөөгө болгон ыйык сезимин таасын бере алгандыгын баамдадык.

Жазуучунун башка чыгармасын окуганда да жогорудагыдай көркөм сөздүн күчү окурманды өзүнө тартып ала алат. Айталы, «Арзуу» аттуу чакан чыгармада: «Ишенесизби сиз ушул тапта ажарлуу, нурлуу жүзүңүз менен жашыл төр жайлоонун көркүн ачып турган жоогазындай жайнап, өзүңүздү курчап турган айлана-чөйрөгө сулуулук кошуп жибергендей болдуңуз»,-дейт айымды жактырып турган каарман. Калемгердин мындай лирикалык этюддары окурмандарга поэзиядай жагымдуу таасир калтырат деген ойдомун.

Эми жазуучу Абдисатар Султанов аганын кол жазмаларындагы аңгемелери жөнүндө да пикиримди кыскача айтууну ылайык көрүп турам. Анын бул жыйнагындагы «Көпкө күттүргөн жолугушуу» аттуу аңгемеси алгачкы эпизоддон эле окурманды өзүнө тартып алаарын



окуганда эле баамдайсыз. Анткени жазуучунун бирден бир каражаты каармандардын образын жугумдуу, ишенимдүү, турмуштагыдай реалдуу бере билүүдө көркөм тили негизги милдетти аткаруусу абзел. Ушул маселеде алганда жазуучу үчүн аңгемеге коюлган талаптарды ишке ашырууда бир топ күч-эмгекти, шык-жөндөмүн жумшагандыгын көрүп турабыз.

Чыгармадагы негизги каармандар Сагынбек менен Гүлсүндүн мектепти жаңы эле бүткөн жылдары экөөнүн максаты бир болгон. Анан тагдыр экен, алар турмушта эки башка жолго түшкөн. Чыгармада жазылгандай базардан кеч чыккан Гүлсүн аялдамада турган маалында машинасын айдап келаткан Сагынбекке учурайт. Ошол учурдан баштап, алар өздөрү күткөн, жоголгон бактысына кечки Ай жарыгында жолугушат. Кеч болсо да алар бири-бирин түшүнүшөт. Мына ошол оор кырдаал экөөнүн турмушка, жашоого болгон көз караштары, аңгемеде автор тарабынан кызыктуу, окумдуу, психологиялык жактан бир топ ынанымдуу чечмеленет. Мында жазуучулук, чеберчилик, тил каражаттары калемгер катары устаттык деңгээлде жазылгандыгын көрө алабыз. Аталган аңгемеде окурманды ойго салаар турмуш, жашоо ыргагынын өлбөс күүсү шаңдуу чертилип жаткандай туюлат. Аңгемеде автор тарабынан жаратылыш, көктөгү айдын берилиши да чыгарманын көркөмдүгүнө, образдардын ишенимдүүлүгүнө өбөлгө түзө алган. Автордун жарык көрүп жаткан китебиндеги «Эсте жүргөн күндөр», «Кусалуу жүрөк» жана башка аңгемелери да «Көпкө күттүргөн жолугушуу» сыяктуу деңгээли мыкты чыгармалардын катарына кирет десем ашыкча болбос.

Албетте, калемгердин биз атаган чыгармаларынын баары мыкты, чебер жазылган десем жаңылбас элем. Аталган аңгемелерде да өз ыргагынан, күүсүнөн тайып кеткен учурлары психологиялык жактан терең иштелбей калган эпизоддор баамга урунат. Жазуучунун аңгемелеринде, этюддарында айрым өксүктөр учурап калат. Алар жазуучунун бизге сунуштап жаткан жалпы чыгармаларына доо кетире албайт. Окумдуулугун, идеялык көркөмдүк деңгээлин төмөндөтпөйт деп айтаар элем. Эң жакшысы аларды китеп окурмандары өздөрү көздөн өткөрүп, өздөрү салмактап көрүп, баа бергени изги деп ойлойм.

Эми калемдеш агабыздын китептеги маектерине, эскерүүлөрүнө, ой толгоолорунун кээ бирөөлөрүнө көңүл буруп, ой калчап көрөлү. Колдогу кол жазма топтомунда «Залкар сүрөтчү, белгилүү инсан» деген аттуу маекти көпчүлүккө белгилүү Ленин, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» өлкө эгемендүүлүгүнүн мезгилинде «Манас»

орденин алууга татыктуу болгон. Көп жылдар бою партиялык, советтик жооптуу кызматтарда иштеген, жазуучу Каримова Бөпө эже кыргыздын сүрөт искусствосунун негиз салуучуларынын бири, СССРдин Эл сүрөтчүсү, СССР Көркөм өнөр Академиясынын мүчө корреспонденти, Социалисттик Эмгектин Баатыры Гапар Айтиевдин туулганына 90 жыл толгонуна байланыштуу өткөрүлүп жаткан маарекеси маалында (2002- жылы) өзү жашаган Ош шаарында биз менен жолугушуп маектешкен болуучу. Ошондо ыраматылык кадырман эжебиз бул улуу инсан жөнүндө кызыктуу,көпчүлүк билип билбеген маалыматтарды да айтып ой бөлүшкөн. Маселен Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде улуу сүрөткер Г.Айтиев өз ыктыяры менен согушка аттанган. Ошол учурда аскерге чакырылгандар менен Ташкент шаарына келип шартка жараша жогорку жактын буйругу менен поезд бир нече күн токтоп калат. Ал кезде Өзбекстандын сүрөтчүлөр союзунун төрагасы,таланттуу сүрөтчү Гапар акенин жакын досу Урал Таңсыкбаев аны согуштан алып калуу үчүн Республиканын Комунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Усман Юсуповго айтат. Бул кабарды уккан У. Юсупов Гапар Айтиевди таптырып өз кабинетине чакыртат. Ал келгенде «Келиңиз» деп аны бек кучактап, жылуу кабыл алып. «Сиз мында көп кызмат жасайсыз. Сизди фронттон алып калабыз. Бул боюнча жогор жактын атайын мыйзамы бар» деп биринчи секретардын өзүнүн суранганына да макул болбой Гапар аке «Рахмат сиздин кам көргөнүңүзгө, бирок мен өз Мекенимди коргоо үчүн барамын, өз ыктыярым менен арыз бергенмин» деп фронтко жөнөп кеткен. Ал жерде улуу сүрөтчү Беларус фронтунда ротанын саясий жетекчиси болуп душман менен салгылашкандыгын баарлашууда Бөпө эжеге айтып берет.

Мындай тариздеги кызыктуу эскерүүлөр, дил - маектер, публицистикалык ой толгоолор жыйнакта арбын. Аларда негизинен Кыргыз журтчулугуна белгилүү адабият, искусс- тво жаатындагы таанымал, таланттуу инсандар жөнүндө сөз жалганат.Айталы, басылманын экинчи бөлүмүнүн сап башында көрүнүктүү сынчы, адабиятчы жана мыкты акын, котормочу,чындыкты тайманбай бетке айткан, ар тараптуу терең билимдүү Салижан Жигитовдун журналист А. Султанов менен болгон баарлашуусу орун алган. Диалог 1997 жылы Салижан Жигитов ага Ошко чыгармачылык сапар менен келгенде алынган. Анда адабиятчы, сынчы агабыз социалисттик түзүмдүн жаңы коомго, рыноктук экономикага жеке менчикке кадам таштап жаткан учурдагы элдин турмуш шарты ал абалы жөнүндө кенен-кесири ой



жүгүртүүсү, көз карашы тууралу кеп салган. Баарлашууда Салижан Жигитов агайыбыздын жагымдуу, жөнөкөй элдик тил менен таасирдүү, ары элестүү айтып бергендиги эсте калат.

Калемгер агабыздын китебинде журтубузга белгилүү болгон Кыргыз эл жазуучулары, акындары, таланттуу өнөр ээлери Аалы Токомбаев, Гапар Айтиев жөнүндөгү эскерүүлөр, Кадыркул Даутов, Керим Турапов, Эгемберди Эрматов, Баатыр Жалиев, Жолболду Алыбаев, Кубатбек Жусубалиев жана башкалардын дил маектери,ой толгоолору,макалалары да окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынаарына ишенимим артып турат. Алардын ар биринин өз ойлору, көз караштары, айтарлык эмгектери окурманды ойго чакыра алат. Маселен Кыргызстан Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү, таланттуу акын, чыгармаларын кыргыз, орус, тажик тилдеринде жаза алган Майрамбек Тойчиевди айтсак болот. Ал тарабынан кыргыз тилине тажик элинин белгилүү акындарынын чыгармалары которулуп,эки элдин ортосуна достук көпүрөсү катары кызмат өтөп келе жатат.

Китептеги чыгармалар боюнча жазылган калем ээлеринин ой пикирлери,сунуштары да окурманды кайдыгер калтырбайт. Китептин редактору катары жазуучу Абдисатар аганын мага жагымдуу таасир калтырган «Асылым, алтын апам» аттуу ой толгоосу жөнүндө өз пикиримди ачык айта кетүүнү туура көрүп турам. Анткени бизди баарыбызды жарыкчылыкка алып келген эне жөнүндө акын, жазуучулар тарабынан көп эле чыгармалар жазылды. Бир аалым айткандай эне баланы алгач курсагында,анан кучагында, кийин өмүр бою жүрөгүндө көтөрүп жүрөт деген экен. Акыйкат сөз, ак сөз кесиптеш агабыз Абдисатар Султановдун бул ой толгоосунда менимче эне жөнүндөгү ода катарында жазылыптыр. Аталган көркөм чыгарманы окуганымда өзүмдү төрөп өстүргөн энем тууралуу жазмакчы болуп ойлондум. Бирок Абдисатар аганын деңгээлинде жазалбасымды сездим, ошондуктан азырынча жазбай турууну эп көрдүм.

Сөзүмдүн аягында айтарым "Абдисатар ага, узун өмүрлүү болуңуз, дагы да мыкты чыгармаларды жаза берүүнү улантыңыз. Гөр тиричиликке шылтоолоп, артка кетенчиктебей окурман журтун жакшы жазылган чыгармалардан өксүтпөңүз".

**Акбаралы МУСАБЕКОВ, жазуучу,**
**Жолон Мамытов атындагы**
**адабий сыйлыктын ээси**

# АҢГЕМЕЛЕР



## КӨПКӨ КҮТТҮРГӨН ЖОЛУГУШУУ

Ал айылдын жаңы түшкөн клубу үчүн башка бир райондун борборунан машинасына айнек жүктөп келаткан. Жалгыз өзү. Жолдо жалгыз жүргөндө адам эмнелерди гана ойлобойт. Күлүк ойлор Сагынбекти туткундап алды. Ал удаама-удаа келе берген ойлордон бошоно албай жатты. Көзү жолдо болгону менен ой-санаасы башкада эле. «Деги ушул күтүп жүрүү жакшылыктын жышааныбы? Күн артынан күндөр зуулдап өтүп баратат, күн өтсө жаш да өргө канат кагып. Апасы да «Балам үйлөнсө экен, жашы да келип калды бир топко. Бул теңдүүлөр эки-үчтөн балалуу болуп калышты» деп кез-кез кеп кыстарат ортодо. А мен болсо кайсы бир күнү periге жолугуп, ал болсо мага: «кел жигит, тартынба, бактылуу өмүр сүрөлү» деп айтчудай сезилет мага. Кызык бул өзү. Кай бир иштерге өзгөчө кыздарга калганда менин тартынчаактыгым, өтүмсүздүк бар. Чынында тартынчаактык, боштук, өтүмсүзүдүк эмей эмне, алигиче жашым отузду карап калса да менин жактырган, сүйлөшкөн кызым жок. Болбосо башка жактан эмес, өзүбүздүн эле айылыбызда бойго жеткен маралдай келишкен сулуу кыздар да аз эмес. Ошолордун бирөөсү менен тил табышып, тамашалашып, чечкиндүүлүктү көрсөтүп, үйгө ээрчитип, же кээ бир досторумдай ала качып келе берсем болбойбу? Андай азамат болгонумда ушинтип башымды оорутуп, ойлонуп олтурат белем. Бирок, чиркин бул көңүл деген ичип койгон ашың, же базардан сатып алган буюмуң эмес экенго» деп Сагынбектин санаасы санга бөлүнүп турду.

Жээкке умтулган толкундар сымак биринин артынан бири келе берген сансыз ойлордон Сагынбек чарчап, эзилип чыкты. Жөндүү суроолордун чеңгелинен «жарга» такалып, бошоно албай атты.

Ушул тапта Күн бийик зооканын кылда учунда бууланган токочтой батар-батпас болуп, ааламга акыркы кызыл шооласын төгүп жатты. Сагынбек Күндү жолдо атасынан калбай ээрчиген баладай кубалап, аны менен жарышып келет. Ал жолдо жүргөндө Күн менен ата-баладай эриш-аркак Күн анын өмүр шериги, кайда болсо Күн менен бирге. Машина зуулдап келатты.

Айлана күүгүм тартып калды. Аңгыча алдыдагы үч-төрт түп теректердин тушундагы аялдамадан бирөө кол көтөрдү ага. Ал жаныма отургузуп алсам кокус кызуу болсо сүйлөй берип тынчымды кетирет деген ойдо «Өтүп кете берейин»,- деди. Бирок бери баскан аял киши экенин көрүп, кеч калып кетпесин деген ойдо бир аз ары барып токтоду.

-Ак-Жарга чейин ала кетиңизчи,-деди арыдан басып келген айым. – Отуруңуз батыраак, кеттик,-Сагынбек алды жактан келаткан машинадан көзүн албай туруп, жолоочуну шаштырды. Жүргүнчү сырттан кабинага кирип бир аз жүргөндөн соң гана Сагынбек бейтааныш аялга көз кыйыгын жиберди. Мына кызык, оболу ал оозуна сөз да келбей апкарып калды. Жолоочу Сагынбекти үй ичи тоз-тополоң болуп турганда эскертүүсүз; шап этип кирип келген меймандай алдастатып койду. Анан аны бир ой сыдырып өттү.

«Ой бул Гүлсүн го, Гүлсүндүн өзү го. Жок, мен жаңылган жокмун. Бул деген менин алгачкы сүйүүмдүн башаты, менин нуржамалдуу Гүлсүнүмго».

Гүлсүндүн азга аза түшкөн жүзү, жарашыктуу тигилген өзүнө чак көйнөгү, атайын асемдүү жасап койгон чачы, тулку-турпаты дале Сагынбектин көңүлүн жибитип турду. Бирок, канткен менен гүлдөй буралып, көз жоосун алган кыз кезине айткан-айтпаган менен не жетсин .

Ырасында Сагынбек Гүлсүнгө жолукканына бир алдын бушайман тартты «Эми ага эмне демекчи, анын өзүнүн турмушу бар», анан бир туруп толкунданып, көөдөнү кандайдыр кызык, дүрбөлөңдүү сезимдерге жык толуп кетти.

-Гүлсүн!,-деп жиберди Сагынбек күтүүсүздөн.



Гүлсүн күңүрттүктөн улам шофердун кимдигине да жакшылап үңүлүп, назар салбаган экен. Бир нерсени бейсурак алып жатып, ээсине күтүүсүздөн кармалып калган кишидей, ал тиги бейтааныш атын атаганда оболу селт деп чочуй түштү. Бирок, кантсе да ал өзүн бир сырдуу, деле эч нерсе болбогондой токтоо кармоого аракеттенди. Анан:

-Сагынбек, ой сенсиби? Мен чуркап келип, шашылышта байкабаптырмын,-деди.

Эки жак тең кайсыл бир күчкө арбалып, дароо сөздү эмнеден баштаарын билбей турушту. Ошентсе да сөз учугу уланды:

–Мен да сени чынында таанybай калыптырмын. Базарга келдиң беле? Сагынбек кайра кеп баштады.

–Автобусту күтүп турдум эле. Анда санда ушинтип базарга жумуштап келип калам. Бүгүн иштен кечирээк чыгып жөнөгөм. Өзүң кайдан?

– Мен бул жакка айнек жүктөп келетам. Баягы биз окуган мектептин жанына улап клуб салынган, ошого керек болуп.

– А жакшы, машинаң жаңы экен, – Гүлсүндүн оюна капыстан эле ушул сөз келди.

-Жаңы, ушул үчүн шаарга качып кетпей иштеп жүрбөймүнбү?

– Сен эмне кээ бирөөлөрчүлөп шаарга кеткиң келеби? Ырас, шаарга кетип жаткан жаштар да көп.

– Жо-жок менин андай оюм жок. Албетте, айрым жаштар айылда иштөөгө шарт жок дешип, ошентип кетип жүрүшпөйбү. А мен карыган ата-энемди таштап шаарда эмне кылам?

Машина өр тарткан жолдо коңуздай тыбырап, илгерилөөдө ал бешик сыңары экөөнү ары-бери чайкап, термелтип, эркелетип келатты.

Мындан соң алардын сөзү ...агы эмнегедир жуурулушуп кетпей, кеп түгөнгөнсүп бир топко тыным алып калышты.

–Гүлсүн, өзүң кайда иштейсиң?,-деди бир маалда Сагынбек.

Мектептемин, химиядан сабак берем. А балдар менен иштөө мага аябай жагат. А сен эмне үчүн окууңду улантпай койдуң?

– Окусам болот эле. Бирок мугалимдик кесип менен шоферлуктун кандай айырмасы бар? Ар кимибиз өзүбүз жактырган кесибибизде иштеп жатпайбызбы. Мага ушул ишим жагат.

– Анын ырас, ар ким өзүнүн иштеген ишин, кесибин сүйүш керек. Ошентсе да…

– Анан да Гүлсүн, элдин баарынын эле жогорку маалыматтуу болушу милдеттүү эмес го.

–Туура, бирок сен мектепте алдыңкы элең, мыкты окучу элең. Окууңду улантып, жогорку маалыматтуу болсоң жакшы эле да.

– Турмушта баарысы эле ойдогудай боло бербейт турбайбы,-деп Сагынбек ойго батты. Суроого чекит койду.

Экөө кадимки эски тааныштай, ортодо эч нерсе болбогондой жайынча сүйлөшүп келатышты.

Кантсе да өз ара сыр сактап, ушинтип сыртынан эч нерсени билмексен болушканы менен дымып турган ички жан-үйнөсүн апырып-сапырып, аңтар-теңтер кылып ийчү шамалдын келатканын эми экөө тең тымызын туюп андан кандайдыр чочулап, кооп санап турушту.

Сагынбек унчукпай кете берүүдөн эригип кеткенсиди. Бир чети ага ушунун өзү ыңгайсыздай сезилди.

– Гүлсүн, өзүңөр азыр чогуу үй-бүлөөң менен Ак-Жарда эле жашайсыңарбы? Баса, кичүү сиңдиң Бурул чоң кыз болуп калса керек?-деп Сагынбек Гүлсүнгө чукул, күтпөгөн суроо менен кайрылды.

Ал оболу ошол Гүлсүндүн сиңдиси кээде сабакка кечигип келип, терезеден мугалим көрүнсө кайра тыз этип артына кетип калчу, шок, сары кыздын кыялын эстеп күлкүсү келди.



Бирок, суроо менен эле катар анын ичин ачуу, кызганычтай башка бир нерсе сыдырып өттү. Сагынбек анан ортодогу жымжырттыктан улам кайра эле эски адатынча өзүнө-өзү суроо берип, өзү менен өзү кайым айтыша баштады. «Чеки сурадың окшойт, лам деп ооз ачпай койду го, бул деген сенин ага күйөөң менен эми ошол Ак-Жар кыштагында жыргап-куунап бирге жашап жатасыңарбы? дегендей эле суроо болду», десе бир ою: «А сурап койсо эмне экен? Сурап, билип коюга неге болбосун? Суроого акым жокпу?»-дейт. Башка ою болсо: «Сурап коюга акың болгон чакта деле, ошо сен мектепте окуп бири-бириңди терең ызаттап, а түгүл бириң кай бир себептен улам мектепке келбей калган кездерде жалгызсырап, кайра келерки күндү чыдамсыздык менен күтүп жүргөн учурларың эмес го азыр? Эми ал сендей голоктоп, теңин таппай жүргөн бойдок эмес, ал деген бала-чакалуу, үй-бүлөлүү адам. Болду эми, аны жайына тынч кой»,-деп көшөрүп турду.

Сагынбек өзүнө-өзү не дээрин билбей, ойго батты. Анан эле капыстан ушул тапта анын мектепте окуган бала чактары көз алдына келип, тынчын кетирди.

«…Анда Гүлсүн экөө 9-класста окуучу. Балким сүйүү деген эмне экенин жаш болуп толук түшүнүшпөсө да, алар өз ара акырын, башкаларга байкатпай, уурданып тиктеп калышчу. Ал учурда Сагынбектин бөлөк мектептен бул класска которулуп келген кези эле. Биринчи жолу Гүлсүндү мектептеги жалпы чогулушта көргөн. Ошондо орун жетишпей залдын бир бурчунда кыздар тобу менен тике турган кара тору, чачын көкүл кылып маңдайына түшүрүп алган ажарлуу Гүлсүн Сагынбекке мурдатан эле тааныштыгы бардай, көрүп жүргөндөй бир башкача жакын сезилип кеткен. Кандайдыр жүрөгүн кытыгылаган жылуу сезим менен ал аны утуру көз жиберип карай берген. Муну байкап калган Гүлсүн да аны кез-кез астыртан уурданып тиктеген. Кийин ошол тымызын, астыртан тиктешүүлөр алгачкы сүйүү учкундарын жандырды окшойт.

Мына ошол ысык сезимдердин шарында жүрүп, экөө он биринчи классты бүтүрүштү. Мектептеги бүтүрүү кечесинен соң Гүлсүн Сагынбектин узатуусунда келатып, Ай жарыгында, бийик дөңсөөдө туруп: «Эми биз эч качан кайра бала болуп, мектепте окубайбыз ээ»,-деп агай-эжелеринин мындан бир эле күн мурдагы коштошуу учурундагы сөздөрүн айтып, көзүнө кадимкидей жаш алып, ичи туз куйгандай ачышкан. Ошондо Сагынбек: «Кой, кичине балага окшоп ыйлабачы, койчу» деп аны сооротткон. Жүз арчуусу менен анын тамчылап турган көз жашын сүртүп, бетинен биринчи ирет батынып өөп да жиберген эле. Ал эми Гүлсүн ага «койчу» деген болуп, катуу деле кеп айткан эмес.

Гүлсүн ошол эле жылы пединститутка тапшырып, кудай жолун ачкан экен, окуп калды. Сагынбек конкурстан кулап үйүнө кайтты. Кийин бир жылга жетпей ал убактылуу армия кызматына жөнөп кетти. Ошол жылдары алар тынымсыз кат жазышып турушту. Жазылган катар жөнөкөй, бири-бирине түшүнүктүү болучу. Асыресе, армияда кызмат өтөп жүргөн Сагынбекке Гүлсүндөн кат алган учурлары өзүнчө эле бир майрамдай кубанычтуу сезилчү, тимеле жүрөгү дүкүлдөп согуп. Ошон үчүн ал кат күтүүнүн кадырын бөтөнчө жакшы билчү.

Кийин, аскер кызматынын акыркы жылы, Гүлсүндөн кат сейрек жазылып, анан биротоло суусу тартылган булактай токтоп калды. Жазылган каттар жоопсуз кала берди. Кат ээси болсо жолду үмүттүү карап, мына ана келет деп көп күндөрдү баштан кечирди. Кат күтүүнүн азабын тартты. Кийин соң ал кат-кабар алышып жүрүшкөн башка бир ишенимдүү жолдошунан Гүлсүндүн институтта өзү менен бирге окуган жигитке турмушка чыкканын билди. Бул кабарды ал ачык күндө күтүүсүздөй Күн күркүрөп, чагылган чартылдагандай жүрөгүнө өтө оор кабыл алган эле.

Армиядан келип да Сагынбек ага учурай албады. Анткени Гүлсүн үй-шартына байланыштуу күйөөсү менен коңшулаш башка районго которулуп кеткен болучу. Чынында, Сагынбек



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 478066

анда Гүлсүндүн артынан барып көргүсү, сүйлөшкүсү келген, баарысын барып өзүнөн уккусу келген. Бирок ушуга калганда ал өтүмсүздүк кылды, чечкиндүү боло албады, ага даап бара албады. «Эмне деп барам? Кыз өзү башканы каалап баш кошуп жатса»,-деп бир чети намыстанды, тартынды.

Мына эми алар арадан бир топ жылдар өткөндөн кийин күтүүсүздөн жолугушуп турушат. Жанатан бери өзүнүн ой кыялы менен боло түшкөн Сагынбекти Гүлсүндүн добушу суу сепкендей эсине келтирди.

– Сагынбек, демек, мен жөнүндө билгим келет дечи,-деди Гүлсүн бир топтон соң.

– Гүлсүн сага суроо берип, өткөн күндү эстетип, тынчыңды алып, сени капалантайын деген эмесмин, ишенсең. Сен мени туура түшүнсөң.

– Жо-жок, сен баарын билүүгө тийишсиң, сенин суроого акың бар.

–Гүлсүн…

–Сагын (Гүлсүн аны кээде ушинтип, атын кыскартып, жумшартып айтып калчу) мен эмнеге капа болом. Сен бардык чындыкты өзүмдөн ук. Мен айтпасам ансыз да башка бирөөдөн угасың, уксаң да керек. А башка бирөө сага көбүртүп-жабыртып кошуп, же кемитип айтат.

– Гүлсүн дейм, мен сени мынчалык тынчыңды кетирейин деген эмес элем.

– Жок Сагын, сен кеп угуптур, мен өзүм айтайын. Мен сени күтө албай жолдон адашып, турмушка чыккам. Эки жылга жакын жапшадык. Бирок күйөөм менен отубуз күйүшпөй акыры ажырашканмын. Мен андан перзенттүү боло албадым. Ал азыр менден сулуу, менден жакшы зайыпты таап алган.

Келин бир аз тынымдан соң сөзүн кайра улады.

–Тиричиликте, жашоодо бизге чегилген арабаны экөөбүз бирдей күч менен тартпадык. Биз бактылуу жашоону эки башкача түшүнөт экенбиз. Аны мен убагында жакшыраак



Токтогул Сатылганов атындагы облустук китепкана

аңдабаптырмын. Жана сен сурабадыңбы, азыр апам, жана синдим Бурул болуп чогуу турабыз. Бурул быйыл 10-классты аяктайт. Ошол бир тиричилигибиз өтүп жатат, жаман эмес.

– Сенин көңүлүңдү бузуп, баарын башынан козгоюн деген эмес элем. Гүлсүн капаланбачы.

Гүлсүн айым сөзүн улай берди.

– Мен эрксизмин, ишенчээкмин. Жаш экенмин. Анын модалуу кийинип, тыкан жүрүшүнө, жоолукканда айткан жылуу жумшак сөздөрүнө, үйрүлүп түшө берип айткан куру убадаларына азгырылып, ишенип калгам. Кантсе да мени шайтан жолдон чыгарган, азгырган. Сен болсо алыста элең. Баарысы эми көргөн түштөй өттү-кетти Сагын.

Сагынбектин алдында Гүлсүн айым өзүн айтпаса да күнөөлүүдөй сезип турду жер карап. Кантсе да ал жигиттин алдында айтар сөзүн айтып өзүн бир топ жеңил сезип калды.

Сагынбек болсо азыр аны актаарын же күнөлөөрүн так билбей, бир пикирге келе албай адатынча эки ача өз ою менен алышып турду, өзүнө-өзү суроо берип. «Чынында ал кезде Гүлсүн аябай ишенчээк, ак көңүл кыз эле. Мен эмнени айтсам ал куулук шумдугу жок, жаш баладай бат эле ишенип калчу. «Анын «Ырас эле ошондойбу?» деп бажырая күлүп. «Анын айтканынын толук чындыгы бар» деп бир ою көшөрүп, Гүлсүн айымды жактап турду. «Жок. Баары жокко ишене бергидей ага эмне турмуш оюнчукпу? Башында көздү чоң ачып ойлонуш керек эле, утурумдук сезимге алданбастан»,-деди кайра бир ою мерестенип.

Жол кичине өңгүл-дөңгүл боло баштаган соң жигит машинаны жай айдап келатты. Тышта августтун мемиреген тынч түнү тоо-таштарды, кокту-колотторду караңгыга курчап баратты. Тынчтыкты бул сапар Гүлсүн бузду. Бир аз кысынып, ыңгайсызданып туруп сурады:

– Өзүңчү Сагын, бир башыңды эки кылдыңбы, үйлөндүңбү? Жашоо, турмуш шартың кантип атат?



Сагынбекке бул суроо күтүүсүздөй сезилгени менен чынында ал баяле Гүлсүн да сурайт деп ойлогон. Кантип сурабасын?

– Жок үйлөнө элекмин. Атам: «Тойдун акчасын даярдап койдум, үйлөн» дейт. Мен болсо дүйнөдөн так өтөм деп жүрөм. Мени түшүнгөн кыздар бул ааламда жок окшойт. Мен жактырган кыздарга, мен жакпайм, тоготпойт экен.

Жигит суроого тамаша менен жооп берди күлүп, бирок чынында ал ичтен кыйналып, түйшөлүп жатып жооп кайтарды.

Гүлсүн суз, ойлуу туруп сөзүн улантты:

– Андай дебе, сен сөзсүз бактылуу болосуң. Үйлөнөсүң, бирөөбүздү азгырып, колдон качкан бакыт, экинчибизге жолугууга тийиш. Биз адамдар кээде кызыкпыз убагында келген бакты-таалайды колдо кармап, асырап албай, чочутуп учуруп жиберет экенбиз. Кийин анын азабын тартат турбайбызбы.

– Менби? Мен сөзсүз бактылуу боломбу? Ой сен аны кайдан билдиң?-деди Сагынбек суроолуу карап.

–Мен билемин, сөзсүз билем. Бир жолу жанымды койбой сурай бергенде цыган аялга сенин атыңдан төлгө салдыргам. Ошондо сен бактылуу адам болгонсуң,-деди Гүлсүн.

– Сен эмне цыгандын төлгөсүнө ишенесиңби?

– Чынында ишенбейм дечи, бирок алардын айткандары көбүнесе туура келет. Анан сен жөнүндө өзүм да ушундайча ойлойм.

Сагынбек жолдон көзүн албай келатып сөз коштоду:

– Мен да сен тууралуу ойлойм. Сен менин көңүлүмдө көптөн бери бирге жашап келаткандай туюласың. Мен сени эч унута албайт экенмин.

– Анда эмнеге мага бир жолу да жолун таап учурап койбодуң? Алыс деле жер эмес эле го.

– Сага учуроого чынында эч батына албадым. Намыс мени бийлеп кетти. Арландым. Сен башка бирөөгө жар болуп кеткенден кийин эмне деп барам сага, ойлончу өзүң? - Сагынбек ушинтип ага чын дилинен оңой эле жооп берди.

Айтар сөз айтылып бүткөндөй болду. Экөө тең кандайдыр бир ички сезимдердин түрткүсүнөн улам бир учурда саамга жалт караша түшүштү. Гүлсүндүн ушул учурдагы бүткүл ажары, турпаты Сагынбекке азыр кадимки баягы окуучу кезиндегидей жадырап-жайнап, эч чыпчыргасы коробой, кайра бир көркүнө келип, толгон Айдай сулуу көрүнүп турду.

– Гүлсүн…-Сагынбек акырын үн катты.

– Ии, угуп атам, Сагын.

–Билесиңби, мен армиядан кайтып, иштеп жүрүп, ушул машинаны жаңы алганда сени жаныма олтургузуп алып, аалам кезип, алыскы сапарга бирге чыгып жүргүм келген эле. Бирок мен ойлогондой болгон жок.

– Мына азыр бирге баратпайбызбы. Капаланбачы. Баса, Ай бүгүн чыкпайбы, кеч кирип кетти го,-деди Гүлсүн айым жароокерленип, аны тиктеп.

– Ай чыгат, сөзсүз чыгат, Гүлсүн. Андан көрө машинаны жол четине токтотуп коюп Айдын чыгышын бирге күтпөйлүбү?

– Кой Сагын, анда абдан кеч болуп кетет. Мына жетип да калдык. Апам сарсанаа болуп, үйдө күтүп олтурса керек. Атамдын көзү өтүп кеткенден кийин, апам байкуштун таянганы эле биз, Бурул экөөбүз болуп калганбыз. Ии, айтса айып көрбө. Сөз менен болуп салт дегенди унутуп калыптырмын, сага базарлыктан ооз тийгизбей. Муну, бул алманы алып кой, колуң бошогондо жейсиң,-келин сумкасынан чоң кызыл алманы алып ага сунду.

– Кой бышылуу тамакты сактап болобу. Экиге бөл, бирге жейбиз,-деди Сагынбек.

Жыты буркураган кызыл бөйрөктүү алманы Гүлсүн экиге бөлүп, жарымын Сагынбекке узатты.



– Ырахмат, короондо ушундай сонун, кызыл алмалар өсүп турса, өз колуң менен үзүп алсаң,-деп Сагынбек балача тамшанды, кыялданды.

– Ошону айтсаң, ширин да экен, - деди Гүлсүн ага кошумчалап. Даамдуу таза бышкан алманы кудум балдардай карсылдата тиштеп, экөө өздөрүнчө ырахаттана, чер жазышып баратышты.

Күзгү сыдырым жел ичтен алар күткөн кандайдыр чөгөттүктү, коргошундай уюп жаткан оор абаны айдап чыгып, тулку денесин жеңилдетип, чайыттай тазартып койгондой болду. Бир учурда Ай бетин далдаалап турган топ булутту шамал айдап, айлана жаркый түштү.

Аңгыча ар кайсы үйлөрдөн электр шамдары жанып Ак-Жар кыштагы көрүндү. Чоң жолдон бурулуштагы көчөнүн тушуна келгенде Гүлсүн: «Сагын эгер сага учурабаганымда кеч калмакмын. Мени ушул жерге түшүрүп кой, үйгө келдим. Сен жакшы бар."

Жигит машинасын токтотту. Ал келинге ушул тапта эмне дээрин билбей, жүрөгү өзүнчө эле элеп-желеп болуп, толкуп турду. Гүлсүн машинадан жерге түшүп, кош айтышып, жөнөөгө камданды. Бул кезде тээ алыстан алар күткөн Ай үлбүрөп, айланага шооласын төгүп, жай көтөрүлүп келаткан эле. Аны көрө калып Сагынбек сүйүнүп кетти да:

– Гүлсүн, Ай чыкты, карасаң, биз күткөн Ай чыкты. Шашылбай турчу,-деп толкунданды.

Келин жол четинде токтой калып, артына бурулуп көктү карады. Ай көшөгөдөн баш баккан жаш келиндей назик, жароокер эле, сулуу эле. Келин да жоголгон кымбат буюмун тапкандай жүзү нурданып, Айды тиктеп турду. «Ай чыкты, Ай сулуу, Ай таза, кандай жакшы» деп шыбырады ичинен. Келиндин көздөрү Ай нуруна чагылышып, көкүрөгү бир жылуу сезимдерге толуп баратты.

Сагынбек Айды тиктеп, токтой калган Гүлсүнгө жакын басып келип аны батынып кучагына бек кысып кечки ай

жарыгында нурданып турган Гүлсүндү жүзүнөн, эриннен өпкүлөп, сүйүп «Менин кымбатым, менин ардагым» деп кулагына акырын шыбырап жатты. Келин колундагы сумкасын жерге кое коюп, оо бир канча жылдардан бери эңсеп күтүп жүргөн кымбат адамына капыстан, эч ким ойлобогон учурда жоолугуп турганына ичи элжиреп, кубанып, жигиттин карылуу, жылуу кучагынан баш тартып алууга эч шаасы жетпей кайра башын ийинине жөлөп, өзүнө анын эркине койду.

– Гүлсүн, сени эми эч кимге бербейм, эч кимге ыраа көрбөйм, эми жоолукканда силердикине барып энебизден уруксат алып үйүмө алып кетем. Менин сөзүмдү уктуңбу? Бул акыркы чечимим. Сен мага ишен.

Жигит келинге суроолуу карады. Гүлсүн айым анын кучагынан бошонуп, «Уктум»,-деди акырын ыйбаа менен бактылуу жылмайып баш ийкеди. Анан ал:

– Сагын, мен үйгө барайынчы, мага уруксат бер. Айтпадымбы апам эшикке кирип чыгып, сарсанаа болуп жатса керек. Биз дагы учурашабыз кудай буйруса. Жаратканым бизди акыры аяды окшойт, кайра жолуктурду, табыштырды. Анан бул тагдырды биз каалагандай камырдай жууруп, жасап ала албайт экенбиз. Көп учурларда аны менен күрөшүүгө чамабыз, күчүбүз жетпей, аргасыздан тагдырга баш ийип калат турбайбызбы. Аа убакыт деген өтө берет экен, биздин жашыбызды билинбей уурдап - деди.

Келиндин көздөрү ысык жашка толуп кетти, муну ал өзү гана сезди. Сагынбек баарын ичтен туюп, анын айтканына ынанды. Анан «макул бар» дегенсип, Гүлсүндүн колун сыга кысып, аны жылмая карады. Ошентсе да, Сагынбек эми ал кетип калса андан мүлдө ажырап кала тургансып, аны кайрадан бек кучактап, Ай жарыгында балбылдаган көздөрүнөн, жылдызы жанган ажарлуу жүзүнөн кайра-кайра өпкүлөп, сүйүп, дароо ажырай албай турду.



Жигиттин да, Гүлсүндүн да жүрөгүндө сакталып калган махабат отунун учкундары кайра жанып, эчак уктап калган ысык сезимдери ойгонуп, аларга тынчтык бербей толкуп-ташып жатты.

Ушул ысык сезимдин шарданында келин тиги бурулуштагы терезеси жарык күйүп турган үйүнө карай багыт алды. Бурулушка жетип калганда Гүлсүн артына бир кылчайып, аны узата карап турган Сагынбекти көрдү. Жигит болсо, тулку денеси, жүрөгү сөз менен айтып бергис жылуу үмүт-тилектерге чулганып, сүйүктүү адамы үйүнүн короосуна кирип кетмейинче андан көзүн алган жок.

Көп узабай Сагынбек да машинасын от алдырып, эртеңки күнгө чоң жолго чыкты. Бул күнкү жолугушуу Сагынбек менен Гүлсүн экөөнү тең көпкө күттүргөн жолугушуу эле. Ананчы кээ-кээде алар жалгыздыктан тажаган кездеринде ушул күндү, өзгөчө ушул август айынын жанга жагымдуу, мемиреген салкын күндөрүн ким эмне дебесин ичтен самап, сагынышчу.

Ушул маалда төбөдө көк сулуусу-Ай ааламга жарык нурун чачып, сүзүп бараткан эле.

**Автордон**: Бул аңгеме «Кыргызстан студенттеринин жазы» аттуу республикалык фестивалда 1-орунду ээлеп, диплом жана баалуу сыйлыкка татыктуу болгон.

## ЭСТЕ ЖҮРГӨН КҮНДӨР

Жайдын кап ортосу. Көптөн бери сыркоолоп жүргөн атамдын бир тууганы Мурат абамдыкына жубайым экөөбүз эмгек өргүүсүнө чыгып келгенбиз. Баладай ак көңүл, ичинде кылайган кири жок, барбаландаган абам ал-абал сурашып келгенибизге жетине албай кубанып олтурду: -Ушинтип эле келип-кетип катташып турсаңар кана. Биз да карып калдык, силерге мейманбыз, Жакып балам.

Мен башымды ийкеп, аксакалдын сөзүн коштодум. Абам кебин улады: -Шаардыктар өзүңөр кандайсыңар, чоң калаада ысыкка бышып жүрө бербей келгениңер абдан жакшы болуптур. Эки-үч күн болсо да таза, салкын абада эс алып кеткенге жетеби. Ии анан, өзүбүз чыгып жүргөн жайлоодон кымыз алдырып, эртең кой союп беремин. Эч кетебиз деп шашылбагыла.

Ал да жарыктык абам ай, мынчалык кең пейилсиз, жоомартсыз. Ушундай адамгерчилик касиетиңизди, кең пейилдүүлүгүңүздү биз тыйын санап тиричилик кылып жүргөн шаардыктар сизден үйрөнсөк болмок дейм ичимден.

Чай ичип, эс алып олтурган соң сыртка биртке басып келейин деп абамдан уруксат алдым. Ары да, дүкөн жакта эл котолошуп көп экен. Жанаарактa эле машинада алып келинген ун жакшы окшойт бири автоунаасына, бири кол арабасына жүктөшүп алып кетип жатышты. Мен да дүкөнгө келип көпчүлүккө аралаштым. Ошол чакта мага жакын турган он-он бир жаштагы бир өспүрүм кол арабасын дүкөндүн босого жагына кое коюп, апасы экөө (мүмкүн эжесидир) алган унун жүктөмөкчү болушуп, капты бери оодарышты. Кеп сөзгө келгеним жок, мен да каптын бир башын көтөрө коюп, жүктү арабага жеңил эде салып койдук. Бала менин жардамыма сүйүнүчтүү карап, анан: -Апа, үйгө бара берейинби?- деди.

– Мейли сен басып тур, жолдун чети менен жүр, мен да артымдан үйгө бир нерселерди алып барам,-деди келин



баласына. Бала унаасын асфальт жолдо жеңил түртүп үйүнө жөнөдү.

Ошол тапта келин мени карай калып, мага бир чети таңдана, бир чети толкундана түшүп:

– Ой Жакып аке, биз жакка кандай шамал учуруп келип калдыңыз, ырахмат жардамыңызга. Мен карабай эле сизди,- деп баягы мектепте иштеген жаш кезиндегидей эле жадырап-жайнап, ажарлуу жүзү жаркып, мага ыраазычылыгын айтты.

– Мен да сени бул жерден жолуктурам деп түк ойлогон эмес элем. Айылга, Мурат абамдыкына жеңең экөөбүз ал-абалын сурашмакчы болуп, бүгүн эле келдик.

Биз элден четирээкте сүйлөшүп турдук.

– Карачы, Эркинай, убакыт деген бизди карытып, өтө берет экен, жаштык кез артта калып. Сени көрбөгөнүмө канча жылдар өттү. Уулуң минтип чоңоюп, колуңдан иш алып калыптыр. Өмүрлүү болсун.

– Ырас, Жакып аке, биз чогуу иштеген жылдардан бери билинбей эле көп айлар, жылдар өтүп кетти. Мен дале мугалимдик кесибимди улап, иштеп келатам. Сиз болсо илимдин доктору, окумуштуу-педагог, чоң болуп кетипсиз. Бир жолу сизди телевизордун «тегерек үстөл» деген телеберүүсүнөн көрүп калдым. Эми насип буйруп, сизге жолугуп олтурам.

Мага жайдары, жылуу тиктеп турган бул зайыптын алдында мен да кандайдыр бир кызык, жагымдуу сезимдерге кабыла түштүм. Оо канча жылдардан бери көрбөгөн Эркинайды карап туруп, ал жөнүндөгү көп жакшы элестер, жаштык күндөр көз алдыма тартылды. Ачыгын айтканда ар кайсы себептерден улам мен Эркинайды кез-кез эстей коюп жүрчүмүн. Ал мен үчүн ушуга арзый эле. Азыр менин жан дүйнөм да өзүмө эч кемтиги жок, түгөл боло түшкөндөй сезилди.

Чындыгында көрүшүп эле жүрчү бир жердик таанышың менен бир чет аймакта учурашып калсаң оо канча кубанып,

божурашып калган учурлар болот эмеспи. Ал эми бериси он жылдан соң көрүшүп жатпайбызбы.

Бир саамга мен анын сөзүн шыр улабай, жооп айтпай туруп калдым. Анан : -Эркинай, билсең көп нерселер мезгил, жаш өткөн сайын унутула берет экен, бирок жакшы адамдар, кымбат нерселер эч эстен чыкпайт экен. Дайыма көңүлүңдүн, жүрөгүңдүн бир бурчунан орун таап алып жашап жүрө берет турбайбы,-дедим.

Бул сөзгө кошумча: “Мен да сени Эркинай эсимден чыгарып, унутуп коюуга эч шаам, эрким жетпеди” деген сөздү тилимдин учунда турса да айта албадым.

Эркинай менин сөзүмө жооп кылып, бир да кеп кошподу. Унчукпай ойлуу турду, анан менден тартынган тариздүү сөз нугун башка жакка буруп жиберди.

–Мурат акемдикине келип кабар алып турганыңар жакшы. Биз баарыбыз сыйлаган, өтө адамгерчиликтүү, айкөл адам. Быйыл бир аз сыркоолоп калды. Жылда майрамдарда, мектептеги ардагерлердин жыйынына чакырып турчубуз. Ии баса, Жакып аке, бүгүн эртең биздин үйүбүзгө да жеңем экөөңөр келип, чай ичип, туз даам татып кетиңиздер. Мурат акемдин байбичеси Каныш жеңе биздин үйдүн кожоюнунун жакын эжелеринен болот,-деп шылтоолоп, адамгерчилик каадасын кылды.

– Ырахмат Эркинай, барууга да убакты-саат чыгып калар. Биз кеткен соң күйөө балабыз, сени кызганып, сага сөз тийгизип жүрбөсүн,-деп тамашалай үн каттым.

– Андай эмес, ал түшүнөт, келиңиздер,-деди Эркинай сыпайчылык менен. Анан “Мен үйгө барайын, тиги балам күтүп калбасын, сиз капа этпеңиз барыңыздар”,- деп дүкөндөн алган буюмдарын көтөрүп жолго чыкты.

Эркинай, сен биздин оо көп убакыттан кийинки, капыл-тапыл, күтүүсүздөн болгон учурашуубузга кандай ойдо калдың билбейм. Мен болсо Эркинай айым, бир жашоодо эсте калган, алдыга жакшы үмүт-тилектерди тартуулаган сени



менен дагы жолугамбы же жокпу, билбейм жолуксак качан, кандай шартта бет келишебиз? Баса анын бизге кандай зарылчылыгы бар? Көзү ачылбаган булактай кала берген ал күндөр, эми биздин жашообузда тек, эстелик катары жашай берет сыяктанат деген ойго кабылып турдум.

Анан калса ошол учурдагы таптаза, куулук шумдугу жок жеткинчектер келечекте билимдүү, жакшы адамдардан болушса деп, жаштык дем менен, убакты-саат менен эсептешпей, чарчап чалыкпай бала окуткан күндөрүбүз, аны менен катар жан адамга айтып дебеген биздин бири бирибизге болгон көз караштарыбыз, ысык мамилебиз, жылуу сезимдерибиз кантип эле бир дыбырап жаап өткөн жаандай унутулуп калсын?

Эсимде, баарысы күнү бүгүнкүдөй эсимде, азыр да көз алдыма келип турат. Ошондо мындан бир топ жыл мурда мен убактылуу аскердик кызматты өтөп келгенден кийин облустун борборундагы мектепте кыргыз тили жана адабият сабагынан мугалим болуп ишке орношком. Анда кара каш, капкара чачтуу, жаш жигит кезим. Ишке жаңы келгендиктен алгачкы күндөрдө көпчүлүк менен дароо эле шатыра-шатман, мамыр-жумур болуп кете албай чочункурап, тартынчыктай бергем. Ал учурда мага караганда 1-2 жыл эртерээк келип үйрөнүшүп иштеп калган жаш мугалимдердин бири-азыр мени менен бетме-бет жоолугушуп турган ажарлуу келин Эркинай-сен оң келе калганда мага көргөзмө куралдарды даярдаганда, класстык журналдарды өз эрежелери менен толтурганда өзүңдүн сунуш пикириңди айтып, чың көңүлдөн кол кабыш кыла койчусуң. Сенин ачык айрымдыгың, баам-парасаттуулугуң, адамга жакшылык эле кылайын деп турган жароокер мүнөзүң менин жүрөгүмө тымызын ысык тап берип жылыта берген. Мага иште жөлөк таяк болду. Сен мага ошондо кандайдыр тээ балачак кезде эле бирге өскөн курбумдай, таанышымдай, жакындыгың бардай сезиле берчүсүң.

Бир ирет мугалимдердин жыйыны-педсоветте сабакка жетишпеген айрым окуучулар менен класстан сырткаркы учурларда кошумча сабак өтүү боюнча өз оюмду ортого салсам, ошол тапта мектепте көп жылдар бою иштеп келаткан жоон жолпу эжеке: “Ай Жакып балам, сабактан кийин кошумча иштесең сен иште, ага сенин убакты саатың жетиштүү, өзүң бойсуң, биз деген үй-бүлөөлүү, бала-чакалуубуз. Баарыбызды эле бир катарга тизип койбо”,-деп сөзүнө басым коюп жактырбагандай түр көрсөттү. “Аныңыз туура”,-деп дагы бир жашамал эжеке аны колдоп жиберди. Төрдөгү отургучта отурган директор агайыбыз колундагы калем сабы менен столду “тык-тык” уруп, “Ай тынчтангыла, сөз угалы”,-деп тиги эжекелерге акырын эскертүү берди. Мен көпчүлүктүн ичинде минтип ачылып сүйлөй элек болчумун, таскактап келатып, мүдүрүлө түшкөн күлүктөй сөз ыргагымды жоготуп жиберип, унчукпай калдым. Ал учурда экинчи тараптан “Айта бериңиз оюңузду” деген кубаттоо сөздү эшиттим. Ошондо оңго жалт бурулуп карарым менен сенин-Эркинай мени колдогон, кубаттаган, мээримдүү көз карашыңа кабылдым.

Азыр да ошол учурдагы ачык-айрым, тартынбаган, мага тилектеш болгон көз карашың, бүт турум турпатың көз алдыма тартылып турду.

Дагы бир жолу менин жадымда калган күндөрдүн бири. Башталгыч класстын мектеп окуучулары жайкы каникулга тарап, көбүбүздүн ишибиз жеңилдей түшкөн учур эле. Бир маалда түшкө жакын Эркинай «Эч жакка кетпей туруңуздар, мектеп ашканасына келип кымыз ичип, даам татыңыздар, атам берип жибериптир, өзүнүн бээсинин кымызы»,-деп кесиптештеринин баарысын чакырып калды. Айткандай эле Эркинайдын атасы жайлоодон баарыбызга жетээрлик кымыз бердирип ийиптир. Апасы болсо шаардагы чоң кызына биртке эт куурутуп, боорсок,куймак жасатыптыр. Бир-эки жаш окутуучу кыздардын жардамы менен мугалимдер жамаатына дасторкон жайылып, баарысына кеселерге кымыз куюлуп, эт



коюлуп, Эркинай өзү баш болуп «Алыңыздар, кымыз баарыбызга жетээрлик бар, дагы ичиңиздер», -деп улуулата кымыз алдырып, сыйлап олтурду. Мектеп директору жумуштан кире албагандыктан анын шыбагасын үйүнө бердирип ийди. «Жайлоонун накта кымызы экен» дешип көпчүлүк алкап ичип олтурушту. Бир кезде Эркинай үстөлдүн четирээк жагында олтурган мага жакын келип: «Жакып аке, алып олтуруңуз, тартынбаңыз кыргыз кымыз ичпесе, эт жебесе болбойт, алыңыз»,-деп кесеге толтура кымызды өзү куюп мага кош колдоп узатты. Ушул учурда Эркинайдын чыканагына чейинки мага кымыз сунган ак билеги кудум балыктын колго токтобогон жумуру, сыйда жонундай, көргөн көздү суктандырып турду. Мен анын бул сый-урматына ырахмат айтып, ичим жылып, ак тилек менен сунулган кымызды колума алып, баарысын ичип жибердим. Ал бул үчүн мага ыраазы болгондой тигиле карап, жылмайып баш ийкеп койду.

Айтса, Эркинай сени менен бир жылга жетпей иштеген кезимде эсте калган күндөр каркырадай тизилип, биринин артынан бири көз алдыма келип жатпайбы. Анан аларды кантип айтпай, эскербей кое алам?

Дагы бир күнү... Сен спорттун волейбол, баскетбол оюндарына өтө ышкыбоз элең. Ал эмес кыздар командасын уюштура коюп, өз ара же балдар командасы менен атаандашып, мелдешип ойногон учурларыңарды көзүм чалып калчу. Бир жолу биз кошуна мектептен баскетбол боюнча беттешкени келген агайлар менен мелдешип, ойной баштадык. Ортобузга сыйлык коюлган. Баарыбыз дилгирленип, оюнга кирдик. Ушул учурда мен колумдагы саатымды чечип, кимдир бирөөгө берип коеюн деп карасам кыздар арасында сен турупсуң. «Эркинай, саатымды кармап турчу, колумдан түшүп кетпесин» деп сага бере койдум да кайрадан оюнга аралаштым. Эркинай саатты алып, «Жакшы ойногула, жеңгиле»,-деп күлүп-жайнап бизди шыктандырды. Ырас, ошол беттешүүдө биздин тайпанын жигиттери тигилерди жеңип, мөөрөйгө ээ болдук. Жеңишке жетишип, көңүлүбүз

көтөрүлүп турганда Эркинай келип: «Азаматсыңар, жеңишиңер менен» деп мага колун сунуп куттуктады. Эстей коюп саатымды сурасам ал: «Саатыңыз эми меники болуп калды» деп күлө багып, жүзү ажарланды. «Анда тага бер» дедим чын ыкласым менен. Ал: «Жок, мен тамашалап койдум, ар кимдики өзүнө буйрусун» деп, колунда таккан саатын чечип, мага кайтарып берди.

Эми ойлосом мен бир аз чекилик кетирип койгон окшойм, кийинки күндөрү кайсы бир майрамдардын биринде куттуктаганча дүкөндөн сага жаңы саат сатып берсем болмок. Колунда таккан саатың деле жок эле. Бирок анте албадым. Сен аны алат белең же «Жок, коюңуз» деп албай шагымды сындырып коер белең, билбейм. Ошондо анчалык батылдыкка, эрктүүлүккө барууга али биздин өз ара ымала мамилебиз терендеп, өзүнчө нук алып кете элек болчу. Анан калса жаңы эле иштешип жүргөнбүз, бири-бирибиз өтө сыпайы, сылык, урмат, сыйдын гана чегинде эмес белек.

Баса, турмушта күтүүсүздөн эмнелер болуп кетпейт, тагдырдын буйругу менен ошондон кийин бир жуманын ортосунда эле атаң машинадан аварияга кабылып, каза тапты. Тынч сүзүп бараткан кемени капыстан катуу толкун уруп, оодарып ийгендей бул кайгылуу, жүрөк сыздаткан иш силердин бейпил турмушуңарды коогалаңга, жоготуу- га учуратып, өзгөрүүлөргө алып келди. Сенин кайгың чексиз эле. Жакын курбу-кесиптештериңдин бири катарында мен да сага коштошордо көңүл айтып «Эркинай, өзүңдү бек карма, инилериңе апаңа бел бол, кайрат кыл» деп турдум. Мончоктоп төгүлгөн көз жашың мени да өксүттү, оор таасир этти. Аны мен өзүм гана туюп, өзүм гана ичтен сезип жаттым.

Сен бат эле шартка байланыштуу иштеген мектебиң менен кош айтышып, коңшу райондогу апаң, инилериңдин алдына көчүп кеттиң. Ырасын айтсам, сен мектептен кетээриң менен мен жалгызсырап, бир кымбат кастарлап жүргөн буюмумду жоготуп ийип таппай жүргөндөй, ичим эңшерилген, оор күндөрүм көп эле болду.



Кантсе да адам экенбиз, мезгил, убакытка баш ийбөөгө чарабыз да жок эле. Айлар-күндөр өткөн сайын Эркинай, сендей ачык-айрым, адамгерчиликтүү, чынчыл, ажарлуу кыздын элеси шамал айдап, жээктен алыстап бараткан кайыктай бара-бара менден узай берди… Бирок мага учурунда көптөгөн кубанычтуу маанайды, таттуу сезимдерди, жакын колдоо-тиректерди тартуулаган эң кымбат адамдардын бири болуп, сенин элесиң жүрөгүмдүн түпкүрүндө унутулбай сакталып жүргөнүн моюнга албай кое албайм. Айтса, ошондо арадан бир апта өткөн соң, мектеп мүдүрү Хамид агай, окуу бөлүм башчысы Сейил эжеке баш болуп, бир топ агай-эжекелер чогуу Эркинайдын үйүнө барышып,көңүл айтышып, жамааттын атынан материалдык жардам көрсөтүшүп кайтышты (Мен ал күнү жумуштап, мектепке келбей калган болчумун).

Мына эми оо бир топ жылдардан кийин шарактаган жаштык күндөр, жигиттик курак ыраактап, калган кезде сага жоолугуп олтурам, Эркинай. Ишенсең капыстан эле айыгып калган жараатымды бирөө ийне менен чукулап, көзүн ачып жибергендей болду. Ичим ачышып,өткөн жаштык кез кайра бир көзгө тартылып турду.

Эмне үчүн ошол күр шар эткен толкундай биздин жаштык күндөрүбүздүн өмүрү кыска болду экен? Бизге Алла-таала өзүбүзгө байкатпай узаткан ырыскысын ошондо бирдей сезип, бирдей билип, өз маалында кабыл алып, эмнеге сактап кала албадык? билбейм. Ага мен өзүмдү көбүрөөк күнөлүүдөй сезип калдым.

Ой деген, кыял деген учу-кыйры жок тура, учкулдугун карачы, бир замаатта баары жо[illegible]у кезип кетти го.

Мен үйгө кайтканымда көз байланып, айланага кеч кирип калган мезгил эле. Аялым мени жоктоп «Биз күтүп калдык, тамакты муздатпай ысыгында ичсе боло» деп сырт жакта жол карап турган экен.

XXX

Ушуну менен мен бул чакан икаяма чекит койсом дегем. Бирок миң сырдуу, миң кырдуу бири кем дүйнө өз пендесине улам жаңы мүшкүл, жаңы табышмактарын тартуулай берет тура. Менин жан дүйнөмө билинбей жүрүп унутулгус сезим издерин калтырган Эркинай, кечээ күнү бир айылдаш досумдун үйлөнүү кечесинде тагдыр мени сени менен дагы бир жолу кезиктирди. Биз алыстан баш ийкешип учураштык. Кечеге сен бир аз толуп калган бой келбетиңе чак, ажарлуу, жылдызы жанган жүзүнө жарашыктуу кийинип, күйөөң менен келиптирсиң. Биз зайыбым экөөбүз силерге катарлаш төрдөгү столдо олтурдук.

Өмүрлүк жарың бир сырдуу, токтоо жигит экен. Бир аздан соң кечеде музыка жаңырып бий башталды. Күйөөң сени өтүнүп бийге чакырды. Сен туруп баратып, бир саам мага назар бөлө карап, мурдагы эсимде калган тааныш көз карашың менен жароокер, сырдуу тиктедиң. Ушул мен үчүн табышмактуу сезилген көз карашың мени дагы ой-кыялдарымды удургутуп, көп нерселерди эске салып, ойлондуруп, тулку денеме кандайдыр от чачып, күн нурундай жылуу тап берип, толкундатып турду.



# КУСАЛУУ ЖҮРӨК

*Санабар Бахаповага арнайм*

Айдай институттан экзамендерин тапшырып айылдагы үйүнө келген. Атасы Бектендин көз жумганына жакында бир жылга аяк басат. Апасы Алима «Атаңардын жылдыгын эл-журт ыраазы болгудай кылып, кеп-сөзгө калбай өткөрүп алсак» деп, тынчы жок. Тигил-бул керек эле деп, базар-учарга кичи кызы экөө барып турушат. Үйдөн чыгарда апасы: «Айдай, сен үйдө бол, таенең ноокастап жатат, чай берип, карап олтур» деп дайындап кеткен. Айткандай эле жумшак пейил, боорукер, таенесин Айдай апасы айтканындай карап, эмне десе ошону илгиртпей жасап берип, карап олтурду. Бир учурда таенеси эс алып, үргүлөп калганда Айдай төркү үйдүн бөлмөсүнө баш бакты. Ошондо ага үйдүн ортоңку текчесинде рамкага салынып турган атасынын чаканыраак сүрөтү көзүнө урунду. Кыз аны көпкө ызаат менен карап турду. Анан сүрөттү сүлгү менен бир сыйра чаңын сүртүп, тазалады. Атасы ыраматылык баягысындай эле аны боорукердик менен мээримдүү тиктеп турат. Көзү, муруту, жүзү, а түгүл кирпиги баарысы күнү кечээгисиндей. Ал мурдагыдай эле сырттан кирип келип «Айда-ай, кайдасың кызым?» деп чакырып жиберчүдөй сезилди ага.

Бул саам Айдай атасы Бектен экөө өз ара үн сөзсүз тиктешип, сүйлөшүп турушту. Кызы ичтен үн катты ага: «Атаке, менин эч кимге, эч нерсеге теңдешсиз кымбат атакебайым, сиз кантип бизди ушинтип эртелеп, жетимсиретип таштап кетип калдыңыз. Кантип айтыңызчы? Сиздин чын дилден «Айдай кызым, менин алтын кызым, сары кызым» деген сөздөрүңүзсүз жан дүйнөмдүн бир жери тар, бир жери кем болуп жатканын сезесизби азыр. Жок, сиз эми эч нерсени туйбайсыз, билбейсиз, сиз таштай муздак жер түбүндө көптөн-оо көптөн бери жалгыз жатасыз, бизди сагындырып. Сизсиз жашоо биз үчүн өтө оор, армандуу, ата! Бирок

айласыздан тагдырга баш ийип олтурабыз. Элүү жаштан эми эле ашканыңызда ажал деген ташбоорго, мерезге кантип моюн сунуп кетип калдыңыз, айтыңызчы, ата. Сиз эрктүү, кайраттуу, күчтүү элеңизго? Билесизби, үйдө Майрам кызыңыз кайгырса да, капаланса да ичтен тынып көп эле сыр билгизбейт, сырын эч кимге чыгарбайт тымпыйып. Ал эми тентегибиз, кичүүбүз Бейшендин азыр оюнкарак кези. Көчө чаңытып кечке балдар менен ойноп жүрөт. Ошентсе да менин баамымда ага сиздин эркелеткен мамилеңиз, ысык кучагыңыз өпкүлөп күлкүсүн келтирген аталык жылуу мээрбандыгыңыз жетпей жаткандай сезилет. Аны мен кез-кез бир нерсени таппай издегенсип, босогодо момурайып туруп калган учурларынан улам билип жүрөм. Байкуш апамдын күйүтү, кайгысы ичинде. Жакынкы убактарда эле саамайын ак чалып, карылыкка моюн сунуп баратқандай. Атакебайым, айта берсем сөз учугу түгөнбөйт, улана берчүдөй."

Айдай ичиндеги толуп-ташып турган бугун, атасына болгон жоктоосун чыгарып алгандай жашып кетти. Бир эсе кыйла жеңилдей түшкөндөй да болду.

Ушул тапта ал сүрөттөн атасынын өзүн жазбай бир калыпта карап турган көз карашынан өзүнө күч-кайрат берген сөздөрүн эшиткендей болду. «Кызым, менин Айдай кызым, нур кызым, көп эле өзүңдү ыйга, муңга чөктүрүп, капалана бербе. Жашый берсең, бошошо берсең, бул турмушта эрксиз, мажирөө адам болуп каласың. Күчтүүлөр сени сындырып, тебелеп-тепсеп кетет. Жер карабай, башыңды тоо бүркүтүндөй бийик көтөрүп, кайраттуу бол. Билемин, жоголгон кымбат нерсеңдин табылышы, орду толушу кыйын болот. Апаңа, сиңдиңе, иниңе өзүң бел, арка бол, кызым, үйдүн чоңу эмессиңби. Анан сабактарыңды жакшылап оку, убактыңды текке кетирбе. Билимдүү адамдар күчтүү болот». Атасынын бул айткан сөздөрү Айдайдын кулагына улам-улам жаңырып угулуп жатты.



Айтмакчы, бул текчедеги сүрөттү үч-төрт жыл илгери атасы башкарган бригаданын пахта планы биринчилерден болуп толгондо кеңседеги Ардак тактага койдурмакчы болуп, профком жигит бир топ эмгек алдыңкыларын сүрөткө тарттырып, бирден өздөрүнө да чыгартып берген эле. Атасы Бектен анда талаага, ишке кийген костюму менен эле түшкөн экен, бирок сүрөтчү жакшы кийиндирип чыгарыптыр. Ошол эле жылы күзүндө «Чарбанын алдыңкылары» деген теманын астында облустук гезитке атасынын сүрөтү чыккан эле. Ошондо кыздын атасынын гезитке жарыяланган сүрөтүн көтөрүп алып, классташтарына сыймыктана көрсөтүп, кубанычы терисине батпай сүйүнүп жүргөнүчү ай! Үйдүн ээси-атасы маңдайында жүргөн учурлар, кайгы-капасыз өткөн жылдар эми ойлосо Айдай үчүн тоодой эле бакыт, өмүрдөгү кайра кайталангыс күндөр экен.

Куштай сабалаган кыз кыялы ушул чакта кайда учуп барбасын адамгерчиликтүү, чынчыл, кайраттуу атасына байланышкан элестерге, эскерүүлөргө кабыла берди. Бир мертебе Айдай 5-класста окуп жүргөн чагында талаада курбу кыздары менен ойноп жүрүп, жетелеп баккан уюн көк бедеге ичин чаңдайтып көптүрүп алган. Үйгө келсе баса албай көзү жашылданып турган уйга ачынган, өлүп калат деп чочулаган апасы: «Оюн деп жүрүп оңкоңдон кетесиңго» деп аябай тилдеп урушканы али да эсинде. Ошол чакта жумуштан кайтып келип калган атасы Бектен бурчта жетим козудай бүжүрөп, ыйламсырап турган кызына «Ыйлаба, дары ичирип ары-бери жетелеп бастырып койсок уюң жакшы болуп калат, өлбөйт» деп бешенесинен сылап эркелеткен. «Эми ойносоң казык кагып уюңду бекем байлап коюп жүр» деп атасы чай ичкенче комуз чертип, акылдуу кыз жөнүндө жомок айтып берген. Ошол чакта бешенесинен сүйүп эркелеткен, бир саамга болсо да балалык кыялы менен кыз апасына караганда атасын көбүрөөк жакшы көрүп турганы да али эсинде.

x x x

Жаш кездеги жакшы күндөр сезимге кыттай орноп, унутулбай калат экен. Мектептен аттестатын жаңы эле колго алган 11-класстын бүтүрүү кечесинде кыз классташтары менен шарактап ойноп, күлүп жүрүп үйгө кеч кайткан эле. Келсе үйдө баарысы уктап калгандыктан атасы жаткан ортодогу бөлмөдөн уялып өтө албай өз бөлмөсүнө терезени ачып түшкөн. Ошол чакта атасы ойгонуп кетип, «Ой ким бул?» деп сурап калабы деген таризде чочулап, уялып турганычы. Уяттын күчү кыздын бетин ошондо алоолонтуп кызартканычы. Атасына байланышкан мындай элестер, окуялар Айдайдын эсинде күнү бүгүнкүдөй сакталуу, жүрөк түпкүрүндө. Арадан айлар, күндөр өтүп баратса да баарысы көз алдында жаш көчөттөй улам өсүп, бүрдөп көгөрүп турат.

Дагы бир курдай кыз өзү да күбө болгон. Атасы менен апасы казан аяк кагышат дегендей өз ара бир аз пикир келише албай суз тартып калган күндөрү да Айдай тез-тез ооруп сыркап калчу атасына ичтен жан тартып, анын көзүнүн агы менен тең айланып жүрдү. Дикилдеп жүгүрүп төшөк салып, дасторкон жайып, чай демдеп сөз оозунан чыкканча тапшырмасын так аткарууга шашчу. Кыязы, сезимтал кызынын дилгир мамилесин атасы да сезсе керек, кез-кез ал өзгөчө мээрбандык менен бешенесинен «Бактылуу бол алтын кызым» деп өөп эркелетип койчу.

Айдай ушул аралыкта атасынын дилинин суудай тазалыгын, актыгын, адилеттүүлүгүн, жөнөкөйлүгүн дагы бир жолу жакындан жүрөгү менен туюп сезген.

Айдайдын атасы жөнүндө айылдагы улуу-кичүүлөрдүн ага көрсөткөн урмат-сыйы, кадырлоосу аны ар дайым ичинен толкундантып, ары сыймыктандырып турар эле. Ал атасындай болгусу келчү. Бектен аке жолдон өтүп бараткында аны таанып билгендер анын ал-абалын сурашып, колун төшүнө алышып, озунуп салам беришчү. Кээде айыл апада боло калчу талаш-тартыштар, чыр-чатактарда да бирөөлөр кайрылышып,



«Бектен аке, калыс сөзүңүздү айтып коюңузчу?»,-дешип, андан адилеттүүлүктү, тактыкты күтүп кайрылышчу. Ал эмес кээде бирөөлөр үйүнө чейин келишип, арыз-муңун айтып, кеңешин сурашчу. Ошондо Айдайдын апасы: «Атаң сот эле болуп калды. Иштен келсе үйдө да тынч коюшпайт»,-деп наалып калчу.

Айтса, бир жолу өмүр бою колхоздун чарбасында суу коюп, эгин эгип, кээде шопурлукту да кыла коюп, элге сый-урматы бар, жөнөкөй, ак пейили менен, балдарын багып чоңойткон Бектен акенин айылдаш тууганы болгон Сабырбек абанын көзү өтүп, эл-журт аны акыркы сапарга узатуунун камын көрүп жатышты. Айылдын молдосу дагы эки-үч аксакал сөөрүдө олтурушкан. Ошондо Сабырбек абанын чоң кызы сыртка чыгып, үйдөгү тууган-туушкандарынын атынан сөз алып: «Атамдын кара ашына куда сөөк, жакын туугандары, көпчүлүк келет. Атам эл тааныган адам эле. Өзүнүн бакан малы, койлору да бар, карап түзүгүрөөгүн сойгула, элге эти-ашы жеткидей болсун. Дагы эмне кемчилдик болсо көтөрөбүз. Уулу жок, кыздар экен деп тартынбагыла»,-деп айтып оюн ортого салды. Ошондо молдо менен катарлаш олтурган аксакалдар баш ийкешип, айтылган сөздү колдогондой болушту. Экинчи сөрүдө жанаша олтурган бир аксакал Бектен акеден жана чарбада жооптуу иште иштеп жүрүп пенсияга чыккан Жаныбек абадан «Сиздер эмне дейсиздер?» деп сурашканда, алар көпчүлүккө кайрылышып: «Балдардын сөзүн да эске алабыз, ошентсе да мобу эле кошуна айылдагылар маркумдун тажыясында алыстан келген патачыларга бирин-экин кой союшуп эле элди узатып жатышат. Ашыкча чыгым деле жок. Беш кол бирдей эмес экен, ойлонуп көргүлө»,-дешти. Бул айтылган сунушту кээ бирөөлөр колдоп баш ийкешти. Ошентсе да, мындагы молдо баштаган аксакалдар: «Биз азырынча өзүбүздүн эле каада-салтыбызды сактап туралы, элди жакшылап узатып алалы дешти,» - бул айтылган кепти көпчүлүк туура тапты. Маркумду каада-салты менен

жайга коюп келишти. Анан куда сөөктөргө,алыстан келген патачыларга, малдан сырткары дагы кой союлду, казан толо эт бышты,аш демделди, шымаланган жигиттер аталгалуу жиликтерди аксакалдатып таркатып жатышты. Баарысы Бектен акелер айткандай эмес,молдо баштаган аксакалдардын көрсөтмөсүндөй болду. Канча чыгым жумшалды аны менен кимдин канча иши бар дейсиз.

Эл коштошуп бир аз суюлганда Бектен, Жаныбек акелер баш болуп боз үйдөгү кыз-келиндерге киришип, тууганы катарында алардын алдында куран окушуп, «Кайрат, сабыр кылгыла» деп көңүл айтышты. Мындан соң Жаныбек аба менен коштошуп, Бектен аке өзүнчө ойго басылып, үйүнө суз кайтты.

Үйгө келгенде Айдай атасына төшөк салып, чай демдеп алып келди. Атасынын капалуу жүзүнө карап: «Эмне болду ата?»,-деди.

-Ыраматылык Сабырбек абаны бүгүн жерге коюп келдик. Маркум ~~[illegible]~~, ~~эмгекчил~~, жөнөкөй ~~бирөөнүн~~ ~~[illegible]~~, ~~капа кылбаган~~, ~~ак көңүл адам~~ эле. Эми арты кайырлуу болсун деп коюлууда [illegible]. Атасы башка кеп салган жок. Айдай да ичинен өкүнүп турду. Ушул күн кыздын жүрөгүндө кейиштүү, капалуу күндөрдүн бири катарында атасынын көзү өткөндөн кийин да көпкө сакталып калды.

XXX

Бир учурда Айдай үйдүн чоң бөлмөсүнө киргенде атасынын сүрөтүнүн астындагы чемодандан костюмунан түшүп калган топчусуна түгөй таап аламбы деген ойдо карап жатып, кичирээк түйүнчөккө көзү түштү. Буга апасы майда барат нерселерин салып койчу. Көрөйүнчү деп түйүндү чечсе топчу эмес эле атасынын согуш учурунда, кийин тынчтык мезгилде чарбада иштеп жүрүп алган медалдары, значоктору бар экен. Чемодандын дагы бир бурчунан кыйла эскирип,



калган үй ээсинин топусун, кадимки эле кыргыз карыялары калпагынын ичинен кие коюп жүрчү кара түстүү баркут топусуна көзү түштү. Кыязы апасы күйөөсүнүн баш кийимин аздектеп катып койгон болсо керек. Кызга топудан тер, аны менен кошо атасынын тааныш жыты келип турду, издеп жаткан топчусу да кыздын эсинен көтөрүлдү. Кыз колунан түшүрүп ийсе сынып калчудай назик, баа жеткис буюмдай табылган топуну колго алып искеди. Ырас эле бул топудан күндөп-түндөп талаада чапкылап иштеп жүргөн терчил атасынын гана жыты келип турду. Көзү өткөнүнө араң эле бир жылга ак басып олтурбайбы, кантип эле анан чарбачыл, мээнеткеч атасынын тааныш жытын билбей, ажырата албай калсын? Жай күндөрү апасы «Атаңдын терчилдигин карачы, күндө күн алыс көйнөгүн, бет аарчысын жууйм» деп кээде наалып калган учурлары болгон. Андайда Айдай «Апа бериңизчи, атамдын көйнөгүн өзүм эле жууйм» деп апасынан суранып калчу.

Кыз эчак жоготуп, бирок табылып калар деген үмүттө жүргөн кымбат буюму бүгүн күтүүсүздөн колго тийгендей колундагы топуга толкунданып кубанса, бир эсе кейиштүү көзүнө жаш алды. Ыраматылык атасы жакын эле жерде жашынып, карап тургансып, кыз өзүн-өзү алда немедей кызык сезди, атасын дагы бир ирет, деймейдегидей жоктоп, эстеп көзүнө жаш алып турду.

XXX

Бул күнү кечке тыным албай үй жумуштары менен алектенип чарчаган Айдай өз бөлөсүндө жатып биртке эс алып, уктамакчы болду. Бирок эртең эрте сапарга аттанчудай андан уйку качты. Ал[illegible]бегейсиз чоң мухитте каалгып жай сүзүп бараткан жел кайыктай кемтик айды тиктеп, кылданып жатты. Кантсе да көп узабай Айдайды уйку алып кетти. Ал таң атпай эле көргөн түшүнөн чочуп эрте ойгонду. Жүр[illegible] согуп, өрөпкүп калган экен.

Түш демекчи, кыз түшүндө атасын көрдү. «...Сыртта күн бүркөө, ыйлап ийчү баладай араң турган эле. Атасынын кабагы да күнгө окшоп кандайдыр салыңкы болучу. Кыясы, жамгыр жаап берсе, канча түйшүк талаага кетет, пахта терим дагы эки-үч күнгө артка сүрүлөрүн ойлоп кабатыр болуп турган көрүнөт. Апасы да, кызы да муну айттырбай сезишти. Ал көп деле сүйлөгөн жок, чыгып баратып гана «Тамбашындагы жайган өрүк

кактарды чогултуп алып койгула, жамгыр жааганы турат»,-деди адаттагысындай бир аз сылтып басып барып эшик алдындагы талда байлоодо турган атына минип жөнөй берди. Аңгыча дубал боорундагы мыкка илип, унутта калтырган атасынын жылан боор камчысын көрө калган Айдай, аны көтөрүп артынан чуркады: «Ата, камчыңызды алыңыз». Атасы узап кетип кызынын кыйкырганын укпай, коргондон алыстап баратты. «Ата-а!» Кыз кайра катуу добуш салды. Атасы уккан жок. Унутуп калган камчысын кызынын колунан албады. Барып-барып ал бозоргон мунарыкка сиңип көрүнбөй калды.

Небересинин эмнегедир чочуп, кыйкырып ойгонуп кеткенин арыда уйку-соонун арасында жаткан сыркоолуу таенеси туюп калды.

–Эмне болду Айдай, ботом, бир жаман түш көрдүңбү?- деди бүшүркөп.

–Түш көрдүм, түшүмдө атамды көрдүм. Бирок... билсеңиз, атам камчысын албай кетип калды, таене.

–Ботом, ал эмне дегениң, туюктантпай ачык сүйлөчү, каралдым.

Айдай көргөн түшүнүн баарысын бир баштан жобурап айтып берди. Таенеси чынында түштү жакшы жоруй билчү. Эгер үй-бүлөдөн, ал эмес коңшу-колоңдордон кимдир бирөө жакшы же жаман түш көрсө, ага эртеси айтып сөзсүз жорутчу.

Кемпир азыр да демейдегисиндей берилип сүйлөп, түш жоруп жатты... «Кызым, эркек кишинин камчысы анын колундагы калканычы куралы, атаңдын камчысынын унут



калышы чынында жакшы иш болбоптур, ошон үчүн оору менен алп урушуп жүрүп,эрте өтүп кетти, жаны бейиште болсун. Пайгамбардай киши эмес беле. Бирок жакшы ал жөө кетпептир, алдында минген аты бар экен, колунда камчысы болгондо барар жерине, максатына тез жетет. Аты баспай чарчап калганда колундагы камчы менен атты демитип, илгери бастырат, камчы ошондо ага кубат, дем болот. Анткени менен кызым, камчы жерде калбаптыр ал сенин колуңда экен. Ал атаңдын сага таштап кеткен мурасы, муну эсиңе алып кой, эми атаңдын жетпей, арманда калган үмүт-тилегине сен жетип, өмүрүн сен улайт экенсиң. Кудай таала сенин өмүрүңдү узун кылат экен».

Түш ушинтип жорулду. Кыз балпайган, мээримдүү таенесин жакшы көрчү. Кантсе да азыр Айдайга таенесинин жылуу жумшак сөзү, жоруганы, көргөн түшү таасир этти. Уйкусу ачылды.

Көп узабай таң шоолаланып, жерге жарык кирди. Бөлмөнүн ичи да ак чачкандай жарык тартты. Кыз сыртка чыкты. Таңкы муздак, сыдырым жел бак-дарактардын учтарын ыргап, көңүлдү сергитет.

Ушул учурда кыздын кемзиринин ички чөнтөгүндө оо бая чемодандан таап алган Айдай үчүн эң кымбат, эч нерсеге алмаштыргыз атасы Бектендин үйдө кийип жүрчү топусу бар эле.

# АЛИМБЕКТИН КОЗУСУ

Үйдөгүлөр сааркы тамакка жаңы эле олтурушканда сырттан бетин жууп кирип келген Алимбектин чыры башталды.

–Ата, менин козум кайда, ким алып кетти аны?-деп кабагын бүркөп, бурк этти.

Атасы Адыл аке: - Балам, сенин козуң тиги Кубат акеңердикинде, маарай бергендиктен кечиндеси үйүнө алып кетти, жаңы тууган козулуу коюна кошуп койду. Кийин алып келебиз, сен көп капаланба.

–Ата, мен сиз айткан өзүмдүн кара козумду өзүм багам, алып келип бергиле. Ал жакта ооруп калат.

Алимбектин көз алдына кечээ күнү кечке чөп жебей, суу ичпей энесинен ажырап, маарап калган эки айлык кара козусу элестеп турду. Бала көзүн жаштап, ыйлап жиберчүдөй болуп, мостоюп олтурду.

Ушул учурда катарда, дасторкон четинде олтурган ачуусу чукул апасы Күлүйпа: -Ии балакай, концертиңди дагы баштадыңбы. Бизге тынч олтуруп чай ичүү жок экен да. Быйыл 2-класска мектепке барып жатасың, качан эсиңе киресиң?-деди.

Алимбек апасынын кебине кулак салган жок.

–Козумду алып келип бергиле,-деп көзүн жаштады.

Апасы туталанып, уулу Касымга: -Муну эшикке чыгарып, койканасына алып барчы, үнүн өчүрчү, көрүп көкшүнү суусун,-деп буйра сүйлөдү.

Касым: -Бас!,- деп инисин жетелеп,сыртка алып чыкты. Бала көзүнө жаш алып, кой да, козусу да жок бош короону ичи ачышып тиктеп турду.

–Касым аке, эми биздин козуну качан алып келишет?

–Билбем, мага эч ким эч нерсе деген жок.

Быйыл жашы 15ке чыгып калган Касым да ичинен тынч олтурбаган Алимбекти жактырбагандай сүйлөндү.



Чынында эле Алимбектин өксүп, ичтен ызааланып жатышынын да жүйөөсү бар болчу. Туулган күндүн эртеси атасы Алимбекке: -Бул кара козу сеники болот, карачы капкара, жакшынакай, быйыл жайлоого барып келсе чоңоюп калат. Анан өзүң жем-чөп берип багасың. Көрсөң, так секирип жүрөт,-деп сүйүндүрүп койгон эле. Анан калса койду козусу менен бир топ күн багып, жем-чөп берип, аларга жакын да болуп калган эле. Бир учурда сыртка чыккан Адылбек аке: -Мен жумушка барып келейин, ага чейин сен балам, капаланбай, үйгө кирип курсагыңды тойгуз, бетиңди жакшылап жууп ал.

Алимбек атасы кетээри менен бети-башын жууп, үйгө кирип, өз керебетине көмкөрөсүнөн жатып алды. Ал жатары менен үргүлөп, уктаган деле жок. Ичи бук болуп, кечээ эле безеленип маарап жаткан козусун эстеп, аны жоктоп, мектепке баргысы да келген жок.

Ырас, Алимбектин кабагына кар жаап, керебетте козголбой ойлонуп жатышына айтарлык жүйөө да бар эле. Быйыл Алимбектердин кою жайлоого кетээрге жакын жүнүн алдырганда жон териси такырайып, көп алынып, анан калса териси кескиленип да кеткен экен. Жайлоого барганда күн катуу ысып, ошол кесилген жерине чымын-чиркейлер конуп, курттап, кадыресе жарага айланып кетти. Кой аябай азап чегип, тез эле арыктап, араң басып калганда койчу жайлоого келген бирөөнүн машинасына салып, кесел койду козусу менен үйгө берип жиберди. «Көпчүлүк койду караш кыйын экен, өзүңөр ветврачты чакырып, жакшылап дарыласаңар айыгып кетээр, түзүк болсо алып кетип өзүм багып берем»,-деп дубай саламын айттырыптыр.

Койчу айткандай Адыл аке ветврачты чакырып коюн көрсөттү. Уколун бердиртип, дары-дармектерин алды. Кошумча жем берип, алган дары-дармектери менен дарылаган соң береги тоо борунда жашаган айылдагы жакын тууганына учурап: «Силердин шарыңар бар, аба салкын, чөбүңөр

жетиштүү, биздин койду да өзүң көз салып карап бер»,-деп атасы тууганчылыгын ортого салып суранды. Козусун эме берип энесин арыктатат деп алып калды.

Мына эми ошол Алимбектин козусу кечээ күндөн бери тынбай энесин жоктоп, издеп, жан-алы калбай маарап, ары-бери чуркап жүрдү. Ылайыгы келсе байлаган жибин үзүп бир жакка кетип калгысы да келди.

Бечара козу сай сөөгүңдү сыздатып, кулак-мээни жеп, ботодой боздоп жатты. Алимбек да козусунун тынбай маарап турганын ичинен аяп, тынчы кетти. Ал эмес кечээ күнү мектептен келээри менен энесинен ажырап жалгыз турган козусунун жанына барып, ичинен өзүнчө шыбырап: «Кой, ыйлаба менин кара козум, ыйлабачы, көп маарасаң чарчап чаалыгып, кыйналып, ооруп каласың. Суу ич, жем же, антпесең сени да энеңе окшотуп доктур келип ийне саят, ал оорутат» деп айтып, аны эркелетип, жонунан кайра-кайра сылады. Ошондо козу бир аз тынч алып, баланын сөзүн угуп, тыңшап тургандай сезилди ага.

Мына эми, үйдө анын кара козусу жок, атасы Кубат акеге берип жиберген козуну алардын козулуу кою кызганып, сүзгүлөп четтетпес бекен,-деп бала ичинен бушайман тартып, ойлонуп жатты.

Алимбек козусун ойлогон сайын санаасы санга бөлүнүп, өзүнүн кара козусун ойлоп, азыр эле аны көргүсү келип турду.

Бир учурда үйгө апасы кирип:

– Ой бала, туруп тамагыңды ичип мектебиңе жөнөбөйсүңбү, мени коркутпай,-деди.

Бала таарынып, апасына сүйлөбөй койду. Апасы ансайын күчөп: -Ой көк бет, ичим тап боло бербей туруп чайыңды ич,-деп дагы сүйлөндү. Алимбек бул сапар да лам деп оозун ачпады.

Анан бир топтон кийин: -Бүгүн мектепке барбайм, кечиктим,-деди. Апасы Күлүйпа эже да башка сөзгө келген жок, буркан шаркан түшүп сыртка чыгып кетти. Ал баланын



жүрөгү ооруп, тынчы кетип, ичи букка толуп жатканын, кандай сезимге кабылганын билген жок. Кайра «Козуга ушунча тултуңдайт, өнөрүн көрсөтөт» деп ичинен аны жектеп турду.

Ошол тапта сырттан атасынын добушу угулду. Ал бүгүн жумуштан эртелеп кайткан болчу.

–Ой, Алимбек баатыр кана, мектебине тамак ичип кеттиби?-деп барбалаңдады. Мындайда аялынын табаасы кангандай: -Балаң өнөрүн мага көрсөтүп, эртеден бери керебетинде эс алып, сени күтүп жатат, өзүң сүйлөшчү,-деп ал ары басты.

–Ал эмнеси, сен да ага кошулуп, бала болуп, аны кагып силкип, сөзгө келбей жатпайсыңбы. Ал жөндөн жөн эле таарынбайт. Айтып коеюн, эгерде ошо бала ичи эзилип, санаага батып, ага сенин орой сөздөрүң кошул-ташыл болуп, ооруп кала турган болсо менден катуу капа болуп каласың. Токтот урушканыңды.

Үйдүн кожоюнунун сөзүнөн соң Күлүйпа эже да кеп кайтарып башка сүйлөбөдү. Адыл аке баласы жаткан бөлмөгө баш бакты: -Ой, Алимбек, менин эстүү, акылдуу балам, сага эмне болду? Экөөбүз сыр сактабай ачык сүйлөшөлүчү. Айтчы балам.

Атасынын жумшак, эркелетип сүйлөгөн сөзү Алимбектин ичиндеги бугун, таарынычын таруудай чачып, толкундантып, муун-жүлүндөрүн бошотуп жибергендей болду. Анан ал «Атаа»,- деп анын моюнунан бек кучактап, өпкүлөп, көзүн жаштады.

– Алимбек кел, экөөбүз башта курсакты тойгуз-уп, оокат ичели. Уктум, бүгүн мектепке кечигип барбаптырсың, эртең сөзсүз бар, уулум. Адам болом десең жакшы оку,-деп атасы ага кайрылды.

–Мектепке барам ата, сөзсүз барам, айтканыңыз- дай жакшы окуйм.

Ата-бала бирин-бири түшүнүп, жылуу сүйлөшүп, тамактанып олтурушт. Бир учурда атасы Алимбекке: –Жүр эми сүйлөшкөнүбүздөй Кубат акендикине барып келебиз. Козунду көрөлүчү, кантип турат экен?-деди. Баланын жүзү жаркып, сүйүнүп кетти.

Алимбек атасы менен Кубат абасыныкына келгенде, жакшы ал үйүндө экен. – Келиниздер, келиңиздер,-деп үй ээси аларды кучак жайып тосуп алды. Анан ал-абал сурашкандан кийин Алимбекке кайрылды:

–Сенин козуң жакшы, эч камтама болбо, оңолуп калды. Күндө бир кочуштан жем жешет. Кой да аны сүзгүлөп, бөлүп жарбай үйрөнүп, өз козусундай карайт. Жүр эми сен өз козуңду көрүп кел, тиги бакта оттоп жүрөт,-деп абасы баланы жетелеп барып көрсөттү. Алимбек кара козусун көргөндө санаасы тынчып, ичинен мулуңдап, сүйүнүп, Кубат абасына өтө ыраазы болду.

Бир учурда Кубат Адылбек акесине: -Керек болуп турат, дагы бир базардан соң коюмду козусу менен сатайын дедим эле. Ошондо Алимбекке козусун берем,- деп суроолуу карады.

–Андай болсо Кубат аба, козумду үйүмө алып барып өзүм эле багам,-деди Алимбек. Анда атасы Адыл аке: -Шашпа балам, анда сага да ушунун өзүндөй кара козу сатып берем. Антпесек жалгыз козу дагы сени кыйнайт. Алар ээрчишип жүрүп оттошо берет. Экөө тең сеники болуп калат. Макулсуңбу?-деди.

Бала кубанычын жашыра албай, «Ата, анда дагы жакшы болбойбу, алып бериңиз, козуларды өзүм багам!»,-деди.

Бала атасынын колун сыга кармап, ага күлүңдөп жайдары карады. Ал атасынын эч качан алдабай турганына ишенер эле.



# БАЙКУШ ИТ

Күнгө жекшемби эле. Суугу жан этиңди жеген кыштын күнүндө үстү жабык отун суу турчу короодогу бастырманын бир бурчунда жатып, күн көргөн канчык ит билинбей эле жүрүп бир күнү төрт күчүк туул койду. Аны эртең менен алгачкылардан болуп быйыл биринчи класска барып окуй баштаган Рахман көрүп, эдиреңдеп жерге батпай чоң энеси менен акеси Бектурга сүйүнчүлөп келди:

-Чоң эне, Бектур аке карагылачы итибиз күчүктөрдү туунтур. Аны Мукаш досум экөөбүз көрүп, нан таштап бердик. Ошондо көрдүк күчүктөрдү, кипкичинекей экен.

Рахман элеп-желеп болуп, толкунданып,тимеле терисине батпай сүйүнүп жатты. Үйдө чай демдеп отурган чоң энеси гана: -Ой, жаңы тууса ургулап тургузбагыла, бир ысык оокат бышырып берели. Суукту карачы, кан какшатат,-деди неберелерин кичине какыс-кокус кылып. Бектур болсо, (Рахмандын атасынын иниси)-Сенин таап келген итиң тууптур да, эми күчүктөрүн өзүң багасың. Кой десе болбой алып келгенсиң,-деп көп жактырбай сөзгө аралашты.

–Багам,-деди Рахман тил учунда. Кубанычына суу сепкендей болуп, ал жер карады. Анан бир учурда «Атам, апам келгенде итке кепе салып беребиз, ошондо үшүбөй жатышат»,-деп бала суукта жаткан итке боору ооруп. (Рахмандын ата-энеси сырт өлкөдө иштеп жүрүшөт. «Күн жылыса барабыз» деп коюшкан).

Бектур акеси айткандай Рахман күздө айылдагы кимдир бирөөнүн үйүнөн ушул итти мойнунан жипке байлап, жетелеп алып келген. Ошондо Бектур акеси аны «Эмнеге жетелеп келдиң, мага айтпай. Кайра алпарып бер, сага ургачы эмес, жакшынакай дөбөт ит алып келем»,-деп тилдеген. Бирок бала итке үйрүлүп карап, бастырма жакка байлап коюп, аны кайра жеткирип бергиси келген эмес. Чоң энеси гана Бектурга «Тим койчу баланы ыйлатпа»,-деп колдоп койгон. Бош жүргөн дейди ит да курсагы тоюп, өзүнө келип калганда, кыңшылап

үрүп, байлаган жибин тиштегилеп, бошонууга далбастап жатты. Ким бирөөлөр келсе айбат көрсөтүп. Ошого баланын чоң энеси: -Итинди ачка калтырба балам, карап жүр досуң экөөң. Мейли үйдө иттин болгону жаман эмес, чоочун кишилер келсе ити бар деп сезишет, бейчээки кирип чыга беришпейт,- деп чоң энеси небересин сүйүнтүп койду. Рахманга бул кеп чоң эле колдоо болду, мектептен кайтканда нанды, энеси идишке куюп койгон жугундуну алып итке берип курсагын тойгузуп жүрдү. Мукаш досу экөөнө эрмек табылып калгандай болду, ит дагы буларга үйүр алып, балдар келатканда эле куйругун чамгарактатып, шыйпаңдап жаткан жеринен тура калат. Балдар иттин атын чоң балдар айткандай «Алапар» деп коюшту.

Бир курдай сүрөт тартууга өтө ышкыбоз Рахман итти сүрөткө тартам деп акеси Бектурга түр калем алдырып, Алапардын маңдайына отуруп алып, кичине окшоштуруп аны чиймелеп тартып жүрдү, анысын балдарга көрсөтүп мактанып да койчу. Бирок кошуна жашаган дагы бир класташтары Нурлан менен Болот «Сүрөтүң итиңе окшошпой калыптыр»,- деп аны чычалатып, ачуусун келтирди. Анда Рахман да бош келбей «Итиме эле окшошот силер өзүңөр тарта албайсыңар, Силердин итиңер жок»,-деп досторун кыйла ызалантып, ал эмес мушташып кете жаздады. Бирок Нурлан да, Болот да өз катачылыгын сезишип, кайра тез эле жарашып алышты.

Мына эми Рахмандын ошол кечээ күздө эле жетелеп алып келген ити көздөрүн жылтыратып жаткан кичинекей төрт күчүктү тууп берди. Кылаар иши жок чыт курсактар эми иттен алысташпайт. Балдар мында сыйкырланып, байланып калгандай апалары чакырмайынча үйлөрүнө өздөрү бара коюшпайт. Эми баягы жоош, балдарга чуркап келчү ит жок. Күчүктөрүн балдардан кызганабы, акырайып, суук, жаман көзү менен аларды тиктеп жата берет. Мындай учурда Рахман баштаган топ-Мукаш, Нурлан, Болот жаңы туулган кипкичине күчүктөрдү көрөбүз деген үмүттө чакырса ырылдап турбай



жаткан итти кар тоголоктоп алып ура башташат. А кээде үйлөрүнөн ала келишкен сынык нандарын алдына ташташып «Ал-ал Алапар»-дешип чакырып да калышат. Ошондо да арбагы чыгып арыктап калган ит байкуш ордунан мурдагыдай шап туруп, тап бергенге шаабайы жок, тигилерге тиштерин ырсайтып, ырылдап тим болот, кээде кыңкшылап үрүп жиберип, кайра башын катып алат. Балдар жокто кичине өрмөлөшүп энесине жабышкан күчүктөрдү эмизүүгө аракеттенет, андайда күчүктөрдүн курсагын тойгузуп эмизүүгө ит бечарада кайдагы жетерлик сүт.

Балдарга эмне, итке кар атсак туруп кетет деп ойлошот да, кайра кар атышат. Ошондо күчүктөрдүн энеси жедеп түңүлгөндө ордунан туруп, улам-улам артына карап ары басат. Балдар ал учурда андагы төрт күчүктү бирден тандап, сеники меники деп бөлүшүп алышат. Рахман кулагы тикчийип бир аз чоңураак көрүнгөн кара күчүктү өзүнө алды. Аңгыча ит кайра эле ырылдап күчүктөр жаткан жерге келип, аларды бооруна кысат. Өзү ары кетсе эле тиги күчүктөрүн бирөөлөр алып кетчүдөй сезип, аларды башкалардан кызганат.

Ушул тапта Рахмандын чоң энеси ит аякка тамак куюп «Итиңе алпарып бер»,-деди. Курсагы кабышып ач турган ит берген тамакты бир заматта эле жалап-жуктап ичип жиберди. Канткен менен да ит кыштын суук күндөрүндө өлбөстүн күнүн көрүп, жан сактап, балдарын багып жатты. Бектурдун итти караганга убактысы ченелуу, жумуштан колу бошобойт. Үйдөгү чоң эне гана ара чолодо айтып, «Тамак бергиле» деп көз салып,атала бышырып берип турат.

***

Арадан он күндөй убакыт өттү. Бектур бул сапар да демейдегидей эле жумушка жөнөр алдында, үйдөн каткан нандын сыныктарын алып, дубалга такай салынган бир тарабы ачык, ит жаткан жайга бурулду. Балдардын Алапары баягы эле эскилиги жеткен шалчанын үстүндө жатыптыр. Жанында ит

аягы бопбош. Ага Бектур өзү алып келген нандын сыныктарын таштап «Алапар, Алапар»,-деп добуш алды. Жамандыктын бетин көрсөтпөсүн, ит бул сапар мурдагыдай башын көтөрүп караган жок. Арык, каржайып сөөгү чыгып турган жонун чөпкө түшкөн кыроодой жука бир элиге жакын түнкү шамал учурган кар басып калган экен. Бектур денесине ийне сайылгандай селт деп чочуп кетти. Анан шашылганынан түнкү аязда таштай селейип катып турган иттин куйругун өйдө көтөрүп жибергенде, кипкичинекей күчүктөр күнөөсүз көздөрүн ирмеп, энесинин эмчегин эмсем деп аймалашып аянычтуу кыңшылашат. Олдо ит бечара ай, ичер суусу, көрөр күнү ушул чыкылдаган аязда түгөнгөн экен. Аны жолдо жолбун иттерге окшотуп машине тебелеп, же кимдир бирөөдөн башына каңк эттирип таш жеп,же ит атар ар жерде шимшилеп жүргөндө ооpу жукпасын деп атып деле кеткен жок. Анын өлүмү кадимкидей эле үйдө жашап, үйдө тууп, балдарын карап, алар торолсун, өссүн деп, мээримин төгүп, эмчек эмизип жаткан кезде эле кыштын күнү болбодубу.

Бектур шалдайып карап турду. Денеси кайрадан муздап, жүрөгү сыздап чыкты, аяды аны. «Аттиң ай ушул итке кышка чейин эле жакшыбы жаманбы бир, кепе жасап койбогонуна ичинен өкүндү, ит деп маани бербегенине, муштай балдарга «карагыла, баккыла»,-деп табыштаганына, өзүнүн кенебестигине тилин тиштеп өкүнүп, жылуурак турду. Анан калса кечиндеси жаңы тууган итке деп жарытылуу ысык тамак берип койбогонуна, аны да жадынан чыгарганына кейип кепчиди. Жер муштасаң да эми баарысы ордуна келбейт. Болор иш болуп, боегу каныып турат.

Көп өтпөй чоң энеси да угуп «Айтпадым беле карагыла, жакшылап баккыла ошол итти»,-деп баласын урушкан болуп, үшкүрүнүп калды. Мектепке барам деп шашылып турган Рахман да бул иштин чоо жайын угуп, «Итим өлүп калдыбы? Эми күчүктөрүн ким карайт? Ким багат?»,-деп ыйлап бышандап ийди. Бектур үйдөн кардон кагаздан жасалган чоң



коробка алып чыгып, астын жумшартып, күчүктөрдү бирден сала баштады. «Мончонун жылуу бөлмөсүнө алпарабыз, ошол жерди тосуп жай кылабыз. Биз жакшы карабагандыктан ит өлүп калбадыбы, сен эми ыйлаба»,- деди Бектур Рахманга.

Кипкичинекей, алсыз күчүктөрдү коробкага бирден салып жатып Бектур ушул чилденин күнү да бечара иттин балдарынын тулку бою ушунчалык жыпжылуу экенин сезди. Көрсө ит ордунан туруп басып кетпей, түнкү суукка төш тосуп, балдарын аяздан калкалап, аза боюндагы бүт жылуулукту, энелик ысык мээримди ушул эмчек сүтүн талашкан күчүктөрүнө ыйгарып кеткен тура.

Ал да байкуш Алапар мынча чыдамдуу элең, кээде уулуп-уңшуп үрүп, кээде анын күндөп-түндөп добуш чыгарбай, кимдир бирөөгө наaразы болгондой тимеле жата берген күндөрү да болгон. Эгерде ушул катардагы эле ит эненин тили болгондо мүмкүн минтип айтмак: «Менин өлүмүмө ким күнөөлүү болду, жүрөгүмдү сыздаткан, кээде томсортуп, атымдан бир да жолу эркелетип чакырып, жылуу тамак берип, сууктан жака белимди жылуулап, койбогон ким? Эми менден калган ушул кичинекей балдарым жашап кетсе экен. Күчүктөргө суук күндөрдө атайлап тамак берип, жылуулап карап, жүрсөңөр эле чоңоюп калышат. Менин жарандар силерден эң соңку суранычым ушул»,- деп өксүп-өксүп алмак, мүмкүн көзүнөн жаш агызып ыйламак...

Ит байкуш жүрөгүн сыздаткан, акыркы өтүнүч, арманын жакшы жаманды али чындап ажырата элек жаш бала Рахманга, же бир үйдүн түмөн-түйшүгүн тынбай тербетип жаткан кары энеге эмес, эң ириде эр жеткен, турмушка көзү каныгып калган Бектурга ырооломок. А Бектур ушул иттин оор, армандуу асиретин, адамдарга кайрылуусун сезер бекен ошондо?

***

Эртеси күнү Бектурдун уруксаты менен Рахмандын үч досу-Мукаш, Нурлан жана Болот ата-энесинин макулдугу боюнча өздөрү тандап бөлүштүрүп алышкан иттин балдарын «Өзүбүз карайбыз, багып чоңойтобуз, өлтүрбөйбүз. Ысык жай камдап, тамак беребиз»,-дешип кудундашып, көктөн тилегени жерден табылып, үйлөрүнө көтөрүп баратышты.

Балдар иттин бейажал өлүмүнө кайгырышса да, колдорунда өздөрүнүн күчүктөрү бар үчүн азыр алар чексиз кубанычта эле.



# ЛИРИКАЛЫК *ЭТЮДДАР*



## СЕН АКЫНСЫҢ

Сен көгүлтүр көлдүн жээгинде мага ырдап берип, ыр жамгырын төгүп олтурасың. Мукамдуу, жагымдуу добушуң ыр ыргагына жараша бирде көтөрүлүп, бирде пастап, адамдын көңүлүн жибитип, кыялдантып, эргитип, ойго салат.

Жо-жок, ачыгын айтканда сен ырчылардай созолонтуп, кубулжутуп ырдаган жоксуң. Сен акынсың, сен поэзиянын кереметтүү, ажайып дүйнөсүндө өзүңдүн жүрөк толтосунан сызылып чыккан ырларыңды эргип, төгүлүп, чачылып жатка айтып берүүдөсүң. Кээ бир акындардай жазган ырларыңды кагаздан баш көтөрбөй үңүлүп окуган жоксуң. Сенин ырларың көөдөндөн кудум шаркыратмадай төгүлүп турду.

Сен айым кыз, акынсың, сен ыр менен жашап, ырды пир туткан пендесиң. Шонуң үчүн ырларың жамгырдай себеленип, нөшөрдөй төгүлүп атпайбы. Бир учурда «Бул ыр ыргактарын сизге багыштайм»,-дедиң да анан ырды жай олтуруп окуп бердиң. Мен ыр кайрыктарынын маани-мазмунун толук түшүнүп, бирок ыр саптарын эске сактап калаарыма шаам жетпеди. Ал мындайча эле: «Эгерде өзүң айткандай мени чындап жактырып жүрсөң мен күтпөгөндөй эле бул аймактан тиги алыскы аптаптуу ысык чөлдөргө, же болбосо муз бороону жанды какшаткан чет жактарга кетип жатсам, сен ошондо мындагы бейиш турмушту, бейпилдикти кечип, артымдан издеп барар белең? Азыркыдай «алтыным, асылым» деп, жалбарып, сүйүп турар белең?.

Ыр кайрыктары ушундай мазмунда эле. Ыр ырдалып бүткөн соң сен мени сынагандай жалт карап койдуң. Мен болсо не дээримди билбей, тайсалдап, сенден көзүмдү ала качтым. Эгер ушул ыр нагыз чындык болсо кантер элем, анда баарысын, турмуштун жыргалын, ырахатын кечип, акын айым – сенин артыңдан бара аламбы? Чындыктын сүрү катуу экен, күчтүү жоого бетме-бет келгендей коопту экен. «Бар же жок» деп бир ооз сөздү батынып, так, кесе айтууга эрким, кудуретим



жетпей турду го. Өзүмчө ойго батам сенин жанагы ыр саптарың дале улам-улам жаңырып жатты.

Аңгыча сенин дагы бир ырың кулагыма коңгуроодой кагылды. Бул окулган ыр кандайдыр менин эсимде дээрлик сакталып калды десем болот. Ырды кайра бир угуп көрөлү.

Гүлзар эле сага жүрөгүм, ээн калды,  
Жетимсиретип, аябай таштап кеттиң.  
Көрсөм деп жолго чыгып карачумун,  
Сен болсо көздөрүмдү жаштап кеттиң.  
Кейитпечи мени жабыр тарттырып,  
Көңүл отун арчадай, жактырып.  
Кайрадан түнөк алчы жылуу жайыңдан,  
Махабаттын ыр дайрасын актырып, актырып.

Ыр окулду, Ыр жамгыры жаай берди себеленип…

Бет маңдайымда баягыдай көлдүн шарпасы. Керемет көлдүн ак толкундары жээкке чамынып келет да кайра күү-шаа этип артына кайтат.

Менин көңүлүмдө да ушул көл толкундарындай ээликкен, ойноок, шок сезимдер жаңырат. Сен акынсың айым кыз, Ыр жамгырын төгө бер…

# АРЗУУ

Мен сизди алгач, оо мурда, жашыл жаздын жадыраган бир күнүндө университетте борбор калаадан артисттер менен, өздөрүнүн тили менен айтканда «эстрада жылдыздары» менен жолугушуу кечесинде көргөн болчумун. Ал кечеге туз насибим кошулуп мен да барган элем. Анда сиз ошол жаш таланттарга ыраазы боло, жасалмасыз жароокер жылмая күлүп, ордуңуздан туруп барып, чоктой кызыл гүлдесте тапшыргансыз. Ошондо сиздин шаңдуу кечени көркүнө чыгаргандай, ага кошул-ташыл болгондой айдай жароокер жүзүңүз, жарык маанайыңыз, тулку-турпатыңыз негедир мага унутулгус, жагымдуу таасир калтырган эле. Суу ташкынындай албуут, ысык сезим кимди өзүнө баш ийдирбейт. Сиздин катарыңызда мени менен бирин экин көргөн студенттер да отурган. Ким бирөөсү сизге

«Эжеке» деп кайрылганын эшиттим.

Андан бери канча күндөр канаттуу куштай зыпылдап учуп өттү. Эми, мына бүгүн күтүүсүздөн эртең менен жумушка баратып, университет тарапка жүрүүчү троллейбустун аялдамасынан бир учурда менин жан дүйнөмө айтып бергис жылуулук тартуулаган айым, сизди көрүү бактысына күтүүсүздөн кабылып олтурам. Капырай, ушул саналуу мүнөттөрдө мен кандайдыр өзүмдү-өзүм унуткансып, сизди жалдырап карап тура берипмин.

Кыязы, ошо кечте сизди биринчи көргөндөгү көңүлүмдү жибиткен ширин таттуу сезим эми сырткы таасирден уламбы чукуранып тынч жаткан бейпил уйкусунан кайрадан ойгонуп кеткендей болду. Аялдамада автоунаа күтүп турган бир топ эле жүргүнчүлөр бар эле. Көбү шашып, улам-улам тиги маршруттук таксилер келчү тарапка карап турушат, ким менен кимдин иши бар дейсиз. Сиз да бир аз шашкандай болуп турдуңуз. Бир четте сизден көзүн албай турган мени сиз баамдаган, назар салган деле жоксуз. Билгенде эмне, сиздей телегей текши (мага ошондой) айымды кимдер суктанып арзуу



менен карабайт? Ошондон улам аны билсеңиз да ага сиз анчалык маани бербейт деле болчусуз деп ойлойм. Неси болсо да, сиздин мага көңүл бөлбөй калганыңыз бир чети жакшы эле болду. Анан калса менин оо бир кездегидей жаштык кайратым ташкындап, көзүмдөн от, жүрөгүмдөн жалын чачылып турган жигит кезим болсо не? Анда мүмкүн сиз да мага жалт карап, балким бир ирет көздөн өткөрүп коймоксуз.

Ишенесизби, сиз ушул тапта жашыл төр жайлоонун ажарын ачып турган жоогазындай жайнап, өзүңүздү курчап турган айлана-чөйрөнүн көркүнө-көрк, сулуулук кошуп жибергендей болдуңуз.

Көп күттүргөн жок, университет тарапка барчу маршрутук такси келип, сиз да айрым жүргүнчүлөр менен кошо ошол автоунаага түшүп жөнөй бердиңиз. Ырасын айтайын оо жароокер айым, билсеңиз сиздин бул жерден-аялдамадан кетишиңиз менен айлана-чөйрөгө көрк берип, жашартып турган арүулук, жайлоонун таңкы салкын абасындай тазалык кайсы бир өлчөмдө кемий түшкөндөй сезилди, ичим эңшерилип, мага бир нерсе жетишпегендей болуп турду, жалгызсырай түштүм.

Капыстан мени куштарланткан, жандүйнөмдү сулуулукка, арүулукка, таза, тунук сезимдерге байыткан айым, сиз эми бираз убакыт өткөн соң өзүңүз окуткан студенттериңиз менен баш ийкешип, жарашыктуу жылмая карап саламдашасыз. Анан аларга өзүңүздүн коңгуроодой уккулуктуу добушуңуз менен дарс бересиз. Студенттер сиздин ажарлуу, айжамалдуу жүзүңүздү суктана карап олтуруп, сөзүңүздү угушат, билимге каныгышат.

Алар сиз менен күнүгө учурашуу, көрүшүү бактысына эгедер жаштар. Оо алар кандай таалайлуу адамдар десеңиз! Мен аларга ичимден суктанам.

Эми сизди мага качан көрүү бактысы насип этер экен, мен таанып, таанybаган жароокер сулуу айым?

# БУЛ КАНДАЙ СЕЗИМ ЭЛЕ?

Өмүрүмдүн оо бир канча белестерин, ашууларын ашып калганда тагдыр мени күтүүсүздөн сага кабылтып, сүрөттөп айтып бере алгыс бир эсе армандуу, азаптуу, бир эсе ырахаттуу, лаззаттуу бир кызыктай сезимдерге дуушарлантып койду. Сенин айдай жарык жүзүң, кирпиктүү, нур төгүлгөн сурмалуу көздөрүң, булактын шыңгыр үнүндөй назик, жагымдуу күлкүң, адамга жакшылык эле жасасам деп турган жароокер, жумшак мүнөзүң, жылуу мамилең нукура таза адамгерчилигиң, ушунун баарысы мени өзүңө магниттей тартып имерип олтурат.

Айтмакчы биздин жолугушуубуз, таанышуубуз атайлап эмес, тек жайынча эле болбодубу. Анда мен сен иштеген мекеменин мүдүрүнө учурашмакчы болуп, кабылдамада аны бир топ убакыт күтүп калууга туура келген эле. Ошондо мен тиги болжогон убакыттан кечигип жаткан жетекчини сенден сурап, ортодо экөөбүздүн сөзүбүз жалгашып, таанышып, билиш болуп калдык. Билбейм, кудай акы билбейм, биздин жылдызыбыз келишип калдыбы, негедир сен да менден жүз буруп, ыраактап кеткениң жок. Биз кандайдыр жипсиз, бир сезимдин учугуна байлана түшкөндөй болдук бейм.

Ошол саат, ошол күндөн баштап биз экөөбүз кадыр көңүлүбүз сиңишип калган тээ мурдагы эски тааныштардай жумушка келатканда же баратканда, кайсы бир учурда жолдо капыл-тапыл беттеше түшкөн учурларда саламдашып, ал-акбал сураша жүрдүк. Бизди айтып бергис кандайдыр бир күч жолуктургандай, жакындаштыргандай боло берди мага.

Бир курдай базар аялдамасында жумушка барам деп шашылып турган чагында, мен да багытым сен тарапка барчу жолдо болуп, өтүнүчүм, таклибим менен сени менен бир таксиге олтуруп, чогуу келдик. Сен ишканандын тушуна келгенде жаз желиндей жыпар жытың, жүзүңө сулуулук берген күлкүң менен мага жылуу маанай тартуулап, рахмат айтып калып калдың. Мен сага, сени менен болгон



жолугушуумдун жагымдуу таасирине арбалып, ойго чөгүп, ары кете бердим.

Укурукка илинбеген мезгил, убакыт деген зыпылдап учуп, өтө берет экен, өз канатына өмүрдү, жаштыкты бөктөрүп. Сендей жароокер, сендей гөзөл, сендей асыл заада айым ар кимдин бактысына туш келе бербесе керек дейм ичимден. Сени белгисиз бирөөлөргө ыраа көрбөй турдум. Бул эмнеси, ага менин кандай укугум бар десең? Кызык.

Кечээ эле шаардагы эс алуу паркында айымдардын жаз майрамындагы салтанатында бирин-экин курбуларың менен келген сени көрүү бактысына тушугуп, сени менен саламдашып, майрам күнүң менен куттуктадым. Ушул тапта парктагы сүрөтчү жигит бизди фотоаппараты менен тартып жиберүүгө да үлгүрдү. Майрам шаңыбы, маанайың жаркып, тубаса сулуулугуң, жароокерлигиң менен сен мага баарынан бөлөкчө көрүнүп, көркө бөлөнүп турдуң. Сен баш ийкедиң жылмая. Нурлуу жүзүң айланага күн шооласындай жылуулук берип тургандай сезилди мага. Ушул тапта мен көл толкунундай толкуп ташып, өзүнчө бир кызыктай ахбалга кабылып турдум. Минтип, очор-бачар үй-бүлөө күтүп, мезгил шары мени өмүрдүн оо бир далай жерине алып барып койгон учурда мен кандай ички туйгуларга кабылып олтурам? Мага ээ жаа бербей жалбырттаган жалынга каптап, жан дүйнөмдү удургуткан, буркан-шаркан түшүргөн бул кандай сезим эле?

# АК ТИЛЕК

Жашоо мага өз чийиминен түк өзгөрбөстөй сезилип, бейкапар, тынч жүргөнүмдө күтүүсүздөн жаным жай албас түйшүккө, бирок бир эсе жагымдуу, жүрөк толкундаткан сезимге кабылдым. Жашоомо мүлдө өзгөрүш алып келген бул күндү,бул ыйык күндү кантип унутайын, ал менин ар качан эсимде турат.

... Ал күнү биз эки жаштын үйлөнүү үлпөтүндө жолугушканбыз. Ошондо кеченин көркүн ачып, кызыл-тазыл гүлдөй жайнап турган он чакты кыздын ичинде Сен дагы бар элең. Анда Сен менин бет маңдайыма үч, төрт адамдан илгери олтургансың. Бирөөлөрчүлөп жанымды жеп калп сүйлөбөйүн, сени көрөр замат эле сага бүт жандүйнөм менен берилип, жалындап, күйүп кеткеним жок. Бирок, не деген менен да мага күн нурундай ысык шоола чачып бара-бара, мени туткундап алгансың, аны тана албайм.

Көпчүлүк курбуларыңдан айырмаланып Сен мен сезген өзүңдүн тубаса ысык ажарың, жүзүңдөн төгүлүп жаткан мээрбандыгың, айтор, көңүл көтөргөн кандайдыр жагымдуулугуң, жароокерлигиң менен менин ичимди жылыткансың.

Ийе, жылыткансың, жибиткенсиң. Ошондо убакыт өткөн сайын сенин көздөрүңдөн чачылган ошол ысык шоола, нур мени табы менен жылытып, күчтүү шараптай улам-улам таасир эте берди. Анда Сен мени бар болгону кайдыгер адам сыңары эки-үч курдай гана карап койгонсуң.

Ошол ар бир көз карашың мурда мен билбеген, туйбаган ажайып коозлуктун, сулуулуктун дүйнөсүн ача берди мага. Мөлтүрөгөн каректериңе түшүп турган кара кирпиктериң, ачылган кызыл гүл сыңары бойтойгон кош эриниң, ортодон тең жарылып, бирок бир жак маңдайыңа атайлап көбүрөөк түшүрүп койгон суу талдай ичке жибек чачтарың ак жүзүңө куп жарашып турат экен. Анан да жашыл көйнөгүңдүн ачык жакасынан көрүнгөн аппак төшүңдүн үстүнө таштап койгон



сары чынжырлуу кызыл мончогуң жарыкка улам чагылышып, көз уялтып, нурлантып, жарк деп атпадыбы. Сен күлгөндө эки ууртуңда таруудай чуңкурчалар боло калып, ал сага бир сонун жарашып, көрк берип, сенин наристе, таза, арууулугуңду кабарлап турду. Мындайда көргөн билгендин баарысын өзүңдү убаракерчиликке салып, айтып берем деп далалаттанбай, тек ичиңден гана туюп, ичиңден гана балдай ширин сезимди татып карап олтурганыңа не жетсин.

Деген менен, менин жан дүйнөмө бүлүк салган, жан жыргаткан сезимдерге бөлөгөн Сен жөнүңдө кантип айтпай кое алам. Кызык, мен кечеде өзүмчө эле сенин бет маңдайыңдагы жигитти жактырбай калдым. Ал улам бир нерселерди сүйлөп, куудулданып силерди күлдүрүп жатты. Ал мага ушунусу менен жакпай калдыбы? Же көйрөң бекен, эссиз бекен? Жок, аны билбейм. Кудай акы билбейм. Анда эмнеге жактырбаймын тиги жигитти. Бир ойдун башы кылтыят: «Кызганыч»-дейт. Кызганыч? Мына эми тамаша. Өзүм менен өзүм сүйлөшөм: «Эмнеге аны кызганам?», «Сен ал кызга ашык болуп калдың. Ашык болгон, жакшы көргөн адамыңды башкалардан кызганасың». «Кантип эле койчу, бир эле көрүппү?», «Анткорсунба, ал сага бая эле жагып калган. Азыр сенин жүрөгүңдү ээлеп алды». «Койчу, калп эле». «Көп туйлаба, болбосо айбың айрандай төгүлүп калат»... Кызык, кызганыч деген сезим кайдан чыккан?

Аңгыча тамада ошол отурушта «бий, антракт» деп жарыялап жиберди. Көпчүлүк музыка ыргагына каалгып, бийлеп киришти. Сен өзүңдөн эки кадам илгери олтурган жана мен «жактырбаган» жигиттин өтүнүчү менен бийге түштүң. Акыйкатта, ошондо алгач өтүмсүздүк кылдым. Дароо жаныңа барып, бийге чакыруудан ийменди м. Болбосо, сен тиги жигиттин сунушуна чейин дале бир топко бийлеп жаткан курбуларыңды тиктеп бош олтургансың.

Кийин, экинчи жолу гана сени батынып бийге тарттым. Сен болсо шагымды сындырбай макул болуп, мени менен

бийлеп кирдиң. Мен кымча белинден этияттыкта кармап, өзүмө имерип, а сен ошондо кош колунду менин ийниме коюп, музыка ыргагы менен каалгып жүрө бердиң. Күн мурунтан бардык кыймылды сезип, кудум балеринадай жеңил бийлейт экенсиң. Музыканын ар бир кайруусуна кошулуп биз улам чимирилип, айланып бийледик. Ошол бийде биз бирибизге жакын келе түшүп, башыбыз тийишип, анан сенден жагымдуу жыпар жыт келип, ал мени магдыратып, а түгүл башымды азга тегеретти. Жашоо деген мага ушундай таттуу, армансыз, жалаң гана кубаныч, шаттыктан, ыр күлкүдөн куралып, ал эми ый деген, азап-кайгы деген ээзели жоктой сезилип кетти.

Бийде экөөбүз бар болгону таанышып, аттарыбызды билип алдык. Музыка дагы улана берсе дедим ичимден. Бирок ал бир учурда токтоду, жакшынакай учкул кыялдардын жиби да үзүлүп кеткендей болду. Канакей музыка менен кошо чарт үзүлүп кеткендей болду. Канакей жанагы эч качан бүтпөс жомоктогудай сонун дүйнө?.

Ушул аз гана мезгилде Сен мага кубаныч дегенди, ырахат дегенди чындап сездирип койдуң. Бий үчүн мен сага терең ыраазычылыгымды билдирдим. Сен баш ийкеп, көзүңдү жуумп койдуң. Ушуну менен бий токтоп, жаштар ыр кесеге өтүштү. Каалоо сөздөр айтылып, бул жолу ыр кезеги сага да, мага да тийген жок. Бирок Сен маашырланып көпчүлүккө кошулуп, өзүңдү шаттуу сезип, ырдап олтурдуң.

Бир оокумда кече таркап, Сен кыздар тобу менен жатаканаңа кайтып бараттың. Мына жана эле мен үчүн ажайып дүйнө-Сен бар элең, эми жанымда жоксуң. Анткени сен жадырап-жайнап коштошуп, курбу кыздарың менен шайыр кубанычтуу кетпедиңби. Мен болсо ошондо бийде сурап,билгеним боюнча сенин атыңдан атап, артыңдан чуркагым келип, өзүмчө эле эрдемсип кеттим. Кайсы бир таттуу сезим мени сага өзүңө тартып алды. «Жакшы бар, Нурзада» атыңды бая таанышкандан бери биринчи атап. – «Биз дагы жоолугушабыз »,–дедим.



Сен мени бир жалт карап алып, унчукпай уялыңкы жер тиктедиң. Жолдо келе жатып бир гана сен жөнүндө ойлодум. Сенин сүйкүмдүү элесиң көз алдымда турду.

Ошол күнү таттуу түшүмдөн улам эрте ойгонуп кетип, ордумдан тургум келбей, кыялданып көпкө жаттым. Жакшы кыялымдын, ойлорумдун баарысы сен жөнүндө болчу.

Айтмакчы, түш көрдүм дебедимби, түшүмдө сен экөөбүз үйлөнүп, шаардын кең көчөсүндө сүйлөшүп баратыптырбыз. Калаада жаңыдан салынып жаткан көп кабаттуу, көркөм, көз кубандырган үйлөрдүн жанынан өтүп баратып:

- Нурзада, ушул жаңы үйлөрдүн эки бөлмөсүн сатып алып, жаңы конуштуу болобуз. Анан курбу-досторубузду чакырып той беребиз, ырдап, шаан-шөкөт менен баш кошконубузду белгилейбиз-дедим.

–Чын элеби?-дейсиң сен жылмайып, жүзүң нурданып.

–Чын, чын айтам, кудай буйруса, баш кошуу кечебизди жаңы үйдө өткөрөбүз, ишенип кой.

Экөөбүз тең жолдо таттуу бир сонун кыялдарга жуурулушуп, бирге кол кармашып келаттык.

Оо менин жүрөгүмдү, жан дүйнөмдү, ширин арзууларга, ак тилекке толтурган сулуу кыз, Нурзаада, сен азыр кайдасың?

Адамдардын илгери үмүткө, жакшы ой-максатка умтулуп, алдыга кадам таштап жашаганы кандай сонун, кандай жакшы. Асиресе, сени түшүнгөн, сени билген, сени урматаган адамдар менен бирге жанаша басып жүрсөң бул деген бактылуулуктун бир бөлүкчөсү эмес бекен?

# ДАГЫ БИР ЖОЛУ СЕН ЖӨНҮНДӨ

Сен катарлаш жанымда турсаң да бир сабактан өсүп чыккан кошмок гүлдөй бөтөнчө мага жакынсың, менин жан дүйнөмдө жашайсың. Андай дегеним терезеден төгүлүп түшкөн күн шооласындай эч байкатпай көңүл дарчаман кирип алып, көөп, кө-өптөн бери мени менен жанаша өмүр сүрүп келатасың. Сени мен тал чыбыктан ат жасап минип жүргөн тээ балалык чагымдан эле таанып, билип жүргөндөй элестетем.

Ишен, сен ишенип кой. Мен бир көрүп алып эле «күйдүм-сүйдүм» деп делөөрүгөн ала көөдөк боз бала эмесмин. Азыр өмүрүм улам өрт тартып бараткан чагым. Ошон үчүн сенин мага болгон ишенимиң, назар таштап, көңүлдөнүп, тиктеп койгонуң деле билсең өзү канча кубат, канча демөөр.

Баса, бул күнү өзүмчө эле тынчсызданып, түйшөлүп, негедир чийки май жегендей көңүлүм түпөйүлдөнүп, бир нерсени жоктоп чөгө бердим. Кандайдыр бейпилдикти, ээндикти каалап турдум. Ал эмес бул сапар ошол ээн жерде жалгыз олтуруп, жүзүм ширесинен жасалган шербеттен да чөйчөк толтура ичким келип кетти. Адам баласы кээде жалгыз болгонду, жалгыз жашаганды да каалап кетет турбайбы? Бул эмнеси, деп таңданып өзүмө өзүм суроо берем. Ошол саам тээ көңүл түпкүрүнөн бир сезим сызылып чыгып, мага акырын: «Сенин эң жакын санаалашың, өмүрүңө өмүр улап, жашооңо жарык нур чачкан, дем күч берип келаткан кымбат адамың ушул саат, ушул мүнөттөрдө жүрөгү бир нерсеге сыздап ооруп турат, капаланып кыйналып турат, сен ошону туйдуңбу, сездиңби?»,-деп акырын шыбырагансыйт.

Ушунун өзү аралыкка баш ийбеген адам рухунун алдын-ала туюларыбы? Чын эле мен бул сапар сездим, жүрөгүмдүн мага айткан шыбырына ишенип турам. А көрсө сен ырастан эле кадырыңа, баркыңа жете бербеген бир эселектин андабай айткан орой сөзүнө кейиптирсиң, капаланыпсың, көзүңө жаш алыпсың. Ага сенин айдай чырайлуу жүзүң булут тоскон



күндөй кароолонуп, түнөрүп, суз тартыптыр ошондо. Анын мага бир жолку жолугушууда өзүң да айтып бербедиң беле.

Кой, менин өмүрүм менен теңдеш кымбат адамым, сенин айжамалыңды эч качан кара булут тоспосун. Менин айтарым, кабак чытып, санааркоо, сага түк жарашпайт, сен жаз гүлүндөй, көктөмдөй жашарып, жадырап жүр. Сенин чырайлуу, ажарлуу жүзүңө, акыл, сабырдуулук, мээрим түнөгөн көздөрүңө карап туруп, сага капалануунy, ооруп кейишке түшүүнү, сабырсыздануунy эч ыраа көрбөдүм.

Айтмакчы, теребелдеги аппак, таптаза кар бүт тоо ташты, бак-дарактарды үйлөрдүн баарысын чулгап, кыш каадасын жасаган учур. Чыкыроон суук болсо да Күн төбөдөн чачырап тийип турат.

Сени бүгүн эртелеп жумушка бара жатып жолдо капыстан көрдүм. Теңирим сага баарысын аянбай, эч аянбай жоомарттык менен берген экен. Бой келбетиңе, өң-түсүңө, жарашыктуу кийингениңчи. Мен сени ичимден баалап турдум.

Сен мени менен демейдегидей жадырап, маанайың ачык, жылуу учураштың. Ал-акыбалды, ден-соолукту, ишти сураштык.

– Сиз бүгүн мага жолугам деп ойлободуңуз беле?-дейсиң жылмайып.

– Ооба күткөм, ойлогом дейм, – мен шар жооп берип.

Ушул мүнөттөрдө биз чогуу басып бараткaнда, мага сен тараптан ушунчалык жагымдуу, тулку денемди ысыткан от табындай жылуулук келип турду. Мен көңүлүмдө сөз менен айтып бергис өз ара жакындыкты, урмат сыйды, ички дүйнөмдө, туйгуларымда сезип аттым. Мен оо баятан бери эле ушул жолго чыкканымда көңүлүмдө бир кубанычтын, жылуулуктун илебин сезгем… Көрсө сага кездешүүнү алдын ала эле туйган экем…

Ичимде, өзүмчө сени менен мындай жолугушуу мүнөттөрүн Жараткан теңирим, бул жарыкчылыкта бизге көбүрөк буюрса экен дейм.

# ДИЛ МАЕК, ЭСКЕРҮҮ, ПУБЛИЦИСТИКА, ОЙ ТОЛГОО, АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРГА ПИКИРЛЕР

**Салижан ЖИГИТОВ:**

## «БУЛ ӨТӨ КЫЗЫК ДООР, ЖАЗА ТУРГАН ДООР»



С. Жигитов

Республикабызда аттын кашкасындай таанымал талантту адабиятчы, сынчы жана акын, жазуучу, котормочу, филология илимдеринин доктору, Бишкектеги Кыргыз-түрк «Манас» университетинин проректору Салижан Жигитов жакында иш сапары менен Ош жергесинде болуп кайтты. Ошол күндөрү биздин гезиттин атайын кабарчысы Абдисатар Султанов ага учурап, учурдагы турмуш шарт, адабият жагдайында бир нече суроолор менен кайрылган.

- Урматтуу Салижан аке, оболу башкасын коюп Манасты айт дегендей, биз кепти мындан баштасак. Сиз Ош шаарында жана тиги өзүңүз киндик каныңыз тамган Мырза-Аке аймагында болуп, бир нече күн сагыныч кумарын таркатып, көпчүлүк менен баарлаштыңыз. Ошондон улам элдин азыркы жаңы коомдук түзүлүшкө, жашоо турмушуна болгон мамилесине, психологиясына кандай баа бердиңиз, ой бөлүшсөңүз?

– Ошко мен өзү турмуш шартка ылайык борбор калаадан 2-3 жылда бир келем. Келген сайын байкайм, өзгөрүүлөр болуп жатат. 90-жылдардан бери Ошто чоң өзгөрүүлөр болду десем болот. Ош эле эмес, Кыргызстан да өзгөрдү. Кыргызстан гана эмес баштагы Советтер Союзунун аймагы да көп жаңылануга учурабадыбы. Ошко эки жыл келбей калдым эле азыр 93-94-95-жылдарга караганда элдин



психологиясында, турмушунда да катуу өзгөрүүлөр болгон экен. Биринчиден, баягы шок терапиясына кабылганда чын эле эл шалдайып, эсеңгиреп отуруп калып, жалаң чондорду сөккөндөн башкага жарабай, өзүнөн бөлөктүн баарысына наразы болуп атышты эле, эми эки жылдан бери катуу иштеп жатышыптыр. Айыл апаларда тырмышып эле иштеп аткан кишилерди көрдүм. ага бир чети кубансаң, бир чети көрүп туруп бооруң ооруйт. Кубанганың канткен менен эл тырмышып, жашоого умтулуп, бирдеме кылайын, бала-чаканы багайын деп, бул дүйнөдө өзүнөн башка ишене турган киши жок экенине ынанып, аракет кылып атышат. Экинчи бир кайгыра турган, муңкана турган жери эл орок, кетмен, күрөк менен калып, кара жумушка көбүрөөк кармалып, жаз жай бою жасаган эмгеги, аракети жакшы акталбай жатат. Ырас, айыл чарбасы дүйнөдө ошондой, бирок биздики өзгөчө болуп атпайбы, эл натуральный чарбага кирип кетип, сата турган нерсеси жок, акча табуу жагынан аябай кыйналып жатыптыр. Анан мен ушул иштеп жаткан жигиттер чогулуп алып, жаңы техника алышса, тойду азайтып, киши өлгөндө баягы ыксыз чыгымга, ысырапкерчиликке чек коюшса, анан дыйканчылыкты илимий негизде жүргүзүшсө, эмгектери өндүрүмдүү болот эле деп өзүмчө ойлондум. Бир эле семичке, буудай, жүгөрү нокот эге бербей башка пайдалуу, тышка чыгарып сата турган нерсени да эгип, эксперимент жасашса дейм. Анан мал чарбасында пайдалуу жагын карап көрүп ошону өнүктүрсө, мал жайытыбыз кенен, мүмкүнчүлүгүбүз бар да. Биз тышка керектүү товарды экспорттой албай жатабыз. Элибиз ушул жагынан көп аксап турат. Мына жаныбызда 20 миллиондон ашык калкы бар Өзбекстан турат. Ошо 20 миллион оозго иче турган, жей турган, муктаж болгон нерселерди жасап, өндүрүп сатып турсак жакшы болуп кетет элек.

Ушул жерден мен бир кепти да кыстара кетейин. Ош, Кыргызстандын Түштүк тарабынын эли, мурда Кокон

хандыгынын убагында дыйканчылык, соода, маданияты, окуп, билүү жагынан да Түндүк кыргыздардан өйдө турган. Анан орустар ал жакка көп келишип, бул жактагы биздин өзбек, тажиктен, баягы түштүк кыргыздарга өрнөк болуп жаткан элден, өйдө турган эл экен, түндүк кыргыздарга көп жагынан таасир этти. Калп айткан менен болобу, түндүк калкы аларга аралашып жүрүп, илим-билим жагынан кыйла өсүп кетти. Өзүнө өзү тың, ынтымак дагы. Себеби, алар Кытайга да барып 16-жылы көрбөгөндү көрүшүп, балдары кыйла тың чыгып атпайбы. Анан өчөйгөндөрдүн баары 16-жылы өлүп калып, тыңдары калды го. Баягы табигый тандоо процессинен өтүп жатат. Бул жак илим-билимден да аяктан артта калды. Дагы бир себеби, борбор аякта болуп маданият, окуу жайлар түндүктө өркүндөдү. Ошон үчүн бияктагы эл арданып, намыска келип, окушу, иштеши керек. Азыркы турмушта бизге, жалпы Кыргызстанга, илимпоздон да, мугалимден да, жазуучудан да эмгекти, кара жумушту, эл турмушун жеңилдеткен, бир нерсе ойлоп тапкан кишилер абдан керек. Өкүмөт берет, кредит келет деп күтүп олтура берүүнүн эми кереги жок болуп калды го. Бирок, бизде ишкер, демилгелүү, уюштургуч, көрөгөч кишилер аз болуп жатат. Мырзакеге бардым, бул жер өзү шаар боло турган чоң кыштак. Мындай жерлер Америкада шаар эле болуп калат. Аттиң, бирок бул жерде эл иштей турган бир кадыресе ишкана, ателье, мастерская жок. Ал жерде көбү кедей, кура албайт. Мурунку колхоз-совхоз учурунда жеп иштегендер да (арам, адал тамактын эсеби бар да) гөр оокаттын артынан жүрүшөт, эмне кылаарын билбей көбү жалаң соодага бой уруп кетишиптир. Мен аны жаман дебейм, себеби биздин элдин соодага аралашканы бул бир чоң университеттен өткөндөй нерсе болот. Акча тапкандын кыйындыгын билсин, акчанын кадырын сезсин. Мурда совет өкмөтүнүн эсебинен алып, көп нерсе билинбейт эле. Азыр да чет элдик кредиттер болбосо, баягы жеп койду деп айткан, эми деле оңой эмес. Албетте, чет



элдиктер бекер жедирбейт. Анда иллюзия бар да, ушундайбы? Кыргызда ири тумшук деген сөз бар эмеспи. Жакшы тамактын үстүнөн чыга берет. Кыргызда кичине ушундай болуп атабы дейм да.

**– Эмне үчүн антесиз?**

– Дегеним, мурда орустар багып атты эле. Эми Америка, Япония, багып жатат. Анан гумжардамды, грант деп кайрылгыс акчаны алып жатабыз. Биз ошого арзыйбызбы деген киши жок. Анан кийин бизден бир топ кишилер, мисалы, Америкага, Түркияга ошолордун эсебинен барып келип жатышат. Ушунун өзү да бир чети кордук да, ойлонуп көргөн кишиге, алты саны аман киши көчөдө кайыр-садага сурап отургандай эле кеп. Ошон үчүн жардамды биринчиден ыракмат деп алып, унутпаш керек. Мисалы, орустардын деле кээ бир жамандыгы менен кошо, бизге көрсөткөн көп жакшылыгын көрдүк го. Деги биз арданышыбыз керек. Биздин деле колу-бутубуз, көзүбүз, башыбыз бар, эмне үчүн бирөөнүн эсебинен жашоого тийишпиз. Ошон үчүн өзүбүз умтулуп, жанды сабап, иштешибиз керек. Негизгиси жаңы заман бир чети ырас болду, элдин баарын тырбаландатып иштетип. Мурда совет мамлекетинде көөп жүргөндөр, аны мите курттай бекер жегендер, чиновниктер көп эле. Мисалы, зоотехник, бухгалтер, агроном, инженер жана башкалар алар ортонукун жеп ичишчү. Эми алардын жөнөкөй, билими жок кишилерден айырмасы болбой калды. Бизде билимдүүлөр көп дешет, менин ага шегим бар. Ырас, дипломдуулар көп болушу мүмкүн, бирок, тың билимдүүлөр аз. Жашоого жардам бербеген билимдин эмне кереги бар, бекер эле башка жүк болуп жүргөн.

Мына бул өткөөл доор, бир коомдон экинчи экономикалык түзүлүштөгү коомго өткөн доор – өзү мүшкүлдүү, машакаттуу болот. Мындай доорду, өнүп-өскөн эл, беш жүз жылда баштан өткөрөт. Биз болсо 300-400 жыл артта калып калган элбиз. Эгер батышка барып келсең

алардын турмушун карап туруп көңүлүң зилдейт, ушунча артта калган экениңди сезесиң. Өзү мурда совет өлкөсү көбүнөн артта калган эле. Эми баягы «тиричилигинди кыл» деп ата-энеси бөлүп койгон баладай кыйналып атпайбызбы. Бул абал, менимче, 10-15-20 жылга созулушу мүмкүн. Ошон үчүн бизге тарыхый сабырдуулук керек, барып-келип эле биз жакшылап иштешибиз керек. Бала-чаканы кантип багабыз, кантип акча табабыз, кантип жашайбыз дегенге үйрөнүшүбүз керек. Анан азыркыдай ар кайсы окууга эле, баягыдай инерция боюнча эптеп эле окуса болду дебей, балдарды бир өнөргө үйрөтүшүбүз зарыл. Айрыкча, эл керектөөчү товарларды жасоочу усталар керек, кийим, бут кийим тиккенди, деги эле кызмат көрсөтүүчү кесипке жаштарды багыттоого тийишпиз. Кудай каалаca, дагы 3-4 жылдан кийин элде бурулуш болот, биз карып калдык, жаштар жаңы заманды, жаңырган заманды көрөт.

**– Эл-журттун ал-абалын, турмуш-шартын сын көздөн өткөрдүңүз, эми ушул эле теманы бир аз башка нукка бурсак. Азыркы кезде өзүңүз айтканыңыздай доор, мезгил өзгөрдү, башка системада, түзүлүштө жашап жатабыз. Ушундай учурда өзүңүз өмүр бою иликтеп, изилдеп келеаткан кыргыз адабиятынын, аны жаратып түптөп жаткан жазуучу калкынын абалы, күн кечирүүсү кандай болуп жатат? Себеби калемгерлердин бирөөлөрү ушундай демократиянын, эркиндиктин мезгилинде жакшы чыгармалар жазылат экен десе, башка бирөөлөр, жок, жазган китептерибиз чыкпай жазуучуларга өтө кыйын болду дешип калышат. Сиздин көз карашыңызды билсек?**

– Совет доору өзүнчө кызык, айрыкча интеллигенция үчүн сонун доор болгон. Эмне үчүн дегенде советтик бийлик, советтик түзүлүш идеологияга таянган, ал эми адабият ошол идеологиянын бир составы катары маркстикленининдик саясатка, партиянын саясатына кызмат кылган. Ошон үчүн



мамлекет жазуучуларды мактап, китебин чыгарып, гонорар берип, барктап турган да. Анан элди дагы илим-билимге жеткиребиз деп совет өкмөтү китепти эң арзанга саткан. Бишкектен, Москвадан чыккан китептер өзүнүн каналдары менен айылга чейин жетип турган. Ошондо жазуучулар да көптү. Чыңгыз Төрөкулович баш болуп, ошо өзүн багып жаткан коом менен күрөшпөдүбү. Бул коом жаман экен, демократияга өтөбүз деп. Жаңы доор келип бергенде кайра эркин гезиттерди тилдеп кадыры түшүп калышканга кайгырып жатышат.

Мурда адабият мамлекеттин бир бөлүгү болгон, мамлекеттик завод-фабрика сыяктуу. Азыр Указ болбогон менен адабият факты жүзүндө мамлекеттен чиркөөнүн сыңарындай бөлүндү. Өзүнчө болуп калды да, жазуучулардын кадыр-баркы мурдагыдан төмөндөдү. «Ит каппайт сени адам деп» дегендей кыйын абалда калды. Аларды эми кадырлап, чакырган киши жок. Илгери жазуучулар аябай күчөп, Масалиевдин өзүнөн отчет алып турду го чиркин. Анда жазуучулар союзу чоң күч болчу да. Азыр жазсаң, койсоң өзүң бил, себеби өкмөттүн адабиятка муктаждыгы жок. Адабият муктаждыгы граждандык коомго өткөрүлүп берилди. Эми жөнөкөй элге, граждандык коомго адабият зарыл болсо анда адабият өнүгөт. Израилден келген бирөө эгерде элдин эки эле проценти окумал болсо анда адабият өнүгөт деп айтты. Ырас, биздин эл деле окуйт, кудайга шүгүр. Бирок элибиздин 70-80 проценти азыр кыштакта туруп атпайбы. Алардын китеп сатып алганга чамасы келбейт. Китеп кымбат, өзүбүздө кагаз, боек, пленка жана башка керектүү нерселер чыкпайт. Ошон үчүн кымбат. Басылган китептерди айыл жерлерине жеткирип, пропагандалап сатуучу китеп соодасы да иштебейт. Жеке басылмаларга уруксат берилбейт. Ошентип бизде адабияттын, жазуучулардын абалы оор болуп турган учур. Анан да чыккан гезит-журналдардын баарысы эле саясатты кууп кетип, көркөм китеп өтө аз окулуп калды. Айылда болсо китеп окугандардын

баарысы эле эртеден-кечке тиричилик деп көр оокаттын артынан жүгүрүп жүрөт. Акча керек, ал эми рухий байлык, көңүл жагы артта калып жатат.

**– Шарт ушундай экен деп башты жерге салып олтура берсек, адабияттын абалы каерге барып такалар экен?**

– Ооба, биз да элбиз-журтпуз. Элдин китеп окуусуна, аны сүйүүсүнө жетишибиз керек. Менин пикиримче эки адабият болушу керек. Биринчиси массалык маданият дегендей эл кызыга турган, элге эрмек боло турган көчөдө баратып да, базарда олтуруп да окуй бере турган курч сюжеттүү, кызыктуу адабият. Аны эрмек адабияты дешибиз да мүмкүн. Экинчи элиталык адабият. Бул адамга жалаң акыл боло турган, ой бере турган духовный өмүр сүргөн адамдар үчүн жазылган адабият. Аны кимдер жазат? Албетте, колунда барлар, күйпөлөктөп көр оокаттын камын жебегендер, шаймабарлар, күйпөлөктөп көр оокаттын камын жебегендер, шайма-барлар, күйпөлөктөп көр оокаттын камын жебегендер, шаймабарлар жазышы мүмкүн. Дүйнөдө ушундай да. Андай шай адамдар жазышы мүмкүн. Дүйнөдө ушундай да. Андай кишилер кантип чыгат дээрсиңер.

Маселен, бир бай кишинин төрт бизнесмен балдарынын бирөөсү андай ишке шыгы жоктугунан адабият менен шугурланып калса, албетте, таланты болуп, калган туугандары ага материалдык жактан жардам берет. Ошолор жазат. Ырас, жазганга да акча керек. Акчасы жок, курсагы ач киши кантип чыгарма жазат. Курсагың ток болсо анан кыңылдап ырдайсың да. Ошон үчүн азыр байып кеткендерди жаман көрбөш керек. Себеби бай киши, биринчиден, өзүнүн кулу, акча табам деп күн-түнү чуркап жүрбөйбү. Анан экинчиси элдин кулу, анын элге пайдасы тиет.

**– Ош жергесинде да бир топ жазуучулар бар. Алар жөнүндө да айта өтсөңүз?**

– Ооба, бул жерде Таш Мияшев, Кармышак Ташбаев баштаган бир топ акын-жазуучулар бар. Алар жазып иштеп жатышат. Элдин баары эле соода-сатык, көр оокаттын артынан жүргөндө эл үчүн ойлонгон кишилер да керек. Ошон үчүн жазуучулар, жаш калемдер мындай кыйынчылык учурда «Кызыл от кысыр калбайт» дегендей адабият очогун өчүрбөш үчүн дүйнөдө эмне болуп жатат, чогулуп алып пикирлешсин. Экинчиден, жалгыз билгенибиз чоң тилдерден орус тили болгондуктан орус адабиятына көз салыш керек. Окуп, үйрөнүп, билимди терендетүү зарыл.Жазыш керек, азыр накта турмуштун өзүн жазыш керек. Мен беш күндөн бери айыл аралап, атайылап айылдагы элдин турмушун көрдүм. Турмуш кызык. Эл өзгөрүптүр. Азыркыдай кызык доорго эч туш келген эмеспиз. Бул өтө кызыктуу, жаза турган доор. Биздин жазуучулар ушул доорду кызыктуу жаза алышпай жатпайбы. Себеби советтик стереотиптер али күчтүү да. Биз жөнөкөй турмуштун өзүнүн деми келип турган чыгармаларды жазууга тийишпиз. Эл ушуну окуйт. Ал үчүн албетте, убакыт да керек азыркыдай шартта. Мисалы, мен өзүм жазайын эле дейм, бирок бала-чака багам деп, тиричилик деп 4-5 жылдан бери жаза албай калдым. Буюрса, 1-2 китеп жазып, чыгарайын деп жатам, жазып өлөйүн деп жатам. (Күлөт). Себеби бир ролду аткаргандан кийин аягына чыгыш керек да.

**– Эми Салижан аке, адабияттын алкагында дагы бир суроо берейин. Жакында кыргыз эли урматтаган, сыймыктанган бир кутман карыясынан, залкар жазуучусунан ажырады. Ал – баарыбыз китептерин окуп чоңойгон, андан рухий азык алган Түгөлбай Сыдыкбеков. Бул киши тек улуу жазуучу эле эмес, кыргыз совет адабиятынын баштоочуларынын бири эмес беле. Адабиятта ал кишинин орду чоң. Ошон үчүн Түкөмдү жакшы билген, көп жолу баарлашкан, чыгармаларын иликтеп жазган киши катары сиз бул инсан жөнүндө, анын адабияттагы орду жөнүндө ой-пикириңизди ортого салсаңыз.**

– Ырас, Түкөм (Түгөлбай) экөөбүз абдан ынак элек. Ал мени жакшы көрчү. Себеби Түкөм илгери партиянын казабына калганда мурда жазып жүргөндө анын чыгармачылыгы

боюнча диссертация жазышкан, аны колдоосун көрүп жүргөндөрдүн баары качып кетип, 60 жашында жалгыз эле аны мактап гезит-журналга жазган мен болуп калыпмын. Анан ошол кыйын учурда үйүнө барып аны менен көп сүйлөштүм. Ал да эски киши болчу, мен болсо жаңы замандын өкүлүмүн. Ошентип сүйлөшүп жүрүп дос болуп кеттик. Ал өзү биринчи тийишип келет, мен да жооп берем. «Оой, оңбогур таз» деп баштайт келатканда эле, ага мен да жооп берем. Бир күнү чоңдор менен мурдагы өкмөт үйүнөн чыгып келаткан экен, алыстан эле тамашалап, «Ой Түгөлбай, бас бери» - десем өзү да күлдү. Анан мен «Теңтуш болсоңуз ушундай дейбиз да» деп күлүп калдым.

Эми ал киши кыргыз совет адабияты башталганда чыккан жазуучу эле. Биринчиден, өтө мээнеткеч киши болчу. «Чыга элек сегиз китебим бар» деп калчу. Быйтыр бирөөн чыгарбадыкпы.

**– «Бел-Белес» деген роман-эссе ...**

– Ии ошо, Түкөмө совет доорунда 8 томуңузду чыгаралы дешсе, «8 томго мен батпайм, - мага 16 том бергиле»,-деп кесирленди эле. Совет доору бүтүп калып, ошол 8 том да чыкпай калды. Бул киши аябай көп жазды. Билишимче 20-30 том жазып салды го. Муну жазмак эмес, жөн эле көчүрүп чык десең да оңой эмес го. Бул кишинин ушундай өтө мээнеткечтик жагы бар эле. Түкөмдүн чыгармачылыгы совет доорунун ичинде калды. Акыйкатта кыргыз адабияты өтө эле көп өнүккөн эмес. Дүйнөлүк адабияттын көзү менен алганда кичинекей эле адабият. Экинчиден, советтик цензуранын рамкасында болгон адабият, оюн коркуп жазган адабият. Анан баары тең Аалыкем, Түкөм баш болуп, булардын жетишээрлик билими жок кишилер болгон. Жалаң эле тажрыйба менен өмөктөшүп, өздөрү догурунуп, өжөрлөнүп, өлөрмандык менен жазуучу болгон кишилер, көргөн-билгендерин божурап жаза беришкен. Анан эми Түкөмө кайрылсак, адабиятта анын бир топ аңгемелери калып



калышы мүмкүн. ал эми романдарын толук окуп чыгыш азыр кыйын. Менин өзүмдүн жеке пикиримче романдарынан жакшы үзүндүлөр бар. Мисалы, «Тоо балдарында», «Тоо арасында» жакшы жерлер көп. Азыр силер илгери окуганыңар менен эле жүрөсүңөр да, биз болсо шорубуз катып адабиятты изилдейбиз деп кайра-кайра окуп жатпайбызбы.

Түкөмдүн тили бай, кыргыз тилин өтө жакшы билген. Ал орусча ойлоно алган эмес. Мисалы, мен өзүм макала-сакаланы кыргызчадан орусча жакшы жазам. Бул кишилер орусча жаза алган эмес. Ошон үчүн таза кыргыздын ой-жүгүртүүсүнүн алкагында ойлонуп жазган. Түкөмдүн тили баалуу болчу. Экинчиден, ошол доордун сүрөттөрү бар. Эми саясатка такаса дагы, идеологияга аябай катырып, сиңдирип салса дагы ошол доордун айрым элестери бул кишинин чыгармаларында бар. Анан мына бул акыркы учурдагы мемуардык чыгармасы «Жол», кийинки «Бел-Белес» деген китептеринде редакторлоп кое турган, кыскартып кое турган жерлери өтө көп. Тарых үчүн башка замандаштарындай эле Түкөм да чындыкты айтып жаза алган жок. Маселен, «Жол» чыгармасында бир топ мактанып коет. Субьективдүү жактары көп. Бирок ага карабастан ошол доорду, даана элестетип көргөнгө, түшүнгөнгө бир топ материал берет. Ошон үчүн мен айтып жатпаймынбы. Ар ким өзүнүн доорун жазса, ошол доордун картиналарын, фактыларын, тагдырларын туура берсе, ошол чыгармалар адабиятта калышы мүмкүн. Бул Түкөм деле жакшы эле кетет эле, бирок саясаттан, цензурадан коркуп жүрүп, баарысындай эле ошол эле учурдагы кыргыздын чыныгы турмушун чагылдыра албай калды. Азыр кыргыз адабиятында кыргыздын чыныгы турмушу жакшы чагылдырыл -бады. Мисалы, Айтматовдун чыгармаларында да мен айыл-ападагы кишилерди көргөнүм жок. Алар ойлонуп чыгарылган, аябай сулууланган, башка адабияттагы кишилерге окшоштурулуп жазылган. Кыргыз адабиятында мен өзүм билгенден Кубатбек Жусубалиевдин «Күздүн акыркы күнү»

деген чыгармасынан эле мен баягы чыныгы кыргыздарды көрдүм. Ошентип Түкөмдөрдүн трагедиясы – доордун трагедиясы болуп, өзүнүн таланты ачылбай калды. Өзү билгенин коркпой, жаза албай калды. Бул жагынан трагедия болду. Эми жакшы жери өмүр бою совет өкмөтү аны эркелетип, жалаң жазганга шарт, мүмкүнчүлүк түзүп берди. Ошон үчүн 20-30 том жазып жатпайбы. Болбосо күндүзү кечке иштеп, кечиндеси барып жазса, көп деле жазмак эмес. Түкөм деле жарытмак эмес. Бул жагынан ал бактылуу болду. Эми анын жазгандарынан канчасы адабиятта калат? Дагы 50-60 жылдан кийин билинет. Адабиятта түбөлүк калуучулар үчүн орун өтө аз. Адабият асманында жылдыз болуп жанып калыш өтө кыйын нерсе. Өз доорунда өтө шумдук болуп жүргөн кишилер кийин унутулуп калат, кээде тескерисинче өз доорунда куугунтукталып, таанылбай, бааланбай жүргөндөр элинин эсинде калышы мүмкүн. Эми мунун баары кыргыз жашаса, көбөйүп алса боло турган иш. Албетте, Түкөм тарыхта калып калышы мүмкүн, ал эми чыгармалары кайра-кайра окулуп турушу келечектин иши. Муну эч ким мындай, андай деп айта албайт. Ал эми Түкөмдүн жаткан жери жайлуу болсун. Ал өзү 86га чыгып өттү. Түкөм акыркы жылдары ооруп, абдан кыйналып калды. Өтө узак жашагандын бир жагы бар, эгерде өзү соо болуп куландай жакшы жашаса 100гө, 110го чыкса кана. Түкөм, тамашакөй киши эле. Жакында эле каза болордон 2-3 ай мурун тамашалашып, таза күлгөнбүз. Ал кишинин акылы кадимкидей тунук кетти. Ооруп атса да азилге азил менен жооп берчү. Бул кишинин атын эли унутпай, эстеп жүрөрүнө мен ишенем жана үмүт кылам. Түкөм ошого арзыган киши эле.

**1997-жыл, 9-август**



# КОМУЗ ЫЙЛАЙТ, КОМУЗ СЫЗДАЙТ, МУҢКАНАТ…



Б. Мадазимов

Бүгүн да күндөгүдөй эле таң эртеңден берилүүчү Кыргыз радиосунун программасынан комуз күүлөрү обого чыкты. Бир учурда диктордун кулактандыруусу менен Кыргыз Республикасынын Эл артисти Болуш Мадазимовдун аткаруусунда айтылуу «Ак Бакай» күүсү чертиле баштады. Ал кадимки Коргол Досуевдин «Ак Бакай» күүсү, Болуш аке аны кайра иштеп, ага жаңы өмүр, жан берген, чырайына чыгарган комуз күүсү. Комуз күүсү бирде шаркыратмадай шар төгүлүп, бирде жай ак жаандай себеленип, кандайдыр бир жыргал сезимди жүрөккө уютуп жатты.

Комузчунун салааларынан төгүлгөн керемет күү толкуну суудай агылып турду. «Баракелде Болуш аке, ата-бабабыз кастарлап, мурас тутунуп келген комуз күүлөрүн ай-ааламга жаңыртып черте бериңиз», - деп ичимден шыбырап айтаары айтып алдым да, анан бир заматта жүрөгүмдү муздак шамал желпип өтүп, бир ойго байландым: «Болуш аке былтыры күздө сыркоолоп жүрүп бул жарыкчылык ааламдан көзү өтүп кетпедиби. Ал киши комузу экөө бири-бирисиз жашай албагандай, бирин-бири толуктап, көркүнө чыгарып турчу эмес беле. Ыраматылык Болуш аксакал комуз болуп, комузу Болуш болуп кетчү эле го. Эми Болуш аке жок, анын ыйык тумарындай болуп калган комузу жетимсиреп, бозоруп, дубал боорунда илинип турат».

Ушул ойлор мени ичиркентти, сыздатты шекил. Ал киши комуз өнөрүнүн тирүү классиги, залкары эмес беле,

аттиң бул дүйнөгө эч ким түркүк болуп калган эмес. Бирок, Болуш акенин калган өмүрүн ошол ата-баладай болуп калган комузу улайт.

... Менин эсиме Болуш аке менен жолугуп бир баскан, чын дилден баарлашкан күндөр келет каркырадай тизилип. Анын баарысын ийне-жибине чейин эстеп, саймедиреп айтып берүү да кыйын. Ошентсе да, улуу адамдын өмүр таржымалы, чыгармачылыгынан урунтуктуу учурларын эскерип айтып, деп олтурганыбыз ийги.

... Төрт жылдай илгери, анда Болуш аке Султан Ибраимов атындагы кыргыз драма театрында карыялардын күнүнө карата чоң программадагы концертке чакыртылган болучу. Ошондо көпчүлүккө жакшы тааныш кадырман Болуш Мадазимов экинчи болуп колуна комузун алып, улуттук кийимчен, башында суусар тебетей, төшүндө Кыргыз Эл артисттигинин, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаттыгынын төш белгилерин, Эмгек Кызыл Туу орденинин, дагы эки-үч медалды жаркырата тагып, эл алдына чыккан. Аксакал бул сапар карыялар алдында айтылуу комузчу Ниязалынын «Кер толгоосун» чертип берди. Комузга ийилип, өбөктөп, аны менен жуурулушуп кетип, күүнү ал зор чеберчиликте аткарды. Көпчүлүк шатырата кол чаап, дагы күү чертип берүүсүн өтүнгөндөй болду. Бирок саат, мүнөтү так, ченелүү программада аны кайрадан чыгарууга мүмкүнчүлүк болбоду. Эл ошондо кыйла умсунуп калды.

Сыртка чыгып биз менен скамейкада, күндүн жылуу табына кактанып олтурганда Болуш аке «Эл дуулдап калды, атаңгөрү Ныязалы абамдын кол ойнотуп–черткен «Кара өзгөйүн» эле чертип берсем болмок экен» деди. Ошол тапта биздин жаныбызда театрдын бирин-экин комузга ышкысы бар артист балдары да келип калышты. Ушул мүмкүнчүлүктөн улам эс алып олтурганча устат комузчуга «кызыккан суроолорубузга жооп берип койсоңуз» деген таклип менен кайрылдык. Ал баарыбызды жакшы таанычу, назарыбызды



сындырбай, макулдугун берди. Сөз жалганды. Алгач соболду театрдын артисти баштап жиберди.

–Болуш аба, «Ак Бакай» күүсүнүн чыгарылышы, бул күүнүн үйрөнүшүңүз жөнүндө айтып берсеңиз.

- Ээ балам, бул күүнүн да өзүнчө тарыхы бар – деп коюп, сөзүн улады ал, - Мен бул күүнү ыраматылык чоң комузчу, төкмө ырчы Ныязалы менен Токтогулдун шакирти Коргол абамдан үйрөндүм. Ал кишиге 1955-жылы октябрь айында Жалал-Абад театрында иштеп жүрүп Кетмен-Төбөгө гастролго барган учурумда жолуктум. Орто бойлуу, чокчо сакалчан, чаап жаак киши экен. Аны 1961-жылга чейин көрүп жүрдүм. Учурашуулардын биринде ал мага «Балам, мен Атай, Ыбрай, Ниязалы менен замандаш болдум. Алардан көптү үйрөндүм. Өзүм кара күүлөргө анчейин эмесмин. Ырдап чертем» деп өзүнүн жактырган кызы Батмага арнаган «Ак Бакай» деген обондуу комуз күүсүн чертип берди. «Жакшылап үйрөнүп алып, абамдын күүсү деп чертип жүр» деди жарыктык киши. Ал бул күүнү бир чети байдын кызынын атын айтуудан чочулап, экинчи жагы аны эркелетип «Ак Бакай» деп атаган экен. Коргол аба добушун бийик чыгарып ырдап, бул ырды аябай берилип аткарчу. Мен андан күүнү ырды тексти менен үйрөнүп алып, кайрууларын кайра-кайра чертип, күчөтүп чертип, кийинчерээк өзүнө аткарып берейин деп жүргөнүмдө ал кишинин көзү өтүп кетти. Ошондон бери «Ак Бакайды» чоң күүгө айландырып дегендей, элге жайылтып бул күүнүн өмүрүн улап келатам.

Болуш аке андан ары биздин өтүнүчүбүз менен комузга дилгирленген бала кезин эстеп айтып берип олтурду:

– Өзүм Кара-Суу районунун Лаглан кыштагында төрөлгөм. Ата-апам жаш кезимде эле менин ырга, комузга шыктуулугумду байкашса керек. Атам мага комуз чаап берди. Аны кыңгыратып жүрүп, бир топ үйрөнүп алдым. 12 жашка чыкканда атам дүйнөдөн өтүп кетти. Ошондо атам менен бир тууган Мамаш абам мага өнөр шыгымды өстүрүүгө жардам

берди. Кийинчерээк айылдагы комузчу Абыш абамдан «Шырдакбектин боз жорго», «Бекарстан», «Солтон сары» деген элдик күүлөрдү үйрөндүм. Анан патефон чыгып калды. Пластинкадан комузчулардын күүлөрүн угуп, комузга болгон өнөр, шыгымды уладым. Жашым келип 1947-жылы Советтик Армиянын катарына чакыртылып, алыскы Приморский крайында кызмат өтөп жүрдүм. Чынын айтайын ал жерде жүргөнүмдө ала барган комузду колдон түшүрбөй майрам-шоок күндөрүндө, эс алуу учурларында жоокерлердин көңүлүн көтөрүп, ырдап, күү чертип жүргөн кездерим көп эле болду. Бир ирет Ашхабадда, кийинчерээк Ташкент шаарында өткөн жоокерлердин концерттик чоң программадагы кароо конкурсуна катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдум. Ошондо мага байгелүү орундардын бири ыйгарылып, баалуу сыйлыктарды алдым. Кезексиз отпуска берилди. Кийин мен үйгө кайтаарда кызмат кылган аскердик бөлүктүн командири Скрипченконун бир айткан сөзү эч эсимден кетпейт. Ал коштошуп туруп мага «сен келечекте заслуженный, народный артист болосуң, өнөрүңдү өркүндөткүн» деген эле. Кудай оозуна сала берген экен, минтип республиканын эмгек сиңирген артисти, анан Эл артисти болдум. Эмгегимди баалаган элиме ыраазымын.

Биз андан дагы бир топ маалыматтарды эшиттик.

Болуш аке армиядан келгенден соң бир аз колхоздо иштеп туруп, Өзгөн шаарындагы драма театрында артисттик кызматка чакырылды. 1954-жылы бул театр Жалал-Абадга которулуп ал ошол жылдан 1962-жылга чейин, тагыраак айтканда, театр Нарынга көчкөнгө чейин үзүрлүү эмгектенди. Бара-бара чыгармачылык тажрыйбасы артып анын комузчулук устаттыгы өстү. Айтмакчы, Болуш Мадазимов театрда иштеген жылдары азыр биз көрүп, билип жүргөндөй өңчөй эле комуз күүлөрүн чертүү менен чектелген жок. Талантынын көп кырлары ушул жерде ачылды. Ал эл алдында Токтогулдун, Барпынын, Осмонкулдун насыят, санат, терме ырларын



иштеген жылдары азыр биз көрүп, билип жүргөндөй өңчөй эле комуз күүлөрүн чертүү менен чектелген жок. Талантынын көп кырлары ушул жерде ачылды. Ал эл алдында Токтогулдун, Барпынын, Осмонкулдун насыят, санат, терме ырларын аткарып, төкмө ырчы катары калайык калкка кадырэсе таанылды. Бара-бара такшалып, дастанчы катары да көрүндү. Анын аткаруусунда «Ак Мөөр», «Саринжи Бөкөй», «Мырза уул менен Аксаткын» сыяктуу дастандар мукам, коңур добуш менен комуздун коштоосунда аткарылып, көпчүлүктү ыраазы кылды. Ал өзүн Жалал-Абадда иштеген 10 жылдын аралыгында көбүнчө драмалык артист катары көрсөтө алды. Маселен, «Курманбек» спектаклинде Дөлөн хандын, өзбекчеден которулган «Айлакер Майсарада» хандын вазиринин, «Жүрөк сырлары» спектаклинде райкомдун катчысынын, Токтоболот Абдымомуновдун «Борбаш» драмасында малчы Мамырдын, Э. Токтогуловдун «Коңшулар» комедиясында Кадыркулдун ролдорун кызыктуу, ары ишенимдүү аткарды.

Биз карыяларга арналган театрдагы концерт бүткүчөктү устат комузчуга кызыккан суроолорубузду берип, сөз тыңшап олтурдук.

- Мактангандай болбоюн. Ырасын айтсам, азыр репертуарымда баш-аягы 100дөн ашуун комуз күүлөрү бар. Көбүнчө Токтогулдун, Ниязалынын, Карамолдонун, Ыбрайдын, Атайдын, Шекербектин күүлөрүн чертип келатам. Аны менен бир катарда элдик күүлөрдү да кайра иштеп чыгып, толуктап, музыкалык угумдуулугун, кайрыктарын жакшыртууга көп көңүл бөлдүм. Атап айтсам «Бекарстан», «Мырза уул менен Ак Саткын», «Шырдакбектин боз жорго», «Кет бука», «Курманбек» сыяктуу күүлөрдү кайра иштеп, элге сундум. Өзүмдүн талант шыгыма жараша чертип жүрөм. Алар канча бир деңгээлде экендигин эл бааласын, ал эми өзүм да кээде илхамым келе калганда күү чыгарып чертип жүрөм. Маселен, «Салтанат», «Эмгек шаңы», «Тилек», «Өкүнүч», «Ош

жүргөн жана кайра иштеген күүлөрүмдүн бир тобун кыргыз радиосуна жаздырдым. Алардын көбү грампластинка болуп чыкты.

Түштүктө күүнүн башы «Бекарстан», ал эми Түндүк жакта болсо күүнү башы «Камбаркан» деп аталат. Ал жердин өзүнө жараша өзгөчөлүгү бар эмеспи. Маселен Түштүктө, Жерге-Талдагы кыргыздарда «Бекарстан», «Саринжи Бөкөй», «Мырза уул менен Ак Саткын», «Солтон сары» сыяктуу күүлөрдү оң буроодо чертет. Түндүктө сол буроодо аткарышат. Бул күүлөрдү сол буроодо чоң комузчулар черткенде да өзүндөй угумдуу так, жеңил келе бербейт. Айырмасы бар. Буга карапайым эл анча маани беришпейт го. Комуз тилин билгендер байкайт.

Мындан бир канча жыл мурда, Совет доорунда маркум Султан Ибраимов партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы болуп иштеп турган кезинде Болуш акени алгачкы ирет жакындан көргөмүн. Анда Кара-Суу районунун Фрунзе атындагы колхозунун багында (азыркы Мады айыл өкмөтү) пахтакерлердин жыйыны болуп жаткан. Ошондо Болуш аке колхоздогу маданият үйүнүн жаш комузчулары менен элге концерт берген. Ошол кезде Султан Ибраимов Болуш акеден «Ак Бакай» комуз күүсүн, кийин «Саринжи Бөкөйдү» чертип беришин суранып уккан. Жыйындан соң обкомдун катчысы Болуш акени дасторкондогу чайга чакырып, көпкө сухбатташып отурган.

Комузда кол ойнотуп гана тим болбой, ал киши ошол өзү аткарган комуз күүлөрүнүн тарыхын, тарыхый окуясын да айтып берип чертчү.

– Ата-бабабыз муундан-муунга мурас калтырган комузубуз акыйкатта элибиздин сыймыгы эмеспи. Эгер биз ушул керемет деп баалап олтурган комузубуз болбосо башка элдерге уят эле болмок экенбиз. Айталы, «Көкөй кестиңи», «Кара өзгөйдү», «Сынган Бугуну», «Маш ботойду», «Тогуз кайрыкты», «Бекарстанды» башка кайсыл элдин музыкалык



аспабы комуздай так, угумдуу, уккулуктуу «сүйлөтүп» бере алат. Бул күүлөр комузда гана ойнолот, комузда гана сезимге жетет, жан дүйнөндү сергитет дээр элем. Чоор, кыяктарыбыз болсо да алар комузга тең келе бербейт го. Мына чоң таланттуу кызыбыз Самарбүбү комузда кол ойнотуп чертип, Америка, Франция, Япония, Сирия, Түркия, Финляндия сыяктуу далай өлкөлөргө барып келбедиби.

Анан дагы бир сөз, комуздун кадырын мыкты чабылган, сапаттуу өрүк комуздар менен көтөрүүбүз керек. Азыркы кездерде дүкөндөрдө сатылып жаткан комуздарды көрүңүзчү, үнү жакшы чыкпайт, күүгө жакшы келбейт. Жакшы комузчуларды таап, комуздарды жасатышыбыз керек. Биздин айылда Макамбай, Маматали деген комузду мыкты чапкан усталар бар. Аларга акыларын жакшы төлөсөк жасап беришет.

**– Комузчу катары Ош жергесинде баалаган, назарга түшкөн комузчулардын аттарын атасаңыз?**

- Пахридин Баяков бар. Ал Республикабыздын эмгек сиңирген артисти болду, комуз өнөрү менен. Саадабай Шабдановду да айтаар элем. Ал да бул наамга татыктуу жигит, таланттуу комузчу. Ошондой эле Абдыкадыр Белеков, Кара-Суу районунун Жаңы-Арыгынан Токтосун Мырзаев, Насыр Шапкеев сыяктуу комузчулар да элге таанымал. Биздин облустун чөйрөсүндө маданият департаменти тарабынан комузчу жаштар арасында көбүрөөк кароо конкурстарды өткөрүп турса, «эл ичи талант кенчи» эмеспи, комуз өнөрү да өркүндөмөк. Болбосо, таланттуу көп эле жаштарыбыз аккардеондо, тигил электрондук аспаптарда ойношуп, комуздан четтеп баратышкандай.

Аны менен болгон жолугушууда: - Болуш аке, эл-журтка таанылып чоң-чоң фестивалдарда жеңүүчү болгон жылдарыңызды эске түшүрүп, кеп салып берсеңиз, - деген менин суроо өтүнүчүмө жарыктык киши тарткынчыктап туруп, анан: - өзүмдү-өзүм мактаймбы деп күлө бакты да, сөзүн мындайча жалгады:

– Менимче эл көзүнө көрүнүп калган учурум 1967-жыл болсо керек. Ал жылы Улуу Октябрь Революциясынын 50 жылдык майрамынын урматына Кыргыз телекөрсөтүүсү чоң комузчулардын конкурсун өткөргөн эле. Ошондо конкурстун акырында маарага Шекербек Шеркулов, Асылбек Эшмамбетов, Абдырахман Кыдырбаев ошондой эле мен чыктым. Калыстардын чечими боюнча мен жеңүүчү болдум. Ал эми 1977-жылы «Тогуз кайрык» сынагында да мен биринчи орунга татыктуу болгомун. Ошентип Республикада 70-жылдары көпчүлүктүн баасынан комузчу катары өттүм, таанылдым. Дагы бир айтып койчу нерсе, 1977-жылы Өзбекстандын Самарканд шаарында Союздук Республикалардан, ошондой эле Индия, Канада, Монголия сыяктуу 16 мамлекеттин өкүлдөрү катышкан музыкалык симпозиум өтүп, кылдуу аспаптарда ойноочулардын чоң мелдеши болду. Ал жерге мен Кыргызстандын өкүлү катары бардым. Симпозиумга мен бир аз кечигип келдим. Ошого карабастан кийинчерээк сахнага чыгып, «Кара өзгөй» менен «Сынган бугуну» абдан эргип аткарып бердим. Өз көзүмө ишенбей калдым, ошол симпозиумда мага биринчи орун ыйгарылды. Кыргызымдын касиеттүү, керемет үндүү комузу эл аралык мелдеште дагы бир жолу бааланды, эл сынынан өттү. Бул көрүнүш менин эч эсимден кетпейт. Виноградов деген чоң таланттуу музыкавед өзү мени кучактап өөп, тимеле көзүнө жаш алып жиберди. СССРдин композиторлор союзунун мүчөсү Эшпай да келип кайра-кайра рахмат деп, ыраазычылыгын айтып куттуктады.

Бийик адамгерчиликтүү, жөнөкөй, кичи пейил жана залкар комузчу, калкыбыздын кадырман аксакалы өзү айтып олтургандай Кыргыз комузунун даңкын, кадырын ал чыгарды. Кыргыз комузу да Болуш акенин зоболосун бийик көтөрдү го.

Шүгүрчүлүк көзү өткөн менен ал кишинин урпагын улап, чырагын өчүрбөй жагып келаткан 13 уул-кыздары, 40ка жакын небереси бар. Балдарына таалим-тарбия бергенин



ушундан баамдасак, аксакалдын он баласы тең жогорку билимге эгедер болушту. Балдарынан Мамат, Жеңиш, кызы Атиргүл комузда чебер кол ойнотуп, ата кесибин улантып келет.

Ата-журту, эли чоң таланттын ээси, залкар комузчу Болуш акени өз маалында сый-сыйпаттан, урмат-сыйдан куру калтырган жок. Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси, Кыргыз Эл артисти деген ардактуу наамдар баш болгон бир канча сыйлыктардын ээси болду. Президенттик, губернатордук стипендияларды алды. 70 жаш курагында Оштун борборунан шаарда эс алсын деп 2 бөлмөлүү үй тартууланды ага. Үй менен бирге облустун губернатору өзүңүздү көрүп жүрүңүз деп ага түстүү телевизорду да ыйгарды.

Акыйкатта Болуш акедей комузга жан киргизген, таңшыткан комузчулар кыргызда сейрек. Ушундан улам улуу таланттын урматына 2003-жылдан баштап облусубузда, ал эмес республикабызда комузчулар арасында кароо-сынактар өтүп, анын ысмындагы сыйлыктар ыйгарылса, Ош шаарындагы бир көчө анын ысмында аталса, анын айкели орнотулса. Мындай сыйга ыраматылык залкар талант Болуш Мадазимов толук татыктуу деп айтмакчыбыз.

Мезгил токтоосуз өтө берет. Ал эми Болуш акенин аткаруусундагы комуз күүлөрү кыргыз жашап турганда, кыргыз баласы шаңшытып комуз чертип турганда, жаңырып, анын өмүрүн улай бермекчи деген пикирдебиз.

**2004-жыл, 6-ноябрь**

**Кадыркул ДАУТОВ:**

## « БАРПЫ-АЛБАН КЫРДУУ АЛП АКЫН»

**АЛ ЖӨНҮНДӨ …**

**«Сен дагы мендей ырдадың,**
**Ырыңды иним сындадым.**
**Адаштырып ырдасам,**
**Айтканымдан жылбадың**
**Мен көрсөткөн ырымды,**
**Улабастан койбодуң.**
**Калтырбастан бир жерин,**
**Кынабастан койбодуң.**
**Адис акын экен деп,**
**Бул жериңден ойлодум»**
**Токтогул**

**XXX**

**«Күн канатын сермеген, күлүктү миңген термеден, жарышка түшкөн жер менен, жаактуу пенде жеңбеген».**
**Осмонкул Бөлөбалаев**

**XXX**

**«Барпыны жазгыч акын деп эсептөө керек. Анын сезими күчтүү эле, бүт жаңылыкты бат өздөштүрүп ала турган киши болчу. Мен Барпынын ырын бир нече жолу уктум. Ал суу кошпой ырдаган төкмө эле».**
**Аалы Токомбаев**



**ОБОЛУ МАЕКТЕШИМ ЖӨНҮНДӨ БИР-ЭКИ ООЗ СӨЗ**



К. Даутов

Кадыркул Даутов – кыргыз элине белгилүү сынчы, адабият - чы,филология илиминин кандидаты. Азыркы кезде ал кыргыз улуттук илимдер Академиясынын адабият жана искусство институтунун кыргыз адабияты тобунун башчысы болуп иштейт. Анын «Ырдын өмүрү», «Жаңы чектерге», «Башкысы изденүү» (орусча), «Таланттар жана тагдырлар», «Сөз өнөрүнүн эстетикасы», «Терендиктер жана бийиктиктер» сыяктуу адабий сын китептери менен окурман журту жакшы тааныш. К. Даутов акыркы жылдарда кыргыз классиктеринин ири өкүлү, улуу акын Барпы жөнүндө көркөм жана таамай, терең изилдөнүү менен жазылган адабий макалалардын сериясын жаратты. Ал макалалар эстетиканын сабактары деген эмгекке айланды. Адабий чөйрөдө, окурман журтчулугу К. Даутовду Барпы изилдөөчү катары жакындан билишет. 1985-жылы жарык көргөн «Барпынын тандалмалары» деген китеп анын баш сөзү менен жарык көргөн. Быйыл улуу акындын 110 жылдык маарекесине карата чыгып жаткан 2 томдугу да К. Даутовдун баш сөзү менен жарык көрүүдө. Республикалык радио телеберүүлөрдө ал 9 жолу кеңири кызыктуу маек аңгемелешүүлөрдү өткөрдү. Анын бир тобу радионун алтын фондусуна жазылып алынды.

Элибиздин таланттуу сынчысы, адабиятчысы бул кезде өзүнүн мурдагы жазгандарын кеңейтип, тереңдетип, Барпынын кийинки жарыялана элек чыгармаларын камтуу менен өзүнчө китеп жазып жатат.

мааракe салтанаты өтүп жатат. Ошого байланыштуу Барпынын мааракесин өткөрүү боюнча түзүлгөн республикалык комиссиясынын катчысы, Кадыркул ДАУТОВ менен гезитибиздин атайын кабарчысы улуу акындын өмүрү, чыгармачылыгы тууралу кеңири сухбатташкан.

**– Кадыркул Даутович, оболу бул мааракени өткөрүүгө карата кандай даярдыктар менен келдиңиздер, ушул тууралу сөз болсо ...**

– Адамзат тарыхында сейрек жарала турган көп кырдуу акыл алптардын бири Барпынын мааракесин өткөрүү боюнча даярдык, камылга кечээ бүгүн эле козголгон эмес, бул иш баш-аягы 4-5 жылдан бери жүргүзүлүп келе жатат десе болот. А дегенде ушул Барпы айылынын жаштары чогулушуп, Барпынын 110 жылдык мааракесин өткөрүүнү максат кылышып, ага байланыштуу анын эл оозундагы ырларын жыйнашып, үй музей курууну ойлошуп ушул ишти өркүндөтүү боюнча азыр көзү өткөн акын Түмөнбай Байзаков экөөбүзгө кайрылышкан. Бул 1991-жылдын октябрь айы эле. Биз жаштардын демилгесин колдодук, өзүбүздүн кеп-кеңештерибизди бердик. Айткандай эле ошол жаштар Барпынын үйүн ондошуп, тегерегине бак-дарактарды отургузушту, көрктөндүрдү. Ошондон баштап, коомчулук эл-журт мааракеге карата даярдыктарды көрө баштаиты. Тагыраак айтканда, Барпы жөнүндө жазылган эмгектер, изилдөөлөр 21 басма табактан турган китеп болуп чыкты. Андан тышкары быйылкы жылдын жылнаамасы (календарь) чыгарылды. Барпынын Бишкектеги күмбөзү тургузулду. Ошондой эле Барпынын ырлары, дастандары толукталып, жыйналып эки томдуу 5 миң нуска менен китеби чыгып жатат. Бул китептин мурдагылардан айырмасы мурда жарыялана элек чыгармалары өзгөртүүсүз, оңдоосуз түп нускасы менен чыгууда. Ушул эки томдукта Барпынын чыныгы жүзү көрүнөт деп ойлойм. Мындан тышкары Барпы жөнүндө сүрөттөрү менен буклет, китепче жарык көрдү. Дагы бир жакшы иш бул



улуу акын жөнүндө «Аалам астанасындагы өмүр» аттуу документалдуу көркөм фильм тартылды. Анын режиссеру Тилек Мураталиев, илимий кеңешчиси, сценарийдин автору мен, редактору Кубатбек Жусубалиев.

**– Барпы жөнүндө Ош кыргыз драма театрында Аман Нааматовдун пьесасы да коюлбадыбы.**

– Ооба, өткөн жылы Барпыга арналган жакшы пьесаларга республикалык конкурс жарыяланган эле. Ошондо үч пьеса конкурстан өткөн. Анда Шабданбай Абдырамановдун, Алтынай Темированын жана сен айткан Аман Нааматовдун эмгектери жактырылып, тандалып алынган.Алар Жалал-Абадда, Ошто, Бишкекте театрларга коюлду. Конкурска түшкөн пьесалар өзүнчө китеп болуп чыкты. Жогорудагы авторлорго кошумча Муктар Борбугуловдун 1959-жылы жазган «Барпы ырчы» аттуу пьесасы да китепке киргизилди. Ошондой эле Ош мамлекеттик университетинде өткөн жылы «Барпынын өлбөс-өчпөс мурасы» деген илимий конференциясы өттү. Мындай конференциялар Жалал-Абад университетинде, кыргыз илимдер Академиясында болду. Мындан тышкары Жалал-Абадда, Бишкекте Барпынын эстелиги тургузулду. Сузак районунун өзү туулган Ачы кыштагында анын үй музейи курулду. Ага баруучу жолдор оңолду. Барпы атындагы колхоздо улуу акындын атындагы соода борбору ишке кирди. Мааракеге байланыштуу Барпынын сүрөтү менен значок чыгарылууда. Ошондой эле Ошто, Жалал-Абадда, Бишкекте чоң көчөлөрдүн бирине анын ысымы берилмекчи. Буга чейин Жалал-Абад маданият техникумуна, облустун драма театрына ысымы ыйгарылып, Жалал-Абадда, Базар-Коргондо, Ошто ал кишинин наамындагы мектептер бар. Өзбекстандын Коргон-Төбө районунда мектепке Барпынын аты коюлган.

Мааракe күндөрү адаттагыдай көптөгөн боз үйлөр тигилип, алыстан меймандар келишет. Улуттук оюн-шооктор өткөрүлөт. Жеңүүчүлөргө байгелер коюлат. Таланттуулар

Мааракe күндөрү адаттагыдай көптөгөн боз үйлөр тигилип, алыстан меймандар келишет. Улуттук оюн-шооктор өткөрүлөт. Жеңүүчүлөргө байгелер коюлат. Таланттуулар өнөрлөрүн көрсөтүшүп, театрлаштырылган оюндар болот. Барпынын маарекесин өткөрүүдө Жалал-Абад жана Ош облустары тикеден-тике каржылоо иштерине жардам беришкендигин ыраазычылык менен айтабыз. Жалал-Абаддан соң акындын 110 жылдыгына байланыштуу иш чаралар Бишкекте дагы улантылмакчы.

**– Эми жалпы журтубуз кастарлап олтурган даанышман адамдын чыгармачылыгынын кийинки совет доорунда изилдениши, коомчулуктун ага болгон мамилеси жөнүндө да аны изилдөөчү окумуштуу катары ой бөлүшсөңүз.**

– Барпы өзү айтчы экен «Досум, деп Түмөнбай Байзаковго мен бу тирүүмдө жыргабайм, менин даңкым өлгөндөн кийин чыгат, сен да менин ырларымды эрикпей жаз, ага кошулуп сен да көтөрүлө бересиң» деген экен. Ал өз мезгилинен алда канча озуп жашап атканын өз ордун билген. Арка, Анжиян ырчыларынын алдыңкы катарында турганын да сезген. «Иним, Калык сен айтчы кайсы акындан кем элем? Арка, Анжиян ырчындын алдыңкысына тең элем», - деп өз маалында айткан Калык Акиевге. Мына ушул албан кырдуу алп акындын чыгармачылыгына өзгөчө маани берип Барпыны биринчи таап, биринчи ачып, илимий чөйрөдө биринчи коомдук пикир түзүп, ал жөнүндө Кыргыз илимдер Академиясынын Президиумунда атайын доклад жасаган окумуштуу Мадина Искендеровна Багданованын эмгеги чоң деп айтаар элем. Ал 1946-жылы август айында Барпы менен жолугушкан. Анын ырларын жазып алган. Ошондой эле ал кездеги педучилищада сырттан окуган Түмөнбай Байзаковго да анын ырларын жазып алып Академияга жөнөтүп туруусун өтүнгөн. Ошол кезде Сузак райкомунун 2-катчысы болуп иштеп турган Кузьмич Залецкий 1946-жылы шайлоодо депутат



министрлер советинин төрагасы болуп иштеген Абды Сүйөркуловго кабарлаган. Андан кийин Барпы атайын чакыруу менен Бишкекке келип Академияда ырларын жаздырган. Аны ошол кезде Академияда иштеп жаткан Гүлсүн Турусбекова, Бүбү Керимжанова, Ишенбек Койчуев, Токтосун Сулайманов, Зияш Бектенов, Ташым Байжиевдер анын ырларын өз оозунан жазып алышкан. Кээде ошолордун көбү эле Түмөнбай Байзаковдун наамына ыйгарылып келет. Ар кимдин ак эмгеги өзүнө эле буюрганы жакшы. 1946-1949-жылга чейин Бишкекте Барпы жашаган учурда ошол учурдагы жазуучулар союзунун төрагасы Аалы Токомбаевдин да колдоосу, эмгеги чоң экендигин айтмакчымын. 1947-жылы аны жазуучулар союзуна кабыл алышкан. Ошол учурда «Манас» эпосуна бөлүнгөн акчанын кырк пайызын дагы Барпынын чыгармаларын, дастандарын чогултууга жумшаган. Мунун өзү эле Барпыга болгон коомчулуктун чоң урматы деп айтаар элем. Барпынын өз оозунан жазууда анын кызы Бурул Барпиева менен күйөө баласы Төлөн Бекибаевдин да эмгектери көп. Ошол учурдагы Жалал-Абаддын биринчи катчысы Муктар Аманов да Барпыны жогору баалоо менен анын чыгармаларын жазып калуу боюнча анын күйөө баласы Төлөн Бекибаевди согуштан калтырып калган.

Сөздү «маш зергердей чегелеп», «ырды ак жаандай себелеп төккөн» даанышман акын 1949-жылы 9-ноябрда Фрунзе шаарында ооруканада жатып, сүйүктүү эли, жери менен кош айтышкан. Тагдырды карабайсыңбы, өзү өлгөндөн кийин эки күндөн кийин, ал тууралуу көрүнө баштаган камкордуктун бир натыйжасы болуп, басмадан чыгып жаткан китебинин сигналдык нускасы келиптир. Бирок, аттиң акын өзү элүү жылдык эмгегинен иргелип топтолгон өз китебин колуна кармап өз ырларын окутууга кечикти. Анын түбөлүк жаткан жайы баш калаабыздагы «Ала-Арча» көрүстөнү болуп калды. 1951-жылы анын экинчи китеби жарык көрдү.

**– Барпынын жеке турмушу, тагдыры, үй-бүлөсү, балдары жөнүндө да окурман журтчулугуна кыскача кабар берсеңиз жакшы болот эле.**

–Айтайын. Барпынын тагдыры, жекече турмушу өтө татаал болгон. Ал 1884-жылы Сузактын Ачы кыштагында жарыкка келген. Болочоктогу улуу ырчынын арман менен азап, сүйүү менен жек көрүү, жеңиш менен утулуш татаал тагдырлуу өмүр жолу ошол жерден башталган. Ата теги түбүнөн эле кара таман кедейлерден болгон. 8 жашынан ар кайсы байларга жалчы жүрүп, ал бактылуу балалыктын жыргал доорун сүрө алган жок. Анткени менен Барпынын бешенесине жалаң гана мээнет шор бүтпөптүр, ага жаратылыш ченебегендей марттык менен ашкан ырчылык талант, нукура тубаса, тунук акыл бериптир. Ал жашынан эле ырдап чыгат. Анын табигый төкмөлүк шыгынын ойгонушуна атасы Алыкул Шаамырза уулунун жана жергиликтүү ырчылардын чыгармалары менен тааныштыгы убагында чоң таасир берет.

Барпынын тагдыры, жекече ички турмушу өтө татаал болгон дебедимби, ал көп аял алыптыр, алардан 23 баланы көрүп, баарысын өз колу менен жерге бериптир. Буга чейин эл журтубуз Бурул деген гана бир кызы бар экендигин билчү. Көрсө, анын Жумабай деген эркек баласы бар экен. Ал ажырашкан аялынын боюнда кеткен экен. Аны Барпы өзү, кийинки аялы Жумагүл эже да билчү. Жергиликтүү ачылыктар да айтып жүрүшөт. Жумабайдын кийинки өскөн айылы жийделиктер да бул жөнүндө жакшы кабардар. Барпынын өз агасы Полоттун өгөй баласы Анармат Барпынын китептерин калем акысы келе баштаганда аны Жумабайдан кызганып, жолотпой калган. Барпынын фамилиясын ага жаздырбай, аны четтеткен. Ошондуктан ал аргасыздан туугандарына аралаша албай четте өсүп калган. Бул кезде Жумабай 67 жашта, көп балалуу чакалуу экен. Мен ал киши менен сүйлөштүм, үйүндө болдум. Ошол учурдагы шартка байланыштуу ал Турдукулов деп жазылып калган болучу. Азыр өзүнүн фамилиясын алып



жатат. Атасын кадимкидей билет экен. Бирок өгөй апасы аны Барпыга жакындатпай кубалап турган. Ошентип, баласынын минтип табылып, эл алдында анын наамын алып жүрүшү албетте кубана турган иш.

**- Кадыркул Даутович, сиз көп жылдардан бери Барпыны изилдеп ал жөнүндө көптөгөн макалаларды жаздыңыз. Өзүңүздүн 1988-жылы «Адабият» басмасынан жарык көргөн «Таланттар жана тагдырлар» аттуу китебиңиздеги «Классиктин эстетикалык сабактары» аттуу чоң макалаңызда «Барпы менен кошо жалгыз гана кыргыз ырчылар поэзиясында эмес, жалпы эле Орто Азия жана Казакстан боюнча түрк тилинде сүйлөгөн калктардын оозеки сөз өнөрүндөгү бир феномен, уникалдуу ырчы, акын кетиптир» деп бул улуу, залкар талант жөнүндө чоң баа бергенсиз. Кептин нугун буруп, эми ушул кишинин адабиятыбыздагы орду жөнүндө учкайрак болсо да ой бөлүшүп берсеңиз.**

- Чынында Барпы жөнүндө канча айтсак, жазсак жарашат. Ал жөнүндө эскерүүлөр да көп жазылып жаткан акын. Ырлары да башкаларга караганда көп ырдалган акындын бири. Барпы – өзүн тааныта турган, жалпы эле окурман журтчулугу биле турган учурга эми келди. Анын эки томдуу китеби чыкса ал дагы өзүнүн ала турган ордун табаарына ишенемин. Барпы-албан кырдуу алп акын. Ал дүйнөлүк адабияттын алтын казнасын өз шедеврлери менен байыткан. Кыргыштын улуу классикеринин XX кылымдагы бирден бир залкар өкүлү деп айтаар элем. Бул улуу талант аалам менен ойлонуп, аалам курулушу жөнүндө ырдаган, зор санаатчы. Ал адам табиятын анын татаал психологиясын ачып чыккан психолог. Ал өлүм, өмүр, бул жашоонун акыбети, дүйнөнүн бапасыздыгы жөнүндө терең ой жүгүртүп ырдаган философ акын. Барпы айтыш өнөрүнүн эң бийик жеткен туу чокусуна чыгарышкан, санаат табышмак айтышка чоң салым кошкон ошонун үлгүсүн берген акын. Айтыш Барпынын ырчылык

талантын барып турган күчтүү жактарынын бирин ашкере айкындаган жанр. Ал негизинен атактуу төкмөлөрдөн тартып, майда жамакчыларга чейин жаакташып келген.

Барпы ашыглык, махабат ырларын да Чыгыштын эң улуу акыны Хафиздин деңгээлинде ырдаган. Ал ошол гиганттар менен салыштырылат. Мисалы, «Мөлмөлүм», «Самаргүл», «Гөзал кыз», «Гүл кыздар», «Өзгөчөм», «Ак тартип», «Лөлүкан», «Мырзайым» жана башка ырлары «Кулмурза менен Аксаткын» дастаны бүгүн калайык калкыбызга белгилүү. Мен Барпынын Чыгыш маданияты менен кыргыз маданиятын туташтырып турган жандуу көпүрө демекчимин. Ал курандын сүрөөлөрү хадистеринен тартып пайгамбарлардын сахабаларына чейин ырдаган акын. Себеби ал жазма адабияты бар элдин өкүлдөрү менен катнашта болгон. Аны апыз дечү эл. Апыз – куранды жатка айткан адам.

Барпы – тил байлыгын, тил ийкемин көбөйтүп, тилдин музыкалуулугун, ыргактуулугун, поэтикалуулугун, образдуулугун арттырган зор художник. Бул жагы өзүнчө изилдөнүүнү талап кылат. Барпы али изилденип бүтө элек, азыр изилдөнүүнүн экинчи баскычы гана жыйынтыкталып жатат. Ал жөнүндө көркөм чыгармалар али жазылып да бүтө элек. Буга чейинки жазылган чыгармалардан алда канча жогорку деңгээлде жазыла турган эмгектер келечектен күтүлөт. Залкар акындын кыргыз чегинен чыгып дүйнөлүк аренага карай жол алышы эми башталат.

**Биздин Кадыркул Даутович менен болгон кызыктуу, жандуу маектешүүбүз дагы уланып жатты. Барпынын ырлары окулду. Бул темадагы аңгемелешүүбүз экөөбүзгө тең канааттанууну, терең ыраазычылык сезимди алып келди.**

**1994-жыл,12-ноябрь**



**Эгемберди ЭРМАТОВ:**

## «МЕНИН ЧЫГАРМАЛАРЫМ МАХАБАТ ТАБЫНАН ЖАРАЛАТ»

**– Эгемберди мырза, сиз окурмандарыңыздан соңку кездерде бир кыйла алыстай түшкөндөй болдуңуз. Басма сөздөрдө да көрүнбөй калдыңыз. Учурда эмне иштер менен алектенип жатасыз?**



Э. Эрматов

– РахматАбдисатар аке кабар алып, ал сурап турганыңызга. Мен азыркы учурда Баткен мамлекеттик университетинин Кызылкыя шаарындагы гуманитардык педагогикалык институтунун гуманитардык факуль - тетинин кыргыз тили жана адабият кафедрасынын доценти болуп иштейм.

Ошол эле учурда өзүм ээлик кылып ачып алган «Алтын өрөөн» деген гезитти да чыгарып атам.

**– Сиз баш-отуңуз менен көркөм адабиятка келген калемгерсиз. Окурмандарыбыз сиздин бир топ китептериңиз менен бирге «Махабат» аттуу бир томдук тандалма жыйнагыңыз менен жакшы тааныш. Ошондуктан бул жолку сукпатыбызды педагогикалык, журналисттик жаатта эмес, адабиятка байланыштырсак деп турам.**

– Мен да ушуну туура көрүп турам, кийинки кезде педагогикалык гуманитардык институтта иштеп, дарс берип жатканымдан кийин, көбүрөөк күч эмгегимди чыгыш адабияты предмети боюнча 270 беттен турган чоң окуу усулдук хрестоматия китебин даярдап бүттүм. анда байыркы араб адабиятынан тартып,Чыгыш өлкөлөрүндөгү улуу акындардын өмүр чыгармачылыгы, айрым чыгармалары чагылдырылды, аны өзүм кыргызчага таржымаладым. Мурда

бул тема дыңды бузгандай мен үчүн абдан татаал, оор иш болду. Эгерде өзүм гуманитардык институтта иштебегенимде бул маселеге чындыгында кайрылмак эмесмин. Республикабыздын жогорку окуу жайларында ушул Чыгыш адабияты предмети окулган менен анын тийиштүү адабият китеби жок экен. Ал гана эмес, мен коллегаларым менен сүйлөшүп көрсөм араб адабияты Чыгыш адабияты катарында окулбайт да экен. Бул менимче туура эмес багыт. Ошон үчүн мен бул эмгегимде арабдын улуу акындарын айталы, Абу Навас, Мутанаби Альмаари, Аль Мулавих жана башкалар тууралуу кеңири маалымат бердим, ырларын которуп чыктым. Болочокку адабиятчы мугалимдерибиз окуп билишсин, жаштарга жеткирсин. Мындан сырткары, Чыгыштын фарс адабиятынын чоң классик акындары Рудакиден тартып, Абдрахман Жамиге чейинки өкүлдөрү жөнүндө кеңири маалыматтар бар. Ушундай эле китепте Кытай адабиятынын улуу өкүлдөрү Ли Бо, Ду Фу, Бойгуза жана башкалар, андан тышкары Индиянын кыргыздар үчүн аты-жөнү белгисиз, бирок дүйнөлүк адабиятта орду бар өкүлдөрү жазылды. Булар жөнүндө кыргыз адабиятында дээрлик сөз болбогону албетте, өкүнүчтүү дээр элем. Хрестоматияда Ыраакы Чыгыштагы япон адабиятынын Басье, Сайге сыяктуу көрүнүктүү акындары боюнча да айтылды. Ырлары берилди.

20 басма табактан турган окуу усулдук китептин чыгышына окуу жайдын жамааты, анын директору, физика-математика илимдеринин доктору Миталип Таировдун көмөгү чоң экендигин атайын белгилеп кетким келет.

**– Эми жүрөк кылдарын черткилеп, күүгө салган жеке чыгармачылыкка байланыштуу да кеп салсаңыз.**

Ырас, мен көркөм адабияттан, чыгармачылыктын алыстап эч жашай алчудай эмесмин. Менин чыгармаларым махабат табынан, поэзияга болгон чоң сүйүүдөн жаралат дээр элем. Кыйладан бери ара чолодо жазып жүргөн кара сөз менен жазылган эсселер мүнөзүндөгү чыгармаларым бар эле, алар



азыр тандалып, иргелип, 80 бет көлөмүндө басмага тапшырылды. Анын атын «Байлык, бийлик, аял» деп атадым. Анда дүйнөлүк классиктер жөнүндө өзүмдүн ойлорум бар. Мындан башка көптөн бери жазып келаткан ырлар цикли да өзүнчө жыйнак болмокчу, китеп «Мендеги мен» деп аталмакчы. Ал 60 беттин тегерегинде. Алар көбүнчө философиялык маанидеги ырлар.

**– Сиздин чыгармачылыгыңызда өтө салмактуу орду бар «Мухаммед пайгамбар» дастаныңыз жөнүндө унчукпай коюу болбостур. Китеп өткөн жылы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка да көрсөтүлгөн болучу. Сыйлыкка жетпесе да бул китеп көптөгөн окурмандардын бүйүрүн кызытып, эл көзүнө көрүндү. Китептин азыркы тагдыры жөнүндө эмне демекчисиз?**

– Ар бир туулган баланын өз тагдыры пешенесине жазылып коюлат. «Мухаммед пайгамбар» дастаным да менин колумдан чыккандан кийин эл аралап кетти. Анын тагдыры мындан ары кандай болот, жакшы билбейм. Эл окуп жатат. Бирок бар болгону ал 2 миң нускада эле чыккан. Көп күч эмгегимди коротуп, зор эргүү, поэтикалык тил менен жазылган, улуу Мухаммед пайгамбарыбыз жөнүндөгү бул дастан ар бир үйдүн китеп текчесинде турса жакшы болмок. Бирок аны көбүрөөк чыгарууга менин чама чаркым келбеди. Эгер бир демөөрчү болуп, китепти чыгарууга кол кабыш көрсөтсө албетте, жакшы иш болоор эле. Азырынча андай азамат чыга элек.

**– Китебиңиздин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка илинбей калышына өкүнбөдүңүзбү?**

– Жок. Сыйлык деген бирөө эле. Негизгиси чыгармамды окурмандар, эл сүйүп окуса, ошол сыйлык мага.

**– Биз сизди таланттуу акын гана эмес, кыргыз адабиятындагы белгилүү драматург катарында да жакшы билип калдык эле. Республикалык, облустук драма театрларда коюлган «Аксаткын менен Кулмурза»,**

**«Жаңыл мырза», «Отурар баяны» (Чыңгыз хан жөнүндө), «Туяктын ыры» сыяктуу драмаларыңыз көрүүчүлөрдүн нечен жолу кол чабууларына арзыган болучу.**

–Драма менимче, адабий жанрлардын ичинен эң бир кыйыны, эң бир татаалы, ары күчтүүсү деп айтар элем. Ошондуктан бул жанрда иштөө бүгүнкү күндө мага өтө кыйын болуп турат. Биринчиден сенин драмага жумшаган күчүң, ага жумшаган убактың биздин бүгүнкү коомдо өзүн актабай жатат. Анткени аны сахнага койдуруш үчүн көп каражат керек. Болбосо саргарып, издешиң керек. Ошондуктан драма тармагы менин чыгармачылыгымда азырынча эс алып турат. Бирок жазылып, сахнага коюла элек бирин-экин чыгармаларым бар. Кудай буюрса, сааты чыкканда алар сахнага коюлуп калар.

**– Эгемберди мырза, эми аңгеме дүкөнүбүздү жабар алдында дагы сизге кайрыларым, азыр адамдардын башы бириккен жерде бүгүнкү саясатты айтпаса башы ооруп калчудай болду. Ошондуктан сиз да жазуучу, ары педагог катары кечээги Акаевдин режимине, ошол доорго жана бүгүнкү күнгө кандай көз караштасыз?**

– Акаевдин режими, доору өттү, кетти, агып жаткан дайрадай. Азыр Акаевдин жана анын үй-бүлөсүнүн, жан-жөкөрлөрүнүн жасаган обужок иштери, баарысы, кечээги төңкөрүштөн соң калкып суу үстүнө чыгып калды. Элин, жерин таштап кеткен Акаев калайык-калктын наалатына, каргышына кабылды. Көп адамдардын маңдай теринен тапкан дүйнөсү аны тынч койбойт. Ал эртеби-кечпи, эл алдында, Кудай алдында жооп берет. Биз көбүбүз буга чейин акча, дүйнө деп жүрүп, жандүйнөбүздү жардылантып алдык. Көроокат, тирилик деп, биягы Казакстан,-ал жагы Россия деп чачылып кеткен жаштарыбызды чогултушубуз керек. Ал үчүн жардыланган калкыбыздын турмуш-шартын оңдош керек. Жумуш менен, дурусураак маяна менен камсыз кылыш керек элди. Элдин жаңы бийликтен күткөнү азыр ушул.



**Журналист**: Кыргыз Республикасынын Эл акыны-Эгемберди Эрматов экөөбүздүн кыскача маегибиздин соңунда өзү өйдөдө айткандай «кыйладан бери кара сөз менен жазып жүргөн эсселер мүнөзүндөгү» чыгармалары менен автордун макулдугу боюнча айрымдарын окурмандарыбызга тааныштыр- ып кетүүнү ылайык көрдүм.

XXX

**Ата жөнүндө эссе**

Ата-дөөлөт, таянаар тоо. Ата-ордолуу шаар. Өмүр деген улуу дайранын башаты атадан башталат.
Ошондуктан атанын касиети эбегейсиз зор. Кудай Таала атага ошондой жаратмандык кудурет-күчтү, зор шыбаганы берип койгон. Кыргыз элинде: «Атанын назарынан калба», «Атаңа наалат келтирбе» деген накыл сөздөр бар. Бул улуу сөздөр. Атанын насаатын укпаган, аны урматтап сыйлай албаган балдардын келечеги жок. Андай балдардын ырыскысын жараткан Алла Таала кемтик кылып койот. Анткени атасын нааразы кылган пенде эзели өсүп-өнүкпөйт. Андайлар Кудайдын каарына каалат.

***

Атанын айткан ар бир сөзү таберик. Аны асыл буюмдан, казылган казынадан артык баалоо зарыл. Аны ыйбаа менен, астейдил ак көңүл менен угуу зарыл. Журок менен, бүткүл дилди берип угуу керек. «Атанын сөзү-акылдын көзү» деп бекеринен айтылбайт. Атанын сөзүнө маани бербеген, анын терең сырларына түшүнбөгөн, кулагынын сыртынан кетирген балдар бул турмушта ар кандай кесепеттерге көп чалдыгып, түз жолдордон өтө албай көп адашат.

Атанын сөзү бакытка жетүүнүн эң кыска жолу. «Уулум, атам башын жерге салбай жүрсүн десең арамдыкка, зынакорлукка, бейчеки иштерге барба. Эч убакта жалган сүйлөбө, ооз көптүрүп мактанба, бүтүрбөгөн ишимди бүтүрдүм дебе, өзүңдөн улуу адамдарга текебер сүйлөбө. Арам

тамак жеп көнбө»,-деп айтчу эле атам. Азыр ойлосом атамдын сөздөрү ыйык китептерде жазылган улуу сөздөр экен. Өмүр бою ушул сөздөрдүн кулу болуп келатам.

**Аял жөнүндө эссе**

Эй, көкүрөгүн каккан көрпендем! Аялсыз сенин боз чөлдөн эч айырмаң жок. Сен аялсыз бүтүн жан эмессин. Аялсыз сени эч ким толук кандуу пенде деп эсептебейт. Андайды Алла Таала да сүйбөйт. Кудай бүтүндүктү, гармонияны, сулуулукту, эриш-аркак болуп буркан-шаркан түшкөн жашоону сүйөт.

Ошон үчүн аялга кесир сүйлөбө!

Турмушка чыккан кыз күйөөсүнүн бүлөөсүн бүлө кылып, ошол жердин ырын ырдап, ошол жердин таламын талашып, ошол жердин көчөтүнө тезирээк кириш керек. Ошондо гана ал бактылуу болуп, кайын журтуна кадыр-көңүлү сиңишип, төркүнүнө сый менен келе турган болот. Ошонун баарын кызына үйрөтүү эненин негизги милдети.

***

Мээнеткеч аял эч качан кор болбойт. Балдарын, келин-кесегин да мээнетке үйрөтөт. Ал эми мээнеттин арты дөөлөт экендигин айтпаса да түшүнүктүү. Андай аял карыган кезде небере-чөбүрөлөрүнүн алаканында аздектелет.

**2005-жыл, 5-август**



# АКЫНДЫН ЭКИНЧИ ӨМҮРҮ УЛАНУУДА



**А.Токомбаев**

Мектеп босогосун аттаган -дан баштап эле биз чыгармаларын окуп кабардар болгон Социалисттик Эмгектин Баатыры, академик, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, акын, драматург, прозаик Аалы Токомбаев-дин өмүр, чыгармачылыгы саресеп салган адамга бир кылка, тегиз болбоду. Чындык деп чыркырап күйүп, тайманбастан күрөштү, талаш-тартышка түштү. «чалкар» болуп чабылды, «балка» болуп согулду, айыпсыз жерден камалган учурлары да болду. Бирок, чындык ийилгени менен сынбады. Анын эл алдында жүзү жарык болуп актал-ды. Бул болсо акынды каралаган, көрө албастарга болгон сокку эле.

Кыргыз Совет адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири Аалы Токомбаевге ал учурда ар кандай жалаалар айтылды. Ал комиссиянын мүчөсү боло туруп, «Конституцияга кыргыз тилине мамлекеттик статус берилсин, ал эми орус тили элдик тил катары кала берсин» деп сунуш киргизди делип улутчул катары айыпталды. Ал эми 80-жылдын аягында ал «Манас» эпосунун жана кыргыз тилинин «душманы» катары кабыл алынды. 1937-жылдын ноябрынан 1939-жылдын июнь айына чейин камакта болуп, ага чейин чыккан бардык китептери жок кылынган. А.Токомбаев түрмөдөн 1939-жылы 4-июнда чыккан. Кийин А.Фадеевдин кийлигишүүсү аны камактан сактап калган.

1988-жылы өлгөндөн кийин акындын бардык китептери акталган.

2007-жылы кыргыздын мыкты кара сөз, драматургия, поэзия, публицистика жаатындагы чыгармалары үчүн Аалы Токомбаев атындагы республикалык сыйлык уюштурулган.

Анын көп жылдык эмгеги, актыгы, тазалыгы менен бааланды. Макаланын башында айтылгандай бир нечелеген абройлуу наамдарды алууга татыктуу болду. Өзүнүн өлбөс-өчпөс чыгармаларында ал кыргыз элинин тарыхын, анын басып өткөн жолун, мүдөө тилектерин таасын чагылдырды,-деп айтууга негиз бар.

Быйыл ушул күндөрү элибиздин залкар акыны, академик Аалы Токомбаевдин туулган күнүнүн жүз жылдыгын коомчулук урмат-сый менен белгилеп жатат. Ал 1904-жылы Кемин районунун Кайынды айылында туулган. Анын биринчи ыры «Эркин тоо» гезитинин биринчи санына-1924-жылдын 7-ноябрында «Октябрдын келген кези» деген аталышта жарык көргөн. Акындын чыгармаларын мектеп босогосун аттаган жеткинчектерден баштап, көпчүлүк жакшы билишет. Өкмөттүн токтому менен анын 44 жыл жашаган өзүнүн үйү үй музейине айланды.

Бул үй музейинин директору улуу акындын кызы Тамара Аалыевна Токомбаева. Анын журналисттерге берген маалыматында «Атамдын музейинин минтип кеч ачылып жатышына айрым адамдардын бут тосуулары эле себеп болду. Ошентсе да атамды сыйлаган, эмгегин баалап түшүнгөн адамдардын демөөрчүлүгү менен башталган иш бүткөрүлдү. Анан калса архивдик материалдарды тактоого көп убакыт жумшалды. Музейдин залдарынын ар бири өзүнчө мааниге ээ. Бир бөлмөсү атамдын иштеген жумушчу кабинетине, бир бөлмөсү китептерине, дагы бир бөлмөсү атамдын кол жазмаларына, фото сүрөттөрүнө, дагы бир бөлмөсү акындын камактагы учурларына байланышкан материалдарга, аны камоого алуу жөнүндөгү буйруктарга, адабият, искусствого байланышкан каттарга арналган. Ал эмес камырдан жасаган шахматы да бар. Кыскасы музейде анын өмүрү, чыгармачылыгына байланышкан кызыктуу материалдар орун алган. Учурда музейге мектеп окуучулары, адабиятты, искусствону кадырлаган адамдар же жөн эле Токомбаевдин



чыгармачылыгын сыйлаган адамдар үзгүлтүксүз келип турат» деп эскерди.

Журналисттин «Атаңыз кандай адам болгон эле, анын эки жылдай камактагы мезгили жөнүндө жана акындын таланты балдарына ооштуубу?» деген суроолоруна Тамара Аалыевна мындайча жооп берген: «Биздин үй-бүлөдө,-дейт ал,-атамдын кадыр-баркы талашсыз чоң эле. Биз кайсы бир маселе боюнча талашып-тартышып калганда буга атам эмне дээр экен деп турчубуз. Өзүнүн каттуулугуна карабастан ал маселени бизге түшүндүрүп айтып, боорукердик менен мамиле жасачу. Биз да көп маселелерде атамдын айтканы менен болчубуз. Анан атам таланттуу адамдарды өтө баалайт эле. «Аалыке», деп атама көбү кайрылышчу. Ага таланттуу, шыктуу, ыр жазган жаштар да келип турушчу. Аларга насаат айтып, жардам бербегендери аз эле болсо керек. Акын Алыкул Осмонов өзүнүн өмүр баянында «Эгерде ошондо Аалы Токомбаев мага жардам бербегенде, мен анда кайра айылга кетип калат элем» деп көп чекит койгон. Мындай мисалдар көп. Материалдык жактан өтө муктаж жаш таланттарга да ал кол кабышын эч чектеген жок. Бир курдай ал өзүнүн «Кандуу жылдар» аттуу романына тийген калем акысын (гонорар) жаш акындардын китебин чыгарууга жумшап ийгенин билем. Ошондо биз деле жыргап жаткан жок элек.

Баса, атамдын чыгармачылык иштеринин илгерилешине апам көп жагынан жардам берчү. Ал атамдын биринчи сынчысы эле, анын секретарь-машинисткасы да болчу. Ал эми атам 2 жыл бою камакта олтурган учурларында үйдүн кичинелери болгон мени менен Тарас атамды аябай сагынчу элек. Бирок өзгөчө эң кичине сүймөнчүк уулу Улан көбүрөөк чыргоолонуп, кусаланып жүрдү. Бир жолу биз түрмөгө атама кабар алганы барганда кичүү уулу түрмөнүн жанындагы бийигирээк секичеге чыгып алып «Ата, сен мени угуп жатасынбы? Бул мен Уланмын»,-деп кыйкырган. Анда

атам абактын ичинде олтуруп уулунун добушун уга алган эмес, бирок, уккандар ага айтышкан экен.

Айтмакчы, атамды камакка алган учурда бийликтегилер апамды партиянын катарынан чыгарышып, иштен бошотуп, жашаган квартирасын да алып коюшкан. Бул эле эмес кийинчерээк 50-жылдарда аны дагы улутчул деп күнөөлөгөндө теңтуштарыбыз, классташтарыбыз бизден чочулап, четтеп жүрүшкөн, мектептеги мугалимдерге, менин курбуларымдын ата-энелерине да бул улутчул адамдын баласы, ага көп жакындабагыла деп айтышкан. Бирок, биз барибир атамдын кандай адам экенин билчүбүз, аны менен сыймыктанчубуз.

Устат акындын кызы Тамара Аалыевна андан аркы суроого сөзүн улап: «Биздин үй-бүлөнүн эң кичүү баласы Улан Токомбаев акын, сценарист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, ал атамды жолун улантуучусу болгон. Улуусу Карлен техникалык илимдеринин доктору, ортончусу Тарас полковник, аскер адамы, юморлуу ангемелерди жаза коет, убакты сааты болгондо. Ал эми мен эч нерсе жазбайм, ырдабайм. Көп жылдык мугалимдик иштеримдин үзүрү менен «Элге билим берүүнүн отличниги» болдум. Бул кезде атамдын 100 жылдыгына карата анын «Токтогул» деген романын жана лирикалык ырларын өзүнчө китеп кылып чыгарууну көздөп, илимдин доктору, профессор Качкынбай Артыкбаевдин жетекчилиги менен иш алып барып жатабыз»,- деди.

Кыргыз Совет адабиятынын баштоочуларынын бири, залкар талант Аалы Токомбаевдин ырлары, прозалары, пьесалары дайыма окурмандардын сүйүктүү чыгармаларынан болуп, акындын экинчи өмүрү катары жашай берет. Ал «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деп таамай жазып кеткендей, анын талантын, эмгегин кыргыз эли ар качан баалайт, унутпайт, эскерет.

**2004-жыл. 6-ноябрь,**



# ЗАЛКАР СҮРӨТЧҮ, БЕЛГИЛҮҮ ИНСАН



Гапар
АЙТИЕВ

**Кыргыз журтчулугуна белгилүү инсан, Ош шаарынын ардактуу атуулу, маркум Бөпө Каримова өз учурунда залкар сүрөтчү Гапар Айтиевди жакшы таанып билген, анын талантына таазим эткен, чыгармачылык маанайда пикир алышкан адамдардын бири болгон. Мен Бөпө эжеге айтылуу, чыгаан сүрөтчү Гапар Айтиевдин 90 жылдык мааракеси белгиленип жаткан 2002-жылдын ноябрь айында өзү жашаган Ош шаарында жолугушуп, андан кыргыз улуттук профессионал сүрөт өнөрүнүн негиздөөчүлөрүнүн бири, маркум Гапар Айтиев жөнүндө ой бөлүшүүсүн өтүнгөн элем. Кадырман Бөпө эже менен болгон баарлашуубуз шыр эле жалганды.**

- Ал кишини журтчулугубуз жакшы билишет, терең урматташат. Гапар Айтиев кыргыздын тұңгуч сүрөтчүсү, СССРдин Эл сүрөтчүсү, СССР Көркөм Академиясынын мүчө корреспонденти. Сүрөтчүлүк өнөрдү, атайын билимди Москва шаарындагы «1905-жылдын эстелиги» аттуу сүрөт окуу жайында алган. Коомдук ишмер, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2-9-шайланыштарынын депутаты болгон. Анын эмгектери жогору бааланып, 2 жолу Ленин, Октябрь Революциясы, 2 жолу «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендери жана бир канча медалдар менен сыйланган. Гапар акенин тарткан сүрөттөрү Кыргыз мамлекеттик сүрөт музейинде, Третьяков галереясында, Алматыдагы, Львов шаарындагы сүрөт музейлеринде жана башка шаарларда, эл аралык көргөзмөлөргө коюлган. Элибиздин бул улуу сүрөтчүсүн мен мурда эле атын угуп, сыртынан көрүп, тарткан сүрөттөрү менен таанышып жүрсөм да негизинен депутат

болгон жылдарымда, көбүнчө Жогорку Кеңештин сессияларында, чоң-чоң жыйындарда көрүп, жакындан билип калдым. Ал жапалдаш бойлуу, сары чийкил, көзү жүлжүйгөн, бирок кыраакы, ойчул тиктеген адам эле. Ошол кезде Гапар аке Жогорку Кеңештин депутаттар корпусун башкарчу. Тигил же бул актуалдуу маселелер боюнча эл алдына чыгып, көп сүйлөчү. Коомдук иштерге да активдүү катышчу. Узак жылдар бою Кыргызстан сүрөтчүлөр союзуна жетекчилик кылып кыргыз сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнө зор таасирин тийгизди.

Ал өзүнүн бала чагын өткөргөн Түштүк жергесине көп эле келчү. «Туулган жеримди сагынып келем» дечү. Чынында атасы Айти аксакал экөө жокчулуктун айынан ар кимдин колунда иштеп, жаштыгын Ош аймагында, өзү туулуп-өскөн мобу Кара-Суу районуна караштуу Толойкон аймагында өткөрдү (Ал 1912-жылы 15-сентябрда төрөлгөн). Бир курдай Гапар аке 1973-жыл болсо керек, Фрунзе районунда (азыркы Кадамжай) аткаруу комитетинин төрайымы болуп иштеп турганымда Кожоев Сатыбалды деген тууганына учурашканча келип калды. Ошол кездеги партиянын райкомунун биринчи катчысы экөөбүз Гапар аке менен чогуу, коноктоп дегендей бирге жүрдүк. Эл журтту араладык, баарлаштык.

Ошол баарлашууда Социалисттик Эмгектин Баатыры, атактуу пахтакер Өлмаскан Атабекованын портретин тартып жатканын, бирок, анын образын накта жарата албай убараланганын да айтып бергени эсимде. Туз насип буйруп, Фрунзеге (азыркы Бишкек) республикалык бир чоң жыйынга барганымда Өлмаскан экөөбүз анын чакыруусу менен сүрөт мастерскаясында болдук. «Сен Бөпө, карап олтур, эрикпесең» деди. Ал Өлмасканды тургузуп коюп тартып жатты. Өлмаскан чарчап кетип, отуруп алып, сүрөтчү болсо анын сырткы образдуу тиктеп турушун, табигый болушун талап кылды.

Гапар аке нин мастерскаясы чоң, бирок, жупуну, жөнөкөй ар кандай бүткөн да, бүтпөгөн да сүрөттөргө бай экен.



Сүрөтчүнүн иши өтө татаал, түйшүктүү экенин ошондо бир байкадым.

Кийин 1982-жыл болсо керек, Майли-Сай шаарында иштеп турган учурумда Фрунзеге барып калдым.

**- Ошол жылы Гапар Айтиев Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамды албады беле.**

– Ооба, ага чейин ал Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болгон. Ошол учурда мен бир кызык кырдаалга туш келдим. 25-октябрь болуш керек. Убактым боло калып, азыркы Республикалык мамлекеттик сүрөт музейине кирип, баягында Гапар аке тарткан Өлмаскан Атабекованын сүрөтүн көргүм келди. Кандай бүткөн экен деп кызыктым. Тулку денеси менен тик турган табигый, жарашыктуу, сөөлөттүү, эмгекчил, жөнөкөй аялдын турум-турпаты, образы көз алдымда турду. Чынында эле ал бир топ убарагерчилик, эмгек менен тартылбады беле. Ага өзүм да күбө болбодумбу.

Ошондо мага бул музейдин директору учурап, Гапар Айтиевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилгендигин айтты. Өзүм да мейманканага келип, радиодон уктум. Мен кыргыздын туңгуч чоң сүрөтчүсүнүн көп жылдык эмгеги адилет бааланып турганына кубанып, ичим жылып, Гапар акеге телефон чалып куттуктадым. Гапар акени ал күнү Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Турдахун Усубалиев, Казакстандан Динмухамет Кунаев да телефон чалып куттукташканын айтты.

Ошондон көп өтпөй эле Гапар аке аялы Рапита эже менен Ошко келип калышты. Аны Оштун мейманканасынын жанында таяк кармап турганын көрдүм. Мурда эч таякчан жүргөн эмес. Ал кезде деми кыстыгып, ооруп жүргөн экен. Мен Гапар акени байбичеси менен үйгө конокко чакырдым. Анда ал «Барайын, үйүң канчанчы кабатта» деп сурады. Мен «экинчи» десем, анда «Капа болбойсуң, мен бара албайм»,- деди ден-соолугун айтып. Анан өзү мени Төлөйкөндөгү

Сатыбалды деген тууганыныкына бирге барып келүүнү суранды. Бардык, анын тууганы бизге чай берип, үй-бүлөсү менен сыйлады. Улуу сүрөтчүнүн сөзүн уктук, баарлаштык.

Айтмакчы, ошол күндөрү ал партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы Ренат Саттарович Кулматовдун кабыл алуусунда боло албай 3-4 күн убара чеккендигин бизге байбичеси айтып берди. Көрсө, Гапар аке Төлөйкөндөгү атасынын үйүнүн ордуна өзүнүн үй музейин куруу жөнүндөгү маселе менен кайрылмакчы болгон экен. Бул маселе убагында чечилбей, анан ал кишинин көзү өтүп кеткендигине байланыштуу аткарылбай да калды.

Ошол Төлөйкөндөгү тууганынын үйүндө олтурганыбызда кеп арасында Гапар аке биздин өтүнүчүбүз менен Ата-Мекендик Согуш мезгилиндеги бир эпизоду сүйлөп берди.

«Мен согуш башталган күндөн тартып эле өз ыктыярым менен майданга барууну чечтим, арыз жаздым. Аскерге чакырылгандар поезд менен Ташкенге келдик. Ал жерде биз 10-15 күн шартка байланыштуу токтоп туруп калдык. Ошол жерде мен Ташкенде жашап, иштеп калган эски досум, Өзбекстандын сүрөтчүлөр Союзун башкарган чоң сүрөтчү Урал Тансыкбаевге учурап калдым. Ал мени көрүп калып: « Чыгармачыл адамдар согушка барбасын деген жогорку жактын Указы бар го, сен калышың керек. Өзбекстанда бардык искусство, маданият, адабияттын өкүлдөрү бронь менен калып жатат»,-деди. Согуштан мени алып калу аракетинде болуп, дароо Өзбекстандын Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Усман Юсуповго чыккан экен. Эртеси Усман Юсупов өзүнүн жардамчысын жөнөтүптүр. Ал мени «Гапар Айтиев» деген ким деп вагондон вагонду кыдырып жүрүп, издеп таап «жүрүңүз, сизди Усман Юсупов чакырып жатат»,-деди. Мен таңкалып, бардым, эмне болуп кетти дедим ичимде. Мындай чоң кызматтагы киши менен бирде-экиде болгон эмесмин. Тааныбайм дагы. Эшикти ачып кирсем, көз алдымда ушунчалык бакубат чоң адам турду.



Өзү гимнастерка кийген, бутунда өтүгү бар. Келип эле мени кучактап бооруна басып, көрүшүп, «олтуруңуз»,-деп колтугумдан жөлөп келип, олтургучка олтургузуп сүйлөшүп калды. Ал «Гапаржан, мен Сизди билем, Урал Тансыкбаев мага көп айткан, Сиздин сүрөттөрүңүздү да көргөнбүз. Биз бир Ферганалык болобуз. Өзбек-кыргызбир эл, бир журт. Мен Кыргызстандын жазуучуларын, акындарын, артисттерин жакшы билем. Художниктердин, жазуучулардын бардыгы армияга кетип жатканын угуп аябай капа болдум. Алар кайра келеби да келбейби. Согуш деген согуш, ал эми Сиз барсаңыз, көп болсо 2 немисти өлтүрөрсүз, балким андан да көп иш кыларсыз. Бирок, бул жерде сиз көп пайдалуусуз. Калыңыз. Кааласаңыз, Ташкенде калыңыз, сүрөтчүлөр уюмун башкарып бериңиз»,-деди. Ошондо мен ага терең ыраазы болуп, «Усман аке, мээрмандыгыңыз үчүн Сизге катта ырахмат. Өзүмдүн кыргыз элим, жерим бар, мен ошол жерге керекмин»,-дедим. Ал: «Патриот экенсиз. Мардана жигит экенсиз. Сизге оофарим, согуштан сак-саламат кайтып келиңиз. Сизден өлүм алыс болсун, октор Сизди айланып өтсүн. Кайта келгенде Ташкенге келиңиз, сизди Ташкенттин художниктери күтүп алат»,-деп мага ак тилегин билдирип узатты.

– Согуштан кийин келгениңизде ал киши менен учурашып, же байланыша алдыңызбы? Ошол учурларды эске сала кетсеңиз,-дедим.

– Согуш талаасында 1941-жылдан 1943-жылдын башына чейин немецтик баскынчылар менен салгылашып, аларды Берлинди көздөй кубалап, кайтарган кезде мен жарадар болуп өз элиме кайттым. Бирок Усман Юсуповго бара албадым. Кийин, оо бир топ мезгилден кийин кесиптеш досум Урал Таңсыкбаев аркылуу «Мен дагы Фергана өрөөнүнөн болгонуна сыймыктанам. Усман Юсупов агадай адамдардын болгону ушунчалык эргитип, төбөңдү көккө жеткирет экен. Ал кишиге чоң салам айтыңыз. Менин ыраазычылыгымды билдирип коюңуз,-дедим. Бирок Таңсыкбаев аны айттыбы жокпу

кабарын кайта ала албадым. Анткен менен Усман Юсупов ага менин жүрөгүмдө, эч унута албайм, өмүр бою сакталып калды»

Бөпө эже андан ары сөзүн мындайча улап жыйынтыктады: «Гапар аке өз элинин чыныгы уулу, аны кайсы жерде болбосун улуу-кичүү сыйлап, урматтап турушчу. Өзү да жетимчиликтин, жокчулуктун азабын көп тарткан эмеспи. Ал кичипейил, боорукер, адамга камкор, талантты жогору балаган инсан эле. Залкар сүрөтчү Гапар Айтиев абабыздын нар көтөргүс мыкты сүрөттөрү, скульптуралары ар дайым элдин эсинде, көз алдында турат.

**2002-жыл. 23-ноябрь.**



## "АВАЗЫ КЕРИМДИН НУРДАНАТ, ЖАЙЛООНУН ЖАЙДАРЫ ТАҢЫНДАЙ".

**Сооронбай Жусуев**



К.Турапов

Жашыл төр, шар аккан тунук, көк кашка дайрасы бар тоо койнундагы чакан кыштакта төрөлүп-өскөн, балачагынан эле айылдык ырчы, атасы Ырсали аксакалдын өнөрүн эш тутуп, ырга, музыкага дилгир чоңойгон бала Керим-бүгүнкү күндө даназасы далайга кеткен, чоң таланттуу, булбул үндүү элдин белгилүү ырчысы. Анын музыка жаатындагы сиңирген зор эмгеги жогору бааланып, ал Кыргыз Республикасынын Эл артисти (1995-жыл), Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын, ошондой эле Ч.Айтматов атындагы эл аралык сыйлыгынын жана эл аралык «Руханият» сыйлыгынын лауреаттыгына татыктуу болду. Калк арасындагы кадыр-баркы өстү, абрөю көтөрүлдү. Көп кырдуу чыгармачылыктын бийик ашууларына чыкты, талантын таптап, бүлөп өстүрдү. Бирок чыныгы талант, өнөр адамы эч качан жеткен чектерине, ийгиликтерине канааттанып, токтоп калбайт эмеспи. Анын сыңары Керим Турапов да бул күндө чыгармачылыгынын жаңы жээктерин ачып, өз репертуарын таланттуу чыгармалар менен байытып, өнөрдүн алдыдагы ашууларына, бийиктиктерине канат сермеп турган кези.

Жакында элибиздин сүйүктүү ырчысы өзүнүн туулуп-өскөн, алтын балалыгын өткөргөн, республикабыздын экинчи борбор калаасы Ошто чыгармачылык гастролдо болду. Жекече чоң программадагы концертин берди. Бир учурда өзү окуган Ош шаарындагы Ниязалы атындагы музыкалык окуу жайына

келип, билим-тарбия берген агай-эжекелерине, жаштарга жолукту.

«Мен айылымдагы Эркин-Тоо орто мектебинде окуп жүргөн учурумда эле оболу аккордеон, кийин комуз үйрөнүп, музыкага, ырдоого бүт ышкымды кое баштадым. Менин музыкага болгон шык жөндөмүмдү өркүндөтүүгө музыкалык окуу жайдын чоң таасири тийди. Бул үчүн мен мугалимдериме терең ыраазы- чылыгымды билдиремин»,-дейт ал.

Керим Тураповдун гастролдогу таасирлери жөнүндө кеп салардан мурда окурмандарыбызга анын өмүр таржымалы, чыгармачылыгы тууралуу азын-оолак соз айтууну ылайык көрдүк.

Ырчылык таланты менен КМШ өлкөлөрүнөн сырткары да Германия, Франция, Италия, Бельгия, Голландия, Швеция, Турция, Дания, Исландия, Корея, Кытай, Монголия, Пакистан, Индия сыяктуу көп өлкөлөрдүн театралдык чоң залдарында ырдап, обон созуп миңдеген көрүүчүлөрдүн жүрөгүнө сыйкырдуу музыка, ыр тартуулап, кубанычка бөлөгөн Кыргыз Эл артисти Керим Турапов Кара-Суу районундагы тоолуу Кызыл-Суу айылында 1959-жылдын октябрь айында төрөлгөн. Орто мектепти аяктагандан кийин Оштогу музыкалык окуу жайында окуп, андан соң Советтик армиянын катарында кызмат өтөгөн. Аскердик кызматты аяктап келгенден кийин ал борбор калаабыздагы Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтунда билим алган. Институтту бүткөндөн соң республикалык телерадио компаниясынын алдындагы симфониялык оркестр-инин солисти болуп эмгектенди. «Менин чыгармачылыгыма багыт берген, жетилишиме жол көрсөткөн агай-эжейлеримди дайыма сыймыктануу менен айта алам. Алар СССРдин Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, дирижер Асанкан Жумакматов жана Кыргыз Республикасынын Эл артисти Дарыйка Жалгасынова. Бул инсандар мага өздөрүнүн өрнөктүү



иштери, акыл-насааттары менен көп нерселерди үйрөттү»,-дейт ал баарлашууда.

Ал ырчылык өнөрүн андан ары өркүндөтүп, кыргыздын элдик ырларын А.Огонбаев, М.Баетов сыяктуу улуу устаттардын, А.Малдыбаев, М.Абдраев өңдүү композиторлордун, Р.Абдыкадыров, А.Керимбаев, Т.Казаков, И.Аманбаев жана башка белгилүү ырчы, обончулардын эл сүйгөн чыгармаларын чебер аткарууга жетишип, кыска мезгилдин ичинде Ала-Тоо аймагына аты белгилүү өнөр ээси катары жакшы таанылды. Ошол эле мезгилде ал табият тартуулаган уккулуктуу тенор үнү менен көптөгөн опералык спектаклдерде ырдап, талантынын жаңы кырларын ачып такшала берди. Айтсак, В.Власов, В.Фере, А.Малдыбаевдин «Айчүрөк» операсында Күлчөронун, «Манаста» Сыргактын, Ж.Каныметовдун "Ак Мөөр» операсында Болоттун,

Ж. Вердинин «Травиатасында» Алфреддин, П.И.Чайковскийдин «Евгений Онегининде» Ленскийдин арияларын жогорку профессионалдык чеберчиликте аткарып, музыка сүйүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк тапты.

Кийинчерээк Пуччинининин «Богема», Вердинин «Риголетта», Чилеанын «Арлезианка» операларында аткарган ариялары менен оз репертуарын байытты. Орус жана Италия элдеринин ырларын ошол элдин тилдеринде уккулуктуу, жагымдуу аткарганда кучагы гүлгө толуп, көрүүчүлөрдүн кайра-кайра кол чабуулары көпкө басылбай турчу.

Дагы бир айта кетчү сөз, Керим өзү да туулган жерге, ата-энесине болгон сагынычын, кумарын сыртка чыгарып «Туулган жерди сагынуу» деп ыр жазып, обон чыгарды. Чын жүрөктөн чыккан сөз-жүрөккө жетет тура. Бул Керимдин ыр дүйнөсүндөгү эл сүйгөн жагымдуу, мыкты чыгармаларынын бири болуп калды. Демек, Керим аткаруучулук шык жөндөмү менен катар ал өзү дагы ыр, обон жаратууга жөндөмдүү экенин таасын көрсөтө алды. Ошентип, ал ыр жандуу атасы Ырсалинин өнөрүн, режиссер, жазуучу, агасы КР маданиятына

эмгек сиңирген кызматкер Сатыбалдынын искусстводогу чыйырын улап, аны даңгыр жолго айлантты. Кийинчерээк К.Турапов А.Малдыбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык опера жана балет театрына солистикке чакырылат. Соңку жылдары ал чыгармачылыгын, талантын өркүндөтүү менен катар маданий жана коомдук ишмер катары да элге таанылды. Керим зор ишеним менен Токтогул атындагы улуттук филармониянын башкы директор -лугуна дайындалды. Бул кезде филармониянын түмөн түйшүктүү, ары жоопгуу ишин аркалап, жаштык жигер менен үзүрлүү эмгектенүүдө.

Керим Турапов студент кезинде арзышып баш кошкон жубайы (ал да музыкалык окуу жайын бүтүргөн) Салия менен Канат жана Айтурган аттуу эки перзентти тарбиялап өстүрүшүүдө. Уулу Канат Кыргыз Улуттук Мамлекеттик Университетинин студенти, кызы Айтурган Бишкектеги М.Абдраев атындагы мектептин бүтүрүүчүсү. Ата жолун жолдоп ыр жандуу, фортепианодо чебер ойноп, музыкалык мектептер арасында өткөн кароо-конкурсунун жеңүүчүсү. Президенттик стипендиянын ээси.

XXX

Керимдин туулган жерине, элге болгон кадыр-баркы анын жакында Ошко өзү жетекчи болуп иштеп жаткан Кыргыз Улуттук филармониясынын Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестринин 35 адамдан турган чон чыгармачылык жамааты менен келген гастролунда дагы бир жолу ачык-айкын көрүндү. Ош кыргыз драма театрында анын солоконцерти чоң ийгилик менен өттү. Ал өзү эле ондон ашык мыкты ырларын дүркүрөгөн кол чабуулардын астында аткарып, көпчүлүктүн ырга, музыкага болгон кумарын кандырды, ыраазычылыгына ээ болду.

Бул күнкү концерттин алдында Керимге Ош мамлекеттик университетинин ардактуу профессордук наамы ыйгарылды.



«Көптөн бери биз финансылык тартыштыкка байланыштуу филармониянын мындай чоң тобу менен өлкөбүздүн аймагын кыдыра элек эле. Буга чейин биздин чыгармачыл топ Ысык-Көлдө, Нарында, Жалал-Абадда, Баткенде болду. Көрүп турасыздар бүгүн Оштобуз. Бул чыгармачылык сапарыбызды быйыл өзүнүн түзүлгөндүгүнүн 80 жылдыгын белгилеп жаткан Республикабыздын ички иштер министрлиги колдоого алды. Аларга чоң ыракмат, биздин өтүнүчүбүздү аткарды»,- дейт Керим Турапов.

**-Чыгармачылыгыңыздагы эң эсте каларлык күндөр жөнүндө айтып бериңзчи деген суроого ал:**

-Ал күндөр менин эсимден алигиче кете элек,-деп сөз баштады, -1989-жылы компартиянын 1-катчысы Абсамат Масалиев баш болгон делегациянын катышуусунда Москванын Кремлинин чоң залында концерт берип жатканбыз. Ар бир солист сахнада бир гана жолу ырдоого тийиш эле. Тартип катуу. Менин бул атактуу концерттик залга биринчи келишим.

Мага кезек келгенде Москвалык көрүүчүлөр дүркүрөтө, токтоосуз кол чабышып, кайра кайра чыгарышты. Ошентип ал концертте көпчүлүктүн өтүнүчтөрү менен 5 жолу чыгууга туура келди. Ошондо маданият министрибиз Акун Токтосартов сахнанын артына жүгүрүп чыгып: «Токтот Керим, болду, мейли суранышса», – деп катуу айтып токтоткону алигиче эсимде. Анан арадан 7 жыл өткөндөн кийин, 1996-жылы тагдыр буйруп Кремлдин ошол Георгий залында КМШ өлкөлөрүнүн Президенттеринин катышуусундагы чоң концертте болдум. КМШнын курамына кирген ар бир республикадан бирден гана артист чыгып, бирден номер аткара турган болду. Ошондо мага кезек келгенде Россия Президентитин оркестринин коштоосу менен Ж.Вердинин «Герцог» операсынан Герцогдун ырын аткардым. Ошол номерди да эл, көрүүчүлөр, мактангандай болбоюн, көпкө-көпкө кол чаап, жакшы баалады.

Ооба, Кыргыз опералык музыкасы менен вокалдык классикалык чыгармалардын чебер аткаруучусу, уникалдуу, таланттуу Керим Тураповдун ошондогу президенттердин катышуусундагы аткарган ырын уккан ар бир көрүүчү ыраазы болуп, кубанычка бөлөнгөн.

«Сиздин белгилүү, таланттуу ырчы болуп жетилишиңизге, тарбияланышыңызга кимдин таасири чоң?» деген соболго Керим эч тартынбастан туруп эле «Мен дагы бир жолу айтам, мени студенттик кезимде колдон жетелеп, музыканын чоң дүйнөсүнө алып чыккан устатым Асанкан Жумакматовдон сырткары да, Болот Миңжылкыев жана Ташкентте окуган үнү бас, сейрек таланттуу ырчы Владимир Иванович Муковников деп билемин. Владимир Ивановичтин классына туш келип, колунда 5 жыл окудум, көптү үйрөндүм, тарбияландым. Жөнөкөй, адамгерчиликтүү инсан да, таланттуу педагог катары да ал дайыма менин терең урматтоомдо кала берди, вокалдык ыр искусствосу деген эмне экенин мен ошол устатымдан билдим. Ал эмес ал улуу башын кичүү кылып, мендей жөнөкөй студентти үйүнө чакырып, меймандаган күндөрү да көп болду. Кийин ал киши Францияга кетип иштеп жүрдү. Көзү өткөндө ал жерден сөөгүн Бишкекке алып келип коюшту»,- дейт ал агайын эскерип.

Ошол күнкү Ош шаарындагы жолугушуу кечесинде Керимге өзү окуган Ниязаалы атындагы музыкалык окуу жайдын студенттери, мугалимдери, өзгөчө музыкалык окуу жайдын директору Токон Чалапинов, курсташы, окутуучусу Рахман Матиев жана башкалар терең ыраазычылык менен ага жакшы каалоо-тилектерин айтышып, Керим Турапов менен сыймыктанарын билдиришти.

Ошентип, чоң таланттуу ырчы өзүнүн «жылаңайлак, чырпык ат минип, жылгалардан тунук суу кечип» жүргөн, туулган жерине болгон сагынычын касиеттүү Ош шаарындагы күндөрүндө таркаткандай болду. Жандүйнөсүн Ата-Журтуна болгон тунук сүйүү сезимдерине, чыгармачылык эргүүлөргө



байытып, Бишкегим деп кубулжута ырдап жүргөн сүйүктүү борбор калаасына кайтты.

Макалабызды Кыргыз Эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Соорoнбай Жусуевдин Керимге ыроологон төмөнкү ыр саптары менен аяктамакчыбыз.

Авазы Керимдин нурданат,
Жайлоонун жайдары таңындай.
Жайкалган көктөмдүү кең төргө,
Жарашкан апакай айылдай.

**2004-жыл .4- ноябрь,**

Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ:

# «КИШИНИН ИЧКИ ЖАН ДҮЙНӨСҮ, КӨРКӨМ ТУЮУЛАРЫ КИТЕП ОКУГАНДА ГАНА БАЙЫЙТ, ТАЗАРАТ».



К. Жусубалиев

**Көбүбүз жакшы билген, тааныган элибиздин таланттуу жазуучусу Кубатбек Жусубалиев Бишкек калаасында иштегендигине карабастан туулуп өскөн кичи мекени Алай районундагы Кердегей айылына байма-бай каттап турат. Чыгармачылык азыкты да көбүнчө ошо киндик каны тамган тоолуу айыл жеринен алаарын анын жазган аңгеме, повесттерин окуганда баамдап калдык. Кээ-кээде чыгармачылык жамаат дейби, жакынсыратабы бирин-экини досторуна учурашып коеюн дейби, айтор, Ошко түшкөндө редакцияга баш-багып өткөн-кеткенден кеп салып жадырап-жайнап баарлашып калган учурлары болот.**

**Баса бул жолку келишинде Кубатбек акени тааныган билгендерибиздин баары эле жаңыдан жарык көргөн китеби менен куттуктадык. Жазуучунун «Сабырдын түбү сары алтын» деп саргара күтүп жатып, жарык көргөн «Муздак дубалдар» аттуу китеби жакында жумуриятыбыздын адабият басмасынан жарык көрдү. Ага китебине аты уйкаш романынан башка да бир канча аңгемелери, повесттери сыйдырылган.**

**Кыргыз адабиятына адепки «Күн автопортрет-ин тартып бүтө элек» повести менен эле өз үнү, өз стили, өзүнчө ой жүгүртүүсү менен келген калемгер К. Жусубалиевдин ушул сапар бизге учурап калышында жайынча олтуруп кепке тарттык эле, ошону ичте сактап калбай ортого салалы.**



**-Кубатбек аке, бир суроо берейин, капа болбойсузбу? Эл арасында жүрбөйбүзбү, сиздин жазган айрым аңгемелериңиз, повесттериңиз, ал эмес учурда жарык көргөн китептериңиздеги роман, повесттериңизди бирөөлөр «О, укмуш» деп мактаса, башка бирөөлөр окуп түшүнбөдүм, аягына чыга албай таштап койдум, мага жакпады деп кескин сындарды айтышат. Мындай ой-пикирлердин айырымдары мүмкүн сиздин кулагыңызга да жеткендир. Буга карата сиздин оюңуз кандай?**

–Мен айтар элем, адамдардын өздөрүнүн айлана-чөйрөсүнө, жасаган мамилесине, билимине, маданият-ына, ички дүйнөсүнө ылайык көз карашы, түшүнүгү болот. Окуп түшүнүшпөсө, мен айтар элем алар али өздөрүн-өздөрү ача электиги, өзүнө, ички дүйнөсүнө карабагандыгы деп, китепке олуттуу мамиле жасап, астейдил окуса айтар ойдун учугун табат, түшүнөт. Тиши чыккан балага, чайнап берген аш болбойт. Бирок, биз пендечиликте көр оокат деп жүрүп көбүнөн калып жатпайбызбы. Балакет ушунда. Дарактай эле барпайып, маданият деп галстук тагып жүрө берсек калып кетебиз. Ички дүйнө менен сырткы дүйнөнү бириктирүү, гармонияны түзүү өтө татаал нерсе. Себеби биз көптөгөн «изимдер» менен жашадык. Ошолор биздин сезимди, акыл-эсти тарбиялады.

Өзүбүздүн эле кыргыз адабиятыбызды алалычы. Жетимиш жыл бою ноктолуу жүрдүк. Биздин саясат, коммунисттик идеологиябыз адабият чыгармачылыгы на эркиндик берген жок, чындыкты жашырып айта албадык. Ой жүгүртүүбүздү чектеп, темир торго, бир калыпка салып койду.

Кантсе да жазма деген жазма. Мен айтар элем, кылымдардан бери келаткан оозеки адабиятыбыз таза, чоң маданиятка ээ. Окуңузчу «Манасты», жүрөктөн жүрөккө жетет. Жасалма, түзөлмө эмес, Саякбайдын «Манас» айтканын

уктуңузбу? Жан дүйнөңүз тазаланат, кеңеет. Ошондой адабият деген чоң дүйнө, кең дүйнө, үкөм. Ага сүңгүп кирели.

**- Кайрадан эле адабият боюнча соболум, ыр жазуунун миң алакети, машакаты, түйшүгү бар. Төгүлгөн талант керек. Ансыз жан дүйнөнү жашарткан жаркын ырлар оңой менен жарыкка келбейт го. Сиз чоң прозаиксиз, ошон үчүн жазуучулук жагдайда да кандай пикирдесиз?**

– Мен кийинки учурда «Асаба» гезитинин серепчиси болуп жүрбөймүнбү. Ошондон билем, редакцияга ыр жибергендер көп. Ондоп, жүздөп келет. Ойлоп кетем. Кыргыздын баары эле ыр жазып жүрөбү деп, жаза беришсин. Ыр жазган киши таза болот деп ойлойм. Бечара ошол ыр жазгандардын көңүлү, жаны таза, жаза беришсин. Арасынан жакшы акындар чыгат. А прозанын иши өтө оор. Жан этиңди жеген өтө оор жумуш. Тынбай олтуруп иштеш керек. Жеңил, жөнөкөй, жакшы жазуу үчүн өтө чоң чебердикти, талантты талап кылат. Таланттуу киши гана татаалды жөнөкөй жазып бере алат. Ошонун өзү да чоң маданиятты талап кылат. Окуган менен эле адам маданияттуу болуп кетпейт. Көп окуганды да аш кылыш керек. Анын өзү көп эмгекти, ойлонууну талап кылат. Азыр менде көп жылдардын тажрыйбасы болсо керек, татаал нерселерди да жөнөкөй эле жазып коем.

**– Чоң маданият дегениңиз?..**

– Илгери Будда деген пайгамбар айткан «адам болуш кандай кыйын», деп муңканып, зарланып айткан экен. Анын сыңары адам болуу деген сөз абдан кыйын нерсе. Адам болуу деген чоң маданиятка жетүү деген. Айтматовду же Фолкнерди окуп коюу менен эле маданиятка жетүү кыйын. Ички, тышкы гармония, биримдик керек. Көп нерсени окуп, көп нерсени үйрөнүү керек ал үчүн. кудайды да таанып жүрүү керек. Биреөлөр байыганда, даңкка жеткенде кудайды унутуп коет.

**–Кубатбек аке, сизге дагы бир собол. Учурда мурда түшүбүзгө кирбеген базар экономикасы азыр биздин турмушка токтоосуз, өжөр толкундай күр-шар болуп кирип келди. Ал, бул деген менен басмага китеп чыгаруу маселесине да өзүнүн олуттуу таасирин тийгизип жатат. Кагаздын баасы асманга чыгып, баягыдай пландагы чыгып жаткан жакшы, жаман китептерге кыйын болуп жатат окшойт. Буга сиздин пикириңиз кандай?**

– Туура, ошондой болуп жатат.Чет өлкөлөрдө жаман китептерди эл сатып албайт. Өзүнөн өзү эле кыскарат. Алар рекламага өзгөчө чоң маани берет. Даңазалуу чоң жазуучулардын өзүнүн басмасы бар. Ошол басмадан гана алардын китептери чыгып турат. Реклама бизге да керек экен. Туура, базар экономика- сы кыргыз адабиятында өзүнүн чоң таасирлерин тийгизери бышык. Чынында, халтуранын жолуна чоң бөгөт болот. Жаман китептерди эл сатып албай калат деп ойлойм. Кагазга байланыштуу баасы да кымбаттайт эмеспи. Мындай шартта бардык эле жазуучуларга кыйын болот. Менин ушул шартта бир кубанганым, оозеки адабиятка, элдик таланттарга Барпы, Жеңижок, Молдо Кылыч өңдүү акындардын чыгармалары элге кеңири жете баштайт. Унутулуп калган элдик оозеки адабият сатууга чыгат. Менин бир кубанганым ушу.

**– Баасы кымбат болсо да…**

– Кымбат болсо да эл аларды сатып алат. Элге жетет, эл окуйт. Менин бир кубанганым ошол.

**-Баса бүгүн барың, эртен жок демекчи. Биз улам өзгөрмөлүү оомал-төкмөл дүйнөдө жашап жатабыз. Анан калса бүгүн экономикалык каатчылык мезгилде жашап жатабыз. Көпчүлүк калайык калк жону катуу жокчулукта чыдап, сабыр этүүдө.**

– А дейбиз, бу дейбиз, үкөм, бүгүн биз эң эле кызыктуу, ушунчалык улуу доордо жашап жатабыз. Мен бул мезгилде баягы таң каракчы деп коебуз го жарым саат айлана түндөй капкараңгы болуп турат. Өткөөл учур, ошол учурга салыштырам. Анан жер жарыйт. Бүт айлана агарат. Ошон үчүн

жакшылыктан эч кол жуубайлы, кыйынчылык бара-бара өтүп кетет.

**– Оптимист экенсиз, рахмат. Эми дагы бир мындай кеп. Басма сөздөрдө эле сизди запкы тартты деп көп эле жазышты окшойт. Сенек доор деген учурубузда бирөөлөр түшүнбөгөндүктөн, чочулагандыктан чыгармаларыңызды баспай, жарыкка чыгарбай басмырлап келди. Эми кайра куруунун, демократиянын арааны ачылган мезгилде анын баарысы артта калды деңизчи. Бирок ал учур сиздин кыйла нервиңизди жеп, жан дүйнөңүздү түйшүккө салды го. Ошон үчүн кечээги күнгө дагы бир кайрылып койбойлубу.**

– Ырасын айтсам, ошол «дем алуу» мезгили мага чоң пайда берди. Көп нерселерди үйрөттү. Көп окудум, көп иштедим. Өзүмдү өзүм жолго салдым. Сөгүп кеткеним жок. Ал мезгилде элчилеп дардаңдап жүрбөдүм. Чыйралып чыктым, куштай болуп калдым. Өзүнчө турмуштун бир чоң мектебинен өттүм.

**– Ушул кезде тоскоолдук деген жок, чыгармачылык жагдайыңыз кандай болуп жатат. Кантсе да шүгүрчүлүк, жарым кылым жашап, тажрыйбаны да топтоп койдуңуз.**

– Иштеп жатам, жазып жатам, эси-дартым окурманга бир дурус нерсе берсем деп. Орусчага өзүм таржымалаган китебим Финляндиядан чыгып жатат. «Жетим жана жесир» деген ат менен кара сөз түрүндө. Анан, башка «Авангардический ырларым» да китеп болуп чыгуу алдында турат.

**– «Асабага» чыккан ырларыңыз эмеспи?**

– Ошолор. Кино жаатында да бир сценарийим боюнча Клара Юсупжанова (жазуучунун өмүрлүк жары–режиссер) толук метраждуу кинофильм тартып жатат. Бүтөйүн деп калды. Айтмакчы, китеп демекчи, мен ойлочу элем, жакшы китеп жазсам эле элдин баары окуйт, тазаланат, көкүрөгү



жаңырат, кубанат деп, көрсө эми ойлосом туура эмес экен. Биз көрсө көп окубайт экенбиз.

**– Көп капаланбаңыз. Кубат аке, окуйбуз. Айтса китеп окууга, көп окууга, окумуштуулардын, элдин айтымында телевизор да көп «мешает» этип жатат бейм.**

– Окуйбуз дегениңер жакшы. Өзүм да бир топ күн Бишкекте болуп келдим. Быйыл убактым болуп китепти көп окудум, көптөн бери мынчалык окуган эмесмин, көп окудум. Мен айтар элем. Чынында жалкоо кишилер китеп окубайт. Жатып алып телевизор көрө берет. Телевизорго туура, этият мамиле жасаш керек. Мен да аны көрөм, жаңылыктардан кабардар болуп турам. Айрыкча балдарга туура тарбия бериш керек. Балдар керектүү гана программаны көрүшсө, ансыз аң-сезимди бузуп коет. Дүйнөлүк чоң окумуштуулар да ушул ойду ырастап жатышат. Менин пикиримче телевизор эч убакта китепти алмаштыра албайт. Кишинин ички жан дүйнөсү, көркөм туюулары китеп окуганда гана байыйт, тазарат.

**– Эми дагы бир сөз, сиз бийлик, мансапка кандай көз караштасыз. Азыр демократиянын мезгилинде адамдар бийлик, «папка» талашканга кызыгып кетишпедиби.**

– Мен өзүм бийлик, мансап дегенден алыс кишимин. Эл башкаруу деген эмне экенин табиятыман түшүнөм. Илгери эле ата-бабабыз бийликтегилерди урматтап келген. Алар беш кишинин башында турган адам ал кудайдын кишиси деп, пайгамбардай көрүп сыйлаган. Азыр деле бечара кишилер сыйлайт, сыйлап эле келатат. Бирок ошол бийлик башындагылар бара-бара бузулуп, жеке керт башынын кызыкчылыгын көздөп кетишти. Кой терисин жамынган карышкырлар көбөйүп кетишти. Жетекчилер андай болгондо элдин турмушу жакырданат. Бечара адамдардын арасында уруш-талаш болот. Пейли бузулат, ынтымак кетет. Жетекчи адам сен орус, сен кыргыз, сен өзбек дебей баарына бирдей карап керек. Бийлик башында тургандар үй-бүлөнүн атасындай болуп, баарына тең күйүмдүү болууга тийиш. Ансыз болбойт. Биздин коомду да өз көмөчүнө күл тарткандар, жана мен айткан чоң маданиятка жетишпеген кишилер бузуп кетти. Бийлик, мансаптын башындагылар эл

тагдырын ойлош керек. Жоопкерчиликти ойлоп, жоопкерчиликти сезиш керек. Мен бийликти ушундай түшүнөм.

**– Кубатбек аке менен маегибиз соңуна чыгып баратты. Дагы эле болсо саясат, пендечилик турмуш жөнүндө кеп салыштык. Ага адаттагыдай салт катары рахмат аңгемеңиз үчүн деп, иштеринде чыгармачылык ийгиликтерди кааладык. А чынында бул жаш баладай жүрөгү таза, ак дилдүү адам менен баарлашсаңыз көр тириликтин көйгөйүнөн арылып, өзүңүз кыйла чыйралып, өзүңүздү жеңил сезип каласыз. Дагы бир ирет бир келген өмүрдүн асыл наркын, баасын туясыз.**

**- Бар болуңуз эмесе, Кубат аке.**

**1998-жыл , 14-март.**



# ТАЛАНТКА ТААЗИМ



Молдо Нияз



Н. Борошев

2000-жыл жергебизге жаңыдан салам берип келген күндөрү байыркы Ош калаасынын маданият, искусство чөйрөсүндө дагы бир жүрөк кубандырган жакшы окуя жүз берди. Андай дегенибиз Оштогу С. Ибраимов атындагы кыргыз драма театрынын алды жагына, көз көрүнөө жерге элибиздин кашкөй таланттары – эки улуу инсаны – кыргыздын кыйырына таанымал XIX кылымдагы жазгыч акындардын башатында турган Молдо Нияз менен кыргыз журтчулугунун чоң устат комузчусу, музыка өнөрүндө опол тоодой эмгеги бар Ныязалы Борошевдин эстелик айкелдери коюлду. Аларды дасыккан скульпторлор Марат Камчыбеков, Токтогул Жумагулов жана Сүйүнбай Ураимовдор жез менен жасашып эл сынына коюшту.

Ырас, ошол салтанат күндөрү биз жур - налисттер бул аталган эки эстеликтин ачылышын оперативдүү, шапа-шупа жазып, кыскача куш тилиндей кабарларды гезит беттерине бердик, жарк-журк эткизип, ары-бери теледен көрсөтүп, радиодон угуздук элге.

Акыйкат үчүн айталы, жок дебейли, кээде бизде таасын айтыла турган орундуу иштер эбелектин отундай бир жарк этип көрүнүп өчүп калат да анын тескерисинче башка бир, тек катардагы көрүнүштөр кайра-кайра чагылдырылып, тартылып, жаркырап көрсөтүлүп жазыла бермейи бар. Андай нерсе арийне, көңүлдү кайт кылат…

Ушул мааниде алганда мобул, айкелдери орнотулган касиеттүү эки аксакалдын элге берген үлкөн эмгектери жөнүндө канча айтсак, ошончо жарашат. Ие алар ошого тете кыргыз элинин көркөм өнөрүнүн, адабиятынын дөө-шаалары болгон.

Экинчи бир чети айкелдери калаабыздын көркүнө көрк берип, терең маани-мазмун, руханий байлык сунуп турган бул залкарлар жөнүндө Батыш маданиятына ыктап калган шарактаган жаштар гана эмес, береги орто муундардын өкүлдөрү да жакшы билишпейт, «ким эле бул бабай» дегендей аларга чочункарап карашат десек ашкере сөз эмес. Шонуң үчүн кийинки муундарга, келаткан жаңы толкундарга улуулар тууралуу кенен-чонон айтып, билдирип турганыбыз ийги бейм. Анда сөз алгач улуулата болсун.

## Молдо Нияз

Кыргыз элинин XIX кылымдагы чыгаан атуулдарынын бири, бийик гуманист, философ, акын тарыхчыларыбыздын ири өкүлдөрүнөн болуп саналат. Молдо Нияз поэтикалык зор эмгектери менен мезгил өтсө да эл арасында унутулбай, өчпөй кадыр-барк, урмат менен жашап келетат.

Кеп башында эле айта кетели. Далилдүү маалыматтарга караганда Молдо Нияз Ош облусунун Кадамжай районундагы Кызыл-Булак айылында 1823-жылы жарык дүйнөгө келген. Ал эми 1896-жылы бул ааламдан өткөн. Ал өз учурунун сабаттуу, молдолугу бар, акындык таланты мол, заманга терең көз жүгүртө алган кыраакы инсан сыпатында Кокон ордосунда таасири болгон. Анжиян, Арка жана Кытайдагы кыргыздарга чейин кыдырып, эл бийлөөчү бектери, бийлери, баатырлары менен учурашкан экен. Ошол эле учурда ал (кыргыз, араб, фарси, эски түрк) чагатай тилдеринде жаза билип, эл арасында кадыр-барктуу инсан, акын болгон. Ошон үчүн бир санатында



Көрдүм жүрүп далайды,
Кара-Тегин, Алайды.
Кашкар менен Кабакты,
Көрдүм эшен, калпаны,
Ат-Башы менен Арпаны, - деп бекеринен ырдаган эмес го.

Айтымга караганда анын өзү жазган кол жазма түрүндөгү 7 китепчесинен биздин колго жеткени азырынча үчөө. Биринчи эки китеп 1957-жылы залкар түрколог-тилчи, академик маркум Б. М. Юнусалиев, ал эми үчүнчүсү 1988-жылда адабиятчы, академик А. Эркебаев акындын кадамжайлык жердештеринин колунан таап, Кыргыз илимдер Академиясына тапшырган. Мында өзгөчө акындын чыгармаларынын тарыхый чоң маанисин чечмелеп жазып, Болот Юнусалиев чоң эмгек сиңирди. Ал XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыз баласы өз колу менен тилинде жазып калтырган Молдо Нияздын поэтикалык чыгармалыры адабиятчы тарыхчылар үчүн гана эмес, жазма эстеликтерибизди изилдеп жаткан тилчилер үчүн да көзгө тутар, бирден бир эмгек болуп каларын белгилеген.

Сөз кезеги дагы бир терең ыраазычылык менен белгилеп айтчу нерсе бир сөзгө алып жактан Молдо Нияздын санаттарынын өзүнчө баш сөз менен китеп болуп чыгышына, ("Молдо Нияздын санат дигаристтери", "Учкун" басмасы, 1993-жыл, Бишкек шаары) араб тамгасындагы эски жазмадан азыркы тамгага көчүрүлүшүнө белгилүү адабиятчы, акын Омар Соороновдун салымы өзгөчө чоң. Анын баш сөзү менен чыккан китеп Молдо Нияздын эстелик айкелинин коюлушу баарыбызга чоң сыймыктуу иш болду. Улуу талантты бизге дагы бир кадам жакындатып койду.

## Ныязалы Борошев

Байыркы кыргыз элинде карытып келаткан байыркы кыргыз элинде мыкты, чебер, комузга жан киргизген таланттар көп болгон. Алардын арасында, маркум Ныязалы абабыздын ысмы асмандагы чолпон жылдыздай жанып, арадан канча мезгил өтсө да классик, устат комузчу катары элдин терең сый урматына татыктуу болуп келет. Ал тегин жерден улуу комузчу жана акын Токтогулга таалимчи устат болбогондур. Ошол кыргыз музыкасынын негиз салуучуларынын жана өнүктүрүүчүлөрүнүн ири өкүлү Ныязалы Борошевдин өмүр чыгармачылыгынан бир үзүм. Ал 1856-жылы азыркы Аксы районундагы Кичи-Ак-Жол кембегал үй-бүлөдө төрөлгөн. Атасынын колу жука болсо да ак эмгеги менен жан баккан. Тубаса таланты бар Ныязалыга атасынын комузга шыктуулугу бала чагында чоң таасир эткен. Ал 15-16 жашка келгенде эле айыл арасында элдик ырларды, күүлөрдү аткаруучу катары тааныла баштаган. Анын өздүк репертуары акырындык менен байып өсө берген. Бара-бара чоң комузчулар черткен "Кет Бука", "Ак күмүштүн такыл эт", "Тайчиден тайчи" деген сыяктуу классикалык күүлөрдү чебер аткарууга жетишкен. Өзгөчө ошол кездеги атактуу ырчылар, комузчулар Эсенаман, Эшмамбет, Жеңижок, Бекназар, Жаңыбай, Жолой, Токтогул жана башкалар менен таанышып, бирге эл аралашы анын талант чабытындагы кеңейткен, даңазасын чыгарган. Ал кыргыздардын бардык чоң таланттуу комузчуларындай эле элдик күүлөрдү чебер аткаруу менен катарда өзү да көптөгөн күүлөрдү чыгарып, тарыхта атын калтырган. Айталы, элдик "Ботой", "Шыңгырама", "Камбаркан", "Кербез", "Караөзгөй" өңдүү салт күүлөрдүн учугунан өзүнүн "Ныязалынын", " Мырзы кербези", "Ныязалынын камбарканы", "Ныязалынын ботою", "Ныязалынын караөзгөйү" аттуу күүлөрдү чыгарат. Атактуу комузчунун бул күүлөрү өзүнүн мазмунга бай тереңдиги, угумдуулугу, мукамдуулугу, назиктиги, көркөм каражаттарга өтө молдугу, анан да түркүн ыкмаларды кол



ойното чебер аткарылышы менен комузчулар гана эмес, жумурай журттун алдында зор сый-урматка арзыган. Ныязалы аксакалдын комуз чертүүдөгү чоң чеберчилиги, таланты совет доорунда да өзгөчө өсүп өнүккөн. Маселен, 1936-жылы ал борбор шаар Фрунзеде өткөн бүткүл кыргыз эл шайырларынан түңгүч олимпиадасына катышат. Ошондо ал элибиздин атагы таш жарган музыканттары, ырчылары, комузчулары, менен жолугушат, эски досторун көрөт. Анда Мураталы, Карамолдо, Осмонкул, Калык, Адамкалый, Ыбрай, Чалакыз, Шекербек, эл куудулдары Куйручук, Шаршен жана башкалар болушат. Олимпиадада айтылуу чоң комузчулар күү чертишип, өнөрлөрүн сынашат. Ал сынакта карыя комузчу Ныязалынын таланты калыстар тарабынан жогору бааланып, биринчи сыйлыктын ээси болот. 1937-жылы өткөрүлгөн экинчи олимпиадада да анын таланты татыктуу бааланып, дагы биринчи орун ыйгарылат.

Ныязалынын чыгармалары бүгүнкү кезде чар тарабы өскөн кыргыз музыкасынын өсүшүнө өз үлүшүн кошуп келатат. Анын бай үндүү, уккулуктуу классикалык күүлөрүн композиторлорубуз опералык, симфониялык чыгармаларына пайдаланышты.

Калк жүрөгүнөн түнөк тапкан анын айтылуу "Арсар күүсүнүн" негизинде кыргыз музыкасынын тарыхында биринчи жолу К. Орозов атындагы эл аспаптар оркестри үчүн "Концертино" жазылды.

Заманыбыз залкар комузчусу Ныязалынын ондогон күүлөрү, анын шакирттери жана замандаштары Коргоол, Шекербек, Эркесары, Асылбек, Токтосун, Болуш жана башкалар тарабынан кыргыз радиосунун алтын фондусуна жазылып алынып, эфирден миңдеген угармандардын жан дүйнөсүн байытып, жашартып, рухий азык тартуулап келатат.

Устат комузчу Ныязалы абабыздын залкар таланттуулугу жөнүндө анын замандаштары, изилдөөчүлөр, адистер ар качан терең ыраазычылык сөздөрүн айтып жазышкан. Маселен, белгилүү музыковед Балбай Алагушов өзүнүн "Күү атасы" ("Ала-Тоо" журналы №4, 1969-ж.) аттуу макаласында таанымал комузчу Эркесары: "Комузда колду ойнотуп, түрлөнтүп чертүү

жагынан Ныязалыдай устат экинчи жаралбайт", -деп өтө толкундануу менен эскергенин жазган. Комузчунун чебер аткаруучулугу, шайырлыгы, адамгерчиликтүүлүгү эл арасында көп аңыз сөз менен айтылат. Алсак, Ныязалы абабыз курч бычак менен комуздун кылдарын кыркпай, ар түрдүү абалда чертерин, ошондой эле оң буту менен күү кайрыктарын таңшытканы да Коргоол, Токтогул жана башка ырчылар тарабынан эскерилген, айтылган. Айтор, улуу комузчу жөнүндө айта берсек сөз учугу түгөнбөчүдөй...

Биз кепке алып олтурган Ныязалы Борошев 86 жашында 1942-жылы ааламдан өтүү. Анын кайталангыс уккулуктуу, чебер аткарылган күүлөрү, комузда өзгөчө кол ойнотуп черткен өнөрү кең Ала-Тоо мекенинде, кыргыз журтчулугунда алыска -алыска таңшып, угула берери шексиз.

**Кеп соңунда**

Ошентип 2000-жылдын алгачкы күндөрүндө улуу таланттар Молдо Нияз менен Ныязалынын эстеликтери ордолуу Ош шаарынын көрүнөө жеринен орун алышы – талантты сыйлаган улуу – кичүүнүн ичин жылытып, кубандырып турган чагы. Буга чейин да ОШ калаасында элге эмгеги сиңген, көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлер, жетекчилер – Абдыкадыр Орозбеков менен Исхак Раззаковдун эстеликтери зор салтанат менен орнотулганы баарыбыздын эсибизде. Асыресе, байыркы Оштун 3000 жылдыгын белгилейбиз деп турган чакта мындай эстеликтердин коюлушу, тарыхый да тарбиялык жактан да чоң мааниге эгедер. Кечеги өтмүшүбүздү жакшылап билсек, биз бүгүнкү, эртеңки жашоо турмушубузга сергек, кыраакы карарыбыз шексиз.

Ушул жерден айрыкча баса айтып кетер бир сөз, тегин жерден эч нерсе жаралбайт го. Анын сыңарындай, биз баятан бери ыраазычылык менен сөзгө алып олтурган Оштогу мындай жакшы иштерде ириде облусубуздун жетекчиси Темирбек Асанбекович Акматалиев чоң демилгелүүлүктү, көрсөтүп, жигердүү иш аракеттерди жасагандыгын калыстык үчүн айтып койгонубуз оң.

**2000-жыл, 12-январь. Ош шаары**



**Жолболду АЛЫБАЕВ:**

## «ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТА ЧАРЧАП-ЧААЛЫГУУ ДЕГЕН БОЛБОШ КЕРЕК»


Ж.Алыбаев

Бүгүнкү кезде мүлдө кыргыз журтчулугуна мыкты обончу, мыкты аткаруучу, мыкты дастанчы, керек болсо бирөөлөргө оңойлук менен баш ийип бербеген жону каттуу поэзиянын да тилин жакшы билген, ак, карасын тааныган мыкты акын да болуп эсептелген Жолболду Алыбаев менен чыгармачылык жагдайда баарлашуудан мурда окурмандарыбызга ал жөнүндө бирткe маалымат бере кетүүнү туура көрдүк.

Кыргыз Республикасынын Эл артисти Жолболду Парпиевич Алыбаев 1947-жылы Өзгөн районундагы Зергер айыл өкмөтүнүн 1-май айылында төрөлгөн. Орто мектепти бүтүргөн соң Ош Мамлекеттик университетинин (мурдагы Ош пединститутуу) музыкалык факультетине тапшырган. Жогорку билимге ээ болгондон кийин эмгек жолун өзүнүн туулуп өскөн айылындагы мектепте мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1980-жылы Жалалабад шаарында жаңыдан ачылган маданият техникумунда,кийинчерээк ошол эле шаардагы мамлекеттик университетинин искусство факультетинде окутуучу болуп 2000-жылга чейин үзүрлүү иштеген. Учурда ал ОшМУнун профессору, искусство факультететинде эмгектенет.

Ж.Алыбаев Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана көптөгөн дипломдор менен сыйланып, кароолордун жеңүүчүсү болду.

Үй-бүлөлүү, жубайы Венера айым экөө 5 уул, эки кыздуу болушту.

Каарманыбыз Ж.Алыбаев музыка, ыр дүйнөсүнө эрте келди. Комузду 6-7 жашынан эле чертип үйрөнө баштады. Мектепти окуган кезинде «Манастан», «Эр Табылдыдан», «Курманбек» эпосторунан үзүндүлөрдү аткарып жүрдү. Ошентсе да ал жаш кезинде обончу, ырчы эмес, көбүнчө акын, жазуучу болсом деп самачу. Бирок турмушта баарысы эле адам ойлогонундай боло бербейт го. Ал акын жазуучулукка баш оту менен кирип кеткен жок, анын чыгармачылыгындагы бурулуш онунчу классты окуп жатканда болду. Ошол кезде ыр жандуу Жокебиз (Жолболду) даңазалуу, айтылуу обончу Рыспай Абдыкадыровдун «Түгөйүм» деген ырын угуп калды. Ыр жаш талантка өтө каттуу таасир этти окшойт, дароо эле ырдын текстин таап, ырды жаттап алып, басса турса ырдап жүрдү. «Түгөйүмдүн» комузга обону, ыргактары жакшы келбегендиктен мектептеги баянды сурап алып, аны үйрөнүп ырдай баштады. Ошол эле жылы өзү да ичкилик жөнүндө терме жазып, республикалык кароодо алдыңкы, сыйлуу орунду жеңип алды. Ош МУнун музыкалык факультетинде окуганда ал жерден бир топ жакшы обондору бар, окутуучусу Алымкул Султаналиевдин, анан ал учурда көпчүлүк өнөрлүү жаштарга өрнөк болгон, аны пир туткан Рыспай Абдыкадыровдун ырларын үйрөнүп жүрдү. Р.Абдыкадыров өзү да «Жолболду, менин ырларымды сенчелик аткарган эч ким жок, бирок сен бирөөнү туурабай, өз жолуңду, үнүңдү табууң керек»,- деп ага чын дилден насаатын берчү. Чыгармачылыгы улам өр алып келаткан Жокебиздин биринчи обону 1965-жылы Жолон Мамытовдун «Туулган жер» деген ат менен чыкты. Андан кийин «Караматкан», «Дилбар ай», «Казак кызына», «Кыздар» жана башка көптөгөн обондуу ырларды жаратты. Обондуу ырларынын көбүнүн текстин өзү жазды. 60-70 тей обону китебине да басылып чыкты.

Ошентип Ж.Алыбаевдин өзүнүн үнүнө, айтылуу манерасына, чеберчилигине таандык болгон уккулуктуу обондуу ырлары, термелери улам ыр жандуу кыргыз калкынын



сүймөнчүгүнө айлана баштады. Ошол эл жактырган, сыбызгыган ырлар арийне, Жокемдин арыбаган, талыбаган изденүүсүнүн акыбети эле.

Маектешүү учурунда Ж. Алыбаев «Музыкалык факультетти бүтүп иштей баштаган жылдарымда мен аккордеондо, комузда ойноп, 25 жылдай жакшыбы, жаманбы обон жаратып, ырдап келдим, өнөрүмдү өркүндөттүм. Рыспай акенин мени колдоп, мага айткан насааты, нускоосу да мага өзүнчө шык, дем берип турду.

1985-1990 жылдары өзүмчө төрт-беш жыл тыным алып, эч жакка чыкпай, чыгармачылык изденүүдө жүрдүм. Көпчүлүктүн шары менен жүрө берүүгө болбостугун түшүндүм. Элдик фальклорго, ырларга кайрылдым. Эч кимге айтпай дебей иштедим. Ыр, обон деген керемет нерсе, дүйнө мени жатсам-турсам тынчытпады, дегдетти, талпындырды. Токтогул, Жеңижок, Барпы, Арстанбек, Калыгул, Молдонияз, Нурмолдо, Кетбука сыяктуу улуу акындардын ырларын таап окудум. Коргоол акындын «Сен-сен дүйнө» аттуу көлөмдүү ырын үйрөнүп, элге тартууладым. Не деген таланттар, не деген ажайып ырлар. Окуп гана тим болбой, мен алардын бир тобуна обон чыгарып, өзүмчө ырдай баштадым. Чыгармачылыктын азабы менен бирге ошончулук рахат жыргалы да болот турбайбы. Таңдай каткан чаңкоомду ошол ырлар менен басып турдум. Өзгөчө менин чыгармачылыгыма сейрек таланттуу акын Жеңижоктун ырлары экинчи өмүр бергендей болду. Мага катуу таасир этти. Анын «Көк сулуу», «Балам жок», «Аккан суу», «Жеңижок менен Эсенамандын айтышы», «Турбайбы» деген ырларын кайра- кайра окуп, толкунданып, эргип, аларга обон чыгардым. 1991-жылы Жеңижоктун 130 жылдыгында «Балам жок» деген ырын эл алдында ырдадым».

Улуу акындын бул айтылуу чыгармасы Жолболду Алыбаевдын уккулуктуу, ары муңдуу ыры, арман асырети тексти менен бап келип, көрүүчүлөрдүн көзүн жаштаган, жүрөгүнүн черин жазган, эл аны кайра-кайра суранып

ырдаткан. Аталган ыр Ж.Алыбаевдин көптөн бери тыныгып, эс алып калган шык, демин толкундатып, бийикке канат сермешине күч-кубат берди. Эт жүрөктү, дирилдетип күүгө салган ырдын касиети не менен теңешип, не менен өлчөнөр экен? Жокемдин айтуусунда улуу, таланттуу инсан Жеңижоктун дастандары кулактан кирип бойду алдыго, чиркин!

Эл сүймөнчүгүнө ээ болуп ырлары оболоп, жүрөктөрдөн түнөк тапкан Жолболду Алыбаев менен өз ара сухбатташуубуз уланып атты.

**- Сиздин чыгармачылыгыңызда Барпы Алыкуловдун да Жеңижоктой өзүнчө орду бар эмеспи…**

-Албетте, Барпы улуу акын, чоң талант, классик. Анын ырлары жазма акындардыкындай так, көркөм, таасын, поэтикалык саптарга, ойго бай. Мен биринчи жолу анын элге белгилүү «Мөлмөлүм»деген ырын ыраматылык төкмө акын Токтосун Тыныбековдун аткаруусунда угуп, жаттап эл алдында ырдап чыкканмын. Андан соң Барпы абабыздын «Ак Саткын менен Кулмурза» деген дастанын үйрөнүп, ага обон чыгардым. Мындан башка да «Өзгөчөм», «Мырзайым», «Кош алма», «Айжамал», «Буракжан» сыктуу он-он бештей көлөмдүү терме ырларын түштүктүн мотивинде обону менен ырдап, радиого жаздырдым. Баш аягы өзүмдүн жана улуу акындар -дын ырларын отуз саатка жакын диск пленкага жаздырып радио берүүлөрдүн алтын фондусуна өткөрдүм. Көбү өзүмдүн аткаруумда диске көчүрүлүп, кез-кез телепрограммаларда да көрсөтүлүп турулат. Муну менен ал акындардын ырларына жаңы жашоону тартууладым деп ойлойм. Чынында сиз айткандай менин чыгармачылыгымда Жеңижок менен Барпынын ырлары басымдуу орунду ээлейт. Бул кезде өйдөдө атаган акындардын өзүмө жаккан мыкты ырларын окуп үйрөнүп, ырдап келатам. Чыгармачылыкта чарчап чаалыгуу деген болбош керек. Ошону менен катарда өз үнүмө төп келген кийинки



замандаш, белгилүү обончулардын да ырларын аткарып жүрөм. Алар да менин чыгармачылыгымдын өсүшүнө чоң өбөлгө, таасир этти. Рыспай Абдыкадыровдун, таланттуу обончу, ырчылар Түгөлбай Казаковдун, Асанкалый Керимбаевдин, Абдыкерим Алымовдун, Алымкул Султаналиевдин ырларын көбүнчө комуздун коштоосунда аткарам. Жеке эле өзүмдүн ырларымды ырдай берүү өзүмчүлдүккө жатат. Чыгармачылык адам бир беткей болбош керек».

Жокем көп кырдуу,диапазону кең,өз үнү,өз жолу бар башкаларга окшобогон чоң таланттуу инсан. Ал тууралуу бир эле жолку макалада, же пикир алышууда анын бейнесин, чыгармачылык жүзүн ачып, кең кесири сөз кылуу да оңой эмес. Ал адистердин иши дээр элем. Ошондуктан биздин максат Жолболду Алыбаевдин жалпы чыгармачылыгы жөнүндө окурмандарыбызга учкай болсо да маалымат берсек, тааныштырсак деген ниетте болдук.

Ортодо кеп жалганды.

**-Айтсаңыз биз да сиздин концерттериңизге кээ-кээде барып, угуп билип жүрөбүз. Сиздин чыгармачылыгыңызда өз орду бар, ысымыңызды Кыргыз элине тааныткан, ары бериси 15 жыл мурда жарыкка чыкса да азыр да белгилүү «Чолпонум» аттуу дастаныңыз жөнүндө, анын жаралышы тууралуу өзүңүздөн сөз уксак.**

-Чынында айтылуу бир чыгарманын жарык көрүшүнө кандайдыр бир түрткү өзөк болушу шарт го. Ансыз оозго аларлык, жакшы чыгарманын жаралышы да кыйынга турат деп ойлойм. Мен бул «Чолпонум» аттуу дастанымды дээрлик бир жыл жаздым. Барпы акындын «Мөлмөлүнө» же башка акындардын ырларына окшоп калбасын деп эмгектендим,издендим, окудум. Өзүм текстин жазып,өзүм обон чыгардым. Акыйкат үчүн айтканда мында Барпы менен Жеңижок абаларымдын «Мөлмөлүм» менен «Көк сулуу» аттуу ырларынын кыйыр түрдө таасири бар. Бирок мен алардын

ырларын туурап, көчүрүп алганым жок. «Чолпонумду» өзүмчө чыгармачылык маанайда толкунданып жаздым. Маселен:

«Болсо сулуу мөлмөлүм,
Болгон чыгаар сенчелик.
Булбул үндүү Барпы акын,
Күйгөн чыгаар менчелик

Болсо Аксынын Көк сулуу,
Болгон чыгаар сенчелик.
Жеңилбеген Жеңижок,
Сүйгөн чыгаар менчелик»

деген ыр саптары жазганымда, обонго салып ырдаган да көкүрөгүмө, дилиме келип, шаркыратма сыңары шар агып, төгүлүп турду.

Айтса, «Чолпонум» деген бул дастанымдын башкы каарманымдын турмуштагы аты башка болгон, бирок элде кыздарга Чолпонум деген ат көп коюлуп, элдик атка айланып кетпедиби, ошон үчүн мен да жактырган кызымдын атын Чолпонум деп атадым. Мен Ош мамлекеттик désinstitutunun — 

(азыркы ОшМу) экинчи курсунда окуп жүргөнүмдө көзүм түшүп ашык болгон кыз биринчи курста окуучу. Тагдыр экен ошол кезде биздин жылдызыбыз келишип, күйдүм-сүйдүм дегендей жүрүп баш коштук. Жашообуз жакшы эле. Бирок анын үй-бүлөөсү, айрыкча апасы биздин турмушка көп кийлигишип, каршы болгондугунан улам биз эки жылдай жашаган соң, ажырашып эки башка жолго түшүүгө туура келди. Мен бөлөк адамга баш кошуп, турмуш куруп, Чолпонумду да башкага узатышты.

Бул албетте, турмуштун бир сабагы. Ушул дастандын жазылышына кандайдыр бир деңгээлде таасир этти. Мындан улам чыгарманын жаралышын бир беткей эле кабыл алып, түшүнүү да тура эмес. Менин негизги максатым чыныгы



сүйүүнү даңазалаган, ал аркылуу жаштарды өз бактысы,келечеги үчүн күрөшүүгө, эрктүүлүккө, таза махабатка чакырган чыгарма жаратуу эле, анткени элибизде илгертен эле өз бактысы, таалайы үчүн тайманбай күрөшкөн, керек болсо өмүрүн да сайган, сүйүүгө бек жарлар болгон. Алар жөнүндө белгилүү акын жазуучулар өзгөчө жеткире айтып даңктаган. Эгерде чыныгы,ыйык махабат болбосо Көк Сулууга, Ак Зыйнатка, Алымканга, же Ак Саткын менен Кулмурзага, Олжобай менен Кишимжанга багышталган чыгармалар жаралбас эле го.

**- Жоке, сиздин чыгармачылыгыңызда эң эле эсте калган учурлар кайсылар деп эсептейсиз?**

-Албетте, жүрөктөн чыккан сөз жүрөккө жетет деген кеп бар эмеспи. Менин эсимде 1991-жылы дастан айтуучулардын биринчи республикалык кароосунда мен ушул «Чолпонум» аттуу дастанымды алгач эл астына чыгып аткардым, Ошондо эл,көрүүчүлөр мени сахнадан кетирбей, кайра-кайра кол чаап турушту. Мен кайра дастанымдан үзүндү айтып бердим, андан соң Жеңижок абамдын «Балам жок», «Көк сулуу» аттуу чыгармаларын да өзүмдүн обонум менен ырдадым. Аларды да эл жылуу кабыл алып, кол чабууларын токтотпой турушту. Мага ошол кароодо биринчи орун ыйгарылды. Ошол күн, ошол сааттар менин эсимде көпкө-көпкө сакталып калды. 2003- жылы мага «Кыргыз Республикасынын Эл артисти» деген наам ыйгарылды.

Чыгармачылыгыма мындай ийгиликтер мени колдон алып жетелегендей өнөрүмдү өркүндөттү. Мен андан кийин да ондогон дастандарды, термелерди жаздым, ырдадым. Соңку кездерде санаат, насыят ырларына көңүл буруп аткарып жүрөм. Улуу муундагы акындардын чыгармаларын окуп, жан дүйнөмдү байытып турам. Ар бир замандын өзүнө жараша санаат, насыят ырлары болот эмеспи. Кийинки мезгилде «Гүлайым» деген махабат дастанын, «Арман», «Өмүр» аттуу көлөмдүү чыгармаларды жаздым. Ошондой эле калкыбыздын

кадырлуу инсандары Рыспай Абдыкадыров, Исхак Раззаков, Абсамат Масалиев, Бекмамат Осмонов жөнүндө жана азыркы эркиндик замандагы элибиз жөнүндөгү «Ыңкылап» өңдүү бир топ орошон ойлуу дастандарды жараттым».

Чындыгында чыгармачылыгы улам ташкындап, нечендеген ырларды, дастандарды жараткан улуу акындардын элге белгилүү ырларына жан киргизип, даңазалап ырдап келаткан Жолболду Алыбаев мыкты, эл сүйүп окуган «Чолпонум», «Гүлазык» жана өзүнүн 60 жылдык маарекесине арналган, 5 бөлүктөн турган «Дил азык» аттуу тандамалар ыр жыйнагы менен да өзүн таланттуу акын катары да элге тааныты.

XXX

Акыйкатта, Ж.Алыбаевдин чыгармачылыгы көккө бой керип өсүп жаткан мырза теректей улам шактап, улам бийиктеп жатканы анын залкар төкмө акындыгынан, дастандарды жараткан таланттуулугунан толук кабар берип турат. Жараткан теңирим ар кимге эле мындай сейрек эске тутуу жөндөмдү, көөнөрбөс, шаркыратмадай төгүлгөн шык, талантты атаа кыла бербесе керек. Жокем үчүн бул чыгармачылыктагы чоң бактылуулук деп айтар элек.

Биздин жанатан берки кечки баарлашуубуз соңуна чыгып турганда кабинеттеги радио түйүнүнөн угармандардын суроолору боюнча Кыргыз радиосунун биринчи программасынан Жолболду Алыбаевдин «Чолпонум» аттуу дастаны уктурула баштады. Биз кулак төшөп, тыңдап олтурдук.

Баягыдай дагы эле,  
Жолдон күтөм Чолпонум,  
Батыш, Чыгыш, оң менен,  
Солдон күтөм Чолпонум.  
Күтүп жүрөм Чолпонум,  
Күтө берем Чолпонум,-



деп Жокемдин обологон, мукамдуу, коңур үнү жаңырып жатты. Кудум эле ак жаандай себелеген тунук поэзия, ыр дүйнөсү бүтчүдөй эмес. Ананчы адамзаада барында, жашап турганда ырдын жашоосу токтоп калчу беле. Ал көктөп, бүрдөп өсө берет. Ырсыз бул турмуштун жан жыргаткан ырахаты, жыргалы сезилбей калбайбы!

Ийе, радиодон Жолболду Алыбаевдин биз уккан ыр дастаны- «Чолпонум» жаңырып, ырдалып жатты.

**Эмесе Жоке, жүрөктөн ээ жаа бербей атырылып чыккан ырларыңыз, сааттап айтса түгөнбөгөн дастандарыңыз, термелериңиз дагы да ташкындап, элдин моокумун кандырып, жан дүйнөсүн тазартып, сергитип айтыла берсин демекчибиз.**

**Ырда Жоке, арыбаңыз! Ырсыз жашоо, жашообу!**

**2004-жыл,18-январь.**

**Баатыр ЖАЛИЕВ:**

## "МЕНИН УЛУУ УСТАТЫМ, ОКУТУУЧУМ"



Б.Жалиев

Элибиздин белгилүү инсандарынын бири, чыгаан талант, Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү Баатыр Жалиевдин чыгармачылык ишмердүүлүгүндө улуттук профессионал сүрөт өнөрүн негиздөөчүлөрүнүн башында турган, биринчи кыргыз живописчиси, СССРдин эл сүрөтчүсү, СССРдин Ленин ордендүү көркөм өнөр академиясынын мүчө корреспонденти, КРнын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Гапар Айтиевдин улуу устат катары кам көргөн эмгеги, таалим-тарбиясы өзгөчө зор, баалуу деп айтууга толук негиз бар. Ошол улуу устат, залкар инсан Гапар Айтиев жөнүндө жердешибиз, белгилүү сүрөтчү Баатыр Жалиевдин эскерүүсү тууралуу айтуудан мурда алгач анын өзү жөнүндө окурмандарыбызга кыскача маалымат бере кетсек дейбиз.

Баатыр Жалиев 1935-жылы Кара-Суу районуна караштуу Кашкар-Кыштак айыл өкмөтүнүн Эрке Сары айылында жарыкчылыкка келген. Орто мектепти бүткөн сон 1959-жылы Фрунзе шаарындагы (азыркы Бишкек) көркөм сүрөт окуу жайына кирип, аны ийгиликтүү бүтүргөн. Андан кийин эмгек жолун өз айылындагы мектепте сүрөт сабагынын мугалими болуп иштеген. Кийинчерээк Оштогу көркөм сүрөт мастерскоюнда директор, 1987-1982- жылдары сүрөтчүлөр союзунун Ош облусттук бөлүмүнүн төрагасы болуп, көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенген.



Ал көп кырдуу талант, чебер сүрөтчү. Анын жараткан живопистик, графикалык, скульптуралык жана декоративдик эмгектеринде биздин учу кыйры кен мекенибиз ар тараптан көркөм, кызыктуу, ишенимдүү чагылдырылат. Ар качан чалыкпай, чыгармачылык изденүү менен иштеп келаткан орошон талант Б.Жалиев сүрөт өнөрүндөгү бүгүнкү бийиктикке талыбаган эмгектин, жаратканым тартуулаган шык, жөндөм, таланттын аркасында жетише алды. Анын жүздөгөн мыкты эмгектери эл аралык көргөзмөлөргө коюлду. Көрүнүктүү сүрөтчү агабыздын «Бүгүнкү Ош», «Пахта талаасындагы кеч», «Күз», «Мен туулуп өскөн үй», «Малчылардын майрамы», «Тогуз коргоол», «Өткөн турмуштан» сыяктуу чеберчилик менен тартылган полотнолору искусствонун билермандары тарабынан жылуу кабыл алынган. Б.Жалиев өз чыгармачылыгында дайыма изденүү менен иштеди. Анын эмгектеринде «Сизизим» аттуу табылгасы да өзүнчө сөз кылууга арзыйт.

Баатыр аке өзүнүн улуулук, наркту жүрүм-туруму, адамгерчилик мыкты сапаттары, чынчыл, адилеттүүлүгү менен да кийинки муундарга өрнөктүү инсан. Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон эл сүрөтчүсүнүн өмүрлүк жубайы Кундуз эже экөө алты баланы тарбиялап өстүрдү. Бири-биринен ширин небере-чөбүрөлүү болушту. Чоң уулу Улан ата жолун жолдоп сүрөтчү.

**Биз кеп башында Баатыр Жалиевдин Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү болуп, журтчулука кеңири таанылышына залкар кыл чебери, Гапар Айтиевдин эмгеги, кошкон салымы өгөчө чоң экендигин белгилеп айткан болчубуз. Эми Баатыр аганын өзү улуу устаты Г.Айтиев жөнүндө окурмандар менен болгон ой бөлүшүүсүн, пикирин сунуштамакчыбыз.**

**-Баатыр аке, сиз ободу даназалуу сүрөтчү Гапар Айтиев менен кандайча таанышып, чыгармачылык**

**байланышта болуп калдыныз, кепти ушул жагдайда баштасак.**

-Жакшы болот, айтайын. Мен айылдык орто мектепти аяктаган соң жаштайыман сүрөтчү болсом деген ой-тилек мени тынч койбоду. Фрунзе шаарындагы (азыркы Бишкек) көркөм сүрөт окуу жайын барып окуймун деп делбирдим. Бирок турмушта баарысы мен ойлогондой болгон жок. Ал жылы чөнтөгүм жука, каражатымдын тартыштыгы-нан улам окууга барбай калдым. Колхоздо иштедим. Кийин 1959-жылы өзүм ойлогон Фрунзедеги сүрөт окуу жайына барып документимди тапшырдым. Бирок орус тил сабагынан кулап окууга өтпөй кайра айылыма келдим. Андан соң 1957-1959-жылдары дагы көркөм сүрөт окуу жайына барып 3 жыл удаасы менен экзаминден өтпөй, шаабайым сууп, капаланып, кайра айылга кетсемби деп жүрсөм, бир жердеш агам учурап: «Мындай жүрсөң болбойт, сүрөтчүлөр союзунун төрагасы Гапар Айтиевге кирип абалыңды айтып көрбөйсүңбү»,-деп кеңеш берди. Анын айтуусу боюнча эртеси сурамжылап Гапар акенин кеңсесине барып, секретарь кыздан кирүүгө уруксат алдым. Анан кабинетке баш багып, «Ассалом алейкум» деп ал киши менен учураштым. Сары чийкил, чарчы бойлуу, токтолуп калган, жөнөкөй киши экен. Мени карап:

- Кел, Баатыр, кел. Мындай отур, деп орундукту көрсөттү. Мен: «Ий, мени тааныйт турбайбы»,-деп ичим жылып, «Мен сизди билем, Аалы Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» деген чыгармасын окугам, ошол киши сизди жазган. Сизге келген максатым, эгер мүмкүн болсо көркөм сүрөт окуу жайына кирүүгө жардам берсеңиз», - дедим.

Гапар аке бир аз ойлонуп туруп:

- Эгерде окуу жайга кандидат болуп калсаң, окууга мүмкүнчүлүгүң барбы? Каражат жагы кандай болот? Шаарда туугандарың болсо жакшы болот эле, жатып туруп окуганыңа, - деди мага суроолуу карап.



-Мен кандидат болуп калсам деле окуп кетет элем. Дареметим бар. Окууга чейин үч жыл колхоздо иштедим. Айлык маяналарымды аламын.

-Жакшы, сен бай турбайсыңбы. Анда сени кандидаттыкка комиссияга сунуштаймын. Үч жылдан бери тапшырып жаткан документтеринди алып көрөбүз. Орус тил сабагынан башка предметтерди жакшы тапшырганыңды айтам. Эртеге эртең менен сүрөтчүлөр окуу жайына келип тур,-деп мага кам көрүп көңүлүмдү көтөрдү.

Ал күндүн эртеси айткандай сүрөтчүлөр окуу жайына барып турдум. Ал жерге комиссиянын мүчөлөрү Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Гапар Айтиев, окуу жайдын директору С. Акылбеков дагы бир топ комиссиянын мүчөлөрү келишти. Алар окуу жайда болушуп, окуй турган студенттердин жана мага окшогон студенттикке кандидаттардын тизмелерин такташты. Ошол комиссияда менин маселемди да карашып, үч жылдан бери окуу жайга келип, экзамен тапшырып жатканымды документтерим аркылуу таанышышыптыр. Анан Гапар акенин сунушу менен мени орус тил сабагын окуп, үйрөнүп алат, аракетчил экен дешип, окууга кабыл алышыптыр. Комиссия мүчөлөрү кеткенден кийин секретарь кыз студенттердин жана кандидаттардын тизмесин окуу жайдын доскасына илип, бизди тааныштырды. Анда жыйырма абитуриент студенттикке, алтоосу кандидаттыкка кабыл алынгандыгы тууралуу буйрук чыкты. Ошондо кандидаттардын эң акыркы сабында менин да фамилиям бар экен. «Жалиев Баатыр» деп жазылып турат. Менин ал кезде кубанганымды айтпаңыз. Ал күнү студенттердин катарында мен да жатаканадан жай алдым. Тааныш студенттер мага жай алууга жардам беришти. Сабактарга катышып окуй баштадым. Менин ошентип сүрөтчүлөр окуу жайына өтүп, окуп калышыма залкар сүрөтчү, Гапар Айтиевдин эмгеги баа жеткис чоң эле. Кийнчерээк менин сүрөтчүлүк жөндөмүмдү, талантымды,

окууга болгон ынтызарлыгымды эске алышып, окуу жайдын жетекчилери кандидаттыктан студенттикке которушту.

Бир күнү жатакана алганымдан кийин мен Гапар Айтиевдин иштеген жерине, кеңсесине барып учураштым. Ал кишиге өзүмдүн терең ыраазычылыгымды билдирдим. Ошондо Гапар аке:

-Эми окуу жайга кирип окуп калдың, жакшы болду. Куттуктайм. Убактың болгондо биздикине келип тур. Дагы сүйлөшөбүз. Айтарым жакшы оку, чыгармачылыгыңды өркүндөт. Эмгектенсең баары болот,- деп өзүнүн кеп кеңештерин берди.

Андан кийин мен демалыш күндөрү убактым-саатым болгондо Гапар акенин үйүнө да барып турдум. Кичүү баласы менен айрым чарбалык иштерине да кол кабыш кылдым.

«Ал учурда менин айтарлык чоң эмгектерим жок эле. Гапар аке менин тарткан портреттеримди, эскиздеримди көрүп: «Бул жериң мындай, тигиндей тарт, сенде шык, талант бар»,-деп көңүлүмдү көтөрүп, кеп-кеңештерин берип, менин сүрөтчү болуума шык берди. Бишкектин көркөм сүрөт окуу жайында беш жыл окудум (1959-1964-жж). Ал окуу жайында Г.Айтиев, С.Акылбеков, Ж.Үмөтов, А. Игнатов, сыктуу элге белгилүү, таланттуу сүрөтчүлөрдөн сабак алдым, сүрөт өнөрүн татаал, көп кырдуу жактарын үйрөндүм. Ал кезде көркөм сүрөт окуу жайына улуу сүрөтчүлөрдүн бири К.С.Чуйковдун ысымы берилген болучу.

Ошентип 1964-жылы беш жыл окуганымдан кийин көркөм сүрөт окуу жайын бүтүрүп, бир топ тажрыйбага ээ болдум, сүрөткө болгон шык жөндөмүмдү арттырдым. Окууну бүтүрүп, дипломго ээ болгондон кийин мен маданият министри К.Кондучалованын буйругу менен Ош шаарындагы көркөм сүрөт өндүрүштүк мастерскаясына сүрөтчү болуп иштөөгө бөлүндүм.

Ошол жылдарда СССРдин жана КРнын сүрөтчүлөр союздарынын мүчөлүгүнө кабыл алындым. Сүрөтчүлүк



өнөрүмдү өркүндөтүү максатында чыгармачылык иш сапары менен Польшага, Чехословакияга, Армянияга барып келдим. Ал жерде көрүнүктүү кыл калем ээлери менен таанышып, тажрыйба алмаштым.

**- Албетте, талыбаган, өжөрлөнгөн эмгек тынымсыз изденүү, чыгармачылык менен иштөө өз жемишин берип Баатыр Жалиевди элге таанытты. Кесиптештеринин арасында кадыр баркы арта берди. Бир катар өкмөттүк сыйлыктарга ээ болду.**

**Айтсак, үзүрлүү эмгегинин акыбети менен эки жолу Кыргыз ССРнин грамотасы «Эмгектеги артыкчылыгы» үчүн медалы, «Манас» эпосуна 1000 жыл, «1941-1945 жылдардагы Ата Мекендик согуштун ардагери», «Ардак белгиси» ордени, Сорос Кыргызстан фондусунун атайын байгесинин ээси жана дипломдор, баалуу белектер менен сыйланды. Гапар Айтиев атындагы сыйлыктын лауреаты. 1985-жылы Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген сүрөтчүсү, 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү деген ардактуу наамдарга жетишти.**

**Баатыр Жалиевдин купулга толгон мыкты эмгектери мезгил өткөн сайын сүрөт искусствосунун билермандары тарабынан жогору бааланып келүүдө. Анын бир далили катары таланттуу сүрөтчүнүн, мазмунга, романтикага, кооздукка бай, көп кырдуу, оргиналдуу эмгектери ар кайсы өлкөлөргө "саякаттап", жакшы бааларга татыктуу болуп жатышынын өзү оңой олжо эмес. Айталы, сүрөтчүнүн көптөгөн эмгектери борборубуз Бишкектин, Москва- нын, Санкт-Петербургдун, Кореянын, Индиянын, Непалдын, Вильнюс шаарынын, АКШнын сүрөт галлереясында, көргөзмөлөрдө, музейлерде коюлду. Ошондой эле Баатыр акенин тарткан сүрөттөрү Россиянын, Польшанын, Казакстандын, Бишкектин көптөгөн музейлерине сатылып алынды.**

**Элде “Сүрөт-көз менен көрө турган поэзия”, деп бекеринен айтылбаса керек. Баатыр акенин сүрөттөрү чынында эле поэзиянын да милдетин аткарып жаткандай туюлат. Анын чебер колунан жаралган живопись, графика, ошондой эле дарак скульптурасы сыяктуу көп жылдык талыбаган иш аракети, чыгармачылык изденүүлөр менен жаратылган, көз менен көрө турган сүрөт поэзиясы жөнүндө айта берек сөз улана берчүдөй.**

**Ушул тапта биздин каарманыбыз, 82 жашта, персоналдык пенсионер Баатыр Жалиев карылыктын бактылуу доорун сүрүп турган чагы. Дале чыгармачылык эргүүсү түгөнө элек, сүрөт десе жүрөгү толкундап, эргип турат. Ал сүрөт исскуствосу менен жашап, өмүр сүргөн инсан. Бүт жан-дүйнөсү, турушу сүрөткө жуурулушуп кеткен десек болот. Ал өзүнүн бир сөзүндө “Аттиң дүйнө, эгер мен энеден кайра туулуп, кайра мага жашоо тартууланып калса анда мен кайра эле сүрөтчүлүк улуу кесипти, сүрөт өнөрүн тандап алар элем” дейт.**

ХХХ

**Урматтуу окурман, элибиздин улуу инсандарынын бири, улуттук профессионал сүрөт өнөрүнүн негиздөөчүлөрүнүн башында турган Гапар Айтиевди эң жакшы таанып билген, андан таалим-тарбия алган, өнөрүн өркүндөткөн Баатыр Жалиев менен болгон маегибизди улантсак.**

**-Сөз кайрадан сизде, Баатыр аке.**

-Гапар Айтиев менин турмушумда чыгармачыл инсан катары калыптанышымда өзгөчө орду бар устатым деп билемин. Ал тууралуу өйдө жакта, сөзүмдүн башталышында бир аз айтып өттүм. Бул киши апыртпай ачык айтканымда десе ичкен ашын жерге койгон, чыныгы кашкөй кыргыз патриот болчу. Улуу Ата Мекендик согушка өз ыктыяры



менен кетип, мекенди коргоодо өз салымын кошо алган. Фронтто взводдун комиссары болгон.

Ал чыгармачыл жактан баа жеткис көптөгөн эмгектердин ээси эле. Дүйнөнүн ондогон мамлекеттеринде анын чебер тартылган сүрөттөрү көргөзмөлөргө коюлуп, мыкты деп эсептелген. Айтиевдин чыгармалары Бишкектеги, Москвадагы, Бакудагы, Алматыдагы, Южно-Сахалинскийдеги сүрөт музейлеринде коюлган. Ал живописчи катары таанылса да, графика, скульптура боюнча да эмгектери көрүүчүлөрдүн мыкты баасын алган. Гапар акенин Ата Журт ажарын ачкан “Тоолуу пейзаж”, ”Күүгүмдө”, ”Кыргызстандын Түштүгүндө”, ”Тоодогу жаан”, ”Өзгөн мунарасы”, ”Комузчу” сыяктуу дагы көптөгөн сүрөттөрү өзүнүн көркүнөн, баалуулугунан эч качан кемибейт, деп айтар элек. Ал эми анын Аалы Токомбаев, Алыкул Осмонов, Темиркул Үмөталиев, Саякбай Каралаев, Өлмаскан Атабекова, Муратбек Рыскулов, Муса Баетов, Калый Молдобасанов, дагы бир топ белгилүү инсандар жөнүндөгү портреттери, скульптуралары кадимкидей жандуу көз алдыбызда турат.

Гапар Айтиев улуу сүрөтчү катары эле белгилүү болбостон, мамлекеттик жана коомдук ишмер сыпатында да элге жакшы таанымал болчу. Коомчулук 50-жылдардан кийинки сүрөтчүлөрдү Гапар Айтиевдин кадрлары деп билишчү. Ал көптөгөн жаш сүрөтчүлөргө устат катары чыгармачылык жактан көп нерселерге үйрөттү. Москва, Санкт-Петербург сыяктуу шаардагы сүрөтчүлөрдүн жогорку окуу жайларына барып билим алуусуна дагы кам көрдү. Сүрөтчүлөр союзунун төрагасы болуп чейрек кылым бою (1940-1968-жж. Арада бир аз иштебей калган) үзүрлүү эмгектенген. Г.Айтиев Кыргыз Мамлекеттик опера жана балет театрын жасалгалоодо сүрөтчүлөр кошунунун бригадасынын көркөм жетекчиси катары да бул иште өзүнүн чоң салымын кошкон. Сүрөтчүлөр союзунун төрагасы болуп иштеген жылдарда чыгармачыл инсандар үчүн иштөөгө жана жашоого

атайын эс алуучу жайларды, мастерскаяларды курдурган. Жогорку Кеңештин депутаты катары сүрөтчүлөр окуу жайынын факультеттеринин, атайын мектептердин ачылышы үчүн маселе койгон, талап кылган. Анын бардык максаты, ой-тилеги улут маданиятын өнүктүрүүгө жумшалган.

Гапар аке өз көмөчүнө күл тарткан, өзүмчүл, бюрократ, чиновниктерге каршы жыйындарда катуу сын-пикирлерди айткан. Чындык, адилеттүүлүк үчүн тайманбастан күрөшкөн.

**-Баатыр аке, эми соңку суроо сиз өзүңүз Гапар аке менен жекече чыгармачылык байланышта болуп аны менен баарлашкан, бирге болгон учурларыңыз болдубу?**

-Албетте. Мен Бишкекте жыйындарга, же сүрөтчүлөрдүн көргөзмөлөрүнө барган учурумда ал кишиге учурап бүгүнкү сүрөт өнөрүнүн өсүп-өнүгүшү, сүрөт тартуунун чеберчиликтери жөнүндө далай жолу баарлашкан кездерибиз болду. Ал киши өзүнүн чоң атак даңкы, аброюна карабастан өтө жөнөкөй, бой көтөрбөгөн, адамгерчиликтүү инсан болчу. Гапар аке кийинчерээк Ошко чыгармачылык иш сапары менен келгенде менин жеке өтүнүчүм менен Өзгүр айылындагы Ак-Буура дарыясынын баш жагындагы үйүмдө он күндөй жашап эс алганча чыгармачылык жактан баш көтөрбөй эмгектенди. Ал үчүн атайын бөлмө даярдап, иштөөгө шарт түзүп бердик. Гапар аке ал күндөрү Ак-Буура дарыясынын бойлорунда, Сулайман тоодо, пахта талааларында, окуу жайларда, өнөр жай ишканаларында болуп чыгармачылык менен иштеп жүрдү.

Гапар Айтиевдин Ошто чыгармачылык иш сапары менен келип, биздикинде жүргөн күндөрүндө тарткан сүрөттөрү кийин өлкөбүздүн борбор калаасында, айрым эл аралык көргөзмөлөргө коюлганына өзүм күбө болдум.

Замандашыбыз, улуу инсан Гапар Айтиев жүрөк оорусунан капыстан 72 жашында, 1982-жылы 27-сентябрда дүйнө салып кетиши биздин жүрөгүбүздү оорутту, өкүндүрдү.



Ал кишинин өзүнүн айтуусунда дагы жүзөгө ашыра турган асыл ой-максаттары бар эле...

Деген менен Гапар акедей залкар инсандын артында аны дайыма жоктоп эстеп турчу, өмүрүн, жашоосун улантуучу балдары, жакын санаалаш адамдары, кесиптештери менен катарда баа жеткис мыкты эмгектери калды. Ал бул жарыкчылыкта эч көөнөрбөс, урагыс, болоттой бекем өз эстелигин тургузуп кетти деп айтаар элем.

**2017-жыл, 25-май.**

# СУРАЯ, СЕН АТАҢ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНУУГА АКЫЛУУСУҢ



М. Мирзарахимов

Адам көңүлүнүн айдай таза жүзүн кирдетип, көлөкө түшүрүп коюу, же тескерисинче аны жаз күнүндөй жылуу сезимдерге бөлөп, толкундантып, жиберүү, бир заматтык эле иш бейм. Минтип айтып олтургандын бир жөнү бар.

Ош облустук «Ошсадоси» гезитинин өткөн жылы 70 жылдык маарекесинде жарык көргөн атайын санын бүгүн да, кайрадан колума алып, анда жарык көргөн Мирзарахимова Сураяхандын атасы Мирзахид тууралуу сүрөтү менен басылган чакан эскерүүсүн өзгөчө бир таасирленүү сезимим менен ыраазычылыкта окуп олтурам. Сураянын атасы тууралуу эскерүүлөрүнө көз жүгүртүп жатып, маркум, кадырман замандашым Мирзахиддин элесин көз алдыма келтирем да «Ар бир атанын артында ушундай эстүү, мээрбан тарбиялуу баласы болсо» деп өзүмчө ойго чөмүлөм.

Эмесе, ошол эскерүүнүн айрым саптарын макул болсоңуз чогуу окуп көрөлү, кадырман окурманым. Анда: «Бүгүн мен турмушта кандай жетишкендиктерге ээ болсом, ошонун дээрлик баарысына менин мээримдүү атам жана устатымдын салымы бар деп айтар элем. Кимдир бирөөлөрдүн атам жөнүндөгү жылуу сөзүн, ыраазычылыгын эшитсем, же болбосо үйүмдө атам жактырган кайсы бир тамак ашты жасасам да ыраматылык атамдын сүйкүмдүү элеси кайра-кайра көз алдыма келип, көздөрүмө ысык жаш толуп кетет. Менин жакшы күндөрүмдү, бойго жеткен кездеримди көрүүгө атамдын акысы жок беле? Ушул суроолор бүт кан жанымды аралап өтөт».



Ушул эле эскерүүдөн Сураянын айткан дагы бир сөздөрүнө назар салып көрөлүчү. «Перзенттеримдин «ата» деген сөздөрүн уксам аларга аваз кылам, суктанып кетем, ушул сөздү мен да кайталап, кайталап айткым келет. Балдарыма ылайым «ата» деген сөздү оозанууда эч тилиңер талбасын, - деймин ичимден».

Бул гана эмес өз эскерүүсүндө Сурая мектепте окуп жүргөн кездеринде «Ленин йули» (азыркы «Ош садоси») гезитин колго алып эле аны гезиттин жооптуу катчысы атасы макеттештиргенин таанып аларын, же «Мирзахид Мирзарахимов» деген ат менен кандайдыр бир макала же очерк гезит бетине чыгып калса кубанычы койнуна батпай сүйүнүп, атасы менен өзгөчө сыймыктанган учурларын да жеткиликтүү, таасирлүү жазып бере алган.

Ушул саптарды окуп олтуруп атага болгон терең урмат, сүйүүнү, ары армандуу, эңсөөгө толгон сезимдерди атасын жанындай жакшы көргөн Сурая, сен гана жаза аларыңа ишендим. Башкалардын канча эргип толкунданганы да сенин жөнөкөй гана «ата, атакебайым» деп жазып койгонуңа тең келе бербейт го. Ал үчүн Сураядай атага болгон ысык мээрими, балалык таза сүйүүсү, «атам» деп соккон жүрөгү бар перзент гана мындай саптарды жаза аларына ынанасың.

Сурая аяш кызым, мен атаң Мирзахид менен курбалдашмын. Ал экөөбүз ысык, таза сезимде, жылуу маанайда болчубуз. Ошол үчүн да мен сага ушинтип кайрылууга акым бар. Айтарым, сен атаң Мирзахид менен ар качан сыймыктанууга, мактанууга акылуусуң. Анткени ал ошого татыктуу инсан болуучу.

Мен ал кишини журналист, жазуучу катарында да көп жылдардан бери жакшы таануучумун. Анан калса ал катардагы жазуучу же журналисттин бири эмес эле. Ал сөз баккан, ар бир сөзгө сергек карап, маани берген, эмне жазса да чыныгы зергер устадай узанып, шаанисине келтире, чырайына чыгара жаза билген таланттуу жазуучу, ары чебер, такшалган

журналист эле. Ал кечээги, бүгүнкү турмуштун соккон тамырын даана сезген, масштабдуу ой жүгүртө алган, ширин тилдүү публицист сыпатында да окурмандардын терең урматтоосуна арзыган. Бирок, гезиттин жооптуу катчысынын майда барат, толгон-токой көп иштеринен бошонуп, тынбай чыгармачылык менен узанып иштөөгө анын убактысы өтө чакталуу экенин биз гезитчилер жакшы билебиз. Ошентсе да ал өзүндөгү Алла таала ыроологон шык-талант кудуретин туйган шекилдүү. Дем алыш же бош маалдарын текке кетирбей, ченелүү убакыттан жылчык таап дегендей, колунан калемин түшүрбөй мүмкүнчүлүк, шартына ылайык көп жылдар бою аз жазса да саз жазып, үзүрлүү иштеп келди. Анын мазмунга бай, көркөм, окумдуу, чоң таланттуулук менен жазылган аңгеме, повесттери катардагы эле окурмандарды эмес, аттуу баштуу чоң жазуучулардын да көз кырына түшкөн. Маселен, Өзбекстандын Эл жазуучусу Өткүр Хашимов анын китебиндеги аңгемелерин окуп олтуруп, «Биздин адабиятка дагы бир таланттуу жазуучу келди» деп бир макаласында жазган экен. Ал эми өзүнүн М. Мирзарахимовго жолдогон катында анын аңгемелериндеги каарман кыздар жөнүндө «... Ушундай минайым, ушундай таза, тунук, ушундай чырайлуу, ширин экен, окурман аларды колунан кармап алып, өбүп-өбүп алгысы келет» - деп айтыптыр. Мындай ыраазычылык сөздөрүн Өзбекстандын белгилүү адабиятчысы, сынчысы, илимдин доктору Мирзахидди али көрүп тааныбаган Маккам Махмудов да кат аркылуу кабарлаган.

Ал эми жердешибиз, белгилүү жазуучу драматург, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Абдугани Абдугафуров досу, калемдеши жөнүндө өз оюн мындайча билдирди.

«Мирзахид Мирзарахимов жөнүндө айта турган сөздөрүм көп. Раматылык чоң таланттуу жазуучу эле. Мен Ташкентке барганда өзбек адабиятынын дөө шаалары, эл жазуучулары Өткүр Хашимов,Саид Ахмад, Насыр Фазыловдор



Мирзахид эмне жазып жатат, анын жазган чыгармаларынан ала келдиңизби? Биз күтүп жатабыз. Бизден ага салам айтыңыз» деп сурап турушчу. Ал өзбек адабиятында өз жолун таап калган жазуучу эле. Анын чыгармачылыгында мекенчилдик, адамгерчиликтүүлүк, махабат темасы өзүнчө кызыл сызык менен өтчү. Жазуучунун аңгемелерин окуганда жан дүйнөңүз байып, бир кумардан чыкчусуз. Ал экөөбүз ары-бериси 40 жылга жакын бирге болдук, достоштук. Менин чыгармаларыма да ал кызмат ордума жүзүмө карабай ачык, туура сунуш, пикирлерин айтчу, жакшы кеңештерин берчү. Мен андан турмушта көп нерсени үйрөндүм, аны мен жакын досум гана эмес, окутуучумдай сезип кетер элем».

М.Мирзарахимовдун «Айжамал» аттуу алгачкы аңгемеси Өзбекстан Республикалык адабий көркөм «Шарк Юлдузи» журналына 22 жашында жарык көрүп, окурмандардын жылуу пикирине арзыган. Анын бир нече китептери атап айтканда, «Айлуу түндөр» (1974-жыл), «Ак булуттар» (1977-жыл), «Нурлуу чынжыр» (1983-жыл), «Нурлуу аалам» (1985-жыл) аттуу прозалык китептери Өзбекстандын «Ёш гвардия», «Чашма» аттуу республикалык басылмаларынан жарыкка чыгып, миңдеген окурмандарга ал таланттуу жазуучу катары таанылган. Ал эми 1990-жылы Республикалык «Езувчи» китеп басмасынан 60 миң нускада басылган «Кайгылуу түн» аттуу повесть жана аңгемелери окурмандардын көрүнүктүү адабий сынчылардын татыктуу баасын алган. Китеп дүкөндөрдөн бат эле сатылып кеткендиктен авторго окурмандардан бул жыйнакты кайра басылуусун суранган каттар келген.

М. Мирзарахимов драма, котормо жаатында да өзүнүн талант шыгын сынап келген. Анын «Бизди кичине дебең» пьесасы 1981-жылы Оштогу Бабур атындагы өзбек музыкалуу драма театрында сахналаштырылган. Мындан сырткары анын таржымалоосунда жазуучулар Түгөлбай Сыдыкбековдун, Таш Мияшовдун, Нуман Сайдуллаевдин прозалары, драматургдар

Насирдин Байтемиров, Мамат Жакыповдун пьесалары да өзбек тилинде жарык көргөн.

Ошол кезде анын бир нече мыкты аңгемелерин калемгер Нууман Сайдуллаев кыргызчалатып Республикалык «Кыргызстан маданияты» гезитине, облустук басылмаларга жарыялаган болучу.

М.Мирзарахимов журналист сыпатында да окумдуу очерк, публицистикалары менен Республикалык конкурстарга катышып, байгелүү орундарды жеңип, диплом жана грамоталар менен сыйланган. Маселен, 1976, 1985-жылдары республикада «жылдын мыкты журналисти» деген наамга татыктуу болгон. Совет мезгилинде «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалын алган.

Талантту жазуучу М. Мирзарахимовдун чыгармачылыгы жөнүндө сөз кылып жатып бул ой пикир, сунуштарымды да айтып коюуну ылайык көрүп турам. Көзү барында ал ийине келтире жазып жүргөн бир нече чыгармаларын, тагыраак айтканда, «Атам жөнүндө аңгемелер» деп аталган топтомун басмага даярдап койгонун да жолугушканда айтып бергенин билем. Тагдыр экен, турмуш мүшкүлү экен, ал топтому көзү барында жарыкка чыкпады. Замандашыбыз, ары журналист сыпатында жакын калемдешибиз Мирзахид 54 жашка караганда оорунун азабынан көз жумду. Быйыл ал 60 жашка чыкмак. 60 жаштык юбилейин өзүнүн бала чакасы, эң жакын санаалаш адамдары, достору менен шатыра шатман, кубаныч менен белгилемек. Жаңы жазылган аңгемелеринен окуп тааныштырмак. Бирок тагдыр экен, ал арабыздан эртерээк кетти, арга жок.

Ушул жерде дагы айтчу сөздүн удулу келип турат. Мирзахид Мирзарахимовдун артында окурмандар тамшанып, суктанып окуй турган көптөгөн прозалык чыгармалары калды. Эми алардын ичинен иргеп тандап, эң мыктыларын өзүнчө бир, же эки томдук чыгаруу зарылдыгы турат. Ал томдукту чыгарууга биринчи кезекте өзү өмүр бою иштеген (ал эмгек



жолун «Ленин йули» газетасынан тактап айтканда, 1960-жылдан баштаган) азыркы «Ош садоси» гезитинин редакциясы, өзү соңку жылдары иштеген өзбек улуттук маданий борбору, коомчулук, адабиятты сыйлаган аттуу баштуу адамдар, бизнесмендер демөөрчүлүк, кол кабыш көрсөтүүлөрү лаазым деп эсептейбиз. Сөздүн ачыгы, Мирзахид Мирзарахимовдун чоң таланттуулук менен жазылган аңгеме повесттерин китепкөйлөр окуганга ынтызар болуп турган чагы. Маалында анын жарыкка чыккан миңдеген нускадагы китептери каны жерге тамбай сатылып, окурмандардын колунан колго өтүп турганынан кабарыбыз бар.

Эч чочулабай эле көтөрө турган дагы бир маселе, облусубузда М.Мирзарахимовдун наамындагы адабий ийримди жаш таланттар арасында уюштуруу зарылдыгы турат. Өз учурунда ал Ошто «Ош садоси» гезитинин алдындагы адабий ийримдин жетекчиси болуп да көп жылдар үзүрлүү иш жүргүзгөнүн көпчүлүк жакшы билет. Демек, ошол башталган иш эми да уланса деген тилек. Ошо менен катарда анын атындагы адабий сыйлык да уюштурулса болмок.

Сурая кызым, атаң Мирзахиддин адамдык изги сапаттары, көз караштары жөнүндө асыресе, сырт жактарда журналисттик ишибизге байланышкан атайын курстарда чогуу болгон учурларыбызда аз да болсо кабардар болуп калган элек. Ошол күндөрдү азыр бир аз эскерип, сөз кыла кетүүнү ылайык көрүп турам.

Биз ыраматылык Мирзахид экөөбүз насип туз буйруган экен Союз маалында бир ирет Бишкекте (анда Фрунзе наамында) жазуучулардын «Арашан» эс алуу үйүндө, экинчи ирет Алма-Ата шаарында гезитчи-журналисттердин окуу курсунда болдук.

Мирзахид бир сырлуу, токтоо, бирөөгө ашыкча бейжай, орунсуз тамаша сүйлөбөгөн маданияттуу, сыпаа жигит

болуучу. Көп окуп, көптү билүүгө дамамат ынтызарланып турганын баамдачумун.

Айтса, ал улуттук тамак-аштарды көбүнчө палоо, шашлык (шишкебек) жасоонун чебери эле. Бишкекте окууда жүргөндө кыргыз досторуна «Силер продуктыларды эле алып келип бергиле, калганын мага койгула» деп калчу. Анан керектүү азык-түлүктөр колго тийген соң жанына бир жардамчыны алып, отту алоолонто жагып коюп, палоо жасоого киришчү. Дагы бир жолкусунда болсо этти мариновкалап даамына келтире шашлык бышырчу. Ошону менен катарда отуруштарда, чай-пай ичип калганда ал кыябына келтирип тамаша сөздөрдү айтуудан да четте калчу эмес. Ал эми Алма-Атада бир айлык курста жүргөндө ал экөөбүз журналист казак туугандардын сый коноктору болдук. Убагы келгенде биз да аларды чакырып сыйладык. Ошондо Мирзахид оштуктарча улуттук тамак-аштардын даамын чыгара жасап, казак досторду тамшандырып көп эле ыраазычылыгына арзыган. Ыраматылык Мирзахид колу ачык, меймандос, жоомарт жигит болуучу.

Дагы бир сөз, бир курдай ошол Алма-Атадагы курста журналистика темасында сүйлөп жаткан казак жигит: «Сизге Мирзахид аке, менин сөзүм түшүнүктүүбү, же орусча сүйлөйүнбү» - деп кайрылып калбайбы. Ошондо дайыма сабырдуу, оор басырыктуулук менен сөз тыңшап олтурчу Мирзахид кандайдыр туталана түшүнүп, «Андай дебеңиз, мага өзбекче кандай болсо, казакча, кыргызча деле ошондой түшүнүктүү, чын жүрөгүнүздөн сүйлөсөңүз, кытайча болсо да түшүнөм, баарыбыз түрк атанын балдарыбыз го, анан бири-бирибизге орусча сүйлөп, котормочу жалдайлыбы? Кызык экенсиз», - деп казак жигитти кыйла ыңгайсыздантып, уялтып койгону эсимде.

Анан калса Мирзарахимов буга чейин казак классиги Мухтар Ауэзовдун драмасын түп нускасынан өзбекчеге таржымалап, анысы убагында Оштогу Бабур атындагы өзбек



музыкалуу драма театрына коюлганын казак туугандарыбыздын анда кабары да жок эле.

Эсимде, ошол Алма-Атада окууда жүргөнүбүздө ар жума Мирзахид Ошко телефон чалып, үйү менен байма-бай сүйлөшүп турчу. Бир жолу ошондой сүйлөшүүлөрдүн биринде ага: «А бүгүн катуу толкунданып алганыңыз сезилип турат. Жакшы иштер болгон окшойт» десем «ийе, билесизби, бүгүн ширин кызым Сураяхан менен сүйлөштүм. Сабактарын бүт «5»ке окуп жатыптыр. Ушул кызым китепке, адабиятка өтө жакын, менин жолумду ушул кызым жолдойт шекил. Кайтарда ага бир жакшы соога (белек) алып бербесем» деп жазылып эстеп сүйлөп турганы алигиче эсимде. Кызына болгон аталык терең сүйүүсү, мээрими анын албырган жүзүнөн, байкалып турду.

Кийин чоң калаадан кетерге 1-2 күн калганда дүкөндөрдү аралап жүрүп «Булар биринчи кезекте кызым Сураяханга, анан уулум Музафарга, кыздарым Мухаяханга, Махлияханга алынды» деп өзүнчө сүйүнүп белек-бечкектерди алып жүргөнүн да билем. «Апасын унутпадыңызбы» десем, «Жок, ага өзүнчө болот. Башта балдарды сүйүнтөйүнчү», - деп ыраматылык Мирзахид досубуз тамашага тамаша кайрып күлдүргөн эле.

Сурайя кызым, аяш кызым, ошентип атаңар алыста жүргөндө да эки сөзүнүн бири силер, балдары болуп асырсе, сени көбүрөөк сөз кылчу. Бул сенин көбүнчө атаңар жанындай жакшы көргөн көркөм адабиятка болгон куштарлыгыңдан, жакындыгыңдан болсо керек деп билем. Сен да анын жакшы үмүт, тилектерин, башкасын айтпаганда да сүйүктүү атаң Мирзахид жөнүндө жазган кичинекей эскерүүңдөгү булактай мөлтүр таза, изги ойлоруң, кыялдарың менен дагы бир ирет тастыктап койдуң. Айтмакчы, мен дагы бир жакшы сөз уктум, Ош шаарындагы сен өзүң иштеген Нариманов атындагы орто мектепте эң жакшы окуган окуучуларга өз айлыгындын эсебинен атаң Мирзарахимовдун наамындагы стипендия да

бергизип келатыпсың. Оо, бул кандай жакшы, кандай сонун, кубанарлык демилге. Атаңар чынында эле мындай урмат сыйга толук татыктуу инсан болуучу.

Баса, Алма-Атадан бирге кайтып келатып ага «Мирзахид достум, (өзү да кээде мага ушинтип «Абдисатар достум» деп кайрылып калчу) чоң калаадан бир ай жүрүп менимче бир да барак бир нерсе жазбадыңыз окшойт. Бул канакасы болду» десем ал «Эч нерсе эмес, жазбаганым менен жакшы ойлорду мына бул башыма толтуруп койдум, барганда куда кааласа шашпай отуруп, аларды бир чекеден чубап чыгарабыз, анан окуп каласыз» - деп жылмайып койгону да бүгүн эсимде турат.

Сурая кызым, ушулардын баарысын сенин эң кымбат, эң жакшы көргөн атакең Мирзахид жөнүндөгү гезитке чыккан эскерүүндөн улам көз алдыма келтирип, жазып олтурам, ойлоп олтурам…

Сурая, эми силер ыраматылык замандашыбыз, достум Мирзахиддин канат-бутагы болгон балдары, атаңар жүрүп келген өмүр көчүн улай бергиле, көч токтобосун.

**2003-жыл, 15-апрель.**



# ЖОЛОНДУН КАТЫ

Кат жазууну биз бала чак кездерде 60-70-жылдарда бөтөнчө бир сонун көрчүбүз. Кат жазууга кумарланчубуз. Кат жазганда да тамгаларды кудум шурудай тизип астейдил жазчубуз. Чын жүрөктөн арнап жазчубуз.



Өзгөчө, алыста окууда, армияда жүргөн чактарда ата-энелерибизге, бир туугандарыбызга, дос-жарларга, селкилерге чын ыкластан удаама-удаа кат жазып турчу элек. Кат жазганга маш элек, дилгир элек. Башкаларды билбейм, кат жазуунун рахаты менен машакатын мен жон теримде көп жолу сынагам, жакшы билем.

Эми, ушул тапта биздин жаштар кат жазып, кат жазуунун азабын, жыргалын сезбей калышты. Алар телефондо эле шыңгыр этип байланыша калышат да салам дубайын, айтар сөзүн, ал эмес жүрөк сырын шак айтып, кепти жеринде бышырып алып жатышат. Бирок, өзүмчө ойлой берем, мен кечээги муундун өкүлүмүн. Жан дүйнөмдөгү жашыруун жабык изги ойлорумду телефондо же телеграммада эмес, кат аркылуу өз колуң менен шашпай тизмектеп олтуруп жазганга не жетсин. Деген менен, ар нерсе өз заманына жараша экен.

Кепти минтип алыстан-алыстан козгоп турганымдын бир себеби, азыр менин колумда айтылуу акын, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси маркум Жолон Мамытовдун калемдеш достору Оштук белгилүү акын-жазуучулар Кармышак Ташбаев менен Абдимитал Камаловго ыроолоп жазган 1966-жылдын 26-июнунда Ленинград

калаасынан жолдогон каты турат. Бул катты кечээ жакында, Жокемдин туулган күнүндө Кармышак акеден алган элем.

Кат Жокемдин (Жолондун) өз колу менен даана, ойлору так, чын дилден жазылган. Ак барактын бир жарым-эки бетине барат. Катка акын агабыздын «Түбөлүк темага кезектеги дагы бир кыйкырык» аттуу жаңы ыры да тиркелген экен.

Таланттуу акын агабыздын досторуна жазган катын окуп олтуруп, орустун улуу жазуучулары Толстойдун, Тургеневдин, Гоголдун, Чеховдун, Лесковдун замандаштарына, чын дилден ыроологон каттары эсиме келет. Ал каттарды окуганда мен толук кандуу чыгарма окугандай таасирленер элем.

Колумдагы акын Жолон Мамытовдун катына кайра үңүлөм. Ошол катты окуп олтуруп, досторуна гана эмес, биз курдай замандаштарына чери жазылып жазган ой-толгоолорун, жан дүйнө жаңырыгын сезем. Ал киши акты ак, көктү көк деп айтчу эле, жазчу эле го. Ошо кездерде 26-27 жаштагы жүрөк оту жалындап турган акын жигит не деп жазды экен?

Кат минтип башталыптыр:

«Кармышак жана Абдимитал! Саламатсыңарбы жакшы досторум! Иштер ийгиликтүү экендигин өзүңөр жазган каттан билдим. Рахмат, жакшы каалооңор үчүн ыраазымын. Мен да силерге эң сонун жетишкендиктерди, ызааттуу кызмат, ысык сүйүүнү ден-соолук менен катар каалаймын.

Тынымсыз өсүп-өнүгүп, барган сайын чытырап өзүнүн бактысына, же кайгысына жарыларын билбеген заманадай кызык өмүр, ар бирибизге берилиптир го. Ошону бирөөсү сараң сактаса, бири оң келди шилтегилейт. Ошондой пенденин бири мен окуп, жашап жүрөм. Ың-жылсыз абадамын, жаңылыгым аз. Бир теринин ичинде жашаган эки духтун күрөшү гана менин тирүүлүгүмдү ашкерелейт. 10 миң күнгө жакындап бараткан өмүрүмдү турмуш океанында зуулдатып айдап жүрүп, бүгүнкү күнгө такады. Жалгыз багыттуу, жалгыз



идеалдуу, түп нускам болгонбу, болушу мүмкүнбү билбейм. Ошентип, азыркы кездеги менин душманым – мени квартира кылып жаткан денемдеги эки жүздүүлүк. анын өзү менмин. Демек, мен өзүмө күрөш ачышым керек.

Билем, билем, ал күрөш катуу болот,
Өмүр менен өлүмдөй келише алгыс.
Бакыт менен кайгыдай чеги даана,
Күн жана түн сыяктуу бири калгыс.

«Бул ыр» деген көлөмдүү ырдын финалы. Ошентип, силерге достор, өзүмдүн үч айлык өмүрүмдө «Ленинград дептери» деген циклди көтөрүп барам. Ал ырлар жапыз жана бийик үйлөрдөй, улуу жана байкуш адамдардай ар түркүн сыпаттагы, багыттагы, темадагы ырлар.

Экзамен 16-июлда. Азыр даярдануудабыз, сабак экзамен болордон бир күн мурда токтойт. Менден Шабданбай, Таш акелерге жана калган бардык ынак досторго салам айткыла.

Ысык саламым менен (колу коюлган) Ж. Мамытов.

Ленинград шаары».

Каттын соңунда Жолон Мамытовдун «Түбөлүк темага кезектеги дагы бир кыйкырык» аттуу ыры кошо тиркелиптир. Окуп көрөлү.

«Булут болуп өмүрлөр көчүп барат,
Таңга калган жылдыздай өчүп барат.
Алма гүлдөй чакчайып аз мезгилге,
Жаштык аттай алкынып өтүп барат.
Батперектей үмүттөр калкылдашат,
Толкун болуп эргүүлөр шарпылдашат,
«Бул жашоого эки ирет келбейбиз ээ»,
деген ырлар сезимде жаркылдашат.
Көп жыл жатып буулуккан күчтүү шарап,
Дүргүп агат өстөндөй канга тарап.
Максатсыз бир сүйүнгөн сезим менен
Рахатка батамын сени карап.

Жүрөктөрдөн эң назик ырлар учуп,
Түн жамынган гүлдөрдөй ыргалышып,
Бийлигине көчөбүз куш уйкунун,
Моюндарга билектер чырмалышып…
Кээде тиктеп күзгүгө, ойго келем:
Топуракка айланат ушул денем,
Ушул күлкү, ушул көз, ушул билек,
Жуурулушуп жок болот мезгил менен.
Оо, табийгат, не деген улуу кордук,
Басып турат сезимди таштай оордук.
Өлбөйбүз деп ишенген жаштан өтүп,
Кандай татаал күндөргө туура болдук».

Акын Жокемдин мындай ырлары бүгүн ай ааламга даң салып жүрөт, айланып жүрөт. Ыр акындын экинчи өмүрү экен деген сөз чындык белем. Мен ушул ойлорго чөмүлүп, бул чындыкка баш ийип таазим этип турдум. Бир гана өкүнүчтүүсү акын агабыз жарыкчылык менен, биз менен эртелеп 48 жаш курагында, ырлары оттой жанып, алоолонуп турган чагында коштошуп кетип калганы болду.

**2003-жыл, 19-сентябрь,**



# АСЫЛЫМ, АЛТЫН АПАМ


С. Тургун эне

Күздүн соңку күндөрү биз менен кош айтышып тарых бүктөмүнө кетип жатат дарактардан алтындай сапсары жалбыракарын жаадырып. Мезгил ушинтип оошо берет, күз кышка, кыш кайрадан жазга, анан жайга кезек берип. Төрт мезгилдин парадай айланышы, өтүшү менен уучтагы суудай чуурул, адам өмүрү да билинбей өтө берет экен. Залкар акын Сүйүнбай Эралиевдин «Турмуш сен таттуу белең, ачуу белең. Кээде жөө, кээде дуулап аттуу келем» деп айтканындай, жашоо көп сырдуу, ысык-суугу менен кызык белем. Таң эртең жумушка аттанып жолго чыкканым да ушундай ой бүркүмдөрү мени этектеп алды.

Анан бир саамдан соң жанаракта, үйдөн сыртка чыгарда апамдын «Кыштын ызгаары келди. Жылуураак кийин, суук тийгизип алба» деген сөзү оюма түштү. Анда мен «Ичимден калың эле кийиндим. Үшүбөйм»,-деп апамдын көңүлүн жай кылгам, жооткотком. Эненин жүрөгү, ой-санаасы качан болсо кичинесинеби, чоңунабы «балам» деп согуп турат бейм. Жашым минтип, бир чоң даванга чыгып, чачым буурул тартып, агарып, небере көрүп, алтымышты аркалап турсам да, мен апама баягыдай эле жаш экенмин да, этияттап, «жылуулан» деп атпайбы. Балага деген эненин сүйүүсү, төгүлгөн мээрими эч качан бөксөрүп, кемибейт экен.

Мени энеге байланышкан ойлор туткундап, ажырабай коштоп келатты… Тогуз ай толгонуп, төрөп, нечендеген ширин түн уйкусун кечип, карап, бешик терметип, ак сүтүн берип, асырап чоңойткон энебиздин эмгеги эмне менен өлчөнөр экен, кантип биз түгөл актаар экенбиз? Аны актамак

түгүл кээлерибиз асмандан түшө калгансып, корсулдап сүйлөп, тил кайтарып, каккылаганыбыз канча.

Кеч күздөгү аяздуу күндүн таңы менен кошул-ташыл келген ойлор мени тапкан, жарыкчылыкка алып келген асылым, алтын апама алып жөнөдү. Ой күлүк, санаа күлүк, андан озгон нерсе жок. Мен чачын ак чалган, бети-колдорун адыр-жондордогу ичке жолдордой кыйма-чийме бырыш баскан, бир айылдын кадырман байбичеси-апам жөнүндө, анын бизге-төрт уулуна-Абдисатар, Абдисамат, Абдымомун, Абдулазизге, үч кызына-Арзыкан, Азада, Рахимага жасаган көп түйшүк эмгегинин кайсы бирин айтам да, кайсы бирин кагаз бетине түшүрөм.

Шүгүрчүлүк келтирем, балдарынын баарысын тарбиялап,өстүрүп, окутуп-чокутуп дегендей, турмуш жолуна салган апабыз азыр демдүү, ортончу баласынын үйүндө күндө баарысынан эрте туруп, короодогу койлорго чөп салып, газга чай коёт. Неберелерин мектепке, окуусуна ысык чай ичип, курсагын тойгузуп кетсин деп чебелектейт. «Апа, сиз тынч эле, эс алып олтуруңуз» деген кыз-келиндеринин кебине «Кудайдын ушунусуна да шүгүр, басып-туруп жүрөм, кыймылдап турганым жакшы, кантип, карап тынч отурайын»,-дейт. Ал эмес жылда алынын жетишинче орозо кармайт. Келин болуп түшкөндөн бери катасыз кармап келет. Кээде чай ичип, дасторкон четинде отурганда «Кудай мага ушунча жаш берип коюптур, силерден көрүп отурам болушунча ызат-сыйды, атаңар ыраматылык 50гө чыгып-чыкпай кетти. Согуштан алып келген жараатынын азабын көп тартты, жаны бейиште болсун.

Алда жарыктык ай, ар качан биздин маркум атабыз-Ахат абышкасын эстеп, айтып деп турганынан эч жазбайт. "Эми бизге карыларга ыйман, жаштар силерге өмүр берсин. Эл-журтубуз менен тынч бололу",-дейт баары-жокко, ысык-суукка токтоо, топук караган апакебиз.



Ырас, апабыздын өткөн күндөрүн, жасаган иштерин айта келсек дагы көп жобурайбыз. Ыраттуу да, кыйынчылык күндөрү да баарысы катарлаш болду. Эл катары эртелеп талаадан пахта терди, эмгек акысын балдарынын кем-каржысына жумшады. Атабыздан эрте, 43 жашында ажырагандан кийин этек толо жаш балдарын тумшуктууга чоктурбай, канаттууга кактырбай дегендей, тарбиялап өстүрдү, окутту. Балдарын үйлөп, кыздарын турмушка чыгарды. Үйдө аял, сыртта эркек болду. Эми балдары баарысы өзүнчө түтүн булатып, үй-жайлуу болгондо неберелерин да, чеберелерин да колдон келишинче карап, көз салып олтурат. Уул-кыздарынан 20 небере, 24 чебере көрдү. «Кудайга миң мертебе ыраазымын, шүгүрчүлүк келтирем, ушуларды көрсөткөнүнө»,-дейт апам сөз арасында.

Айтмакчы, апамдын биринчи небере көргөнү да өзүнчө эсте каларлык болду. Кечиндеси төрөт үйүндө иштеген кошуна кыз телефон чалып: «Уктуңарбы? Жамийла жеңе аман-эсен көз жарды, эркек бала экен. Барганымда сүйүнчүсүн алам»,-деп кубанычтуу кабарды угузду. Неберелүү болдуңар деген сөздү уккан энебиздин сүйүнүчү ошол кезде өзгөчө эле, жүрөгү элеп-желеп болуп. Толкуп ташкан кубанычтын деми менен таң эртеңден эле туруп алып, келинине жегилик бир нерсени даярдап, бир жарым чакырыктай алыстагы төрөт үйүнө жөнөдү. Барса кире беришге нөөмөттө турган медик кыз: «Эне кимге келдиңиз, кечиндеси көз жарган Жамийла жеңге эмеспи?»,-деп сурады.

– Ошо келиниме, неберeме келдим, алардын ден-соолугу жакшыбы, садага болоюн кызым, мүмкүнчүлүгүң болсо аларды көрсөтүп кой мага, биринчи көргөн неберем. Анан көрүндүгү да мынакей,-деп, пенсиясынан бөлүп алып койгон акчасын кыздын чөнтөгүнө салып койду.

Кыз: - Эне, тиги терезенин жанындагы темир тосмого жакын барып туруңуз, азыр неберeңизди, келиниңизди көргөзөм,-деп бөлмөгө кирип кетти. Бир аздан соң

медайымдын жардамы менен келин бөбөгүн көтөрүп, энеси менен жылмая карап учурашты. Ыңаалап жарыкчылыкка келген чүрпөсүнүн жүзүн энесине ачып көрсөттү.

Неберелүү болуп, кубанычы койнуна батпай турган энебиз келини менен тун небересине ак батасын берип, тилегин айтып дуба кылды.

Баса, апам ошол күнү үйгө келгенде: «Неберелүү болгонума сүйүнүп эле кете берипмин доктурга. Үйдөн балдардын бирөөсүн тургузуп, өзүмө караан кылып ээрчитип алсам эмне, дагы жакшы колума бир чыбык алып, кокустан жолбун ит чыкса какыс-кокус кылам деп коркууну да ойлобой эле жолго чыгыпмын»,-деп өзү айтып олтурбайбы.

Тагдыр насип буйруган экен ошо жарыкчылыкка келген небересине балдарынын өтүнүчү менен Айбек деп өзү ат коюп берди. Жараткаы энебизге көрүүгө атаа кылган экен ошо тун небереси Айбектен да эки уул-чеберелүү болду.

Эч байлыкка, дүйнөгө теңдешсиз алтын апам, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп, сиздин биз менен бирге катарлаш жашап жүргөнүңүз биз үчүн чоң бакыт экен. Ылайым жараткан сизге узун өмүр берсин, асылым, апа!

ХХХ

Өткөн жылы апамдын 80 жаштык маарекесин айылда бала-чака, тууган-урук, коңшу-колоңдор менен белгилеп, бут алдына килем төшөп, кымкап тон кийгизип, башына ак жоолук салып, куттуктаганыбызда бизге «Атаңар көрсө болот эле ушул күндөрдү, ушул сыйды, силердин минтип иштеп, эл катарына кошулгандарыңарды»,-деп, көзүнө жаш алып, бизди, балдарын да муун-жүүнүн бошоткон. Анан баарыбызга, «Тургун эне» деп сыйлап келген урук-туугандарына батасын берип, алкап жатты.

Эненин ой-тилегинен ак нерсе болбойт окшойт. Үйдө биз менен катарлаш олтуруп калганда көр тирилик деп алыста жашап-иштеп жүргөн балдарын, кыз-келиндерин ойлоп, аларга алакан жайып ак тилегин ыроолойт. «Көпчүлүктүн катарында



эсен жүрүшсүн. Кыш кыроодо кыйналышпаса экен. Кыйладан бери телефон чалып сүйлөшпөй калышты. Байланышып, алакыбалды сурачы»,-дейт мага карап. Апамдын ар кайсы ишке, токтоо, сабырдуулук менен акыл калчаган мээримдүү, жылуу жүзүнө көз таштап «Бүгүн эртең сүйлөшөм, Россияга да, Бишкекке да телефон чалам, кабатырланбаңыз»,-дейм. «Ошент үйгө чалышсын, мен да сүйлөшөйүн»,-деди кайра сөз улап.

Жол ката келатып, ушул саам мага Ош шаарындагы Ысман досумдун оо бир күнкү «Ата кубат, эне дөөлөт»,-дейт элибизде, сенин апаң бар, аяш энем бар, сен бактылуусуң, сен дөөлөттүүсүң, өбөк-жөлөктүүсүң»,-деген күн нурундай ысык тап берген жылуу сөздөрү эсиме келип, кайталанып турду. Элде «Карысы бардын ырысы бар» деген сөз бекеринен айтылбаса керек. «Эне баланы алгач курсагында, анан кучагында, кийин өмүр бою жүрөгүндө көтөрөт» деп бир аалымдын айткан сөзү-акыйкат улуу сөз экен.

Таң эртеңден бери мени туткактап, ээрчип алган ойлордон мен өзүм иштеген редакциянын эшигин аттап, анын күү-шаа турмушуна аралашканда гана ажырадым. Күздүн соңку күндөрүндөгү мындай ой түрмөктөрү мени сергитип, көңүлүмдү жагымдуу, жылуу сезимдерге бөлөп койду.

**2006-жыл, 1-декабрь.**

**Майрамбек ТОЙЧИЕВ:**

## «МЕН ЫРСЫЗ ЖАШАЙ АЛБАЙТ ОКШОЙМ»



М. Тойчиев

Биз Тажикстандан келген меймандыз, акын, котормочу Майрамбек Тойчиевди кенке тарттык. Ободу ал жөнүндө.

Майрамбек 1963-жылы Тажикстандын Мургаб районунда төрөлгөн. Тажик республикасынын борбор калаасындагы политехникалык институтунда окуп, «Автомобиль жолдору» адистигине ээ болгон. Окуусун бүтүргөндөн кийин ал Хорог шаарындагы «Памир транспорт» башкармалыгында башкы директордун орун басары болуп иштеген.

М.Тойчиев өз кесибинде иштөө менен бирге өзүнүн талант, шыгын сынап, ыр жазып, котормо жанрында шугулданган. Анын «Бир бол», «Сарыкол», «Кулжанаама» аттуу ыр жыйнактары Ош облусттук басмаканасынан жарык көргөн. Ал кыргыз, орус тилдеринде жазат. Тажик тилинен айрым чыгармаларды кыргыз тилине таржымалдап келатат.

Биздин өз ара баарлашыбыз уланды.

**-Майрамбек мырза, сиз сөз башында өзүңүз жакшы билген, жашап жаткан Мургабдык боорлошторубуздун ал абалы, жашоо шарты жөнүндө кеп салсаңыз.**

-Кудайга шүгүр, азыркы кезде элибиз тынч турмушта жашап, күн кечирүүдө, жаман эмес. Кыйынчылыктар да бар. Бул баарынан мурда жумушсуздук маселеси. Мурдагыдай завод-фабрикалар иштебей, токтоп калып, элдин көпчүлүгү иш менен камсыз болбой жатат. Бизде, кыргыздарда негизинен топоз-кой чарбачылыгы өнүккөн. Жалпысынан райондо 15000 ден ашуун калк жашайт. Анын 90% дан көбү кыргыздар.



**-Райондо биздегидей менчиктештирүү иштери жүрүп жатабы? Мисалы жер менчиктештирилгенби?**

-Бизде да бул саясат жүрүп жатат. Бирок, граждандык согуш жүрүп, көп тоскоолдуктар болду. Кээ бир чарбалар кооперативдештирилди. Союз мезгилиндегидей эле айрым совхоздор бар. Жер менчиктештириле элек. Тынчтык, бейпилдик болсо анан ойлогон, көздөгөн иштер турмушка ашат турбайбы. Айта кетчү дагы бир сөз,өкмөттүн Мургаб элине көз карашы, мамилеси жакшы, керек учурда тийиштүү жардамдар берилип турат. Ал эми тажик эли менен кыргыз элинин ынтымагы жакшы, канча кылымдар бою эки улут чыр-чатаксыз, урушпай өз ара ынтымакчылыкта жашап келүүдө.

**-Майрамбек мырза, эми чыгармачылык жагдайда сөздү улантсак. Сиз ыр жазууга кантип келип калдыңыз? Кыргыз, орус тилинде жазып, тажик тилиндеги ырларды кыргыз тилине таржымалап, аларды мына бул «Кулжанаама» аттуу китебиңизге жарыяладыңыз, мунун баарысы арийне айта келсек оңой жумуш эмес.**

-Мен Мургабдан кыргыз орто мектебин бүтүргөндөн кийин бир-эки жыл жогорку окуу жайына тапшырып, конкурстан өтпөй калдым. Кийин даярдоочу курсун окуп, Душанбедеги политехникалык институтуна кирдим. Бир жылдан соң Советтик армиянын катарына чакырылдым. Ошол жерде орус тилин жакшылап үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк болду. Аккордеондо жакшы ойночумун, ошол себептен мага ал жердеги балдар бакчасында музыка боюнча мугалими болуп иштөөгө аскердик бөлүктүн командири шарт түзүп берди. Ал жерде мага орус тили боюнча адистиги бар эжеке бул улуу тилди-орус тилин үйрөнүүгө көп жардам көрсөттү. Бара-бара орус тилинде сабаттуу жазууга жетиштим. Орус элинин көрүнүктүү акындары Евтушенконун, Пастернактын, Бродскийдин, ошондой эле Пушкиндин, Лермонтов- дун ырларын көп окуп, алардын чыгармаларынын бир тобун кыргызча сүйлөттүм. Мен кызмат өтөгөн стройбатта (курулуш

батольену) бош убактыбыз жетиштүү болчу. Ал кезде аскердик бөлүктө «Молодой инженер» деген гезит чыкчу. Ага да ыр, юморлорду жазып, тыгыз байланышта болдум. Ал да болсо орус тилинде чыгармаларды жазууга мага чоң түрткү болду.

Ал эми тажик тилин мектепте, кийин института окуганда эркин сүйлөп, бара-бара жазууга жетиштим. 1997-жылы Тажик радиосунун кыргызча берүүлөрү боюнча бөлүмүндө иштеп, тажик тилин дагы жакшыраак үйрөндүм. Айрым макалаларды, жазуучу акындардын ырларын, кыска аңгемелерин тажикчеден кыргызчага таржымалоого туура келди. Ал мезгилде мен көбүнчө Хафиздин чыгармаларына кызыгып, аны кыргызчага которуп жүрдүм. Хафиз Шерози XIV кылымда жашаган акын болсо дагы анын классикалык көөнөрбөс ырлары бүгүн деле окурмандардын сүйүп окуган чыгармаларынын катарында турат. Менин которуумда залкар акындын бирин-экин саптарын окурмандардын эсине сала кетсем артыкбаш болбосо керек. Анда окуп көрөлү.

«Карт дилиме жапжаш сүйүү уя салды,
Сыр ашкере болду журтка-айла барбы?
Көгүчкөнү рухумдун кайкып учкан,
Кандай гана тузактарга чалынбады?
Кирпиктериң-Искендердин курч найзасы,
Мендейлердин канча миңин жаралады.
Турк periси Шеразды алар болсо теңине,
Самарканды, Бухараны берер элем меңине.

Көрүңүзчү, улуу акын сүйүүнү кантип даңазалаган, куштай оболотуп, көккө учурган!

**-Кечиресиз, Хафизге кошулуп мен да эргип кеттим окшойт деги тил билсең ошол элдин дилин билесиң, ырларын түп нускасында окуп, тааныша аласың. Тил билүү өзгөчө ушул заманда өзүнчө эле чоң байлык тура.**

-Сөздү кайрадан эле өйдөдө сиздин берген соболуңуз боюнча улантайын. Ал эми менин ырга, поэзияга болгон кызыгуум, шыгым жаш кезимден эле башталган. Атам комуз чертчү, ырды да жаза койчу, адабиятка, исскуствого болгон арзуума, кызыгуума атам көп таасир берди.

Менин кыргыз тилинде «Бала жана гүл», «Энеме» аттуу эки ырым армияда жүргөнүмдө «Кыргызстан пионери» гезитине чыккан. Кийин бир ырым 1991-жылы «Кыргызстан маданияты» гезитине жарыяланган. Ошентип мен ыр дүйнөсүнө киргенмин. Бул тазалыктын, сулуулуктун жан дүйнөсү, азыгы, байлыгы болгон ыр, поэзия мени сулуу кыздай улам-улам алдыга кол булгалап чакырып келатат. Мен ырсыз жашай албайт окшойм.

**-Ыр жазуу, адабият менен шугурлануунуз негизги жумушуңузга, кесибиңизге терс таасирин берип, алагды кылбайлы?**

-Жок, жолчунун ишин деле поэзияга жакын кесип деп эсептейм. Өмүр деле өтүп жаткан өзүнчө жол. Мен жолдо жүргөндө көп кыялданам. Оюма өзүнчө түрмөктөлгөн, мени эргиткен ыр саптары, жакшы ойлор келет. Анан алар кези келгенде башымда бышып, ак кагазга түшөт.

**-Сиздин өмүрдөгү, ушул турмуштагы максатыңыз эмне?**

-Максатым адамдарга кичине болсо да жакшылык тартууласам, бирөөнүн ажааты ачылбай жаткан ишине көмөк көрсөтсөм дейм. Ошол себептен жолчулук кесипти тандап алгам. Тасмадай тегиз, жаркыраган түптүз кең жолдор да элге кызмат кылат, ишин илгерлетет.

**-Майрамбек, сизди чарчатпадымбы, дагы бир суроо. Сиз өмүр бою Тажикстанда, тагыраагы Мургаб районунда жашадыңыз, Кыргызстанды сагынасызбы?**

-Албетте, Кыргызстан дегенде көкүрөктө сагыныч, ишеним, жылуу сезимдер бар. Кыргызстан деген биздин элдин опол тоодой таянычы. Бирок Сарыкол деген аймакта адам буту баскандан бери эле менимче кыргыздар жашайт. Ошол ээн, какыраган жерди калимки жер кылган биздин кыргыздар. Бул

жер биздин кичи мекенибиз деп айтар элем. Мындан кыргыздар кетип калып, бош калышын каалабайбыз. Мургаб району улам өсүп-өнүгүп бараткан чөлкөм. Элдин айтымында Сарыколго кыргыздар 4-5-толкун менен келген. Биринчи жолу Чыңгыз хандын мезгилинде Монголия аймагында жашаган Кыпчак, Найман деген эл сүрүлүп келген. Алгач алардын кайсы учурда, кайсы жылдарда келгени азырынча талаш-тартыштуу маселе. Кийин Кыргызстандагы Үркүндө, Бухара хандыгындагы кагылыштарда, анан колхоздошторуу, репрессия мезгилинде бир топ кыргыздар келип, отурукташып калган. Менин атам да 4 жашында Алайдан колхоздоштуруу мезгилинде келген экен. Демек, Сарыкол биздин түпкү Ата Журтубуз. Кыргызстандан Сарыколду ажырата албайбыз.

**-Маегибиздин соңунда сизге чыгармачылык чоң ийгиликтерди каалайбыз. Өзүңүз айтканыңыздай ар дайым кереметтүү поэзиядан кол үзбөй жүрө берүүңүзгө тилектешпиз.**

**2004-жыл, 22-май**





# ӨСТҮРӨР ДА , ӨЗГӨРТӨР ДА ӨЗҮБҮЗ

Бешенебиз жарык, бактыбыз бар эл экенбиз. Ата-бабабыз тээ илгертен түптөп келген жумуриятыбыз кечээги чоң империя-СССРдин тутумунан тынч, бир кашык кан төгүлбөй, байгерчилик заманда бошонуп, өз алдынча, күнкорсуз, эгемендүүлүктө жашап жатабыз. Өз киндигибизди өзүбүз кесип, өз түндүгүбүздөн өзүбүз түтүн булатып дегендей. Бизден он эсе, жүз эсе көп эли бар, аскер күчү мол, башка мамлекеттер менен тең атабыз, тең катардабыз. Өз тилибиз, өз жерибиз, өз туубуз, өз мыйзамыбыз, өз сомубуз, өзүбүз шайлаган ажобуз бар.



Баарысы бар. Муну биз кубанып, жарпыбыз жазылып, эсеби мына алты жылдан бери айтып, жазып, ал эмес дүйнөнүн жүздөгөн өлкөлөрү бизди таанып, билип, эсептешип турат деп көкүрөк көтөрүп канча машырканбадык. Ылайым ошол даңазабыз, кутубуз башыбыздан кетпесин. Элибизде, жерибизде тынчтык болсун, а болбосо дүйнөдө биздей эле жер байлыгы, адамы бар канча калктар эңсеген эркиндигинин тузун, даамын тата албай башка бирөөлөрдүн буйругу, көрсөтмөсү, заң закуну менен жашап келатканынан кабардарбыз, көрүп келебиз. Башка эмес, чоң өлкөнүн кучагында бирге жашап келген мобу мусулман чечен элин эле айтпайлыбы, өз башынын таза эркиндиги, азаттыгы, өз алдынчалуулугу деп, өзүнөн канча бир эсе чоң, күч-кубаттуу өлкө менен кан жанын аябай салгылашып келди го. Дале керек болсо өз мүдөөсү, тилеги ишке ашуусу үчүн белчечпей күрөшүп жатыр. Нечен бир өрттөй жанган

жигиттери кара курсагынын кайгысы-аш, нан үчүн эмес, элинин азаттыгы үчүн кармашып жатып, жан берди го чиркин. Эркиндиктин баасы ушундай өлчөөсүз тура.

Учурунда бабабыз Манас, кийин соңку аталарыбыз да кыргыз элинин башкаларга көз карандысыздыгы, өз алдынчалуулугу үчүн күрөшкөн. Чокчоңдоп басынткандарга, башка кылыч көтөргөндөргө тайманбай тике турган, ошон үчүн азыркы муун, атуулдарыбыз колубузда оттой желбиреп турган эркиндиктин туусун бийик көтөрүп, артыбыздан тукум улап келаткан жаш муундарга эстафета катары өткөрүп берүүбүз милдет.

Жаңы түптөлүп келаткан мамлекетибизди бутуна бек тургузуп, анын социалдык-экономикалык абалын, маданиятын өстүрүп, өнүктүрүү парзыбыз. Крыловдун баягы айтылуу тамсилиндегидей бирибиз көлдү, бирибиз чөлдү карабай, бирдиктүү, бир багытта умтулуубуз, канат сермөөбүз ийги. Ушул жагдайда алганда убакыт токтоосуз куштай зымырап учуп, биз мезгил добушу менен тең үндөш болалбай жатканыбыз айгине, ачык көрүнүш болуп барат. Кыязы, экономисттерибиз, чечендерибиз саймедиреп айтып жаткан өткөөл мезгилде көбүрөөк тыныгуу жасап калдык шекил. Кол жеткендерибиз, багындырганыбыз, алган бийиктиктерибиз, канча болсо, кенемте-кемчилдиктерибиз, мүчүлүштүктөрүбүз да жетишерлик бар. Жашырганда, жапканда не, биз бой түзөп алгыча биз менен улуу жүрүшкө бир атттанган, бир чыккан кошуналарыбыз тигил, бул эсепте алганда бизден көз көрүнөө алдыга озуп баратканы ич күйдүрбөйт бекен?

Туура, эгемендүүлүктүн, өз алдынчалуулуктун, рыноктук экономиканын жолу татаал, өр жол, ошон үчүн ал көп күрөштү, чымыркаган эмгекти, акыл-эстүүлүктү, тажрыйбаны, керек учурда жан берген аянбастыкты, бетке чабар батылдыкты талап кылаары да бышык. Бирок, ушул эгемендүү жумуриятыбыздын оор, ары жоопттуу жүгүн алга тартып, илгерилетүүдө биздеги машинанын бардык



механизмдери текши, бирдей, так иштебей атат бейм? Өзгөчө, башкаруу бийлигинин чоң бутактарында олтурган аттуу-баштууларыбыз, жону жукарып турган караламан калктын суроо, мүдөө талаптарына жан күйгүзбөй, кайра өз көмөчүнө көбүрөөк күл тартып, эбин таап эки жеп, анан да элден обочолонуп, кечээги Компартиянын заманындагы жаман илдеттерден (жакшысында кеп жок) көз көрүнө арыла албай жатышы өкүнүчтүү, ич сыздатат.

Ырас, 70 жылдан ашуун доор сүргөн, совет мамлекетинин короосуна таш түшсө эле аны атайлап жамандап жаткансып, бирөөлөрдүн чекеси тырыша түшөт азыр да Акыйкатта, Компартиянын учурунда биздин калкыбыз талашсыз ийгиликтерге жетишти, агарды, көгөрдү, өсүп-өндү дегендей. Аны тана албайбыз, бирок сабыр кылып ой жүгүртөлүчү, замандаш. Ошол чоң байтүп жашыл теректей улам оожалып өсүп турган улуу державанын түбү акырындап чирип, күндөрдүн биринде күп деп кулап түшүүсү эмнеден болду? Башка бир ой-пикирлер менен катарда бул өлкөнүн ыдырап таркашына анын рулунда, башында турган Компартиянын жетекчилеринин жосунсуз жоруктары, элдин кашыктап жыйнаганын асыресе, Брежневдин, Черненконун заманында чөмүчтөп, ысырапкорчулук менен чачып турушу, адилеттүүлүктөн тайып, элден обочолонуп, өзүнчө тап-катмарларга айланышы коомго, ал түзүлүшкө өзүнүн олуттуу терс таасирлерин тийгизди. Маселен, ошол партиялык жогорку катмардагы адамдардын жалпы калктан бөлүнүп, өздөрүнүн гана ооруканаларында дарылануусу, тиешелүү курорттордо эс алуусу, өздөрү үчүн атайын салынган үйлөрдө, дачаларда жашашы, бөтөнчө ресторандарда, шаан-шөкөттөрдө болушу, ал эмес, театрларда, салтанаттарда, майрамдык параддарда да олтурган орундарынын бөлүнүп турушу, көпчүлүктү наалазыланта берген. Бул эле эмес, ошол партиялык креслолордо олтурган чоңдордун көбүнүн балдары жогорку окуу жайларынын «өтүмдүү» факультеттеринде окуп жатышы.

Бул жана башка жосунсуз иштер жана биз айтып өткөндөй сыймыктанган, суктанган, бийик саябалуу чынар теректин тамырларын акырындап мите курттай жеп, өзөгүн иритип-чиритип салбадыбы.

Баса, ушул публицистика маанайындагы ой толгообузду биз кечээги СССРдин ыдырап кулашын кең кесири иликтеп, тактайын деген деле пикирде эмеспиз. Ал ириде, социологдордун, тарыхчылардын парзыдыр, Ал мезгил дагы көп такталып, көп изилденер. Бизди оболу журналист катары колго калем алдырган нерсе-мына ошол өйдөдө учкай айткан советтик түзүлүш мезгилиндеги Компартиянын зындуу саркындылары, кемчиликтери эгемендүү, демократиялуу, укуктук коомго бараткан жаш республикабызга, биздин коомго көчүп келбесе экен, анын эртеңки жаркын келечегине өзүнүн оңбогондой терс таасирлерин тийгизбесе ушундан кудай сактаса экен, кабыл алган мыйзамды эш тутуп, бузбай жашасак деген аруу тилек, жаркын үмүт.

А бирок ошол өткөн күндүн «вирустары» азыр бизде жок деп, кимибиз айта алабыз, кимибиз кепилге тура алабыз?

Ийе, биздин коом көптөгөн жаман адаттардан арыла албай жатат. Тааныштык, жердештик, кол ийрисине тартуу, өз пайдасы, өз чөнтөгү үчүн күрөшүү, паракорчулук, коррупция, кошоматчылык, бюрократия, өз бийлигинен пайдалануучулук, дагы-дагы башка «чылыктарыбыз» бизди илешкен илдеттей коштоп келет. Маселен, өткөндөгү жосунсуз жоруктардын бирин-экинин дагы мисалга тартып көрөлүчү. Учурда мамлекетибиздин ишенимдүү тиреги болгон аскер күчтөрүндө кимдер кызмат кылып жатат, текшере, биле келсек жашыруун эмес. Анда дээрлик баягы Совет доорундагыдай эле «жумушчу, дыйкандардын» балдары жер тээп, мылтык атып жүрү. Тиги чоң креслодогулардын, акимдердин, колунда барлардын эрке талтаң балдары кайда деген суроолор эрксизден эске келет. Ал эми өз кызмат орундарынан



пайдаланып, өкмөттүн чөнтөгүнө кол салгандардын саны канча? Азайып жатабы, ачык айтып ак сүйлөчү, бурадар.

Президент Аскар Акаев жакынкы учурда өзүнүн Кыргызстан элине жана Парламентке кайрылуу Катында соңку учурда экономикабызда алгачкы жылыштар бар экендигин фактылар менен айтып, бирок, анын ыкчам темпте болбой жаткандыгын белгиледи. Анын негизги себептеринин бирин кадр маселесине байланыштуу карады. Президентибиздин сөзү боюнча бизде мамлекеттик башкаруунун азыркы структурасында көбүн эсе мурдагы түзүлүштөн мураска калгандар, башкаруунун бул системасы жаңы көрүнүштөргө жана талаптарга жооп бере албай жатат. Жетекчилик жоопту посттордо тургандардын бир тобунун аткаруу тартибинин төмөндүгү, демилгесиздиги, жалпы элдик, мамлекеттик таламдарга жакшы этибар бербегендиги иште өзүнүн терс таасирлерин тийгизүүдө. Бул айтылган сөз биздин жогорудагы пикирибизди тастыктайт.

Сөзүбүз куру болбос үчүн айрым бир фактыларды да мисалга келтирели. Соңку учурда республикабызда ар кандай кемчилдиктер үчүн 17 жергиликтүү мамадминистрациясынын башчылары кызматтан алынды, ал эми 22 администрация башчыларынын орундары алмашылды. Дагы бир кейиштүүсү кылмыштуу топтор коррупцияланган кызмат адамдары менен машташып, алакалашып кеткен. Айталы, наркотикалык заттарды четтен алып келген «соодагерлер» менен ички иштер кызматкерлеринин өздөрү аралашып, акча десе чечекейи чеч болуп, жүгүрүп жүргөндөрү канча. Бул карышкырга кой кайтарткан менен барабар эмеспи. Коомубуз ушундай зыяндуу, прогресси муунткан сары чырмоокторден тезинен арылууга тийиш. Бул тууралуу өлкө башчыбыз өзү да «Биринчи ирет мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарындагы компотентсиздик, шалаакылык, мыйзамдарды бузган көрүнүштөрүнүн баарысы менен аёосуз күрөшүүгө тийишпиз» деди. Ак сөз!

Учурда республикабызда көпчүлүгүбүздү кейишке салган, өкүндүргөн дагы бир нерсе бул жумушсуздук, көр тиричиликтин, жан сактоонун айынан жаштарыбыз (токтолуп калгандары деле) араба сүйрөп, таң заардан кечке чейин сыз жерде олтуруп, соода-сатык кылышып, жалданып иштеп, ал эмес кылмыштуулукка, уурулукка, сойкулукка барып жатышы чындыгында, оболу, жумушсуздуктун кесепети го. Бул маселени айтпай-дебей коюуга эч кимдин дити түтпөс. Өз Кайрылуусунда Президентибиз жумушсуздук маселесине көңүл бурду. «Азыркы учурда бул жагынан абал оор, жумушсуздуктун орточо пайызы 20-25 пайызга жетти. Бул өтө кейиштүү көрсөткүч. Мамлекет экономикалык либералдаштыруу саясатын жүргүзүү менен катар эмгек рыногун өнүктүрүү жана жөнгө салуу жагынан чечкиндүү чараларды көрбөсө иш чабал» деди.

Акыйкатта ажобуздун сөзүндө айтылгандай бул маселе экономикалык гана эмес, ошондой эле республикабыздын тынчтыгы менен байланышкан социалдык-саясий маселе экендигин эч качан эстен чыгарууга болбойт.

Ырас, алтынчы жылга кадам таштап жаткан эгемендүү мамлекетибизде жыл сайын көңүл жылытып, ортого салар, кабарлачуу бир катар иштерибиз да аз эмес. Айталы, былтыры дан, жүгөрү, картошка, жашылча өндүрүүдө мурдагы жылга салыштырмалуу жетишкендиктер болду. Ушундай эле финансы, тышкы экономикалык байланыштар жаатында да жакшы иштердин бар экендигине турмуш күбө. Өткөн жылы бир топ өндүрүштөр ишке киргизилди. Анын ичинен айтсак, Жалал-Абаддагы мунайзат иштетүү курулушу, ошондой эле «Манас» эл аралык аэропортунун, Бишкек-Ош автожолунун ондоо иштери башталды. Дегеле өлкөнүн ичинде жана тышкы мамилелерде да айта турган иштерибиз бир топ. Мунун өзү көздөгөн ой-тилектерибиздин ишке ашуусуна жетишүүдө өбөлгөлөрдүн бар экендигине бизди ишендирип, эртеңки жакшы турмушка



үмүттөндүрүп, чакырып турат. Демек, Кыргызстанды коомубузду өстүрөр да, өзгөртөр да оболу өзүбүзгө байланыштуу.

Алдыбызда болсо кыйма-чиймелүү татаал, жоопту жолдор турат. Шонуң үчүн бизге аткаргандарыбызга, жетишкендиктерибизге каниеттенип, ток пейил тартып калуу али эрте.

Тигине, адамзаттын жаңы келечеги, жаңы үмүт тилеги XXI кылымдын караанı көрүндү. Биз ага баратабыз.

**1997-жыл. 21-23-май**

**Автордон**: Аталган публицистика Сорос Кыргызстан Фонду тарабынан жарыяланган «Кыргызстанды өзгөртүүгө болбойт деп ким айтты?» деген аталыштагы республикалык конкурста автор байгелүү орунга ээ болуп, диплом жана акчалай сыйлык менен сыйланууга татыктуу болгон.

## АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРГА ПИКИРЛЕР:

## « БАЛДАРДЫ КУБАНДЫРГАН ЫРЛАР»


К. Ташбаев

«Манас» эпосу баштаган элдик оозеки адабияттан угут алып, тамыр жайган кыргыз адабиятыбыз өткөн совет доорунда чоң бурулуш жасап, калкыбыздын нагыз руханий дөөлөттөрүнө айланганын эч ким тана албас. Береги мезгил ичинде көркөм адабиятыбыздын бардык жанрларында окурмандарыбыз сукtanып, сүйүп окуган, канаат-танган мыкты туундулар, чыгарма - лар жаралганын жакшы билебиз.

Кебибиздин нугуна карап айтканда бул аралыктын ичинде бирөөлөр сыртынан тон бычып, оңой делген, жеңил көрүнгөн балдар адабиятында да көркөм адабиятыбыздын бардык чен өлчөмдөрүнө ылайык келген көптөгөн мыкты делген асыл нарктар-чыгармалар жаралды. Айталы, элдик оозеки жомоктордон уланган балдар адабияты адепки учурларда Токтогул, Барпы, асыресе, Тоголок Молдонун чыгармаларында, кийин соң үлкөн таланттуу калемгерлерибиз Түгөлбай Сыдыкбековдун айтылуу «Тоо балдары» романында, Чыңгыз Айтматовдун «Атадан калган туяк», «Ак кеме», «Эрте келген турналар», Шүкүрбек Бейшеналиевдин жалпыбызга белгилүү повесттеринде, ага удаалаш Муса Жангазиев баш болгон Абзий Кыдыров, Турар Кожомбердиев, Жолон Мамытов сыяктуу акындардын поэзиясында кичинекейлердин, өспүрүмдөрдүн таза, аруу, жан дүйнөсү, кыял жоруктары, ой жүгүртүүлөрү ар тараптан



таасын иликтелип, кызыктуу, кеңири чагылдырылгандыгы көпчүлүккө малым.

Республикабыздын эгемендүүлүгүнүн мезгилинде да биз сөз кылып жаткан балдар адабияты ар кайсы жылдарда улам тереңдеп, образдуу айтканда шактап, бутактап, мөмөсүн берип келет. Бирок биз окурман сыпатында калыстык менен айтканыбызда кыргыз адабиятында балдар темасын камтыган ар кайсы жанрдагы көркөм чыгармалар адабиятчылар, сынчылар тарабынан өз баасын жеткиликтүү ала албай жеңилирээк бааланып, ал эмес ага «өгөй» баладай мамиле жасалып келаткандыгы жашыруун эмес.

Бирок шүгүрчүлүк, ага карабастан элибиздин уучу таланттуу акын, жазуучулардан кур эмес экен. Алар балдар адабиятындагы бөксөөлүктү, кенемтени толтуруп дегендей, эртеңки келечек ээлерибизди кубантып, жан дүйнөсүн, дүйнөгө болгон көз карашын байытып, жакшынакай көркөм чыгармаларды жазып берип жаткандыктары ырасында колдоого, кубаттоого ала турган иш.

Аны биз соңку жылдары (1999-жыл Ош шары) жарык көргөн элибиздин таанымал акындарынын бири, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Кармышак Ташбаевдин «Бийик жердин балдары» аттуу ырлар жыйнагынын мисалында айткыбыз келет. К.Ташбаев буга чейин да окурмандардын жүрөгүнөн жылуу түнөк тапкан бир нече поэтикалык китептердин автору. Маселен, «Кыргыз тоолору», «Мен көргөн жаздар», «Багыт», «Мезгил тулпар», «Аралыктар», «Канаттуу тоолор», «Жандуу топурак» жана башка баш аягы 15ке жакын ырлар жыйнактарын чыгарып, окурмандар журтунун сый урматына татыган.

Автордун биз сөзгө алып олтурган «Бийик жердин балдары аттуу китеби бакчадагы бөбөктөрдөн тартып, тестиер балдар учун, ошондой эле жаш ата-энелерге, тарбиячыларга да багышталган. Китептин аннотациясында белгиленгендей бул жыйнакка элдик ырым-жырым, салт-санаа, үрп-адат, баланы

эркелетүү (бешик, эмгек ырлары ошондой эле жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр, табият сырлары, кичинекейлердин кыял-жоруктары) жөнүндөгү ырлар топтоштурулган. Акын көптөгөн элдик чыгармаларды жыйнап, алардын тарбиялык маанисин, көркөмдүгүн тереңдетип, өзүнчө чебер, чыгармачылык менен иштеп чыккан. Айрымдары жаңыдан жазылган. Бул китепке кыскача баш сөз жазган Кыргыз Республикасынын Эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси Сооронбай Жусуевдин «Негизинен китеп таалим тарбиянын алиппеси катары мага таасир калтырды»,- деп чын ыкластан баа бергени да бекеринен эмес.

Айта кетчү сөз, акын К.Ташбаев мурдараак жарыкка чыгарган «Тоо жана төө» аттуу бөбөктөргө арналган ыр топтомунда да жаш окурмандарыбыздын арасында жылуу пикирлерди туудургандыгы, жакшы баалангандыгы эсибизде. Демек, кичинекей досторунун арасында К.Ташбаев башта да бирге болгон, алардын кызыктуу, таза, чынчыл, учкул ой сезимдерин, жан дүйнөсүн чыгармачыл электен өткөргөн, жетерлик бай тажрыйбага ээ болгон калемгер.

Эми сөзүбүз жайдак болбосун үчүн ага китептен бир нече мисалдарды ортого тартып көрөлү. Мисалга жыйнактагы «Ырым-жырым ырлары» аттуу ыр топтомунан «Баланы көргөнү келгенде» деген чыгармасын алып көрөлү.

Кана бирден келгиле,
Капкара көз баламдын,
Көрүндүгүн бергиле.
Айдай жүзүн караңар,
Ак бетинен өпкөнүң,
Алтын менен барабар.
Күндөй жүзүн караңар,
Мурунунан өпкөнүң,
Күмүш менен барабар. (4-бет, )

Ал эми «Тооктун арманы» аттуу алты сап ырына да көз таштап көрөлү.



Мен армандуу тоокмун, тоокмун Бир бала туудум оозу, мурду жок,

Бир карасам колу, буту жок.
Ал баламдын жаны да жок,
Топтомолок, топтоголок.

Автордун бул ырларын окуган чоңбу, кичүүбү окурман журту эч кайдыгер калбашына, поэзиянын назик, жагымдуу илебине ичи жылып, бир ажайып сезимдерге кабылары бышык.

Жогорку ырда эненин мээрбан ак көңүл жан экенин, баласына өз сүйүүсүн төгүп, бир чети эркелетип, бир чети таалим-тарбия берип жатканы акындык чеберчилик менен таасын сүрөттөлгөнүнө өзүңчө муюйсуң, ишенесиң. А түгүл бул сыяктуу ырларды жаттап алып,өзүң да жагымдуу обондо коштоп, бөбөктөргө айтып бергиң келет.

Ал эми береги жаныбарлардай жандуу «бала» туубай кыймылсыз, томолок жумуртканын энеси болуп турган бечара тооктун арманын да кандай лиризм, сезимди ургулаган, жылмайткан, жумшак юмор жатат. Сени ушул кыска, нуска көркөм сөз каражаттарына бай ыр саптары кызык кыялдарга, ойлорго чакырат. Ушунун баарысы таланттуу калемгер Кармышак Ташбаевдин акындык зор чеберчилиги, бай тажрыйбага эгедерлиги, жаш балдардын дүйнөсүн, көмүскөдөгү сырларын түшүнө билгендиги десек эч апырткандык эмес.

Жыйынтыктап айтканда, таанымал акын Кармышак Ташбаевдин береги биз сөз кылган ыр жыйнагы жеткилең, окумдуу жазылган, кичинекей досторубуздун, жаш ата-энелердин колдон түшүрбөй сүйүп окуган чыгармаларына айланып калды десек болот.

Биз сөз кылган акындын бул китеби убагында Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка сунушталгандыгы да жөн жерден эмес. Автор асыресе, соңку жылдары бир топ жупуну тартып кеткен балдар адабиятыбызды жеткинчектерибиздин дүйнөсүн көркөм чагылдырган, окумдуу, кызыктуу, ары мазмундуу чыгармалары менен байытты деп айта алабыз.

**2002-жыл , 13-апрель**



# КОШТОШУУ ЭМЕС, ЖОЛУГУШУУ



Т. Мияшов

Китепкөй досторумдун бирөөсү «Жазуучу Таш Мияшовдун «Махабат менен коштошуу» деген повести чейрек кылымдан кийин жакында Бишкектен кайра басылып чыгыптыр. Оштун күркөлөрүндө сатылып жатат экен»,- деген жарыя кебине ырасын айтканда үзүлүп түшүп, сатып алып окуюн»,-деп убаралanганым деле жок. Тек жайынча гана салкын кабыл алгам. Ал түгүл «рыноктук экономиканын шартында жазуучулар да материалдык муктаждыкка кабылып атпайбы, шонун үчүн Таш аке да кичине тыйын-тыпыр болсун деген го. Гөр турмуштун көйгөйү да»,-дегем ичимден. Өткөн ишемби күнү Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын, жазуучу Таш Мияшевдин ошол аталган китеби бир себептен улам менин колума тийип калды. Көлөмү анча чоң эмес, «Махабат менен коштошуу» деп бадырайта жазылып чыгыптыр. Мурда жаш кезимде аны окугандай болгом. Ошондонбу ал тааныш, бейтааныштай сезилип турду мага. Ушул тапта жетерлик убактым, чолом да бар болчу. Китеңти колума алып барактап көрдүм да, окуп кирдим. Мүнөттөр зыпылдап өтүп жатты. Мен китептен баш албай окуп аттым. «Махабат менен коштошуу» мени өзүнө имерип, тартып алды. Кудум эле куулук, шумдугу жок боз баланы сулуу кыз колдон тартып, жүр берилеп, арбап азгырып бараткандай…
«Повесть автордун поэтикалуу, жумшак тили менен сюжеттик жактан ырааттуу чечилиши, каармандардын кулк мүнөзү, психологиялык жактан ишенимдүү сүрөттөлгөн. Менин жеке оюмда чыгармадагы жетишкендиктер менен бирге бийик жашыл төрлүү тоого чыгып, сарасеп салып, карай берсек анча-мынча ала чокулуу жерлери, кара тактары да көзгө уруна калат. Аны иликтеп, жиликтеп ийчү менин адабий сынчылык өнөрүм

жок. Мен тек жайынча окурман катары эле бул китептеги жүрөгүмө таасир эткен, жан дүйнөмдү козгогон, кабыл алган туюларымды гана ортого салып, Сиз менен ой бөлүшкүм келип турат, замандаш.

Айтпадымбы жана мени ушул чыгарма чынында эле өзүнө тартып алды деп. Болгону 70 беттей эле баян экен, аны бир дем менен эле окуп чыктым. Мурда 6-класста окуп жүргөнүмдө китепке жакын жаным мектеп китепканасынан алып келген «Эр Төштүк» эпосун да баш көтөрбөй бир күндө окуп чыккан кезимди азыр эстедим. Ошондо турсам көзүм караңгылашып, башым айланып калган эле. Кийин улуу жазуучулар М. Ауэзовдун "Абайын", Ч.Айтматовдун «Жамийласын», "Гүлсаратын" дагы ошондой эле бир топ чыгармаларды баш көтөрбөй, үзүлүп түшүп окуган учурларым болгон. «Махабат менен коштошуу»`да ошол менин ышкым түшкөн, жактырган чыгармалардын бири деп ойлойм.

Бул көркөм чыгарма менимче окурман калкын махабат менен коштоштурбай эле ыйык, түбөлүктүү, оттой ысык махабат менен кайра жолугуштуруп олтурат,- деп ойлойм. Ийе, Жолборс менен Назиранын акактай таза, тоо суусундай шылдыр аккан назик сүйүүсү, алардын алгачкы уяң, уурдана тиктеген көз отторунун чагылышуусу, Коңур-Жаздын айлуу түнүндөгү арык четинде олтуруп сырдашкандары, кыз жигиттин тоюндагы жүрөк толкуткан ашыктык ырлары, ошонун баарысы окурманды кантип эле махабаттын ысык сезимдерине бөлөбөйт, жолуктурбайт экен? Анан да көргөн адамды суктандырган келишимдүү Жолборстун чоң улакта торпокту өз атасына ашырбай Назиранын атасы Касымга берип турушу, же Назира бир көрсө деп Сары жалы менен эч ким ала албаган тыйынды чапчаң эңип алышы, болбосо эңиште жылкычы Назаркулду аттан оодара түшкөнү, ошол кыз деп о дүйнөгө сапарга кеткен Касым карыянын сөөгүн этияттап өңөрүп Жолборстун жай башына агып барганы, ушунун баарысы ошол улуу, ыйык сүйүүнүн шарапаты эмес беле, мындай эпизоддорду айта берсек көп, өтө көп. Бирок турмуш жалаң шаттык күлкүдөн, кубанычтан турбайт экен да. Жолборс менен Назира эңсеп жүрүп, баш кошуп, той өткөрүшүп, 3 күн, 3 түн эле



бирге болушуп, согуштун оор кесепетинен улам ажырашып кете бердиго чиркин. Көкүрөктү зилге, көздү жашка толтуруп. Ошентип жер жуткур Улуу Ата Мекендик согуштун зардабы, оор мүшкүлү аларды-Жолборс менен Назираны биротоло ажыратты. Бирок Жолборс Назирадан кол үзгөн менен тагдыр буйрук экен, кызы Жеңишгүлдү бой жеткенде көрдү. Көрүп пичи ысыды, сүйүндү, көзүн жаштады. Дагы кудайдын буйругу бар экен ал өз небересине ак бешик тартуулап, куттуктады. Азаптуу, армандуу жашоо ай…

Мен канчалык жобурап, төгүлүп, чачылып айтып берген менен да бул ыйык махабат баянын ээн, эркин олтуруп, өзүнчө окуганга жетеби, баарысын жүрөктөн өткөрүп. Китеп деген ажайып сонун ааламды өзүңүз суктанып араланыз. Баса, кетсе кетээр чөнтөктөн биртке тыйын-тыпыр, кетпегенде эмне? Ага сиз түк кейибейсиз, ичиңиз оорунбайт. Дегеним, Жолборс менен Назиранын кубанычтуу, лаззаттуу, ошону менен катар армандуу, көзү ачылбай кеткен ысык сүйүүсү Сизди махабаттын жыпар жыттуу гүл бакчасына жетелеп алып барат. Ага чындап ишене бериңиз.

**1994-жыл, 26-февраль.**

# ЖЕТИЛҮҮ



Биз аздектеген, биз суктанган көркөм адабият дүйнөсү эзели соолуп, тартылып, оту өчүп калбасына айтсак да, айтпасак да ынанасыз. Анткени, бул кооз, касиеттүү тунук аалам – адабият ааламы – тээ бийик мөңгүдөгү суулар күн табына эрип, чоң дайрага кошулуп, байып ташкындаган сыңары, ал эл арасынан чыккан талanттуу инсандар менен улам көркүнө чыгып, жаркып, сулууланып келээрин турмуш ырастоодо. Ошол руханий акыл-мурасыбызды ириде, шыңгыр үндүү, таза, сулуу поэзия дүйнөсүн асыресе, өздөрүнүн назик, сергек, көркөм туйгулары менен байытууда биздин адабияттагы акын кыз-келиндерибиздин, алардын көп үндүү, көп түстүү жүрөк күүлөрүнүн салымы да чоң десек аша чапкандык эмес.

Биз кепке алган улуу муундагы айталы, Нуркамал Жетикашкаева,Тенти Адышева, Майрам-кан Абылкасымова, Субайылда Абдыкадырова, Нинакан Жүндүбаева, Гүлсара Момунова, Менди Мамазаиров сыяктуу акындарыбыз баштаган чоң топту улап, отун өчүрбөй, толуктап келаткан таланттуу акын кыз-келиндерибиздин бири - Тазагүл Закирова. Ал быйыл 50 жаштын ашуусуна чыгып турган кези.

Т.Закированын чыгармачылыгына, ыр дүйнөсүнө көз таштасак, анын китептен китепке эле эмес, бирер учурларда батылдык менен айтсак, ырдан ырга да өсүш жасап жаткан учурлары окурман катары назарыбызга урунат.

Окурман журтчулугу анын буга чейин жарык көргөн «Ырлар», «Купуя сезим», «Ак жаан», «Боз торгойдун ыры» аттуу ыр китептери менен жакшы тааныш.

Тазагүлдүн ырлары өзүнүн мазмуну, көркөмдүгү, поэтикалык саптарга арбындыгы, ошону менен бирге



бирөөлөрдөй ойку-кайкы экиленбестен тек, жөнөкөй, сезимге жеткиликтүүлүгү менен да окурмандын сезимин козгойт, ойго чакыра алат. Анын поэзиясынын тематикасы да ар түрдүү, бай. Бирде өзүнүн туулган жеринин, Ата журтунун кымбаттыгын, керемет, сулуулугун ырдаса, бирде жүрөккө жакын курбуларын, досторун, ата-энесин, жаратылыштын кооздугун, а бирде азаптуу да, армандуу да, бир эсе рахаттуу да махабатты күүгө салат. Күндө эле биз байкап, ойлоп көрүп жүргөн турмуштук көрүнүштөр анын ыр саптарында жаңырат. Алардын көбү акындын жан дүйнөсү менен таасирдүү, кызыктуу, ынанымдуу берилгендиги аркылуу биздин эсибизде калат.

Поэзияны адатта саймедиреп, кооздоп айта бергенден көрө бир-эки куплет болсо да, автордун чын-дилинен, жүрөк эргүүсүнөн жаралган ыр саптарын өзүбүз окусак, ой жүгүртсөк кыйла татыктуу, жеткиликтүү эмеспи. Маселен, Т.Закированын кийинки жаңы жазылган «Арман» аттуу ырын чогуу окуп көрсөк өйдөдөгү оюбузга толук күбө тарткан болобуз.

Кулундар байланбаган желеде арман,
Уул сүйүп, кыз бакпаган энеде арман.
Койкойгон кекиликтей кош мамактуу,
Ууз сүттөй жигит көрбөс денеде арман.

Зар болгон чертилүүгө комузда арман,
Аргендей ырдалбаган добушта арман.
Теңири кем кылбаган кооздугун,
Капаста канат жайбас тоуста арман.

Шамалдын айдоосуна моюн сунуп,
Жаай албай көчүп өткөн булутта арман.
Эзилбей сый тамакка, май калкыбай,
Баштыкта унут калган курутта арман.

Махабат лаззатына жетинбеген,
Жаны бар, оту алсыз,жигитте арман.
Тапталып, чабендеси келишпесе,
Байгеге чабылбаган күлүктө арман!

Көрүп турганыбыздай «Арман» ыры өзүнүн көркөм, сезимди кытыгылаган поэтикалык саптарга, салыштырууларга бай.

Тазагүл Закированын кереметтүү, сырдуу поэзияга, анын жаркыраган храмына жаштайынан эле баш багып, көркөм адабиятка эрте аралашуусуна, кызыгуусуна алгач ата-энесинин чоң таасири болгон. Алар окутуучулук иши менен бирге экөө тең элдик ырларды, жомокторду, санжыраны жакшы айта билишчү. Асыресе, атасы Закирдин комузда чебер ойной билиши, залкар таланттар Муса Баетовдун, Атай Оогонбаевдин ырларын мыкты аткарып, көпчүлүккө таанылуусу, анан ошондогу элдик чыгаан ырчы-акындар Алымкулдун, Осмонкулдун, Ысмайыл Борончиевдин, Мыскал Өмүркановaнын Жалал-Абад аймагына гастролго келгенде атасынын таклифи, мейман достугу менен алардын үйүндө болуп турушу, ыр ырдап, комуз чертип, өнөрлөрүн көрсөтүшү, андагы жаш кыз Тазагүлдүн жан дүйнөсүнө унутулгус таасир этти. Ошондо ал чоң таланттуу адамдардын сөздөрүн, ырларын, күүлөрүн эшитти. Анын ички сезиминде поэзиянын айтып бүткүс ысык табы, учкундары байкатпастан жана баштады. Поэзияга ынтызарлыгы, куштарлыгы артты. Кийин орто мектепти бүтүп, педагогикалык жогорку окуу жайына кирди. Билимин арттырды, окуду. Ал жерде да адабий чөйрөгө аралашты. Ошол жылдардын акыбети, эми минтип кайтып олтурат.

Талант, шыгы, эмгеги бааланып, ал Президентибиздин Указы менен Кыргыз Республиксынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери болду. Бул ардактуу наам менен Түштүк



регионунда кыз-келиндердин арасында биринчи болуп сыйланды. Мунун өзү канча сыймык, урмат.

Бирок бул деген Тазагүл үчүн чыгармачылык -тын чокусуна чыкты, баарысына жетишти дегендик эмес эле, анын алдында дале көп изденүүлөр, чыгармачылыктын көп кырдуу ашуулары турду. Чыгармачыл инсан күн сайын окуп, изденип, жазып, өзүн-өзү таанып турбаса мокоп калат, бир орунда айланып туруп калат. Анан да ар акынга эле тизе бүгө бербеген поэзия жанры оңбогондой татаал, көп түйшүктүү иш. Шону менен бирге нагыз талантка ырахаттуу да, кумарлуу да асыл дүйнө эмеспи. Ойго, мазмунга бай Т. Закированын ырлары көркөм, лирикалуулугу менен да кыйла өзгөчөлөнөт.Анын ички сезимде ачык, жеткиликтүү чагылдырган ыр саптары обончуларды да кайдыгер калтырган жок. Ошондон улам акындын бир топ ырларына М. Бостонкулов, Т.Эшбаев, А.Жайнаков, А.Тотктосунов, Б.Токобаев, И.Кебеков сыяктуу таанымал таланттар обон чыгарып, эл арсында кенири ырдалып келет.

Т.Закированын чыгармачылыгы биздин кыргыз окурмандарынын чөйрөсүндө эле чектелип калган жок. Анын тематикага, мазмунга бай, лирикалуу ырлары орус, алтай, түркмөн, казак, өзбек, грузин тилдеринде жарык көрдү. 1991-жылы Түркияда чыккан «Кыргыз поэзиясынын антологиясына» да бир топ ырлары кирди.

Дагы бир сөз. Ал өңчөй гана ыр жазуу менен чектелип, өзү менен өзү жашап жүргөн инсандардан эмес. Коомдук иштердин да жандуу катышуучусу. Элибиздин руханий дөөлөтүн байытуу максатында эмгеги сиңген кадырлуу инсандарды видеотасмаларга тартып, документалдуу телефильмдерди жаратты.

Ал эми анын поэзияга болгон чабыты, изденүүсү эч качан токтоп калбайт деп ойлойбуз. Акындын өзүнүн айтуусунда ал жакында Оштун 3000 жылдыгына багыштап «Менин ыйык шаарым» деген ырлар топтомун жазып бүттү. ал китеп болуп чыгаары күтүлүүдө. Жаңы жыйнак Тазагүлдүн чыгармачылыгынын биз билбеген, биз туйбаган кайсы кырларын ачар экен?

**1998-жыл. 29-декабрь, Ош шаары**



# МЕКЕНИМ-ЖҮРӨКТӨГҮ ЖАЛГЫЗ ЫРЫМ


Н. Мурзаев

Көз жеткис көркөм адабият-ыбыздын айдыңына сaресеп салып карай келсек, эгемендүүлүгүбүздүн жыл -дарында да табият берген талант шыгын таптап өстүрүп, чыгармачылык менен изденип иштеп, анын майнабын чыгарып келаткан акын-жазуучулардан куру эместигине кубандык. Алардын бири алыскы Чоңалай районунда адабият сабагынан мугалим болуп иштеп жаткан, элге билим берүүнүн мыктысы Низамидин Мурзаев деп батыл, тартынбай эле айтар элек. Ага анын Бишкектеги «Бийиктик» басмасынан жарык көргөн «Мекеним – жүрөктөгү жалгыз ырым» аттуу ырлар жыйнагы толук далил болуп олтурат. Биз китепти дыкаттык менен окуп чыгып, адабиятыбызга дагы бир келечеги бар поэзиянын түмөн-түйшүгүнө чыдап, анын мүшкүлүн, оор жүгүн ноюбай көтөрүп кете турган калемгердин кошулуп жаткандыгын сездик.

Низамидиндин жан дүйнөсүнөн жаралган ыр саптарында адамдын эң бир назик сезимдери, сүйүүсү менен жек көрүүсү, кайгы менен капасы, ак, карага болгон ой толгоосу, баарысы акындын көз карашы менен ишенимдүү, көркөм поэтикалык саптар аркылуу кыйла чебердик менен сүрөттөлгөн. Ал кайсы темага кайрылбасын мейли Мекенин, тууган жерин, элин жазабы, же азабы да, кубанычы да көп махабатты ырдайбы, өмүр, өлүм тууралуу ой калчайбы чыгармаларында өзүнчө жаңы салыштыруулар, жаңы табылгалар менен ой айтууга аракеттенет, изденет. Биздин бул пикир, көз карашыбызды Н.Мурзаевдин китебине карата белгилүү адабиятчы, филология илимдеринин доктору, академик Абдылдажан Акматалиевдин «Ушул китептин жарыкка чыгышы менен кыргыз адабиятына дагы бир таланттуу

акын келди десем аша чаппасмын»,- деп ой айтып, алгы сөз жазып олтурушу да ырастап турат.

Эми ыр жыйнагын кадырман окурмандарыбыз менен бирге барактап көрөлү. Жыйнак «Ырларым менин – жан дүйнөм», «Мекен жөнүндө ой толгоо» жана бир нече чакан поэмалардан турат. Китеп өзгөчө Ата Мекенибиздин ыйыктыгын, кымбаттыгын, тууган жердин кооздугун, жаратылышын даңктаган, күүгө салган, толгонгон ырларга жетерлик бай. Маселен, «Энем жана тоолор» деген ырынан (75-бет) бир эки куплет келтирем.

«Ак чоку – тоого элечек,
Бозу – кемсел, көгү – белдемчи.
Булут – жүн, ташыйт бир тентек,
Ал шамал: менмин, элгенчи.

Тоолорбу десем, ал – энем,
Жүн тытып күткөн уулдарын.
Энемби десем, зор мекен,
Узаткан, күткөн муундарын»

же болбосо дагы бир куплетти окуп көрөлү:

«Кыргызстаным – Ата журтум, Мекеним,
Ыйыгым да, ырым, сырым, байлыгым.
Сен дүйнөнү карай турган карегим,
Сен ырысым, жүрөк оту, Ай, Күнүм»
(«Эне жана мекен» - 72-бет)

Мындай Ата журтту, анын куттуу аймагын даңктаган, кымбаттыгын, асылын төгүлүп чачылып айткан көркөм салыштыруулар, жаңы табылгалар китепте аз эмес. Аларды кумарланып, чын дилиң менен толкунданып окуйсуң, толгоносуң, кыялданасың. Чынында Ата мекен, эл-журт жөнүндө кайсы гана акындар ыр жазбаган. Мында Низамидин да өзүнчө ой айтууга далаалаттанган, жалпы хордон чыгууга умтулган. Ырларында анын оригиналдуулугу, акындык жүзү көрүнүп турат деп айтмакчыбыз.

Аталган жыйнак, салмактап карай келсек далай акындардын калемин колдон түшүргөн, Мажнун кылган, эсин эңгиреткен түбөлүктүү махабат темасындагы ырларга да бай



экен. Низамидин өзү арнап ыр жазган Барпы абасындай махабатка жалындап, жүрөк оту менен күйүптүр. «Аялга» деген бир ырында:

«Сен деп жашап, өтүп жатат бүт күнүм,
Сен деп ырдап, ырдай берип бүттү үнүм», - деп

жүрөк сырын айтып жаткандай, анын китебинде мындай саптар сай ташындай көп. Арийне, ошол ырлардын баарысы анын жан дүйнөсүнөн, ички толгонууларынан, таланттуулуктун шарапаты менен чыгып жаткандыгы менен баалуу, окумдуу. Айтсак, акындын «Экөөбүздүн Ош» деген ыры менен, таанышып көрөлү:

«Экөөбүз Ошто жүргөндө,
Сүйкүмдүү болуп Ош калды.
Сүйүүдө жүрөк кош жанды.
Сен кетип калган бир күндө,
Сүйүктүү Ошум бош калды», - деп муңканган,

капаланган акын кайра бир заматта эле бүркөлгөн кабагы чайыттай ачылып, сүйүнөт да:

«Сен келип шаарым шаңданып,
Сүйүүгө, ырга Ош толду», - деп ырын

жыйынтыктайт (117-бет).

Автордун махабат темасындагы дагы бир ырын көздөн өткөрөлү:

«Ак такымга тийген чачтын учтары,
Шаркыратма -денең ылдый агылган.
Ийилгенде саал ачылып туш жагы,
Ак төшүндүн нуру көзгө жабылган»
(53-бет)

Ыр дагы уланат. Бул сыяктуу нагыз акындык талант, чеберчилик, поэтикалык туюндуларга бай, көз алдыга өзүнчө сүрөт болуп тартылган махабат, жаштык темасындагы ырлар китепте мол. Анын баарысын мисалга тартып олтурууга да мүмкүнчүлүк жок. Жакшысы, окурмандарыбыз аны өз дилинен сызылтып өткөрүп, окуганы ийги, поэзиянын табияты да ошондо.

Жыйнактагы «Бата», «Терек жөнүндө элегия», «Жоктоо», «Сыр китеп» өңдүү поэмалар көлөмү жактан чакан болсо да омоктуу ойлорго, мазмунга бай, көркөм, окурманды кайдыгер калтырбайт. Албетте, ыр жыйнагы сыдыргыга салгандай текши сонун ырлардан эле турат деп айтуу азырынча эртерээк. Автордун тырмак алды болгон китебинде айрым учурларда:

«Чиренбей бийлик, байлыкка,
Адамча жашай билели» (106-бет)
«Жаш кезин учурунда тек кетирбей,
Эмгектенген айкел курат эр азамат» (155-бет),- деп курулай акыл-насаат айтканга, дидактикага ыктаган ыр саптары да китепте ал кырлардан, бул кырлардан кылаң этип көрүнө калат. Деген менен биздин көз караштa андай бирин-серин саптар жалпы китептин тулкусуна, нарк-баасына көлөкө түшүрө албайт деген ойдобуз. Аны сабаттуу китеп окурманыбыз да көрүп-билип турат.

Башкысы, Низамидин Мурзаев бул китеби менен калеми төшөлгөн, поэзияда эмне жакшы, эмне начар экенин эчак туйган, ыр жазуунун техникасын, ички сырларын мыктылап өздөштүргөн таланттуу акын экенин ырастап койду деп мен айта алам. Жыйынтыктап айтканда, Н.Мурзаевдин «Мекеним – жүрөктөгү жалгыз ырым» аттуу ырлар жыйнагы окурмандар жүрөгүнөн жылуу түнөк табарына да ынанып турам.

**2004-жыл , 25-декабрь.**



## ЭЛЕСТҮҮ, ЖАНДУУ ЫРЛАР



Б. Намашамов

Кесиби боюнча кардиолог-ревматолог, мануалдык терапевт, Чыгыш медицинасы боюнча белгилүү адис, врач Намашамов Бакытбек Жуманазарович өзүнүн жүрөк толтосунан чыккан алгачкы ырлар жыйнагын окурмандарга тартуулап олтурат.

Бакытбектин окурмандарга сунуштап жаткан бул ырлар топтомуна көз жүгүртүп отуруп, мен анын көркөм адабият, ыр дүйнөсүнө капыстан, чочугандай келбегендигин, же кээ бирөөлөрчүлөп эриккенде эрмек үчүн ыр жазып жүрбөгөндүгүн туйдум. Тескерисинче анын ыр жазууга болгон ышкы, кумары, табигый шыгы тээ мектепте окуган кезинде эле башталып, ал эмес бирин-серин жаратмандары «Кыргызстан пионери» гезитине жарыяланган. Ошентип, Бакытбек поэзиянын кереметтүү, кооз, таза дүйнөсүнө жакын болгон.

Албетте, анын негизги шугурланган врачтык жоопту кесиби аны такай отуруп ыр жазууга, бүт күчүн, дараметин, шыгын, жумшоого бир топ кедерги болуп келатканын да эске албай коюуга болбойт…

Эми кептин ток этер жерине өтсөк. Б.Намашамов окурмандардын сынына коюп жаткан бул ыр жыйнагына көптөгөн кол жазмаларынын ичинен өзүнүн дилине, көз карашына туура келген чыгармаларын сунуштап отурат.

Китепте адам ыйманынын аруу тазалыгы, ата-энеге, туган–жерге болгон терең сүйүүсү, көбүнчө жаштык темасындагы ырлары басымдуу. Бакытбек кайсы темада жазбасын аны жүрөктөн өткөрүп, ага чын дилден күйүп бышат. Автордун тили элпек, жатык, көркөм туундуларга,

салыштырууларга, поэтикалык угумдуу ыр саптарына бай. Окурмандарга тигил же бул маселеге өз алдынча ой жүгүртүүгө, кыялданууга жем таштайт. Куру болбосун үчүн алгы сөздүн чектелүүлүгүнө ылайык автордун ырларынын айрым саптары менен таанышып көрөлү:

«Кыл аркан тосуп шайтан жолун, ак балык бийлейт деңиз өркөчүндө («Ак балык» 43-бет).

«Мен сени издеп келем күкүм болуп, Биз качан биригебиз бүтүн болуп» («Издеп келем» 10-бет).

«Сен менин жашоо күнүм, бейиш багым, Ал бакка чоочун күкүк конбосунчу» («Сен менин жашоо күнүм» 18-бет). Деңизден шуру, акагын бирден терем, Ак шоола көйнөк кийчи үлбүрөтүп» («Айсөйкө тагайын» 20-бет).

Мындай поэтикалык саптар, элестүү, жандуу, табылгалар китепте жетерлик бар. Бул сыяктуу күмүштөй шыңгыраган, адамдын жан дүйнөсүн жылыткан ыр кайрыктарын окуп отуруп Бакытбектин адабияттын, өңгө поэзиянын жакшы жаманын сезип, билип калганына, көркөм чыгармага болгон билим парасаттуулугуна, көрөнгөсүнө ыраазычылык менен баа бересиң.

Арийне, Б. Намашамовдун бул жыйнагы анын адабияттагы алгачкы дебюту болгондуктан ырларынын баарысы анда да дээрлик бышып жетиле элек, шашылыш чүргөгөн ыр саптары бар. Башка кесипти аркалап, ошонун нанын жеп жүрсө да поэзиянын асыл, көркөм дүйнөсүндө жашаган, аны сүйүп кастарлаган Бакытбектин жараткан чыгармаларын калыс окурман журту өзү талдасын, баа берсин. Биз Бакытбек Намашамовдун адабияттагы алгачы кадамы дагы ишенимдүү, шыр шилтенип, китеп окурмандарын дагы жакшынакай, жагымдуу ыр кайрыктары менен көп-көп кубандырат деген гана каалоо тилектебиз.

**2008-жыл, 15-сентябрь**



## АВТОРДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНА ПИКИРЛЕР

### КӨРКӨМ ЧЕЧМЕЛЕНГЕН КААРМАНДАР

Абдисатар Султанов көп жылдардан бери проза жанрында калемин сынап, бир катар аңгемелерди жазып,окурман журтуна таанылып калганын өзгөчө белгилөөгө туура келет. Анын адам сезимин даңктаган алгачкы аңгемелери облустук, республикалык басылмалардан жарык көрүп, "Кыргызстан студенттеринин жазы" аттуу республикалык фестивальда 1-орунду жеңип алган
жана баалуу сыйлыктарга татыктуу болгон.

«Өмүрдүн бир ирмеми» -автордун тырмак алды, алгачкы прозалык, чыгармасы. Жыйнакка адамдын ички дүйнөсүн, арзуу тилегин, кубанычын, сүйүүсүн, ошондой эле өкүнүчүн жеткилең чагылдырган аңгемелери, «Ички бир кайрыктар» бөлүмүнүн астында берилген турмуштук бир жагдайларга ракурс жасаган ой толгоолору жана кыргыздын чыгаан инсандары тууралуу жазган эскерүүлөрү топтоштурулган.

А.Султанов калеми такшалып, көркөм дүйнөнүн ички мазмунун сезимталдык менен аңдай билген, ал турсун классикалык орус адабиятынан кабары бар, терең окуп үйрөнгөн автор. Ал өзүнүн бул жыйнагына абдан аяр мамиле жасап, көп чыгармаларынын ичинен эң ирдүүлөрүн, көркөм деңгээлге жеткен аңгемелерин жарыялап олтурат. Автордун тили жөнөкөй, жана түшүнүктүү. Каармандары – биз менен аралашып, окурман журту көрүп, билип жүргөн арабыздагы адамдар. Алардын тагдырлары да ар башка, ар

турдүү. Көпчүлүк окуяларга автор лирикалык каарман катары катышат да өзүнүн «мени» аркылуу ар бир жагдайды прозалык тил менен көркөм чечмелеген.

Кыскасы, Абдисатар Султанов өзүнүн бул жыйнагы аркылуу калемгер катары окурмандардын терең ишенимине кирет деп алдын ала айтууга акылуумун.

**Кармышак ТАШБАЕВ**
акын, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

**2002-жыл, 13-апрель**



# ЖАЛЫН УЧКУНДАН ЖАРАЛАТ



А. Урбаев

Чейрек кылымдан ашуун облустук радиодо, гезитте иштеп, аңгемелери облустук, республикалык басма сөз беттеринде жарыяланып, жазуучулар чөйрөсүндө жакшы пикирлер жаралып калса да, Абдисатар Султанов эмнегедир кол жазмасын басмага тапшырууга анчалык киришпей жүрдү. Оштук калемдештер чогула калганда «Каяктагы аты-жыты белгисиз бирөөлөрдүн халтура китептери чыгып жатат, сен такшалып калбадыңбы, аракеттенсен болбойбу» десек, адатынча табышмактуу жылмайып кутулуп кетчү. Мына жакында досубуз да көптөн бери күттүргөн китебин бастырды. Ага аңгемелери, өлкөбүздүн атактуу инсандары жөнүндөгү эскерүүлөрү жана Кытайдагы кыргыз боордошторубуздун турмушу менен тааныштырган жол очерки кийрилиптир.

Айылда туулуп-өсүп, азыркыга чейин айылдыктар менен тыгыз байланышта жүргөн автордун аңгемелери да элет турмушунан алынып жазылган экен. Бул өзү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени, нукура шаардык кыргыз жазуучулары деле айыл турмушуна кайрылып келе жатышпайбы. Мисалы үчүн чыныгы шаардыктар Мар Байжиев менен Улан Токомбаевдин чыгармачылыгын алсак болот. Албетте, кеп окуялардын географиясында эмес, көркөм чагылдырылышында.

Ушул жагдайдан алып караганда Абдисатар Султанов бир топ ийгиликтерге жетишкен. Алардын эң негизгилери-аңгеме жанрынын талаптарына ылайык кыска сюжет тандоо, ар бир каармандын мүнөзүн жана образын кичинекей деталдар менен ачуу, чыгарманы күтүүсүз жыйынтык менен аяктоо жана башкалар. Бир катар аңгемелеринде турмуштан жолу болбой, бактысы ачылбай келе жаткан адамдардын типтүү образын

түзүүгө аракеттенгенин байкадык. Алардын айрымдарын талдап көрөлү.

«Жайдын бир күнүндө» деген аңгеменин башкы карманы Жакыпбектин турмуштан жолу болбой калат. Атасынын сөзү менен чоң кызматтагы аяш атасынын кызына үйлөнүп, аны менен тез эле ажырашып тынат. Ал эми аңгемедеги экинчи каарман-Бактыгүл деген сулуу кыз эки жүздүү сүйгөн жигитинен ажырап, Ысык-Көлдүн жээгине эс алууга келген кербези. Кокустан таанышкан кыз-жигит эч кандай максатты деле көздөбөгөн жөнөкөй мамилелери татаалдашып, ортолорунда сүйүү оту тутанып, биринен-бири ажырай албай калышат. Бактыгүлгө жигиттин, адамгерчилиги, ачыктыгы, ал турсун башкалардан айырмаланган бой-сымбаты да жагып калат. Жакыпбек болсо ошол айымдын кичипейилдигин, илбериңкилигин, жакшы мамилени баалай билгендигин, сөзгө бекемдигин байкайт. Кыскасы, экөө бирин-бири жактырып, келечек тагдырлары тууралуу олуттуу план түзүп калышат. Аңгеменин аягында романтикалуу жакшы финалды күтүп да каласын. Тилекке каршы автордун чыгармасынын аягы биз күткөндөй болбой калды. Акыркы эпизод минтип аяктайт. Кафеден чыккан Жакыпбек менен Бактыгүл токойду көздөй басып кетишет. Анан автор минтип жазып жатат. «Алар дүпүйгөн жашыл туладуу калың бакка кирип кетишти. Андан соң кечки шамал тынч, бейкапар үргүлөп турган бак-дарактардын учтарын термелтип, ыргап жатты… Оо, бир учурда сейилдеп кеткен жигит менен келин үн-сөзсүз бактан чыгып келатышты».

Мына ушул сүйлөмдөн кийин окурман Жакыпбек менен Бактыгүлдүн бирин-бири сүйүпкалганына ишене алабы? Албетте, жок. Мүмкүн, автордун аларды сүйдүрүү ою да болгон эместир. Анда олуттуу мамиле менен назик сезимдердин эмне кереги бар эле? Андан көрө баягы эле курорттук романдын сюжетин алса болмок.



Менимче калемгердин китебиндеги эң күчтүү аңгеме-«Жек көрүү». Анда Самат аттуу баланын окуялары баяндалат. Жолдон ары-бери каттаган шоопурлардын бири Эргеш менен болгон мамилелери адегенде анчалык деле кызыгуу туудурбайт. Булардын үйүнө суусундук ичкени кайрыла калган айдоочулардын негизги сюжетке көп деле тиешеси жок. Эргеш деле ошолордун бири сыяктуу унутулуп калмак. Бирок, ал күндөрдүн биринде Саматты машинасына салып алып, үйүнө алпарат. Ал жерде бала күчүктү көрүп калып, ошого тоорула баштайт. «Кээде жолго чыгып машинанын келишин өзүм эле күтүп турам. Анткени менин делебемди алардын бир мантайган, куйругун чамгарактатып чуркап жүрчү ала моюн күчүгү ээлеп алды. Чын айтсам, бассам-турсам ошол күчүк көз алдыма келип жанымдан кетпей койду»,-дейт Самат. Аты да жок бул күчүктү «кумайык» деп атап алган бала ошого имерилип, үйүнөн каткан-куткан нан сыныктарын ала келип, Кумайыкка берип, аны менен аябай достошуп калат. Эми ал чоң кишилерин адамдык сапатын, ошол күчүккө болгон мамилесине карап өлчөп калды. Саматтын ата-энесине Эргеш канчалык жакындап, колдон келген жардамын берейин дегени менен ал Саматка жек көрүндү болду. Себеби, ал күчүктү бир нече жолу кордогонун бала өз көзү менен көрдү. Дагы бир жолу Эргеш менен анын үйүнө барып калганда Кумайык баланы көрүп утурлап чуркап жатса Эргеш катуу тээп, аны томолото коет. Ушуга жаны ачышкан Самат дароо артына кайтат. Ошол эпизодду автор минтип баяндайт:

«Ызалангандан өпкөм-өпкөмө батпай, жолката шолоктоп ыйлап, кимдир бирөө менен урушчудай, муштумдарымды бекем түйүп алып, жол боюндагы балчык сууларды атайлап кечип, чачыратып үйгө чуркап келаттым…».

Ушул аңгемесинде Абдисатар Султанов сюжетти куруу да, окуяларды баяндоодо, образдарды түзүүдө, психологиялык кырдаалдарды көркөм сөз каражаттары менен билдирүүдө чоң чеберчилик менен иштеген, айлана-чөйрө, жан-жаныбарларга балалык аруу сезим менен караган, чын ыклас менен мамиле жасаган Саматтын ички дүйнөсүн ишенимдүүлүк менен ачкан, ар бир окуяны баяндоодо жогорку көркөмдүүлүккө жетишкен.

Абдисатар Султановдун «Өмүрдүн бир ирмеми» аттуу биринчи китебин окуп чыгып, калемдешимдин ийгиликтерине чын дилимден кубандым. Мен жогоруда учкай белгилеп өткөн айрым мүчүлүштүктөрүнө карабастан, жыйнак окурмандарга да жагымдуу таасир калтырат деп ойлойм. Анткени, ошол чыгармаларды көркөм сөздү сергек сезе билген, табити бийик, чеберчилиги такшалып калган автор жазганы сезилип турат. Абдисатардын аңгемелерин кайра-кайра окуп олтуруп, ушул кичинекей беренелери мага анын келечектеги повесть, аңгемелери үчүн даярдык катары туюлду. «Учкундан жалын жаралат» дегендей, жакынкы жылдардын ичинде автордун чоңураак китептерин окуп калаарбыз. Мен ага ишенем. Алдыдагы кадамдарың арымдуу жана жемиштүү болсун, досум!

**Абдирашит УРБАЕВ**
**2003-жыл,16-май**

Эскертүү. Пикирдин китеп үчүн көлөмдүүлүгү эске алынып, айрым кыскартуулар менен жарыяланды.



## УЧУР АДАМЫНЫН КЕЛБЕТИ



**Доор агымын байкоо, ошол учурдагы инсандардын келбетин элестүү образды көрсөтүү, алардын кейпин, кулк-мүнөзүн ишенимдүү, өзүнө гана тиешелүү кылып сүрөттөө калемгердин чыгармачылык ооматы экенин билип келебиз. Авторлордун бири-биринен айырмасы да кейипкерлерди шөкөттөп жазгандыгы, сөз байлыгынын, логикалык ой тизмектеринин курулушу менен өлчөнөт. Ушул жагдайдан алып караганда таанымал журналист Абдисатар Султановдун «Өмүрдүн бир ирмеми» аттуу жыйнагы астейдил сөз айтууга арзыйт.**

Мурдатан эле аңгемелери мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланып, бул автордун адабий-көркөм дүйнө жаатында кыйла шыктуу калемгер келатканына ишендирип койгон эле. Эми аларды ыгы менен иреттеп, атайы китеп кылып чыгарганда аны чын ыкластан куттуктагыбыз келди. Эми бул калемгердин жазуучулук почеркинин өз алдынчалыгын, көркөм ой чабытын ачыгыраак баамдашка мүмкүнчүлүк кеңири.

Аталган китептеги «Жайдын бир күнүндө» деген новеллада Жакыпбек деген жигит жаштык доорунда өмүр шеригин таппай жүргөндө, касиеттүү көл боюнда Бактыгүлдү жолуктуруп, жылдыздары табыша түшөт. Чечкиндүү аракет махабаттын канаты эмеспи. Аларды жашыл токой кучагына жашырды... «Ай шооласына чагылышкан Жакыпбектин көздөрүндө ушул саам өзүнө, деги эле бүт жашоого болгон терең ыраазычылыктын, кандайдыр жакшы үмүттүн белгиси бар эле».

Калемгер бутага алган окуясын, берейин деген оюн ишенимдүү, окумдуу чагылдыра алган деп айтсак болот. Китептеги «Кусалык» аттуу ангемеси окурманды олуттуу ойлонууга түртөрүнө ишенип калдык. Атасынын аруу тилегин Алла Таала кудурети жөлөмө кылганбы, кызы Айдай шаарда окуп жүргөндө үйүнө үйрүлүп, кут коштогон кусалык менен келип жүрөт. Анткени, айылдын аброю эсептелген атасы Бектен, «балпайган, мээримдүү таянеси», ак тилектүү апасы, эжесинин келишин элге сүйүнчүлөп, мулундаган иниси Бейшен, атайы келип учурашкан женелери жашайт эмеспи. Бирок, бул жолу аны кусалык басынткан маал экен. Атасы бул жалгандан кеткени «өлдүң-өчтүң» деген сөз калтырып, өкүнүч өксүктөрдү алып келди.

Жазуучу А.Султанов айылдык турмуштун агымын жакшы баамдап билгендиктен ата кадырын, бала сүйүнүчүн, жердештердин каада наркын элестүү тартып, окурманды кызыктырып отурат. «Алтын балалыгы эске түшкөн сайын кыздын жүрөгү кусалыкка батчу» деп, автор астейдил чечмелейт. Аңгемеде кыргыз калпагынын ичинен кие коюп жүрчү баркут топуну түйүнчөктөрдөн таап алып, кыз көнүлү жашара түшөт. Атасы менен учурашуу түшүндө эмес, өнүндө кайталангандай кубантат. Чөнтөгүнө салып, улам-улам жыттап жатканда да колунда калат. Автор бул штрихте ата жолунун перзенттердин колунда уланышы ыйык экенин чечип келет. Ата жыты балдарга таберик болушу-айыл-журт, үй-бүлө, уруу ыйманы сакталып калган экенин сүйүнүп жазат. Кыргыздардын улуттук руху ушуну менен уланып, байып, бáркталып келатканын окурман оңой эле баамдап коет. Автор ушул наркты «Бейтааныш киши» деген чакан аңгемесинде да улап, өнүктүрөт.

Калемгер А.Султановдун бул жыйнагынын атын алып турган «Өмүрдүн бир ирмеми» деген аңгемеде жаш адамдардын адалдык жолундагы бир ирмемди кызыгуу менен окуйбуз.



Жөнөкөй пенделердин тиргилигинен тагдырдын татаал түйүндөрүн таба билген авторго ыраазы болосун.

Автор ал эми «Ички бир кайрыктар» түрмөгүн өтө кыска жазганы менен бийик адамгерчилик, ыйык махабат ширин элестелет. Кыргыз маданиятындагы улуу адамдар К.Карасаев, Т.Кулатов, Б.Кыдыкеева, Ш.Абдрамановдорду автор замандаш устаттары катары элестетет. Ал эми Кытайдагы кыргыздарга барган сапары алардын тарыхы, маданияты жөнүндө маалыматты өз алдынча ачып бергени менен баалуу.

«Өмүрдүн бир ирмеми» деген жыйнак менен автор-Абдисатар Султанов калеми сөзгө бай, образдары ачык, темалары бүгүн өтө актуалдуу болгон чыгармаларды жаратууга шыктуу жазуучу экенин көрсөтө алыптыр.

**Токтогул КЕНЖЕЕВ**
Жазуучу, акын, Кыргыз
Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген кызматкер.
**2003-жыл, 15-апрель**

# ЛЕКСИКОНУ БАЙ, ТИЛИ ЖАТЫК, КӨРКӨМ


Т. Жороев

Журналист-калемгер, педогог-жазуучу Абдисатар Султанов көркөм сөз өнөрүнүн ыйык майданына батыл аралашып, өз күйөрмандарын жаңы-жаңы табылгалар менен кубантып, үмүттөндүрүп келе жат - кандыгына эле чейрек кылымга тете мезгил өтүптүр. Түпкүлүгүнөн токтоо, сыпаа, зирек инсан кез-кези менен мезгилдүү басма сөздө аңгеме, новелла, даректүү баяндарын байма-бай жарыялап келет.

Канткен менен «Сандан сапатка…»-демекчи, буга чейин анын жарык көргөн «Өмүрдүн бир ирмеми» аттуу тунгуч китеби эле кара сөз ааламына камылгасы жана адабият менен терең тааныштыгы бар, окумал калемгердин улуу көчкө ишенимдүү кошулуп олтургандыгы кубанычтуу окуя болуп калды деп ойлойм. А.Султановдун жеке өзүнө таандык баяндоо ыкмасы, ал турсун жагымдуу лексикону, жатык тили менен айырмаланат. Түпкүлүгү түз, келечеги ынанымдуу кадам алгачкысынан эле байкалгандай А.Султановдун тунгуч жыйнагына кирген салмактуу аңгемелердин түрмөгү анын республикабыздын жазуучулар бирлигинин мүчөлүгүнө тат - ыктуу экендигин аныктап койду. Ал эми чыгармаларын бирбирден иликтөө жагын адабиятчы-илимпоздорго калтыралы.

Эң башкысы-катарыбыз А.Султановдой жетилген калемгер менен толукталып олтурушу бул анын калемдештери жана окурмандары үчүн жагымдуу көрүнүш деп билемин. Ал эми Абдисатар Султановдун жакында жарык көрмөкчү болуп турган китеби да биздин өйдө жакта айткан ой-пикирлерибиз - ди актайт деп ишенимдүүлүк менен айтар элем.

**Турабай ЖОРОЕВ,**

Акын, Түрк дүйнөсүндөгү Эл аралык жана Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыктардын ээси.



## МАЗМУНУ


*АВТОРДОН:* ........

*Окурман журтун өксүтпөңүз*........3

**АҢГЕМЕЛЕР**........5

*КӨПКӨ КҮТТҮРГӨН*........10

*ЖОЛУГУШУУ*........11

*ЭСТЕ ЖҮРГӨН КҮНДӨР*........11

*КУСАЛУУ ЖҮРӨК*........24

*АЛИМБЕКТИН КОЗУСУ*........33

*БАЙКУШ ИТ*........42

**ЛИРИКАЛЫК ЭТЮДДАР**........47

*СЕН АКЫНСЫҢ*........53

*АРЗУУ*........54

*БУЛ КАНДАЙ СЕЗИМ ЭЛЕ?*........56

*АК ТИЛЕК*........58

*ДАГЫ БИР ЖОЛУ СЕН ЖӨНҮНДӨ*........60

**ДИЛ МАЕК, ЭСКЕРҮҮ, ПУБЛИЦИСТИКА, ОЙ ТОЛГОО, АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРГА ПИКИРЛЕР**........64

*Салижан ЖИГИТОВ:*........66

*«БУЛ ӨТӨ КЫЗЫК ДООР, ЖАЗА ТУРГАН ДООР»*........66

*КОМУЗ ЫЙЛАЙТ, КОМУЗ СЫЗДАЙТ, МУҢКАНАТ*........66

*Кадыркул ДАУТОВ:*........77

*« БАРПЫ-АЛБАН КЫРДУУ АЛП АКЫН»*........86

*Эгемберди ЭРМАТОВ*........86

*«МЕНИН ЧЫГАРМАЛАРЫМ МАХАБАТ ТАБЫНАН ЖАРАЛАТ»*........95

*Ата жөнүндө эссе*........95

*Ата жөнүндө эссе*........99

*АКЫНДЫН ЭКИНЧИ ӨМҮРҮ УЛАНУУДА*........100

*ЗАҢКАР СҮРӨТЧҮ, БЕЛГИЛҮҮ ИНСАН*........101

........105

"АВАЗЫ КЕРИМДИН НУРДАНАТ, ЖАЙЛООНУН ЖАЙДАРЫ ТАҢЫНДАЙ".(Сооронбай Жусуев) ........ 111
Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ: ........ 118
«КИШИНИН ИЧКИ ЖАН ДҮЙНӨСҮ, КӨРКӨМ ТУЮУЛАРЫ КИТЕП ОКУГАНДА ГАНА БАЙЫЙТ, ТАЗАРАТ». ........ 118
ТАЛАНТКА ТААЗИМ ........ 125
Жолболду АЛЫБАЕВ: ........ 131
«ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТА ЧАРЧАП-ЧААЛЫГУУ ДЕГЕН БОЛБОШ КЕРЕК» ........ 131
Баатыр ЖАЛИЕВ: ........ 140
"МЕНИН УЛУУ УСТАТЫМ, ОКУТУУЧУМ" ........ 140
СУРАЯ, СЕН АТАҢ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНУУГА АКЫЛУУСУҢ ........ 150
ЖОЛОНДУН КАТЫ ........ 159
АСЫЛЫМ, АЛТЫН АПАМ ........ 163
Майрамбек ТОЙЧИЕВ: ........ 168
«МЕН ЫРСЫЗ ЖАШАЙ АЛБАЙТ ОКШОЙМ» ........ 168
ӨСТҮРӨР ДА , ӨЗГӨРТӨР ДА ӨЗҮБҮЗ ........ 173

**КИТЕПКЕ ПИКИРЛЕР** ........
« БАЛДАРДЫ КУБАНДЫРГАН ЫРЛАР» ........ 180
КОШТОШУУ ЭМЕС, ЖОЛУГУШУУ ........ 185
ЖЕТИЛҮҮ ........ 188
МЕКЕНИМ-ЖҮРӨКТӨГҮ ЖАЛГЫЗ ЫРЫМ ........ 193
ЭЛЕСТҮҮ, ЖАНДУУ ЫРЛАР ........ 197

**АВТОРДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ** ........ 199
АВТОРДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНА ПИКИРЛЕР ........ 199
КӨРКӨМ ЧЕЧМЕЛЕНГЕН КААРМАНДАР ........ 199
ЖАЛЫН УЧКУНДАН ЖАРАЛАТ ........ 201
УЧУР АДАМЫНЫН КЕЛБЕТИ ........ 205
ЛЕКСИКОНУ БАЙ, ТИЛИ ЖАТЫК, КӨРКӨМ ........ 208



6 Ос.

КӨРКӨМ АДАБИЙ КИТЕП

СУЛТАНОВ Абдисатар

КӨПКӨ КҮТТҮРГӨН ЖОЛУГУШУУ

*(аңгемелер, эскерүүлөр, маектер, ой толгоолор)*

Редактору: Мусабеков Акбаралы
Тех. редактору: Алтыбаев Жуман
Корректору: Султанова Зыйнат
Компьютердик калыпка салган: Карагулова Сайкал
Компьютерде терген: Тургунбаев Эрхан

Терүүгө 20.12.2017. берилди. Басууга 14.02. 2018 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84. 13,25 басма табак.
Офсет ыкма менен басылды. Нускасы 500
Келишим баада.

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А.Мамыров көчөсү, 86/г
Эл.почта: kagaz_resurstary@bk.ru
Тел: (3222)



## СУЛТАНОВ
### Абдисатар Ахатович

Кара-Суу районундагы Савай айылында туулган. Кара-Суу шаарындагы Кычан Жакыпов атындагы орто мектеп-интернатын аяктаган соң, Фрунзе шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуп, жогорку билимге ээ болгон. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

1971-жылдан баштап Кара-Суу районунун борборундагы өзү окуган мектеп интернатында мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1977-жылдан тартып, Ош облустук телерадио комитетинде, облустук "Ленин жолу" гезитинде, (кийин "Ош жаңырыгы") 30 жылдан ашуун журналисттик кесипте эмгектенген.

А. Султанов "Өмүрдүн бир ирмеми" аттуу прозалык жыйнактын автору. "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы, Кыргызстан журналисттер союзунун Ардак грамотасы жана облустук масштабда уюштурулган журналисттердин "Алтын калем" сыйлыгынын дипломдору менен сыйланган.

"Кыргызстан студенттеринин жазы" фестивалынын республикалык конкурсунда 1-орунду ээлеп, диплом жана баалуу сыйлыктарга татыктуу болгон. "Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы" төш белгисинин ээси.

Кыргызстан Улуттук Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын мүчөсү.